АЙТМАТОВДУН ЭЛДЕГИ ЭЛЕСИ

Эскерүүлөр, макалалар

«Турар»
Бишкек – 2019

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А 37

Редакциялык кеңеш:
Венера Сагындык кызы, Айзада Касмалиева, Бурулкан Сарыгулова, Заирбек Бактыбаев, Жыргалбек Касаболотов, Санжи Туйтунова, Зейнеп Алтымышова, Гульшат Юлдашева, Улан Асаналиев

А 37 **Айтматовдун элдеги элеси:** *Эскерүүлөр, макалалар.* – Б.: «Турар», 2019. – 308 б. *(кырг. орус тилд.)*

ISBN 978-9967-15-926-6

«Азаттык» радиосу 2018-жылы улуу жазуучунун 90 жылдыгына карата ал мураска калтырып кеткен баалуулуктарды жайылтууга салым кошуу максатында «Мен билген Айтматов» аттуу конкурс жарыялаган эле. Бир жыл ичинде конкурстун кат куржунуна жүздөн ашык эскерүүлөр, баяндар, блогдор келип түшүп, алардын дээрлик бардыгы **www.azattyk.org** сайтына жайгаштырылган.

Жыйнакка ошол чыгармалардын мыкты деп тандалып алынгандары, Чыңгыз Айтматовду эл арасында көргөн, качандыр бир кезде жолуккан адамдардын эскерүүлөрү киргизилди.

Китеп дүйнөлүк жазуучуну аздектеген замандаштарга, адабият сүйүүчүлөргө, айтматовтаануучуларга, студенттерге, окуучуларга арналат.

А 4702300100-19

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-15-926-6

© «Азаттык» үналгысы, 2019

КЫРГЫЗДЫН ЖАНА ДҮЙНӨ ЭЛИНИН АЙТМАТОВУН ЭСКЕРҮҮ

(Баш сөз ордуна)

2008-жылдын июнь айында Бишкекте элем. Чыңгыз Айтматовдун Германиядагы ооруканада көз жумганын укканда, жамы журт таянган тоосу кулагандай кайгырганы эсимде.

Улуу замандашыбыз менен коштошуу үчүн филармонияда уюштурулган аза расмисине таң атпай эрте барсам, миңдеген адамдар туш-тараптан агылып келип жаткан экен. Гүл көтөргөн аялдар, жаштар, карылар, ар кайсы улуттун өкүлдөрү. Киев, Токтогул көчөлөрүнө чейин кылкылдаган эл акыркы ирет залкарга таазим этип, коштошуу үчүн бир нече саат бою кезекте турду. «Эмнеге жакшылап уюштурушкан эмес? Ала-Тоо аянтына эле алып барышса, эл минтип тыртышып кыйналбайт эле. Баарыбызды бириктирген адам ушул Айтматов эмес беле! Бизди эл катары дүйнөгө тааныткан алпыбыз эмес беле!» – деген ызалуу сөздөр айтылып жатты. Сурмө топ менен акырын жылып, кеминде үч сааттай тикебизден тик туруп күткөндөн кийин филармонияга жакындап калганда, эки-үч адам эси ооп жыгылып, тез жардам алып кетти.

Ошондо элдин кайгырганын көрүп, Чыңгыз Айтматов жок, эми бизди ким бириктирет? Керектүү учурда акылман сөзүн ким айтат? Келечегибиз кандай болот? деген санаага баттым.

Жайдын ысык күнүндө бут коёрго жер таппай кысылсак да, жаныбыздагылар менен залкар жазуучубуздун

чыгармаларын эстеп, китептери жөнүндө сөз кылганга жетишип жаттык.

Ошентип, америкалык изилдөөчү Жефф Лили жазгандай, XX кылымдын эң кайгылуу, трагедиялуу окуяларын баштан кечирген, бала чагында жанындай көргөн атасынан айрылып, анын тагдыры кандай болгонун көп жылдар бою билбей жашаган армандуу өмүрүн Айтматов баарыбызга сабак кылып калтырып кетти. Тоо койнунда жашап, байыркы доордон берки тарыхын, каада-салтын унутпаган, эркиндикти сүйгөн кыргыз деген элдин кулк-мүнөзүн, жашоо философиясын даңазалап, дүйнөгө таанытып кетти...

* * *

2018-жылдын жаз айларында атактуу жердешибиздин 90 жылдык маараке сине арнап, «Азаттык» радиосунда «Мен билген Айтматов» аттуу онлайн сынак жарыялаганбыз. Бардык окурман-угармандарыбызды Айтматов жөнүндө, анын чыгармаларынан алган таасирлери жөнүндө эскерип макала жазууга чакырган элек.

«Улуу кыргыз жазуучусу Чыңгыз Айтматов менен жолугуп маектештиңиз беле? Же чыгармаларын окуп, кинодон көрүп таасирленгенсизби? Кайсыл каарманы же анын тагдыры, мүнөзү айрыкча эсиңизде калды? Залкар замандашыбыздын бейнесинин белгисиз жактарын баяндаган, анын чыгармаларын, каармандарын жаңыдан ачып бере турган аңгеме (макала, блог), сүрөт, видео жөнөтүп, биздин сайтыбызга сунуштаңыз» деген жарыя-жарнамабыз интернет, радио, теледе бериле баштаган күндөн тарта дээрлик күн сайын бизге кат жазгандар, кызыктуу макала, блог, видео, сүрөт жибергендер көп болду. Редакторлор жарыялаганга жарайт деп ирге ал ган макалалардын саны 100дөн ашты.

Ушул онлайн сынак болбогондо, Чыңгыз Айтматов убагында Кыргыз ССРинин Конституциясын даярдоого катышып, анын кыргызча текстиндеги «Мекен» деген

ыйык сөздү орусча «Родина» менен алмаштырууга каршы турганын, СССРдин депутаты болуп шайланарда түштүктөгү айылдарды кыдырып, карапайым адамдар менен туугандарча баарлашканын билбей калат элек. Айтматов Тажикстан, Өзбекстанга барганда жолугушуулары кандай өткөнүн элестете албайт элек. Атактуу жердешибиздин жаңы китептери жарык көргөн сайын башка республикалардагы, чет өлкөлөрдөгү окурмандары кезекке туруп сатып алып жатышса, Кыргызстанда далай жылдар бою бир да чыгармасы басылбай, театрларда коюлбай калганын билмек эмеспиз. Айтматовдун кыргыз киночулары менен манасчыларын кандай колдоп келгенин, мугалимдер менен сүрөтчүлөрдүн, дегеле бардык чыгармачыл кесип ээлеринин, карапайым адамдардын сөзүнө кунт коюп, алардан уккан кызыктуу аңгеме, баяндарды дүйнө элдери ынтызарланып окугудай ажайып чыгармага айландырганын билбейт элек.

Бизге келген эскерүүлөрдү окуп отуруп, Чыңгыз Айтматов таланттуу жазуучу гана болбостон, абдан дилгир угарман, башкалар маани бербеген көрүнүштөрдү өтө кылдат байкап, терең түшүнгөн адам болгонун биле алдык. Доорлор алмашып, империялар ураса да зор кызыгуу менен окула бергидей нукура көркөм чыгармаларынын Танабай, Жамийла, Толгонай, Абуталип, Арсен Саманчин сыяктуу каармандарын жазуучу ушул эле кыргыз айылдары менен шаарларынан тапкан, жолуктурган. Же алардын баянын кутүүсүз кезигип калган жолоочудан уккан. Жазуучунун чыгармалары биздин эле жашоо-турмуштагы окуялардан алынган, каармандары жаныбызда жашайт, а балким, айрымдарынан биз өзүбүздү да таанырбыз.

Чыңгыз Айтматов тууралуу дагы далай эскерүүлөр, изилдөөлөр, чыгармалар жазылат, китептер басылат. «Азаттык» радиосунун жамааты улуу жазуучунун жашоо-турмушу, мүнөзү, адамдык жана жазуучулук, атуулдук касиеттери кандай болгонун дагы бир ирет элдин эсине салгысы келди. Бул китепте кыргыздын бир

мыкты уулу кантип жалпы адамзаттык баалуулуктарды эл аралык деңгээлдеги талкууга алып чыкканын, жергиликтүү гана эмес, чет элдик окурмандарын да катуу таасирленткен чыгармаларды жаратканын бардык замандаштарыбызга, айрыкча өсүп келаткан жаштарыбызга, келечек муундарга баяндагыбыз келди. Айтматовду таанытуу, ал баяндап кеткен асыл баалуулуктарды жайылтуу ишине кошкон салымыбыз үшүл, бул озуйпаны мындан ары да аткара беребиз.

* * *

Мындан бир нече жыл илгери түркүн улуттун өкүлдөрүнөн 20 чакты дос-тааныш болуп Прагадагы грузин ресторанына чогулуп калдык.

Кыргызстандык достор Рыспай Абдыкадыров, Жумамүдүн Шералиев, Асанкалый Керимбаев сыяктуу композиторлордун мыкты ырларын, элдик ырларды созуп отуруп, бир убакта: «Түкөнүкүн баштайлы», – деп Түгөлбай Казаковдун «Элегиясын» бар үнүбүз менен созуп калдык. «Жамгыр төктүгө» келгенде, добушубуз мурдагыдан да бийик, шаңдуу чыгып, калган достор бизди таңдана карап отурушкан. Бир убакта тажик досум Хиромон Бакозода (атактуу акындын кызы) мындай деди:

– Мен билдим! Түшүндүм! Эмне үчүн силерден Чыңгыз Айтматовдой жазуучу чыккандыгын эми билдим! Көрсө, силердин ушундай ырларыңар бар турбайбы! Ырларыңар шаркыраган сууну, бийик тоолорду элестетет экен!

Чын ыкластан суктанган досумдун сөзүн угуп, мен да таң калдым: биздин ырлар, Чыңгыз Айтматовдун дүйнөгө тараган чыгармалары, кыргыздын бийик тоолору, шаркырап аккан суулары – баары бири-бирине байланышып калды үшүл кечеде.

Венера САГЫНДЫК кызы,
«Эркин Европа/Азаттык» радиосунун
кыргыз кызматынын жетекчиси

Устат жараткан көркөм дөөлөттөр

АЙТМАТОВ, МАРКЕС ЖАНА МАЖИТ ТАЯКЕМ

Акыркы жуп лекция «Чет элдик адабият» сабагынан болмок. Негедир профессор Богославская Надежда Ивановна кечигип жатты.

– Дагы беш мүнөт күтөбүз. Эгер келбесе, таркап кетебиз, – деди Максат Мергенов.

Надежда Ивановна аудиторияга кабагы салыңкы, ооруп калгандай түр менен кирди. Саламдашкан соң, жалпыбызга кайрылды:

– Жигиттер жана кыздар! Менин досторум, быйыл Швециянын Академиясы адабият тармагы боюнча Нобель сыйлыгын Колумбиянын жазуучусу Габриэль Гарсиа Маркеске ыйгарды, – деди. Күтүүсүз айтылган кабар бардыгыбызды ичиркентип жиберди. Көз ирмемде аудитория кулак-мурун кескендей жымжырттыкка бөлөндү. Баарыбыздын оюбузда Чыңгыз Айтматов эле...

– Мындай болушу мүмкүн эмес! – деген Замир ордунан атып туруп, кыйкырып жиберди. Ооба, анын үнү кыйкырыкка эмес, чаңырыкка окшоп ачуу жана заар чыкты.

– Бул эл аралык сыйлыкка Чыңгыз Айтматовдун да талапкерлиги сунушталбады беле? Кандайча мындай болуп кетти?! – деген Замир кызарып-татарып туталанды, өзүн коёрго жер таппай алдастап калды.

– Мен деле Айтматовго ыйгарылат деген ишеничте элем. Бирок, тилекке каршы, андай болбой калды! –

деди өзүн айыптуудай сезген профессор Надежда Ивановна.

– Маркес деген ким өзү? Анын кандай чыгармалары бар?! – деп Чолпонбек Абыкеев профессорго өктөм кайрылды.

– Латын Америкасындагы Колумбиянын жазуучусу. Анын орус тилиндеги «Полковникке эч ким кат жазбайт», «Чума учурундагы сүйүү» повесттери жана «Жалгыздыктын жүз жылы» романы Чернышевский китепканасында бар, – деди профессор. Курсташтарым Нурбү менен Сажида олтурган жеринде бышактап ыйлап жиберишти.

Эки тайпадагы 50 студенттин ичинен он беш чактысы профессордон уруксат да сурабай, опурап-топурап ордунан шарт туруштү да, китепканага жөнөп кетишти. Негедир Надежда Ивановна студенттерди токтотууга аракет кылган жок.

Профессор лекция окуганга көңүлү чаппай, ойлуу эле. Студенттер да бул ирет лекция уккусу келбей турду. Мунун баарына Нобель сыйлыгын алган Габриэль Гарсиа Маркес күнөөлүү!

– Надежда Ивановна, сиз кандай ойлойсуз, Маркес чындап эле Чыңгыздан дагы бийик, жогору турабы?! – деди жаш адабиятчы, прозаик Самат.

– Урматтууларым, менин асылдарым, Чыңгыз Айтматов – силердин гана эмес, менин дагы адабияттагы туу туткан пирим. Эки жазуучунун бирин өйдө, бирин төмөн коё албаймын. Ага менин акым да жок. Мени өкүндүргөн жери – бир автордун талапкерлиги Нобель сыйлыгына экинчи ирет кайра көрсөтүлбөйт. Швециянын Академиясынын талабы ушундай, өтө катаал, – деди профессор.

– Ал жерде адабиятты түшүнбөгөн түркөйлөр менен жалаң көк мээлер олтурушат окшобойбу! Айтматовдон айлангырлар десе! Чындыкты чыркыратып туруп, көз

көрүнөө тебелеп-тепсеп салышканын карабайсыңарбы, шумпайлардын?! – деди «Бала мышык» аттуу биринчи ырлар жыйнагын чыгарган акыныбыз Алик Акималиев кызуулана. Бетине кан тээп чыкты.

– Ачууга алдырып, сыртынан тон бычпайлы. Алгач Маркести окуп чыгалы, – деп, аксакалыбыз Мирзохалим Каримов талашка чекит койду.

Буга чейин аты-жөнү бизге таптакыр белгисиз болгон Маркестин сырдуу ааламы, биз али окуй элек табышмактуу чыгармалары өзүнө азгырып, магниттей тартып жатты.

Чернышевский китепканасында Маркестин «Полковникке эч ким кат жазбайт», «Чума учурундагы сүйүү» повесттери жана «Жалгыздыктын жүз жылы» романы кирген беш гана нуска китеби бар экен. 1982-жылы Жаңы жыл майрамына чейин университеттин, орус филологиясы, кыргыз филологиясы жана журналистика факультеттеринин жогорку курстардагы студенттери, ошол кездеги Фрунзенин интеллигенциясы ал китептерди талашып, колмо-кол кылып окуп кирдик.

Башкаларды билбейм, мени жер шарынын эки башка континентинде жашаган Чыңгыз Айтматов менен Габриэль Гарсиа Маркестин көркөм чыгарма жаратуудагы өздөрүнө гана мүнөздүү болгон чеберчилиги таң калтырды. Адамгерчиликти, сүйүүнү, табият менен тагдырлаш болгон адамзаттын улуулугун көркөм сүрөттөгөн адабияттагы эки алптын мифология менен фантастиканы реалдуу турмушка жуурулуштура жазышы кызыктырды. СССРдин Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктарынын лауреаты Чыңгыз Айтматовдун «Жамийла», «Саманчынын жолу», «Бетме-бет», «Ак кеме», «Эрте келген турналар», «Фудзиямадагы кадыр түн», «Деңиз бойлоп жорткон Ала-Дөбөт», «Кылымга тете бир күн», Нобель сыйлыгынын ээси Габриэль Гарсиа

Маркестин «Полковникке эч ким кат жазбайт», «Чума учурундагы сүйүү», «Улуу энени жерге берүү», «Жалгыздыктын жүз жылы», «Патриархтын күзү», «Жарыяланган өлүмдүн хроникасы», «Менин бактысыз сойкуларымды эскерүү» чыгармалары дүйнөлүк адабияттын алтын казынасына кошулду. Залкарлар көзү тирүүсүндө дүйнөлүк классиктерге айланды.

Кышкы сессияны бүтүргөн соң айылыма келдим. Кыш чилдеси өз өкүмүн жүргүзүп, айлана-теребел дүпүйүп, тегиз ак карга бөлөнгөн. Үйдөгүлөр кечки тамакка таякем Мажит менен тажеңем Төркүндү чакыртышты. Мажит таякем – Чыңгыз Айтматовдун, дегеле адабияттын накта ышкыбозу. Мединститутту үчүнчү курска чейин окуган. Шоктугунан улам айдалып кетип, эки жыл аскердик кызматын өтөп келгенден кийин, негедир окуусун улантууга мойну жар берген эмес экен. Каникулга келген сайын адабият боюнча экөөбүз кеңири баарлашып, кээде чырылдаша талашып, кыйла чер жазышып алабыз. Айылдагылар кээде атайылап таякемдин жинин келтирип: «Ааламда Чыңгыздан да кыйын жазуучулар көп!» – деп тийишип калышат. Андайда итатайы кармаган Мажит таякем өзүнүкүн такыр бербейт.

– Эй, наадандар, Чыңгыз ким, биз кимбиз – ушуну түшүнгүлө. Андан миң айлансаңар жарашат! Кыргыздын гана жазуучусу эмес, ал эчак эле дүйнөлүк классикке айланган. Алгач чыгармаларын окугула, анан башкалар менен салыштыргыла. Силерге айткан кайран сөз! – деген таякем чындап туталанып, таарынгандай тескери карап басып кетет. Тийишкен адам менен бир айча саламга да келбей жүрөт.

Эртеси Мажит таякемдин чоң уулу Абдумалик атам менен апамды жана мени сый тамакка чакырып кетти.

– Жүргүлө, таякемдердикине барып келели? – дедим ата-энеме.

– Балам, сен барып кел, биз суукта кыйналбай үйдө эле олтуралы, – деди карылыкка моюн суна баштаган ата-энем.

Төркүн тажеңем үндүктүн этине Өзгөн күрүчүнөн палоо демдеп жатыптыр.

– Кел, жээним, төргө өт, – деди көңүлү көтөрүңкү таякем. – Дүйнөлүк жана советтик адабият айдыңында эмне жаңылыктар бар?

Мен сөздү ток этер жеринен баштадым:

– Таяке, дүйнөлүк адабиятта жаңы жылдыз жанды. Айтматовдон бир жаш улуу колумбиялык жазуучу Габриэль Гарсиа Маркес былтыр күзүндө Нобель сыйлыгын алды.



Мажит Сатаров күйөө баласы Бакыт менен (жеке архивден).

Таякемдин өңү кара чүйкөлөнө, заматта үтүрөйүп түнөрө түштү:

– Тамашаңбы же чыныңбы? Азырынча Айтматовдон өткөн күчтүү жазуучу бул дүйнөгө төрөлө элек!

Таякем көзүндө огу болсо атып жиберчүдөй теше тиктеди.

– Жок, таяке, бул кашкайган чындык. Мен да алгач укканымда ишене албай, эсеңгирей түшкөм, – дедим. Таякем нес болуп, оозунан келмеси түштү.

– Жээним, сен каңырыш угуп калып жүрбөгүн? Азырынча Чыңгызга теңтайлаша турган жазуучу дүйнөдө жок!

Таякем ачуу чындыкты тааныбай, жеңилүү ызасын мойнуна алгысы келбеген көк жал император Наполеондой көгөрүп, кезерип турду.

– Эгер билсең, Чыңгыз Айтматов – дүйнөлүк адабияттын Олимпиндеги улуу жазуучу!

Анын катуу чыккан үнүнөн тажеңем менен балдары селт эте чочуп кетишкендей болду.

– Талант эч качан доллар менен өлчөнбөйт! Нобелиңе Чыңгыздын мурду дагы бүткөн жок! – деп жаалданган таякем ачууга алдырып, күйүткө батып олтурду.

Габриэль Гарсиа Маркестин китебин эки күн үйүнөн чыкпай, бөк түшүп окуган таякем менен үчүнчү күнү кайрадан анын үйүндө кызыл чеке болуп талкуулаштык.

– Окуп чыктым, ойлору өтө эле абстракттуу жана чаржайыт, чыгармаларында турмуштан алыстап кеткен, магиялык фантазиясы басымдуулук кылат. Аның Чыңгыздын чыпалагына да арзыбайт!

– Таяке, бул деген илимий китеп эмес, көркөм адабият. Жазуучу өз оюн окурмандарга жеткирүү максатында ар кандай көркөм салыштырууга, мифология менен фантазияга, магиялык сүрөттөөлөргө барган.

– Сен эмне, муну Чыңгыздан да бийик турат дегениңби?! – таякемдин жини кайнап, туталана баштады. Мен жоошута:

– Жок, таяке, мен экөөнү бир катарга коймокмун. Маркес канчалык кыйын болбосун, «Жамийла» менен «Саманчынын жолун» Чыңгыздай жаза алмак эмес. Ошол эле кезде Айтматов да «Полковникке эч ким кат жазбайтты», «Жалгыздыктын жүз жылын» Маркестей ийине жеткире алмакпы?

– Кеп Нобель сыйлыгында эмес, сөз анын окумдуулугунда. Бул жагынан кимисинин китептеринин нускасы көп?

Таякем мага жалдырай карады.

– Азырынча Маркес алдыда, – деп, күнөөлүүдөй башымды шылкыйттым.

– Кысталактыкы, ушундай дегин, мурутуң күйгүрдүкү.

«Башың өскүр, иттин гана күчүгү болгур!» – деп таякем өзү жактырып сыйлаган адамын, жакын көргөн адамын ушинтип кызыктай эркелетип, мактамай жагы бар эле. Ал китептеги Маркестин сүрөтүн кайдыгер карап койду.

– Э-э, кой эми, ат-тасынын көрү! Кана эмесе, жүздөн сеп этели! – деген таякем пиялага арактан толтура куйду.



«Мен билген Айматов» сынагынын жеңүүчүлөрүнө сыйлык тапшыруу учуру: «Азаттык Медиа» мекемесинин директору Айзада Касмалиева, сынактын жеңүүчүсү Жолдошбай Осмонов. 6-декабрь, 2018-жыл. «Азаттыктын» фотосүрөтү.

Быйыл эрте жазда жүрөгүнөн инсульт болгон Мажит таякем алгач ооруканада, кийин үйүндө көпкө жатып калды. Жабышкан оору оңдурбады, таякемди алып тынды. Туугандык парзымды аткарып, тажиясына туруп, мүрзөсүнө топурак салдым. Таякемдин кыркы өткөн соң, кызыктай түш көрдүм. Анын алма багындагы чоң сөрүсүндө Чыңгыз Айтматов, Габриэль Гарсиа Маркес жана таякем Мажит көңүлдөрү абдан куунак, тим эле телегейи тегиз, бир нерсени кызуу талкуулап отурушат. Үчөө тең жапжаңы кийинген. Чочуп, ойгонуп кеттим. Бейиши болгурларымдын элестерине куран түшүрүп, бата кылдым. Бирок бир ой жан дүйнөмдү кыйнап, мээмден такыр кетпей туруп алды. Макул, Чыңгыз Айтматов менен таякем Мажит кыргыз тилинде сүйлөшсүн, бирок испан тилинде сүйлөгөн жана жазган Маркес деле экөөнүн сөзүнө кеңири аралашып, кадимкидей божурашып олтурушпайбы? Же тиги дүйнөдө баары бир тилде сүйлөп калабы? Мына сага кызык, мына сага жараткандын керемети!..

Жолдошбай ОСМОНОВ,
жазуучу.
Жалал-Абад шаары

АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫ ТУРМУШТУН УҢГУСУНАН АЛЫНГАН

– Амансыңбы, куттуу талаам?

– Аманчылык. Келдиңби, Толгонай? Былтыркыдан дагы карый түшүпсүң го. Чачың куудай, колуңда таяк.

– Өмүр өтүп бара жатпайбы, Жер энем, арадан дагы бир жыл өттү. Бүгүн менин сыйынуу күнүм.

– Билем. Келээриңди күтүп жаткам, Толгонай. Бул жолу сен баланы да ээрчите келмек эмес белең?

– Ооба. Бирок бул сапар да жалгыз келдим.

– Демек, сен ага эчтеке айткан эмес экенсиң да, Толгонай.

– Жок, айталбадым.

– Айтор, эртеби-кечпи, акыры бир күнү ал угат да, Толгонай. Элдин арасында оозу бош бирөө-жарым жок дейсиңби?

Ч. Айтматов. «Саманчынын жолу» повестинен

Чыңгыз Айтматовдун өспүрүм чагынын Улуу Ата Мекендик согуш мезгилине дал келиши анын чыгармачылыгына өзгөчө олуттуу таасир тийгизгендиги талашсыз. Бел сөөгү ката элек Чыңгыз согуштун апаатын, анын катаал азабы менен оор мүшкүлүн, орду толгус жоготууларын жон териси менен сезбедиби. Айылдык кеңештин катчысы катары жаштайынан чоң жоопкерчиликти мойнуна алып, элибиздин азап-тозо-

гун, кайгы-капасын тең бөлүштү. Почточу менен бирге айылдарга кара кагаздарды таратып жүргөндө, жесирлер менен жетимдердин, чал-кемпирлердин көз жашы, өксүп ыйлаганы канча ирет анын зээнин кейитип, заманасын кууруткандыр. Бирок ушунун баары анын кайталангыс чыгармаларына негиз болуп, көркөм сөздүн улуу кудурети менен ааламга тарап кетпедиби.

Чыңгыз Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестин алгач окуганымда, мага жазуучу биздин эле айылдын турмушун көркөм тилде чагылдыргандай туюлган. Жазуучунун даанышмандыгы жана улуулугу согуштун кесепетинен эл башына түшкөн оор трагедияны бир үй-бүлөнүн тагдыры жана Толгонай менен Жер эненин диалогу аркылуу таасирдүү баяндаганында. Мунун өзү Айтматовдун чыгармачылыгындагы улуу бурулуш, жаңылык, новатордук болду.

Элибиздин башына каран түн түшүп, Улуу Ата Мекендик согуштун алааматынан жер солкулдап турганда, Толгонай күйөөсү Субанкулдан, кан-жанынан бүткөн уулдары Касым, Майсалбек, Жайнактан жана келини Алимандан ажырап, куудай башы калгандыгын Чыңгыз Айтматов жогорку көркөмдүктө жана чеберчиликте чагылдырган. Айтматовдун улуулугу согуш мезгилиндеги накта турмуш чындыгын, элибиздин каармандыгын турмуштун өзүндөй таасын бергендигинде болуп жатпайбы.

Ошол согуш жылдары Базар-Коргон районунун тоо койнундагы Жедигер айылында болгону 40тай түтүн эл жашаган. Айылыбызда «өзүбүздүн Толгонайыбыз» аталган Майра Султанова деген энебиз күйөөсү менен эки уулун согушка аттантып, үчөө тең чоң казаттан кайтпады. Кичинекей эки кызы менен калган Майра эне мүңкүрөп отуруп калбастан, кайра чыйралды, кайратынан жазбады. Ооруктагылардын катарында «Бардыгы фронт үчүн, бардыгы Жеңиш үчүн!» деген ураан

алдында Ворошилов колхозунда бригадир болуп иште-ди. Кайратман эмгеги менен душмандан өзөк өчүн, кет-кис кегин алды. Улуу Жеңишке эл менен бирге өз са-лымын кошту.

«Саманчынын жолу» жана «Бетме-бет» повесттеринде гидей «өзүбүздүн Жекшенкул менен Ысмайылыбыз» да чыгып, Керимкул (атын өзгөртүп койдум, жер жамандап барбасын) деген жердешибиз эли-жерин душмандан коргоонун ордуна, кара башын калкалап, качкын-дезертир аталды. «Мураттын тамы» аталган жаңгагы жыш өскөн токойдо өзү казган жер үңкүрдө беш жыл жашынып жатты.

Бала чагыбызда качкын-дезертирдин үңкүрүнө кызыгып, жаңгак тергени же кой бакканы барганда, ал үңкүргө далай ирет сойлоп кирип, ойноп жүрдүк. Кийин ал үңкүр 1970-жылдары биротоло урап түшүп калды.

Керимкулдун бир тууган агасы Алымкул согуштан кайтып келгенден кийин качкын-дезертир инисин сай-сөөгүнө жеткире жемелеп тилдеп, көк чаначты ийлегендей сабады. Аскер комиссариатына өзү алып барып тапшырды. Качкын-дезертир Керимкул Мекен алдындагы өмүр бою жуулгус болуп калган айыбын Көк-Жаңгак шаарында согуштун кылмышкерлери жана чыккынчылары катарында көмүр шахтасында 10 жыл иштөө менен актагандай болгонсуду.

Жер үңкүрдөгү беш жылдык жашоосунун «пайдасы» болдубу же чындап эле элдин каргышы урдубу, же көмүр шахтасындагы оор жумуштан уламбы, айтор, өмүрүнүн соңку жылдары эки көзү тең көрбөй, сокур болуп калды. Согушка барып кайткан курбалдаштары менен бир дасторкондун четинде отура албай, аш-тойлорго бара албай журттан бөлүнүп, элге батпай четтеп калды. Өмүр бою өзүн өзү жемелеп, жашоосунда чүнчүп жүрүп өттү. Бул жашоодо адам баласы үчүн мын-

дан өткөн кордук, мындан катуу жаза болбосо керек. Элден, калктын пейилинен миң айланса болот – чакан айылыбыздын эли, согушка барган аталарыбыз аны кечирди. Бирок абийири аны өлөр-өлгүчө кыйнап, эзип, сыздатып келди. «Ушундан көрө согушка кетип, өлүп калсам болмок экен!» – деп зар какшап, боздоп ыйлаганын айылыбызда көргөндөр болуптур.

Чыңгыз Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестин окуган сайын көз алдыма эмгеги менен эл оозуна алынган энелерибиз, Социалисттик Эмгектин Баатырлары Керимбүбү Шопокова, Зууракан Кайназарова, Өлмөскан Атабекова, Анакыз Жумабаева, Саадат Ногоева, белгилүү чабан Телегей Сагымбаева энелерим көз алдыма тартыла берет. Толгонайдын бейнесине ушундай инсандардын өмүр жолу негиз болгон эмес беле?!

Көрсө, Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары кайнаган турмуш чындыгынан, жашоонун уюткусунан алынгандыгы менен дагы өтө баалуу экен. Чындыгында эле Кыргызстандын ар бир айылында «өзүнүн Толгонайы», «өзүнүн Дүйшөнү» болгон.

«Биринчи мугалимдеги» Дүйшөн биздин айылыбызда дагы болгон. Кыргыз-Каба айылында Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу раматылык Давид Азимкулов мугалимдиктен согушка аттанып, кан майдандан Улуу Жеңиш менен кайткандан кийин Жалал-Абад шаарындагы А. Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайын бүтүрдү. «Катар-Жаңгак» сегиз жылдык мектебинде өмүр бою башталгыч класстардын мугалими болуп эмгектенди. Жүздөгөн балдарга арип таанытып, билимге жол ачып, татыктуу таалим-тарбия берди.

Сузак районунда көп жылдар бою Октябрь жүзүм совхозун жетектеген, партиялык, советтик жана чарбалык иштерде актив болуп иштеген Бекболот Ибрагимов агамдын бир ирет айтканы эсимден кетпейт:

– 2012-жылы Кытай Эл Республикасынын кыргыздар жашаган Кызыл-Суу автономиялуу облусуна Кыргыз Республикасынын Эл артисти Керим Турапов баштаган топтун курамында барып калдым. Кытайда жашаган боордошторубуздун Чыңгыз Айтматовду ушунчалык кадырлашканына аябай таң калдым жана аларга ичимден терең ыраазы болдум. Айтматовдун чыгармаларын окубаган кыргыз аякта жокко эсе экен. Кызыл-суулук сексенден өтүп калган Касымбай деген аксакал боордош атабыз көз жашын көлдөтүп: «Чыңгыздын бутуна сайылар тикенек биздин көзүбүзгө сайылса экен деп ага узун өмүр тилээр элек. Шум ажалга айла жок экен, бизди зарлатып-какшатып туруп, Манасыбыздан кийинки бизге аскар-тоо, арка-бел болгон Чыңгыздай кыраан шумкарыбызды колубуздан жулуп кетпедиби?!» – дегенде, баарыбыз тегиз көзүбүзгө жаш алганбыз.

Рухий дүйнөнүн керемети жана касиети да ушунда тура!

– Бүгүн менин сыйынуу күнүм, бүгүн менин Субанкулду, Касымды, Майсалбекти, Жайнакты, Алиманды эстеген күнүм. Мен аларды өлөр-өлгөнчө унутпаймын.

Кезеги келгенде, Жанболотко түшүндүрүп айтып берем. Эси болсо түшүнөөр, эси болсо кечирээр бизди... Ал эми башкаларчы, күн астында жашаган бардык адамзатка айтар сөзүм, айтар кебим бар. Аны кантип айтам, кантип ар бир кишисине жеткирем?

Э-э, асманда жаркыраган күн, жер кыдырып сен айткын!

Ээ, сапар баскан булут, нөшөрлөнө төгүлүп, ар бир тамчың менен сен айткын!

Жер, дүнүйөнүн бардык булуң-бурчунда адам баласын баккан жер, сен, сен айткын, жан боордош Жер!

– Жок, Толгонай, сен айткын. Сен – Адамсың. Сен баарыбыздан бийик, баарыбыздан улуу жаралган жансың, сен айткын, сен – Адамсың!..

* * *

– Кеттиңби, Толгонай?

– Кеттим. Кош, аман бол. Өлбөсөм дагы келермин.

Ч. Айтматов. «Саманчынын жолу» повестинен.

Жолдошбай ОСМОНОВ,
жазуучу.
Жалал-Абад шаары

«САМАНЧЫНЫН ЖОЛУ» САХНАНЫ ДҮҢГҮРӨТКӨНДӨ

«Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы» демекчи, ал замандын 104-үлгүсүндөгү «распашонка» аталган батирлери азыркы «элиткалардан» сонун көрүнчү. Отуз жаштагы атам Медербек Назаралиевдин режиссёрлук ишиндеги ийгиликтери артып, чыгармачыл интеллигенциянын алдыңкы сабында болуп калганда, мамлекет берген үй эле.

Ошол үйүбүздүн меймандар бөлмөсүндө үч эркек көпкө чейин сүйлөшүп отурушту. Алар кээде Толгонай, Алиман деген аялдардын, анан кайсы бир эркектердин аттарын атап, олуттуу бир нерселерди талкуулап, кээде каткыра күлүп, сүйлөшүп жатышты.

Биз удаа төрөлгөн кичинекей кыздар болчубуз. Бирде «Украина» деген кара пианинону ачып калдыратып, бирде меймандар отурган үстөлдүн алдына кирип алып, алардын байпактарын тарткылап оюнга кирдик. Анткен сайын тигилердин улам бирөө эңкейип, ал жылдары дасторконго көп коюла турган «Снежинка» момпосуюнан бизге берип жатышты.

Бир топ убакыт отурушкандан кийин тиги эки киши коштошуп, сыртка чыгышты. Кирип бара жатканда байкап калган кошуналарыбыз: «Медербектикине Чыңгыз келиптир, жакындан көрүп алалы», – деп, эшик алдындагы орундукка тизилип отуруп алышыптыр. Кийин эс тартканда атамдан сурасам, экинчи киши Токтоболот Абдумомунов экен.

1964-жылы кыргыз драма театрында Чыңгыз Айтматовдун «Саманчынын жолу» повести боюнча спек-

такль даярдала баштайт. Спектакль 9-май – Улуу Ата Мекендик согуштагы Улуу Жеңиштин 20 жылдыгына карата коюлушу керек болгон. Жарым кылым илгерки окуялар жөнүндө Алимандын ролун спектаклдин экинчи курамында ойногон КРдин эл артисти Мираида Далбаевадан сураганымда, буларды эскерди:

– Медербек «Саманчынын жолу» спектаклинин экинчи курамы менен иштеп жаткан Гүлшара Дулатованы (Толгонай), мени (Алиман) чакырып: «Буфеттен тамак ичип алып кайра келгиле, репетицияны улантабыз», – дечү. Актёрлордун баары үйүнө кайтып, театрда биз үчөөбүз эле калган күндөр көп болду. Медербек залда, Гүлшара экөөбүз сахнада. Режиссёр чыгармадагы окуя өзүнүн турмушунда болуп жаткандай, бир укмуштуудай темперамент менен репетиция өтчү. Гүлшара экөөбүздүн ички эмоциябызды, ой-туюмубузду козгоп коюп, анан өзү залда отурат да: «Эми баштагыла!» – дейт. Медербек кайсы эпизод туура болбой жатса, айтып турат же болбосо жаккан жерин: «Дагы, дагы!» – деп сүрөйт.

Субанкул менен Касым ата-баланын кан майдандан каза болгонун жыйылган эл чогулуп келип, Толгонай менен Алиманга угузат. Жер термелип, аалам карайган ошол трагедияны дүңгүрөгөн аянычтуу музыка коштойт. Театрда кеч калып иштеп жатканда, мына ушунун баарын шарттуу түрдө элестетип алып репетициялайбыз. «Эне, мен да Касымдан ажырадым, эми экөөбүз тең жесирбиз», – деп Толгонай кайненемди кучактайм. Бир жолу залда режиссёр үчөөбүздөн башка жан киши жок экенине карабай, Гүлшара экөөбүз шолоктоп ыйлап, кыйлага чейин тура бериптирбиз. Режиссёр биздин ички көркөм дүйнөбүздү сыртка аңтарып чыгарган абалга жеткирип салчу. Ким билет, балким, ошол учурда Медербек өзү деле ыйлап жаткандыр... Кучакташып шолоктогон эки актриса сахнада канча убакыт турганыбыз азыр эсимде жок.



«Саманчынын жолу» даярдалып жаткан күндөр. Солдон оңго: режиссер М.Назаралиев, театрдын директору З.Тургунбаев, жазуучу Чыңгыз Айтматов жана режиссер Жалил Абдыкадыров.

Бир жылдары «Саманчынын жолу» спектакли менен түштүк жергесин эки жарым ай бою түрө кыдырдык. Ошондой күндөрдүн биринде колхоз башкармалары эки айылдын элин автобустар менен ташып келишип, оюнду тоо этегине койдурмак болушту. Эл тоо бооруна тизилип отурду. Тоонун өзү жаратылыштын амфитеатры, партери сыяктанып калды. Тоонун этек жагына жүк ташыгыч машиненин капталдарын түшүрүп таштап, «сахна» жасап алдык. А.Торопов деген сүрөтчүбүз темир тирөөчтөрдү орнотуп, ага ак чүпүрөктөрдү тартып, боз үйдүн элесин берген декорация жасады.

Спектакль ортолоп калган. Бир маалда асмандан токумдай булут көчүп келип, жамгыр шатырата төгүп кирди. Нөшөрлөгөн жамгыр суусу эл отурган тоодон ылдый кыяндап ага баштады. Биз эми эл тарап кетет экен деп корктук. Бир саамга оюнду токтотуп

да койдук. Жамгыр бир саатка жетпеген убакыт токтобой жаап, кайра тып басылды. Ошентсе да ак сакалдуу карыдан ойноок балага чейин спектаклди аягына жеткире көрүштү. Бул спектакль Айтматовдун кыргындуу согушту адамзатка жек көрсөтүү мүдөөсүнүн орундалышы эле. Режиссёрдун зор талантынын, эң мыкты актёрдук ансамблдин эмгегинин жемиши ошол болчу.



Толгонайдын ролунда СССРдин Эл артисти Даркүл Күйүкова.

Ушул эле гастролдо жүргөнүбүздө, «Саманчынын жолу» спектаклинин биринчи курамында Толгонайдын ролун эң мыкты аткарган Даркүл Күйүковага СССРдин Эл артисти наамы берилгенин гезиттен окуп кубанганыбызды айтпа! Москвадан келген бул кабар баарыбызды дарбытты. Даркүл эже башка бригада менен түштүктүн бир айылында гастролдо болчу. Биз алардын бригадасын издеп таап, Даркүл эженин мойнуна асылып жабалактап өөп, кучактап коё бербей жаттык, – деп сөзүн аяктады М. Далбаева.

1965-жылы «Саманчынын жолу» спектакли Москвадагы Кремль театрында коюлган. Союздук деңгээлдеги сынакта даңазалуу театрлардын оюндарын артка калтырып, 2-орунду жеңип келгенине тарых күбө. Албетте, Даркүл эже ага чейин нечен ролдорду ойноп, Кыргыз ССРинин Эл артисти наамына ээ болуп калган кези эле. Бирок атактуу актрисанын эбегейсиз ийгиликтерге


жетишине, СССРдин Эл артисти наамын алышына Назаралиев берген Толгонайдын ролу зор түрткү болгонун азыр деле замандаштары айтып келишет.

Бул спектаклдин өмүрү да алда канча узак болду. «Саманчынын жолу» кыргыз драма театрынын репертуарынан 30 жылдай түшкөн жок. Театр өнөрүн аркалаган кийинки муундар үчүн мындай спектаклдер уламышка айланып айтылып калары анык. Ошол бүткүл союздук сынакта москвалык көрүүчүлөр «Саманчынын жолу» спектаклин көргөндөн кийин, актёрлорду көпкө чейин коё бербей алакан чаап турушкан. Көшөгө жети-сегиз жолу жабылып, кайра ачылган күндөр болгон. Европа үлгүсүндөгү театр искусствосу москвалык көрүүчүлөр үчүн жаңы нерсе эмес. Ал эми кыргыздар үчүн бул ийгилик театр өнөрү телчигүү мезгилин тез эле басып өтүп, сахна салты эчак эле калыптанган орус маданият менен теңтайлаша баштаганынан кабар



«Саманчынын жолу» спектаклинен кийинки көрүнүш.





Антракт учурунда: Солдон оңго: Толгонай – Г. Дулатова, автор Ч. Айтматов жана Жер эне – С. Балкыбекова.

берген. Улуттук театр өнөрүнүн гүлдөгөн доору андан кийинки жетимишинчи жылдары уланып, сексенинчи жылдардын аягына чейин жүрүп отурду.

Бир жылдары КРдин Эл артисти, раматылык Гүлшара Дулатова эженин үйүндө маектешип отурганымда, ал «Саманчынын жолу» спектаклин мындай эскерди:

– Эки жарым саат бою Толгонайдын образы сахнадагы окуянын бүтүндөй өзөгүндө турат эмеспи. Театрда спектакль жүрүп жатканда, почточу фронттон кара кагазды кудум бүгүн алып келгенсип, үңүлдөп солкулдап ыйлашчу. Фронтко кетип, кайтпай калган далай эр-азаматтарын эстеп зарлаган элдин үнү залдан угулуп турар эле. Ал түгүл ыйлап жатып эси ооп калгандары болду. Андай учурда театрга «тез жардам» чакыртылып, көрүүчүнү алып кеткен окуялар катталган. Ошол жылдары «Саманчынын жолу» спектаклине көрүүчүлөр таңында келип, билеттин кезегине турар эле. Айрым бир эбин тапкан кызыл кулактар ошол доордо деле бар болчу. Айрыкча студенттер күндүз билетти кассадан сатып алып, кечинде кайра сатып жүрүштү.

Ошол 60-жылдары «Саманчынын жолун» бир катар союздук республикалардын театрлары сахналаштырган. Ошолордун арасынан Медербек Назаралиев койгон «Саманчынын жолу» ата мекендик театр искусствосунун гүлдөп өнүгүшүнө зор салым кошкон этаптуу спектакль болгон. Ал боюнча өз учурунда союздук театр таануучулар жана кыргызстандык театр сынчылары борбордук жана республикалык гезиттерге түрдүү макалаларды жазышкан.

«Кыргыздын улуттук театр өнөрүнүн бурулушу болду», – деп баа беришкен. Айрымдары сындашкан. Ооба, сын да айтылган. Анткени ал доордо көркөм адабий китептин сыясы кургай электе кесипкөй адабиятчылар талкууга алышчу. Даярдалып жаткан спектаклди Маданият министрлигинен, Театр ишмерлер коомунан жана кесипкөй театр сынчыларынан турган абройлуу

комиссия келип кабыл алчу. Мамлекеттик наамдардын, сыйлыктардын да кадыр-баркы, зоболосу бийик жылдар эле. Айтор, көркөм дөөлөткө жөн салды мамиле жасалчу эмес.

«Биз Д. Күйүкованы көп ролдордо көргөнбүз. Толгонайдын ролунда ал өзгөчө бир чыгармачыл бийиктикке көтөрүлө алды. Кыргыз сахнасында гана эмес, кесипкөй маданияты алда канча кылымдарды аралаган башка элдердин сахнасында Толгонайдай образды аткаруу жана көп жактуулугун жеткирүү өтө кыйын. Спектаклдин түйүнүн Толгонай эне кармап турат. Кыскасы, мындай роль кара күчтү да, ички дүйнөнүн байлыгын да талап кылат. Дал ошол күч, ошол байлык Д.Күйүкованын жүрөгүнөн, тулку боюнан орун алган», – деп жазган белгилүү театр сынчысы Сарман Асанбеков («Ленинчил жаш» гезити, 1964-жыл).

Атам сүйлөп отуруп, кеп Айтматовго келгенде, минтип калар эле:

– Кимге болсо да Чыкемдин чыгармаларын сахнага алып чыгуу оңой эмес. Анткени ал Ала-Тоодой бийик философиялык ойдун, Ысык-Көлдөй толкуган идеянын киши-си. Каармандары үн чыгарып сүйлөгөнгө караганда, лирикалык мотивдеги «ичинен сүйлөгөнү» көп. Айтматовдук көркөм дүйнөнүн башаты ошондо. Мен спектаклди чыгаруудан корккон жокмун. «Автор кийлигишсе кантем?» – деп кооптонгом. Чыкем менден алты жаш улуу болгондуктан, талашып-тартышып калабызбы дегем. Тилекке жараша, ушул жагдай тууралуу астыртадан сөз баштаганымда, ал: «Кандай иштесеңер, өз эркиңер», – деп салды. Мен ошондо «өх» деп алып, актёрлор менен ишти баштаган болчубуз.

Ал мага улуулук, агалык сөзүн айтчу: «Медеке, чыгармачыл адамдын иши коомчулуктун көз алдында болгон соң мактоону да, сынды да угасың. Бирөө сени мактап келе жатып, «бирок» деп, кемчиликтериңди






1965-жыл. «Саманчынын жолу» Москвада өткөн бүткүл союздук конкурста 2-орунду алган. Фестивалдын катышуучулары, солдон оңго: Н.Кытаев, Д.Күйүкова, Р.Абдубачаева, М.Назаралиев, О.Эркинбаева, З.Молдобаева.

айта баштайт. Ошондо сен анын «бирогунан» баштаган сөзүн көкүрөккө жакшылап түй. Анткени адам өз мүчүлүштүгүн жоюш үчүн сынды да угушу керек».

Чыңгыз Айтматов кайсы бир жыйында атам тууралуу: «Наконец-то родился режиссёр в Киргизии!» – деген экен. Атамдын көзү өткөнүнө 20 жылга чукулдап бара жатат. Бирок ушул азыр да атамдын кесиптештери Назаралиевге жогоруда Айтматов берген бааны ооздорунан түшүрүшпөйт. Орусча айтылганына караганда, ал жыйын орус тилинде өткөн окшойт.

Айтматовдун адабий көркөм мурасы дүйнө элдеринин маданиятынын театр, кинематография, көркөм сүрөт, музыка жана илимий адабият сыяктуу тармактарына баа жеткис салым кошту. Театрларда айтматовдук каармандарды ойногон нечен актёрлор өз бактысын табышты. Ошол эле «Саманчынын жолун» койгон режиссёрдун эмгеги жарым кылымдан бери театр дүйнөсүндөгүлөрдүн оозунан түшө элек. Толгонайдын ролун



Темир жол бекетине барып репетиция жасашчу экен. Режиссер М.Назаралиев жана актриса Д.Күйүкова.



«Мен билген Айтматов» сынагынын жеңүүчүлөрүн Кыргыз эл акыны Шайлообек Дүйшеев куттуктап жатат. «Азаттыктын» фотосүрөтү.

аткарган Даркүл Күйүкова СССР Эл артисти наамын алып, зоболосу аска-зоого жеткен. Башкасын санап отурбайлы, спектаклдин сүрөтчү-сценографы А.Тороповго театр сынчысы С.Асанбеков: «Мурдагыга караганда образдуу ойлонууга жетишкени көрүнүп турат. Мында Тороповдун чыгармачылыгы кыйла бийиктикке көтөрүлүптүр», – деп баа берген. Субанкулду Насыр Кытаев, Касымды Арсен Өмүралиев, Жайнакты Сатыбалды Далбаев кемелине келтире ойногон.

Биз бир эле спектаклдин алкагында сөз кылдык. Планетардык жазуучу Чыңгыз Айтматовдун дүйнө маданиятына калтырган көркөм мурасы жөнүндөгү сөз чакан макалага сыйбайт...

Нарынкүл НАЗАРАЛИЕВА,
журналист.
Бишкек шаары

АЙТМАТОВ – МУГАЛИМ ДҮЙНӨСҮН АЧКАН СҮРӨТКЕР

Дүйнөлүк адабиятта болсун, кыргыз адабиятында болсун, мугалимдин коомдогу агартуучулук ролун эч ким Айтматовдой бийик көркөмдүк менен ачып бере алган эмес. Залкар жазуучунун мугалим тууралуу баяны «Биринчи мугалим» повестинен башталып, андан кийинки бир катар чыгармаларында улантылып отурат.

Дүйшөн – биринчи мугалимдердин типтүү өкүлү

«Ар бир доор өз каарманын жаратат» демекчи, Ленин алып келген Октябрь революциясы элибизге Айтматовдун «Биринчи мугалиминдеги» Дүйшөндү тартуулады. Дүйшөн өзү ким? Чыгармадагы элдин айтуусунда ал: «...темир жолго тентип кеткен Таштанбектин уулу... өкүмөт аны солдаттан бошотуп, мугалим кылып жиберген имиш... Биздин айылга мен башта көрбөгөн, аскер шинел кийген чоочун жигит келди», – дейт эмеспи чыгарманын башталышында тирикарак Алтынай.

Көрүнүп тургандай, Айтматов жаңы замандын орношун тоо арасындагы айылга биринчи мугалимдин келиши менен байланыштырат. Дүйшөн өзү да чогулган элге: «Мен молдо эмесмин. Мен комсомолмун. Азыркы убакытта кат тааныгандарды мугалим дешет. Мен аскерде жүрүп кат таанып келдим. Менин молдолук жайым ошондой», – деп тааныштырат.

Дүйшөн – 20-жылдардын, совет бийлиги орноп жаткан туштагы биринчи мугалимдердин типтүү өкүлү. Анын солдат шинелинин ички чөнтөгүндө комсомол берген, мөөр басылган кагазы бар. Ошол кагазы болбосо, эл балдарын окууга бербей коймок. Дүйшөн байдын эски тамын саман ташып, отун алып, балдардын окуусуна ылайыктап даярдайт. Анын убаракерчилигин көрүп эл: «А, бечара, мугалим деген кызматың деле жыргаган жумуш эмес экен го», – дейт.

Чындыгында Дүйшөндүн мектеп ачышы – бул бери дегенде адам баласы отту багынтканга тете окуя! Адам баласына жарыкты, жылуулукту алып келген от жер бетине кандай бат тараса, Дүйшөндөй биринчи мугалимдердин Ала-Тоо арасына жаккан билим очоктору ошондой тездик менен тарады. Бирок кийин көбүнүн аты аталбай, эскерилбей, чыгармадагы биринчи мугалимдей эмгектери бааланбай калды. «Ой, Дүйшөндүн жоругу курусун! Ушуну да мугалим деп, окутуучу деп жүргөн экенбиз да», – дешет чыгармада убагында анын колунан билим алгандар. Ошондой аянычтуу болду. Бир жагы алардын «колунда карманган алиппеси жок», «окутуунун тартиби, жол-жобосу жөнүндө эч кандай кабары да болгон эмес». Бирок алардын жашоону өзгөрткүсү келген каалоосу ченемсиз эле!

Айтматовдун генийлиги – ал баарынан да ушуну даана туя билди. Биринчи мугалимдердин ак пейилдигин жүрөгү менен сезе билди. Чыгармада Дүйшөн өзүн ойлобой, Алтынайды билим жолуна узатып: «Бактылуу бол. Канатыңды жазып талпынгын, Алтынай. Эчтемеден тайманба, чабыттап учкун, окуй бер», – дейт.

Эмне деген ак жүрөктүк! Ушул ойду улантып, Айтматов: «... кээ бир азыркы жогорку билимдүү, маданияттуу мугалимдер Дүйшөн сыяктуу өз кесибин сүйүп, жүрөк жалыны менен ошого берилсе болор эле», – деп жазат. Ошондон улам Дүйшөн биздин мугалимдер үчүн тазалыктын, аруулуктун, өз кесибине берилгендиктин,

баланын келечегине карата чексиз ишенимдин, педагогикалык оптимизмдин нукура үлгүсү дээр элем.

Иңкамал апай, Майсалбек жана согуш апааты

Адам жашоосун капилет ойрон кылар эки апаат бар. Ошонун бири – табигый кырсыктар болсо, экинчиси – согуш. Батышта немистик фашисттер баштаган согуш дүйнөдөгү эң ак пейил кесиптин ээлери болгон мугалимдердин да жашоосуна бүлүк салды. «Эрте жаздагы турналардагы» Иңкамал апай менен «Саманчынын жолундагы» Майсалбек – өмүр тагдыры согуш апаатына туш келген мугалимдер. Биринчиси ооруктагы, экинчиси кан майдандагы мугалимдердин образын эске салат.

Чынында уруш маалында мугалимдердин ооруктa калганы Иңкамал апайдай бала окутту. «Үшүп отурган балдардын ичинен бирөө ыкшып жөтөлсө, сөзүн токтото калып, өзү далысын күүшөп коюп, суук класста Цейлон жөнүндөгү сабагын өтүп жатыры», – деп уруш маалындагы мугалимдин образын Айтматов таасын сүрөттөйт.

Башкалары Толгонайдын ортончу уулу Майсалбектей колуна курал кармап, тээ Батышта фашисттер менен баатырларча кармашты. «Биринчи мугалимдеги» Дүйшөн кандай ак пейилдик менен бала окутса, жаңы заман үчүн күрөшсө, Майсалбек да мекендин бөштондугу, эркиндиги, тынчтыгы үчүн өз жанын берүүгө даяр турду.

«Бир сааттан кийин мен Мекеним тапшырган ишке барып, кайра тартпаймын. Душмандын талуу жерине барып, аны кыйратып, өзүм да жок болом... Мени жоктобо, апа. Менин артымда туягы калган жок дебе. Дүйнөдө мындан ары согуш болбосо, жаңыдан төрөлгөн баланын ыңаалаганы – ошол мен, мугалимдин биринчи үйрөткөн «А» тамгасы – ошол мен, ошонун баары мен, ошонун баарын мен деп билип жүргүн, апа! Сенин мугалим

уулуң – лейтенант Майсалбек Субанкулов», – деп жазат апасына кан майдандан Толгонайдын мугалим уулу.

Бул кат азыркы жаштар үчүн мекенчилдиктин бийик үлгүсү эмеспи! Дегеле Айтматовдун мугалимдеринин кимисин албайлы – биринчи мугалим Дүйшөнбү, кышкы ызгаарда сабак өтүп жаткан Иңкамал апайбы же кан майдандагы кармашка аттанып жаткан Майсалбекпи, айтор, кимиси болбосун, өз кызыкчылыгынан мекендин кызыкчылыгын жогору коёт. Эртеңки жашоого, балдардын келечегине ишенет. Алар ушунусу менен баалуу.

«Ак кемедеги» «жетим» мектептин мугалими

Ошентип, Айтматовдун мугалими өз дооруна, өз заманына жараша улам татаалданып, чиеленишип, анын коомдогу орду да өзгөрүп жүрүп отурат. Эгерде «Биринчи мугалимде», «Саманчынын жолунда», «Эрте келген турналарда» мугалим эртеңки келечекке зор ишеним артса, жазуучунун кийинки чыгармасы «Ак кемеде» мындай педагогдук оптимизмди көрө албайбыз.

Бул чыгармасында Айтматов 70-жылдардагы мектептин, дегеле коомдун алга кетпей, сазга бата баштаганын баланын көзү менен берет. «...Эми ушул мектебин кадала карап жатты. Кара-күрөң калдыркан жабылган, жалгыз мору кыйшайып, мектеп там ээн турат... Дүрбүдөн дубалдагы жаракаларга чейин көрдү. Бир жерине балдар көө менен бирдеме жазыптыр, терезенин бир көзү сынып, ордуна гезит чаптап коюшуптур, верандасынын такталары да кажып калыптыр, эшигине чоң кара кулпу салынуу турат... Бала күзүндө китеп кабын кармап, ушул эшиктен кирерин элестетти. Эшиктен ичкери эмне бар, эмнелер болор экен?»

Мектептин сырткы көрүнүшү – ал кездеги көйгөйлөрдүн чети гана. Эң башкысы – мугалимдин коомдогу орду уламдан-улам түшүп баратканы болчу. Өткөн

кылымдын 70-жылдары, өнүккөн социализмдин тушунда, чындыгында жалаң айлык менен күн көргөн мугалимдердин турмуш абалы көбүнөн ылдый эле. Мугалимге караганда колхоз-совхоздогу звеновой-бригадирлердин, кордондогу токойчу Орозкулдун жашоосу өйдө болгондугу талашсыз.

Ошон үчүн чыгармада Орозкул: «Уялар кишисин тапканын! Алжыган акмак! Уялары жанагы куу жамбаш келинби, беш жылдан бери ийининен бир пальто түшпөйт. Качан көрсөң, кол көтөрүп райондун жолунда турганы. Эмне керек эле? – Мектепке көмүр керек эле, айнек керек эле, бор керек эле... Жөндүү мугалим ушу мектепке келмекпи? «Кенже мектеп» деп койгон атын. А көрө, «жетим» мектеп деп койсо туура болмок. Ушундан окуп чыккандар кайсы киши болуп жарытар дейсиң?» – деп мугалимди шылдыңдайт.

Айша апа тарбияда танапис жоктугуна кантип ишенди?

Айтматовдун мугалим тууралуу баяны казак драматургу Калтай Мухамеджанов менен авторлошуп жазган «Фудзиямадагы кадыр түн» драмасында андан ары таалдашып, чиеленишип отурат. Чыгармада Айтматов адам үчүн күн сайын адам болуу баарынан маанилүү экенин адамзатка жар салгандай. Адамдын тарбияланган-дыгы анын коомдогу абалы, кызматы, илимий даражасы менен өлчөнбөй турганын айтып жаткандай. Айтматов ириде ушул ойду окурманга жеткиргиси келет.

Ооба! Адам ичтен тазарышы керек. Бул өтө узак процесс. Балким, өмүр бою жүрөр. Бизде азыр мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн 10 жылдык, 20 жылдык, 30 жылдык жолугушуулары адатка айланып баратат. Жашырганда эмне, айрымдарында уруш-жаңжал, таарыныч деген болбой койбойт. Драмадагы классташтардын бийик

тоодогу жолугушуусу трагедия менен аяктайт. Тагдыры талкаланган досунун алдындагы күнөөсү алардын уятын козгоп, эски жараны ырбатат. Эми алар күнөөнү бири-бирине оодарышат. Акыры абийир үнүн арак менен баскан немелердин тоодон кулаткан таштары бир жигиттин өлүмүнө себепкер болот...

Өзөгүн ыймандык курч каршылашуу түзгөн бул чыгарманы ар бирибиз окуп чыгууга тийишпиз.

Абуталип – жалпы улуттун мугалими

Чыңгыз Айтматовдун мугалим тууралуу бүтпөс баянында «Кылым карытар бир күн» романындагы Абуталип Куттыбаевдин орду өзгөчө. Анткени ал баары бирдей ойлонгон сталиндик доордо жамы журтту өткөн тарыхын унутпоого үндөйт. «Бизге караганда балдардын турмушу татаалыраак болот, кыйыныраак болот. Андай болчу болсо жаштайынан мээси толо берсин», – деп, Югославияда согуш жылдары көргөн күндөрүн, Казангаптын оозунан уккан «Сары-Өзөктөгү өлүм» дастанын, маңкурт жөнүндө уламышты балдарына мурас кылып жазып жүрөт. Ошол жазгандары кийин Таңсыкбаевдин колу менен «улутчулдукту пропагандалоо» катары бурмаланып, аягы кыйноо, өлүм менен бүтөт.

Мында Айтматовдун мугалимдеринин баарына таандык окшоштук бар. Ал – жеке өзүн эмес, башкалардын келечегин ойлоо, ошого кабатырланууу. Алтынайды шаарга окууга жөнөтүп жаткан биринчи мугалим Дүйшөн да, кан майданга аттанарда келечек муунга кайрылып кат жазган Майсалбек да, тоталитардык системадан соо калбасын сезген Абуталип Куттыбаев да ушундай ойдо болот...

Алимжан АЛИБЕКОВ,
педагог, журналист.
Бишкек шаары

«АК КЕМЕНИН» ТАБЫШМАГЫ

Жакшылап көз чаптырсак, ал заман акыйкатсыздай туюлат...

1937–38-жылдары СССРде «улутчул», «эл душманы» деп бейкүнөө адамдар атылып, аргасыздан бул жарыкчылык менен кош айтышып кете беришти.

Биздин Кыргыз ССРинен да журтту ойлогон, келечектин камын көргөн адамдар көп болгон. Элдин келечеги үчүн жанын бергендердин катарында дүйнөлүк адабиятта таанылган Чыңгыз Айтматовдун атасы Төрөкул Айтматов да бар эле.

Атасы атылганда, Чыңгыз он жашта гана болгон экен. Азыр ушул куракгы балдарды карап көрөлүчү!..

Эч нерседен кабары жок, оюн менен алек балакайларды көрөбүз.

Он жашында ойлуу жүргөн бала барбы?
Бул куракта жирей алат кимдер карды?
Чыңгыз атам жаш кезинде «тоону» ойлоп,
Ал «тоодон» кийинчерээк өчүн алды.

Тагыраагы, атасын өлтүргөн бийликке нааразы болуп, сөзсүз өч алгысы келди...

Арадан көп жылдар өттү... Чыңгыз атабыз «Ак кеме» чыгармасын кандуу бийликтен өч алыш максатында жазды.

«Бул баланын...» – деп башталат баян. Эмне үчүн баланын атын атаган эмес? Анан да чыгарманы «Ак кеме» дебей, «Кара кеме», «Сары кеме» же «Жашыл

кеме» деп атаса эмне болмок? Же кеменин баары ак түстөбү?

Орустун төбөлдөрү бизди өтө эле кыйнады... Ата тегибизди билбей калдык, тилибиз экинчи орунга жылды. Өзүбүздү тааный албай калганыбызды чыгармадагы баланын ысымы жоктугу айдан ачык далилдеп турат.

Ал эми повесттин «Ак кеме» деп аталышында да чоң сыр катылып жатат. Бала дайыма кемени күтөт. Көлдү улам-улам карап, дүрбү менен алысты жакындатып, «Ак кеме» батыраак келсе деп тилейт.

Чындыгында, чыгарманын «Ак кеме» деп аталышы – ошол кездеги элдин ак тилегине, таза турмушту, көз карандысыздыкты күтүп жатканына ишаарат. Бирок «ак кеме» биздин күнөстүү жергебизге 1991-жылы гана келди.

Тилекке каршы, жаркырап келген «ак кеме» азыркы учурда карарып калгандай...

Чыгармадан Орозкулдун образынан зөөкүр, кара ниет адамды көрө алабыз. Жазуучу ал аркылуу бизге орус төбөлдөрүнүн колониялык мамилесин так, айкын ачып бере алган деп ойлойм.

Чыңгыз атабыз терс каарманды бекеринен Орозкул деп атабаган чыгар. Ойлонолу...

Эмне үчүн карыган чалга Момун деген атты ыйгарды? Кыргыздар унчукпаган, өз оюн айта албаган адамдарды момун дешет эмеспи. Арийне, Момун чал ошол кездеги кыргыздардын образын берип турат.

Ал Орозкулга оюн батынып айта албайт. Айтса деле, Орозкул аны кагып салат.

Чындыгында, көпчүлүк орус төбөлдөрүнүн бизге кылган мамилеси дал ушундай эле. Ал эми Момун чалдын зайыбынын образы аркылуу Айтматов кыргыздардан чыккан чыккынчы, сасыткылар болгонун айткысы келет.

Акырында акыйкатсыз замандын айынан бала балык болуп сүзүп кетет. Болбосо эч бир жазуучу жакшы каарманын өлүмгө кыйгысы келбейт эмеспи.

Чыңгыз Айтматов атабыздын чыгармалары табышмак сыяктуу. Ар биринде ар башка маселе көтөрүлгөн. Окурмандар өзү талдап, чечсин деп чыгармаларынын аягын табышмактуу кылган.

Мен бул баянымда бир улутту жамандагым келген жок. Бир гана бийлик төбөлдөрүнүн ишин көрүп туруп, ичим күйөт. Биздин аталарыбыз 1930-жылдары эле өлкөбүзгө эгемендикти алып бермек. Бирок алардын тилегине кара ниет бийлик тоскоолдук кылды.

Чыңгыз атабыз биз үчүн улуу сөз, улуу жаңырык, улуу маданият, улуу адам.

Айтматов өлгөн эмес, өлбөйт дагы,
Жашап жүрөт жүрөктөрдө анын жаны.
Бир орунда турбастан сызып жүрөт,
Чыңгыздай эл уулунун кызыл каны...

Адил КАКЕНОВ

«АМЕРИКА ТРАГЕДИЯСЫ» «КЫРГЫЗ ТРАГЕДИЯСЫНА» ЖЕТПЕЙ КАЛДЫ

Балалык кезимде кат тааныгандан баштап колума тийген кыргыз тилиндеги китептерди тишим өтсө да, өтпөсө да окуй берчүмүн. Авторлору менен деле ишим жок. Өспүрүм кезимде да мектептин китепканасынан чыкчу эмесмин. Ал кездеги көркөм адабият жалаң советтик идеологияга ылайыктап жазылар эле.

Онунчу класста окуп жүргөнүмдө колума мукабасы жупуну «Обон» аттуу чакан китеп тийип калды. Адатымча авторун карабай эле бир отуруш менен окуп чыктым. Көңүлүмө жакса, адатымча, дагы бир сыйра шашпай окумакмын. А бул китеп мага жаккан жок. Ата Мекенин фашисттик баскынчылардан коргогону фронтко кеткен күйөөсүн күтпөй, үй-бүлөсүн таштап, башка эркекти ээрчип кеткен келин жөнүндө экен. Таң калдым! Ушундай да болобу? Кызыл кыргында жүргөн жоокер жубайынын аман-эсен кайтып келишин тилегендин ордуна, аны кат аркылуу жылуу сөз менен колдоонун ордуна өз кызыкчылыгын көздөп, «жаңы күйөөсү» менен Казакстанга качып кеткени туурабы? Мындай окуя кыргыздын каада-салтында болду беле? Кайын журтун да, төркүнүн да жаманатты кылганы эмнеси?..

Бул китеп кокусунан эле жарыкка чыгып кетсе керек деп ойлодум. Ал кезде мен мектептин комсомол комитетин башкарып, башка балдардай эле Коммунисттик партиянын осуяттарына сугарыла баштагам. Биз,

жаштар, 1980-жылдан баштап «коммунизм» мезгилинде жашайбыз деп жүз пайыз ишенчүбүз.

Кийинки жылы Орусиянын техникалык жогорку окуу жайына өтүп, Куйбышев (азыркы Самара) шаарында окуп калдым. Айылдагы мектепте лидер болуп жүргөнүм менен, институтта окуш мен үчүн кыйынга турду. Айрыкча орус тилинен... Бирок ага карабай тырышып окуй бердим. Экинчи курста бош убакыт болсо эле жатаканандын китепканасына кирип көркөм чыгармаларды көп окудум. Марк Твен, Фенимор Купер, Михаил Булгаков, Жек Лондон, Александр Дюма жана башка көптөгөн белгилүү жазуучулардын чыгармалары менен тааныштым. Айрыкча Теодор Драйзердин «Америка трагедиясы» аттуу чыгармасы жүрөгүмө катуу таасир берди. Ушундай улуу чыгарманы жазган жазуучуга, тирүү болсо тим элеби, сыйынгым келди! Бизди саясий сабактарда окуткандай, «чирип жок болуп бараткан империалисттик Батышка» болгон көз карашым өзгөрдү. Эмне үчүн биздин «демократия» туура эмес? Эмне үчүн бизде жалаң «дефицит»?.. Эмне үчүн?.. Ушуга окшогон көп суроолор пайда боло баштады. Акырындап «Свобода», «Голос Америки» үналгыларын жашыруун угуп жүргөндөргө кошулдум. Жазуучу Александр Солженицын, академик Андрей Сахаров сыяктуулардын ким экенин билдим. «Азаттык» үналгысын да ошондо биринчи эшитип, Батышта кыргыз тилинде да үналгы бар экендигине таң калдым. «Азаттыкта» иштеген кыргыздар Азамат Алтай, Төлөмүш Жакып жана Аким Өзгөн менен сыймыктанып, казак досторго мактандым...

Ошол студенттик чөйрөдөн жана окуткан агайлардан Чыңгыз Айтматов жөнүндө жылуу сөздөрдү көп уктум, укканын сайын териме батпай жүрдүм. Анын чыгармалары жөнүндөгү макалаларды Москвадан чыккан «Литературная газетадан» жана башка борбордук басма сөздөн көп окудум. Франциянын Коммунисттик партиясынын ишмери, жазуучу жана котормочу Луи Ара-

гондун: «Жамийла» – сүйүүнү даңазалаган дүйнөдөгү эң ажайып чыгарма», – деп айтканы мени аябай толкундантты. Атактуу жердешимдин чыгармалары менен жакындан таанышкым келди. Издеп жүрүп агайдын орус тилинде чыккан алгачкы «Джамиля» чыгармасын таптым. Кудуңдап сүйүнүп китептин биринчи бетин ачып окуй баштаарым менен, азыркы тил менен айтканда, шок болдум! Шок болдум да, жок болдум! Мен бул китепти мурда эле окуптурмун! Ооба! Бул китеп мен бала кезде жактырбаган «Обон» повести экен! Кыргыз тилинде алгач ушундай ат менен жарык көргөн турбайбы! Өзүмө өзүм күлкүм келип, жиним да келип, аябай таң калып туталандым!.. Эми кунт коюп кайрадан окуп чыктым. Окуп алып, бала кезде көп нерсени байкабай да, түшүнбөй да жүргөнүмдү, жаңылганымды билдим. «Бузулган» келинге болгон комсомолдук көз карашым таптакыр өзгөрдү. «Жамийланы ушунчалык чечкиндүү кадамга түрткөн сүйүүнүн, махабаттын күчү эбегейсиз зор экен», – деп ойлодум.

Союздун убагында, табына келип күчөп турган советтик саясатка, идеологияга каршы чыккан авторго тан бердим, жүрөктүүлүгүнө шыктандым да, Айтматовдун ошол мезгилдеги жарык көргөн чыгармаларын бирин калтырбай окуп чыктым. Аябай зор таасир алдым. Өсүп келе жаткан муундарга туура тарбия берүүдө, аң-сезимин өстүрүүдө миңдеген агартуучу мекемелердин, сан жеткис идеологдордун ордун Айтматов кайталангыс чыгармалары менен эле алмаштырып койгонуна ишендим.

Агайга жаштайынан дем берип, чыгармаларын коркпой-үркпөй жарыкка чыгарып жүргөн атактуу жазуучу Александр Твардовский жетектеген «Новый мир» журналына Айтматовдун кезектеги чыгармасы – «Ак кеме» повести басылып чыкканда, баарыбыз талашып окуп калдык. Мен өзүм, чынын айтсам, окуп алып, катуу жабыктым! Башкы каарман жети жашар баланын

тагдырына кейип ыйладым... Ушундай да жан кейиткен чыгарма болобу!? Жашоодо көрсөк да көрмөксөн болуп, билсек да билмексен болуп жүрчү экенбиз... Эң жөнөкөй сюжетти автор эң кайгылуу трагедияга айландырыптыр! Мына, чеберчилик, талант деп ушуну айт!

СССРдин убагындагы жашоо-турмушту чагылдырган чыгарманы ар бир автор сөзсүз жакшылык менен бүтүрүүгө милдеттүү эле. Ал кезде китептин финалын, англисче айтканда, «хэппи энд» менен аяктоо жазылбаган мыйзам болчу! Анткени биз Коммунисттик партиянын жетекчилиги менен «жыргал» заманда жашап жатканбыз да... Ал эми мында жети жаштагы бала ырайымсыздарга, эки буттуу айбандарга, эки жүздүү жалган турмушка таарынып, өзүнүн жомок дүйнөсүнө «балык» болуп сууга сүзүп, Ысык-Көлгө түшүп кетти, Ак кемедеги атасына кете берди! Не деген айтып бүткүс трагедия!? Бул биз көнгөн идеологияга каршы жүз сексен градуска бурулган, теңирден тескери, акылга сыйбаган көрүнүш эле! Чыгармасында Айтматов бизде да «Кыргыз трагедиясы» бар экендигин көзүбүздү чоң ачып көрсөттү. Мунун алдында «Америка трагедиясы» шоона эшпей калды. Айтматов Драйзерден ашып түштү!

«Ак кемеде» көрсөтүлгөн трагедия ар бир элде бар болсо керек деп ойлойм. Ошондуктан анын чыгармалары дүйнө жүзүндөгү көптөгөн окурмандардын жүрөгүнөн орун тапкан. Айтматовдун кеменгерлиги, көсөмдүгү өзүнүн чыгармалары аркылуу алдыда боло турган трагедияларды, ал түгүл дүйнөлүк масштабдагы алааматтарды алдын-ала айтып, эскертип, бүткүл адамзатты гумандуулукка чакырганында. Айрыкча бул «Жаныбарым Гүлсары», «Ак кеме», «Кылым карыткан бир күн», «Кыямат», «Кассандранын эн тамгасы», «Чыңгызхандын ак булуту» жана «Тоолор кулаганда» сыяктуу китептеринде баса көрсөтүлгөн. Алар кийинки кылымдарда да актуалдуулугун жоготпогон дүйнөлүк шедеврлерден боло бермекчи.

Студенттик мезгилде орусиялык курбу-досторго мен Чыңгыз агайды көрбөсөм да «көргөм» деп далай ирет мактанган күндөрүм болгон. Шекер айылы биздин айылдан 70 чакырымдай алыс болсо да, «улуу жазуучу кошуна айылда жашайт» деген сөз оозумдан далай ирет чыккан. Кийин окууну бүтүп Кыргызстанга келип, аймактарда иштеп жүргөндө да далай кыялдандым, атактуу жазуучуну көргүм келди, жолугуп таанышкым келди, бирок эч мүмкүнчүлүк болбоду...

Тилегиме 2008-жылы 19-январда гана жеттим!

Ал тууралуу кийинки баянымда[1] айтып берейин...

Авазбек ЖУСУПБЕКОВ,
эмгек ардагери.
Бишкек шаары



«Мен билген Айтматов» сынагынын жеңүүчүлөрү: (солдон оңго) Авазбек Жусупбеков, Кайрат Искендеров, Мая Осмонкулова, Замир Алдаяров. «Азаттыктын» фотосүрөтү.

[1] Автордун «Түрмөдө орун жок же Айтматовдун күлкүсү» макаласын караңыз: 140-бет.

«ЖАМИЙЛАНЫ» ОКУГАН ЖИГИТ АЛА КАЧУУГА БАРБАЙТ

(Жамийла, Курманжан датка жана Бурулай тууралуу ой толгоо)

«Жамийла» жарык көргөндө эле айрым бир аттуу-баштуу акын-жазуучулар өтө катуу сындап, китептин авторун төө бастыга алышканын көпчүлүк эл билбей калган экен. Ал кезде заман ошондой эле, партиянын уруксатысыз эч кимге эчтеке айтылчу эмес. Саналуу кишилер гана, жогору жактагы советтик-партиялык жетекчилер, жазуучулар жана башка чыгармачыл интеллигенциянын өкүлдөрү эле билген.

Аябагандай катуу сындан кийин да сынып калбай, жазуучунун «Жамийла» повести Мухтар Ауэзов, Луи Арагон, Александр Твардовский сыяктуу улуу инсандардын батасы менен дүйнөгө таанылып кетти.

А биз, катардагы окурмандар, тигил өйдө-төмөн сүйлөгөн «билермандардын» айткандарын эгемендикке жеткенден кийин гана угуп-биле баштадык.

Убагында ошол каршылаштар: «Жамийланын жоругу жолдо калсын! Кыргыздын каада-салтына түкүрүп салып, каяктагы бир тентиген казакты ээрчип кетип калганы эмнеси?.. «Жеңил ойлуу турбайбы!..» – деп ызылдашкан экен. «Кайдан чыккан кабарчы?» – дегендер да болуптур. Ошол жашы улуу адамдардын иренжиткен сөздөрүнөн соң мендеги аларга болгон сый-урмат чар учкандай жок болду...

Ошондо «оозуна ак ит кирип, кара ит чыгып» Жамийланы шыбап жатканда, тилекке каршы, алар «Алай

ханышасы», кыргыздын белгилүү инсаны Курманжан датканы унутуп коюшканын карасаң?!

Бул тарыхый инсандын окуясын биздин «билермандар» билген эмеспи? Элестетип көргүлөчү. Он тогузунчу кылымда, каада-салт толук сакталып турган кезде... Болочоктогу датка он сегиз жашында ата-энеси кудалашып койгон жерге күйөөгө чыгат. Көп узабай никелешкен эрин чанып, төркүнүнө баса берет. Ал кезде кылт этип күнөөгө илинген аялды эл алдында ургаачы эшекке тескери мингизип, төркүнүнө айдамак же ташбараңга алышмак. Мындай кордукка чыдабай далай кыз-келиндер өз жанын кыйышкан. Ошондой караңгы заманда жаш Курманжан эч нерседен тартынбастан, кайын журтунун коркутуу-үркүтүүсүнө карабастан башын канжыгага байлап төркүнүнө качып келген!

Айтканга оңой, жаш келин өз «күнөөсүн», кылган «кылмышын» жакшы түшүнгөн, ата-энеси, бир тууандары, жакындары «сөзгө сөлтүк, кепке кемтик» болорун жакшы билген. Үч жыл!!! Үч жыл бою көпчүлүккө жаман көрүнсө да, баарына чыдаган.

Жараткан тилегин берип, Курманжан кыз кезинде эле көрүп ашык болгон Алымбек датканы жолуктурат. Жаш келиндин зиректигин, акылдуу, өткүр экенин байкаган датка көп ойлонбостон колун сурайт... Курманжан анын экинчи аялы болуп баратса да, аный деп айтпады, бир келген бактысынан баш тарткан жок... «Алай ханышасынын» мына ушул тарыхын Жамийлага таш ыргыткан «улуу урматтуу» акын-жазуучулар билиши керек эле...

Орустун улуу жазуучусу А.П.Чехов убагында: «Адамдын өңү да, кийими да, жүрөгү да, ою да таза жана сулуу болуш керек», – дептир. Кандай керемет сөз! Ал эми интеллигент, жазуучу, чыгармачыл адам миң эсе таза болууга милдеттүү! Биздин Айтматов мына ушундай АДАМ, каухардай таза ИНСАН болгон.

Ал жогоруда айтылган жыйында «сындагандарга» теңелбей, өзүнүн деңгээлин түшүрбөй, залдан ун-

чукпастан чыгып кеткен. Кийин журт башчылардын, алгачкы ажолордун да кылган кылыктарына да кылчайган эмес... Айтматов өмүрү кек сактабаптыр, бой көтөргөндү да билбептир. Көрсө, чыныгы адамдар, генийлер токтоо, сабырдуу, жөнөкөй жана жупуну болору чын турбайбы. Ооба, ар дайым, ар кандай шартта адамдык касиетти жоготпой, сактап калыш оңой эмес. «Адамга эң кыйыны – күн сайын адам болуу» деген өзүнүн гениалдуу сөзүн да бекеринен айтпаса керек. Бала кезден тартып, атасы «эл душманы» болуп, атасыз калганда да, союз мезгилинде да, азыркы татаал, бөрү заманда да Чыңгыз Айтматов адамдык касиетин жоготкон жок.

Ал эми агайдын каарманы Жамийла болсо кыргыздын кыздарына ар дайым дем берет, күч берет, кайрат берет. Ала качуу ыкмасы менен эч ким эч качан бактылуу боло албай турганын, сүйгөн адам менен гана бакытка жетерин айтып келет... Эх! Жашоодо эки жаш ынтымактуу жашаса, жакындары да, балдары да, баары бактылуу... Бул мыйзамченемдүү көрүнүш эмеспи!

Тилекке каршы, агайдын чыгармаларын окубагандар көп экен. Жакында бир журналист сыналгыда көчөдөн ары-бери өткөндөрдөн Айтматовдун каармандары тууралуу сурамжыласа, кай бирлери алгылыктуу жооп бере алышпады.

Ал эми май айында болгон Жайыл районундагы кандуу окуя кыргызстандыктардын эле эмес, башка элдердин да үрөйүн учурду. Бурулайды ала качкандар жана анын жанын кыйган айбандар өмүрүндө эч качан китеп бетин ачып көрбөсө керек деген ой келет... Анан кантип аларда таза сүйүү тууралуу, Курманжан менен Алымбек, Жамийла менен Данияр жөнүндө түшүнүк болот?

Бул көрүнүш биздин кайсы бир жаштарыбыздын жапайы «тарбиясын», маданий деңгээлин көрсөтүүдө. Тилекке каршы, алардын айынан элибиз уят болду. Биздин кыз ала качуу «салтыбыз» БУУнун көзөмөлүнө алынды. Бурулайдын трагедиясы бүткүл Кыргызстандын трагедиясына айланды.

...Сүрөттөн назик сулуу кыз карап турат. Бурулай жалаң сүйүү үчүн гана жаралса керек деп ойлодум. Жараткан ушунчалык өңдү, түстү, келбетти аябаптыр. Ушундай жанга, периштеге тигил айбан кантип бычак көтөрдү? Анын сүрөтүнө самындабай жууган колуңду тийгизгенден да айбыгасың!

Анан калса, кийинки жылдары Кыргызстанда кыздарды ала качуу жөнүндө тартылган көркөм фильмдер көбөйдү. Укмуш! Тим эле ала качуунун түрлөрүн көрөсүң, ыкмаларын атайын көрүп үйрөнсө да болот. Ар бир «олуттуу» кинокомедия кыз ала качуу сценасын камтыйт.

Режиссёрлор бул салтты атайылап романтикага айлантып, реклама кылып жаткандай. Мындай фильмдерге жалаң жаштар барат эмеспи. Албетте, алар ушуга окшогон «шедеврлерден» үлгү алышат да... Жашап жаткан мезгилибизчи?.. Ооба... Орто кылым эмес, XXI кылым экенин унутпасак!

Бардык мектептерде, коллеждерде, университеттерде бул жаман адат мыйзамсыз экенин окуучулардын, студенттердин кулактарына тынбай куюп туруу керек.

Албетте, маданияттуу түрдө, жадатпагандай ыкма менен окутуу абзел. Ал эми таза сүйүүдө Айтматовдун каармандарынын арасынан айрыкча Жамийла эң мыкты үлгү болоруна ишенем. Башкысы, улуу жазуучунун чыгармаларын терең окутуп, тарбиялык маанисин баса көрсөтүп, окутуунун сапатына көбүрөөк көңүл бурулса дейм. Анткени агайдын чыгармаларынын тарбиялык таасири өтө жогору экендигин эч ким жокко чыгара албайт.

Айтматовдун каармандары окурмандарга, айрыкча жаштарга жашоодогу татаал кырдаалдарда эркин ой жүгүртүп, жоопкерчиликтүү кадам жасоого жол көрсөтөт.

Авазбек ЖУСУПБЕКОВ,
эмгек ардагери.
Бишкек шаары

ЖАМИЙЛА МЕНЕН ДАНИЯРДЫН КИЙИНКИ ТАГДЫРЫ

Кыргыздын улуу жазуучусу Ч. Айтматовдун «Жамийла» повести дүйнөнү чарк айланып, сүйүүнү туу чокуга жеткире даңазалаган өзгөчө көркөм чыгарма катары окурманды тамшантып келет. Автордун жазган чыгармаларынын башаты реалдуу жашоодон экендиги талашсыз чындык.

Азыр мен баштаган бул баян дал ушул «Жамийла» повести, андагы баш каармандар Жамийла менен Даниярдын кийинки жашоо-турмушу, тагдыры жөнүндө болмокчу. Бул баяндын канчалык чындыгы бар экендигин мага айтып берген адамдын абийирине, ал эми ишенип-ишенбөө, аны таразалап алуу жагын окурманга коёюн.

Мени мектепте окуткан, адабиятты чемичкедей чаккан агайым менен кээде көрүшүп, ал-акыбал сурашып калабыз. Баса, Таштемиров Өмөралы агай – Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими, көптөгөн мамлекеттик сыйлыктардын ээси. Агартуу майданында 52 жыл бою талыкпай иштеп, кыргыз тили жана адабиятынан сабак берип келген. Жашы сексенге карап калса да шайдоот, акылы тунук. Жакында жолугушуп, «Азаттык» Ч.Айтматовдун 90 жылдык мааракесине карата дилбаян сынагын жарыялаганын, ага мен да «Жамийла» повести жөнүндө макала жазып жибергенимди айтып, сүйлөшүп олтурдук. Агай бир аздан кийин:

– Уулум, жүрөктү көптөн бери түпөйүл кылып, ичимде каткан, жарыя айта албай жүргөн бир сыр бар. Ошону сага айтайын. Сен бул тууралуу мен айткандай жазып, жарыялоого берчи! Карып да калдым. Бул сыр ичимде кетпей, эл билсин, – деди. Экөөбүз макулдашып, агай баянын баштады.

– Мен 1942-жылы төрөлгөнмүн. Согуштун каардуу күндөрүндө Жалал-Абад облусунун Сузак районунун «Большевик» колхозуна караган Чангет өрөөнүндөгү Боз-Чыккан айылында (азыркы Барпы айыл аймагынын Таш-Дөбө айылында) Кебек деген адамдын үйүнүн бир бөлмөсүндө жашачу экенбиз. Жашым төрттөн бешке карап калган болсо керек. Биз жашаган үйдөн ылдыйыраак үч жапыз там болуп, бирөө Ыдырыс, экинчиси Кылыч, үчүнчүсү Данияр деген кишилердики эле. Мен бала кезимде Таш-Дөбө айылында аз эле тамдар бар болчу. Ыдырыс аке Жалал-Абад шаарындагы темир жолдо иштеген. Кийинчерээк пахта заводдо иштеп, көптөгөн сыйлыктарга ээ болуп, сексенинчи жылдары эле кайтыш болгон.

Кийин уксам, Ыдырыс аке Чыңгыз Айтматовдун «Жамийла» повестиндеги Данияр менен Жамийлага темир жолдогу бекеттен жолугуп, айылга ээрчитип келген экен. Аларга пакса үйдү да ушул киши салууга жардам берип, каралашып тургандыгы жөнүндө карыялардан көп уккам. Алардын айтканына караганда, эки жаш темир жол аркылуу поезд менен Жалал-Абадга Таластан Казакстан аркылуу качып келген экен. Ошол Данияр менен Жамийланы көргөм. Камбар агайынды билесиң. Ал да көргөн. Азыр Боз-Чыкканга бараткандагы жол боюндагы эки кабат үй турган жерде, андан бир аз өйдөдө катар өскөн тыт бар эле. Жогоруда айтканымдай, аерде болгону үч гана жапыз там бар болчу. Апам колхоздун пахта талаасында иштеп, атам Таши деген киши экөө пахта сугарчу.

Ошолордун үйлөрүнүн жанындагы чоң тыттын түбүндө чай ичишчү, түштөнүп дем алышчу. Мен көп бараар элем. Чай ичип болгондон кийин, Данияр ордунан туруп, атамдан насыбай сурап, алаканына салып берген насыбайды балдагына таянып туруп оозуна салганы даана эсимде. Аны көргөн аялы (Жамийла) келип: «Мага да бериңизчи?» – деп атамдан насыбай сураганын артынан көрүп тургам. Анын желкесине түшкөн жоолугу, сыңар өрүлгөн узун чачы азыр да көз алдымда.

«Аял киши да насыбай чегеби?» – деп аны жактырбадым. Кийин билсем, менин апам деле чегет экен. Ага маани берип, байкабаган экем. Жамийланы болгону бир жолу, ошол түштөнүү мезгилинде көргөм. Данияр-ды болсо көп эле көрчүмүн. Ал балдак таянган, энтигип баскан арык чырай киши эле. Көрсө ал согуштан жарадар болуп келген, оорукчан экен.

Ал убакта бозо көп ичилчү. Апам да жорого бозо салып, атамдын жоро-жолдоштору келип бозо ичип, аркы-беркини сүйлөшүп отурушту. Мен дайыма атама ыктап, анын колтугунда отуруп алчумун. Азыркыга чейин эсимде: келгендерге атам Данияр-дын өлүп калганын, аны ушул Таш-Дөбөнүн көрүстөнүнө коюп келгенин айтты эле, отургандар: «Таши экөөң сооп иш кылыпсыңар», – деп бата кылышты. «Сооп» деген сөздү биринчи жолу угушум. «Өлдү» дегенди көп эле жолу угуп, сөөктү чыгарып баратканда, узактан күзөтүп тунжурап калчубуз. Кийин билсем, бул чөлкөмдө Данияр-дын тууган-уруктары жок экен.

Арадан канча күн өткөнүн билбейм, Жамийла үйүн таштап кетип калыптыр. Апамдардын:

– Не кылсын байкуш, илинээр баласы, каралашаар жакын тууганы жок болсо бул жерде, элин таап кеткендир да деген сөздөрүн уккам. Бул менин айткандарым азыркыга чейин ошол убактагыдай эсимде.

Жарым кылымдан аша окуучуларыма Чыңгыз Айтматовдун «Жамийла» повестиндеги каармандарды зар какшап чечмелеген адабиятчы мугалим болуп иштеп жүрүп, жогорудагы окуяны төрт сөз менен айтып бере албай келгениме өкүнөм. Учуру келгенде Айтматовдун жолугушууларына да катыштым. Ал кишиге да айтуудан тартындым. Эгер ушуну айтсам, «бул жөн эле ойлоп табылган окуя же дал келип калган аты уйкаштар» деп сөз кылышат го деп уялдым. Баарынан да Даниярдын мүрзөсүн көрсөт десе, эмне дейм? Көрүстөндү көрсөтөт элем, бирок мүрзөсүн көрсөтө албайт болчумун. Негизи ушул нерсе мени чочулаткан. Даниярдын мүрзөсүн менин атам Таштемир менен Таши аксакал гана көрсөтө алмак. Ошол экөөнөн башка күбө жок. Алар болсо эбак о дүйнөгө кетишкен эле...

Мына, атактуу классигибиз Чыңгыз Айтматовдун «Жамийла» повестиндеги каармандар Жамийла менен Даниярдын дагы бир сыры ачылып жатабы же дал келүүчүлүкпү?.. Ал эми Өмөрали Таштемиров агай:

– Бул дал эле «Жамийла» повестиндеги Данияр менен Жамийла! – деп ишендирет. – Андан башка болушу мүмкүн эмес! – дейт ал.

Тагдырдын буйругу деген ушул болуп жүрбөсүн!

Кайрат ИСКЕНДЕРОВ,
ветеринар.
Миң-Өрүк айылы, Сузак району

Редакциядан: *Михаил Шолоховдун «Адамдын тагдыры» аңгемеси жарык көргөндө, ага «мен жөнүндө жазыпсыз, бирок бир жери дал келбей калыптыр» деген мазмундагы жүздөгөн каттар келген экен. Көрсө, экинчи дүйнөлүк согуштун кесепетинен жазуучу баяндагандай оор тагдырды баштан өткөргөндөр өтө көп болуптур.*

Адабий каармандын көбүнчө прототиби болот, б.а. окуя турмуштан алынат да, аны баштан кечирген реалдуу адамдын тагдыры көркөм чыгарманын негизин түзөт. Нукура көркөм чыгарма кайсы бир жеке адамдын эле окуясын баяндоо менен чектелбейт – анда типтүү кырдаалдагы типтүү мүнөздөр чагылдырылып, окурманды турмуш чындыгын улам тереңирээк аңдап билүүгө түрткөн шарттуу чындык туюнтулат. Ушул ыңгайдан алганда, Айтматовдун каармандарынын да көптөгөн прототиптери болгон деп айта алабыз.

(Чыгарма жарык көргөндөн кийин анын каармандарын тууралган да чыгышы ыктымал. Аларды посттип деп атоого болор. Мисалы, Иван Тургенев жараткан образдар – «нигилист», «тургеневдин кыздары» – турмушта да ошондой типтердин пайда болушуна, атүгүл көбөйүшүнө өбөлгө түзгөндүгү белгилүү).

Чыңгыз Айтматов турмуштагы Жамийла менен Данияр жөнүндө «Балалыгым» аттуу китебинде эскерген бар. Даниярдын прототиби Кыргызстанга жапырт көчүрүлгөн кавказдык келгиндерден экен. Согуштун айынан далай үй-бүлөлөр бузулган, өлүп да, тирүүлөй да ажырашып кеткендер болгон. Биз үчүн «Жамийла» повестиндеги окуя эмес, анын түшүнүлүш, кабылдануу тереңдиги көбүрөөк мааниге ээ. Анан да бул повесть совет адабиятында көп кездешүүчү: «Ушундай гана болгула!» – деп окурманга кандайдыр бир жүрүм-турум моделин таңуулаган дидактикалык (насаатчыл) чыгармаларга такыр окшобостугун эске алуу зарыл. «Жамийла» көпчүлүк ойлогондон алда канча татаал, мааниси терең чыгарма экендигин түшүнүү үчүн филология илимдеринин доктору Айнура Кадырманбетованын макаласынан үзүндүлөрдү келтирүүнү туура таптык (кийинки бетти караңыз).

АЙТМАТОВДУ КАЙРАДАН ОКУГАНЫБЫЗДА: «ЖАМИЙЛА»

Ч.Айтматовдун бул повести 1958-жылы алгач «Обон» деген ат менен кыргыз тилинде («Ала-Тоо», «Кыргызстан аялдары», «Советтик «Кыргызстан»), орус тилинде «Жамиля» деп аталып («Новый мир». – 1958. № 8) жарык көргөн. Лиро-романтикалык повестти алгачкылардан болуп казак адабиятынын классиги, көрүнүктүү окумуштуу М.Ауэзов жогору баалап, жазуучуга ак жол каалайт («Литературная газета». – 1958. 23-октябрь). Көп узабай повестти француз тилине жазуучу Луи Арагон которуп, «Махабат тууралуу дүйнөдөгү эң сонун баян» деген аталыштагы баш сөз жазат да, чыгарма 1959-жылы Парижден өзүнчө китеп болуп жарык көрөт.

«Жамийла» ушундан тарта дүйнөнү таң калтырган салтанаттуу жүрүшүн баштап, 1960-жылы Берлинде, Варшавада, 1961-жылы Миланда ж.б. жерлерде жарык көрүп, көптөгөн тилдерге которулуп, улам жаңыртылып басылып, өз окурмандарын таап келет. Бир эле Францияда «Жамийла» Луи Арагондун котормосунда ондон ашык ирет кайрадан басылган. Ал басылыштар боюнча ошол эле Парижде, Варшавада, Миланда ж.б. шаарларда адабиятчы окумуштуулардын талдоолору, талкуулары, окурмандардын чыгарманы зор кубаныч, чоң канааттануу менен кабыл алышкандыгын билдирген пикирлери жарыяланган.

«Жамийла», албетте, Кыргызстандын көпчүлүк окурмандары, адабий чөйрө тарабынан да зор кызы-

гуу, кубаттоо менен кабыл алынды. Ошол эле учурда баш каармандыкалтты сыйлабай, согушта жүргөн күйөөсүн таштап, башка бирөөнү ээрчип кеткен жеңил мүнөздүү аял катары кабыл алып, авторду сындагандар да болду. Чыгарманын максаты акыл айтуу, үлгү көрсөтүү деп түшүнүп, тар көз караш менен чектелген улуу муундагы айрым жазуучулар кескин каршы пикир айтышты.

Теңтушу бар теңи жоктор

...Чет элдик адабиятчылар, изилдөөчүлөр «Жамийланы» Шекспирден тартып Толстой, Шолоховго чейинки дүйнөлүк адабияттын мыкты чеберлери жараткан образдар системасына катар коюп салыштырып талдоого аракет кылышты. «Жамийлага» байланыштуу аталып өткөн чыгармалардын айрымдары: «Ромео жана Джульетта» (1595), «Ханзада Клевская» (1678), «Манон Леско» (1731), «Байкуш Лиза» (1792), «Бовари айым» (1856), «Анна Каренина» (1877). Булар дүйнөлүк адабияттын өнүгүүсүндөгү бурулуштарды көрсөткөн этаптык чыгармалар. Маселен, «Ханзада Клевская» дүйнөлүк адабияттын тарыхындагы биринчи психологиялык роман деп эсептелсе, «Манон Леско» романдык жанрдын жетилгендигинин көрсөткүчү катары каралып келет (В.Кожинов. Происхождение романа. – М., 1963). Бул чыгармалардын башкы каармандары – коомдун аялзатына карата кемсинткен, басынткан мамилесинен запкы тарткандар же өзүлөрүнүн адамдык укугунун, намысынын тепселишине макул болгусу келбеген кайраттуу, ошол эле учурда тагдыры трагедиялуу инсандар.

Жамийланын кайненеси айткан: «Аял деген кудай этегинен айтып, үйүндө береке турса, башка эмне-

ни тилемек эле», – деген сөздүн өтө тар маанисиндеги түшүнүк жалаң эле кыргыздарда эмес, XIX кылымдын аягы, XX кылымдын башына чейин бүтүндөй дүйнө элдеринде басымдуулук кылып келгенин тарых өзү тастыктап турат. Мындай тар түшүнүккө түзөтүү киргизүү далалатына аялдардын кадыресе табигый каалоолору – үй-бүлөдөн бакыт, инсан катары татыктуу өз ордун табуу сыяктуу өзөктүү мүдөөлөрү түрткү болгон. Бирок алардын умтулуулары ошол доордо жектөөгө гана кабылып, трагедия менен аяктай берген. XIX кылымда Европада, XX кылымда Азия өлкөлөрүндө башталган феминисттик кыймылдар да бекеринен чыккан эмес.

...Бакыт жөнүндө ойлонбогон, бактылуу болууга умтулбаган же бакыт жөнүндөгү түшүнүгү таптакыр тар «бактылуулар» да болот. Эгерде Канык<u>е</u>й Манаска жолукпаса, Канык<u>е</u>й болмок эмес, Айчүрөк Семетейин өзү издеп таппаса, Айчүрөк болмок эмес. Абыке, Көбөшкө тийүү Канык<u>е</u>й үчүн өлүм менен барабар. Баркымды билбес макоого кор болгончо так өтөйүн деп, Курманжан никелүү күйөөсүн чанып, төркүнүнө качкан. Сынына толуп, түгөй болор жигит экендигин көрсө да, намыска тиер сөз айтканы үчүн Жаңыл мырза Түлкү баатырды аткан. Кайындаган күйөөсү купулуна толбой, Каптагайдын кызы Жумгалдан качып чыгып, Чүйдөгү Жантай хандын тукумунан бактысын тапкан. Жылкыдан күлүк, куштан алгыр чанда чыккан сыяктуу, адамдарда да, мейли ал эркекпи же аял болобу, кыялы күлүк, сезими курч, руху күчтүүлөр, тилекке каршы, сейрек кездешет. Көбүнчө алардын теңтушу бар, теңи жок болгондуктан, көңүлдөрү көп өксүйт. Жамийла да ошондой табияты күчтүү, көп нерсеге талабы жогору, руху күчтүү адам.

Салтты ким бузду эле?

Анан ушул Жамийланы сурабай-этпей эле Садык ала качып алды. Адам турмушундагы эң маанилүү кадам – жар тандоо маселесинде жок дегенде анын «өзүмдүк жаңылуусуна» да эрк берилген жок. Бул үчүн Садык өзүн күнөөлүү сезбесе деле керек. Салт нугунан караганда, бул жерде Садыктын күнөөсү деле жок. Кыздын эркине карабай үйлөнгөндөрдүн биринчиси да, акыркысы да Садык эмес. Мурда куда түшүп, кыздын өзүнөн болбосо да ата-эне, жек-жааттарынан уруксат алынып, каада-салтка ылайык жол-жоболор жасалып келсе, Совет өкмөтү кудалашуу, калың берүүгө тыюу салгандан кийин бул салт же «жең ичинен» жасалып, же күйөө тараптан айрымдары «биз жактырдык, ошол жетиштүү» деген кыязда кызды күч менен ала качууга өтүштү. Натыйжада эски нарк-насилге да жатпаган, жаңы турмуштун талабына да туура келбеген мокочо «салт» пайда болгон. «Кымызды ичкенге, кызды сураганга бер», «Кыз жыргаар жерине ыйлап барат», «Таш түшкөн жеринде оор» деген макалдардагы илгертен эле жашап келген түшүнүк боюнча кыз ала качуунун зордукчул түрү анчалык деле одоно сезилбеген.

Кыз ала качып алуу көрүнүшүндө кыргыздар «күнөө» деген түшүнүктү таптакыр ойлошкон эмес. Садык да бирөөнүн эркине суроо-сопкутсуз кол салып жатам деген эмес. Эгер ал Жамийланын ордуна мурдатан калыптанган салт-санаага баш ийип, чийинден чыкпай турган ийменчээк кыздардан бирди алган болсо, алардын ынтымактуу, ырыс-кешиктүү үй-бүлө болуп жашай береринде шек жок эле. Аларды Жамийладан жакшы же жаман деп айтууга болбойт. Жамийланын алардан өзгөчөлүгү – көп нерсеге өзүмдүк көз караш күтө билүүгө жөндөмдүүлүгүндө, өзү туура деп эсептеген пикирин коргоого жана аны менен башкалардын

эсептешүүсүн талап кылууга кайраты жеткидей күчтүү инсандык табиятында.

Турмуштун калыптанган, тапталган жолдору менен жашоонун да көп артыкчылыктары бар. Аныкталып, такталып, белгилүү тартипке салынган багыт коопсуз, жеңил. Өз багытымды табат элем деп сарсанаа болуунун зарылчылыгы жок. Кыйынчылык дал ошол турмуштан өзүнчө жол издегендерде, тапталган жолдо баратса да беймарал жүрө бербей, ал жолдун ой-чуңкурун изилдеп, акыл азабын тарта бергендерде болот. Калыптанган жол канча ишенимдүү болбосун, дал ушундай күрөшчүл адамдарсыз турмушта өсүү, жаңыланууулар болбойт. Ал өзүнчө жаңы чындык издөөчүлөр жаңылышып калуусу да мүмкүн, бирок алардын адашуусунун деле турмуштук сабагы чоң, ийгиликтери жемиштүү.

Жамийла Садыктын каттарынан эмнени издеген?

Садык Жамийланы ала качып алганда, алардын ортосунда «Сүйүү барбы, жокпу? Сүйүү керекпи, керек эмеспи?» деген маселе турган эмес. Жамийла кетип калгандан кийинки Садык «Алтын баштуу катындан бака баштуу эр артык» деген макалды айтканда, ачуугa алдыргандыгын эле эмес, анын аял, эркек жөнүндөгү өздүк түшүнүгүн да кайсы бир деңгээлде көрсөттү. Ошон үчүн ал кыз куумайда жетпей калгандыгынын ызасын чыгарып, Жамийланы ала качып алган. Ошон үчүн ал «жылдызыбыз келишпей калса кантебиз?» деп ойлонбогон. Бирок Жамийла кийин өмүр бою бирге түтүн булатып, жанаша жашай турган жубайым ким, кандай адам деп ойлонбой коё албайт эле. Ошон үчүн үч-төрт ай чогуу жашап, бирок анын ким экендигин ачык таанып биле албай кала берген Жамийла Садык-

тын каттарынан «ал ким, кандай адам?» деген өзүнүн суроолоруна жооп издейт. Тилекке каршы, анын каттары дайыма бири-бирине коёндой окшош, өзүмдүк жеке ою жок, калыпка салынган, жансерек каттар.

Айрым адабиятчылар түшүндүрүп жүргөндөй, Жамийла Садыктын каттарынан сүйүү сөздөрүн деле издебейт. Ата-эне, туугандары турганда катты аялынын наамына жазышты эркектер эрөөн көрүп, намыс кылыша тургандыгын элдин баары сыяктуу Жамийла деле түшүнөт. Бирок амандыгын билдиргенден башка жандуу бир ой-пикири жок каттар Жамийланын көңүлүн суутпай койбойт. Повесттен Жамийланын сүйүү жөнүндөгү түшүнүгү бийик адамгерчиликтүү сапат, сезимдер менен өтө тыгыз байланыштуу экендигин билебиз. Өмүрлүк жар, эркек адам Жамийла үчүн, биринчи иретте, сырдашса сырын билер, сүйлөшсө сөзүн түшүнөр, муңканса рухий кубат берер, жаңылса түз жолун көргөзөр, акылга шерик дос, жолдош болушу керек. «Аңгиликтен башка колунан эчтеке келбеген» Осмонго байланыштуу: «Ушул Осмонго окшогондор да кишиби? Дөбөттөр да ал бир... Андайлар адамдын черин жазмак кайда... Ал жүрөктүн түпкүрүндө жатат да. Кудай билет, андай эркектер дүйнөдө жок да чыгар?..» – деп күмөнсүйт. Бул күмөнсүнүү «Осмонго окшогондорго» айтылып жаткан менен, түпкүлүгүндө ал Садыкка көбүрөөк тийиштүү. «Жүрөктүн түпкүрүндө жаткан» сезимдин чындыгын Садыктан сезген болсо, Жамийла минтип күдүктүү суроо таштабайт эле.

Чогуу «жазып» көрбөйлүбү?

...Үчүнчүдөн, чыгармачылыктын психологиясы боюнча жазуучу окуучунун көңүлүн кызыгуучулуктун белгилүү бир толкунунда кармап, окурман жөн гана

пассивдүү байкоочу деңгээлинде окубастан, автордун айтайын деген чындыгын кубалап издеп окуусу, чыгармачылыкка катышуусу (сотворчество) үчүн ар кандай ыкма, каражаттарды да пайдаланат. Бул учурда дагы карама-каршылыктуу маалыматтардын берилиши – бул жөн гана эки түрлүү пикирдин жайынча катар баяндалышы эмес.

...Ушул жерде Жамийланы жеңил ойлуу каарман деп баа берген окурмандардын пикирин да эске ала кетүү зарыл. «Күйөөсү ойдогудай болбой калса эле ажырашып кетиш керек эмес! Турмуш деген оюнчук эмес! Жамийланын эл коргоп согушта жүргөн күйөөсүн таштап кеткендиги уят». Ооба, мындай дооматтардын да өз жүйөсү бар. Мектепте сабак берген мугалимдер да чыгарманы талдоодо окуучулардын карама-каршылыктуу пикирлерине туш болуп, бир жактуу пикир айта албай кыйналышарын билдирген учурлар бар [«Кут Билим». – 2001. 7-декабрь].

Ушунун өзү чыгарманын окурманды кайдыгер калтырбай турган мазмундуулугунун күбөсү. Мугалим өзүнүн жообунда: «Жамийланын Садыктан кетүү чечиминин сабагы ушунда – каарман муну менен үйбүлөнүн башы боло турган эр жигиттерибизге талапты жогору коюп жатат. Чыныгы романтикалуу сүйүүнүн ээси болуш үчүн адам өзүнүн жан дүйнөсүн байытыш керек, өз турмушуна аң-сезимдүү жоопкерчилик менен мамиле кылыш керек. Жигиттерибиз повесттен ала качып алуу, аялдарга орой мамиле жасоо маданиятсыздыктын, алсыздыктын белгиси экенин туюп, сезип, түшүнүшү керек», – деген кескин жыйынтыктар менен чекит койсо деле болот. Бул туура жооп, ошентсе да турмуштун ой-чуңкурун эртелеп таанууга дилгирленген жаш адамдардын суроосу ушуну менен эле түгөнүп калбайт. Аларга турмуш менен чыгарманын ортосунда кандайдыр бир келишпөөчүлүктөр бардай сезиле бери-

ши мүмкүн. Жогоруда келтирилген дооматта айтылгандай, «турмуш деген оюнчук эмес!» Дайыма эле ал биз ойлогондой өз ордунан чыга бербейт. Сүйүп-күйүп баш кошкондордун деле жашоосу дайыма булутсуз ачык күндөй жарык болот деп эч ким кепил боло албайт. Үйбүлөнүн ынтымагы аны түзгөн жубайлардын адамдык парасатына, маданий деңгээлине жараша болот.

...Садык – «күнөөсүз күнөөлүү» каармандардын бири. Ал башкалар сыяктуу эле үйлөндү, башкалар сыяктуу эле жол-жобо менен согуштан айылга кат жазат, аялы кетип калганда, башкалар сыяктуу эле жини келип, аны ачуу сөздөр менен сөгөт. «Жылкы теппей, жылан чакпай» кетип калган аялды ким сөкпөсүн?! Садыктын «күнөөсү» – анын «ички канатынын» жоктугунда, ички рухий көрөңгөсүнүн берекесиздигинде, көңүлү көктү көксөгөн аялды билбей алып алганында. Кыз куумайда жетпей калганда эле: «Жеткирбесең жеткирбе, мен жарышка түшпөй турган кыздардан эле бирди алып алам», – деп тынчып кала берсе, жакшы болмок.

...Өзөктүү маселеси «үй-бүлө идеясы» («мысль семейная») болгон Л.Толстойдун «Анна Каренинасын» басмага даярдоо ишине катышкан адабият сынчысы Н.Страхов жазуучудан роман эмне жөнүндө экендигин кыска сөз менен жазып берүүсүн өтүнгөндө, жазуучу: «Романымда эмне айткым келгендигин айтыш үчүн мен аны кайра баштан жазып чыгышым керек», – деп жооп берген экен.

Сүрөткерлик шыктын ойгонушу

...«Жамийлада» тизгин талашып турган эки тема, сюжеттик эки линия бар. Алар: а) кыргыз аялынын эмансипациясынын фонундагы сүйүү темасы; б) художниктин төрөлүүсү. Бул эки теманын, эки проблеманын

бирөөнө биринчиликти берип коюуга болбойт, алар өз ара тең салмактуу, бири экинчиси менен тыгыз байланыштуу. Чыгармадагы эң башкы суроо – «Мен кантип сүрөткер болуп калдым?» деген Сейиттин суроосу. Данияр менен Жамийланын романтикалуу сүйүү баяны мына ушул суроого жооп берүү үчүн айтылат. Ошондой эле муну башка кырынан карасак: Жамийла менен Даниярдын сүйүү тарыхы Сейиттин сүрөткерлик талантын ойготту – баян ушул жөнүндө. Көрүнүктүү адабиятчы, философ, культуролог, эстетик, эң негизгиси, айтматовтаануунун мыкты билерманы Г.Гачев өз мезгилинде сюжетика, поэтика маселесине байланыштуу повесттин өзгөчөлүгүн төмөндөгүдөй деп өтө так аныктаган: «Завязка» повести не в приезде Данияра в аил, а в вопросе: почему это получилось, что я стал художником, как это было? – который мысленно задает себе рассказчик. И вопросительное отношение к миру и к людям не перестает преследовать его и дальше, и его неуспокоивающаяся активность движет повествование. Вглядитесь в словесную фактуру произведения. Она пестрит вопросами и недоумениями» [Г.Гачев. Чингиз Айтматов в свете мировой литературы. – Фрунзе, 1989. 66-б.].

Бул повесть сүрөтчүнүн сөзү менен башталып, сүрөтчүнүн сөзү менен аяктаган алкактуу (обрамленное) чыгарма. «Ар дайым бир жакка жол жүрөрдө мен ушул алкактагы жөнөкөй жыгачтан жасалган сүрөттүн алдына келип турам. Мына, эртең да айылга жөнөймүн. Сүрөттү карап, мен андан жолума ак тилек бата алып жаткан өңдүү аны көпкө көз айырбай тиктейм», – деп башталган чыгарманын өзү дагы анда айтылган сүрөттүн дал өзүндөй өзгөчөлүктүү «жөнөкөй» алкакка алынган.

...Чыгарманын акыры: «Туулган, өскөн жер – күч-кубатым! Мен андан жаңы түркүн боёк табам. Сүрөт тарткан боёктун ар бир сүрткөн сызыгынан Даниярдын

обону угулсун! Сүрөт тарткан боёктун ар бир сүрткөн сызыгында Жамийланын жүрөк оту болсун!» – деп аяктайт. Автор ушинтип өзүнүн лирикалык каармanынын сөзү аркылуу Даниярдын кереметтүү обонуна, Жамийланын жалындуу жүрөк отуна баа берип, алардын жашоодогу, айлана-чөйрөдөгү сулуулукту, улуулукту, поэзияны туюп, сезип, кунардуу, мазмундуу жашоого чакырган, адамдардагы жаратман духту ойготкон күчтүү, жандуу дараметине, касиетке таазим кылат.

...«Жамийла» Варшавада жарык көргөндө, польшалык Ядвига Нуркевич «Жамийла» – сүйүү жөнүндөгү ыр» аттуу макаласында өз пикирин мындайча билдирет: «Картинанын боёгун жана обонду сөз менен берүүгө болбойт. Ал эми Ч.Айтматовдун «Жамийласы» – бул бир эле убакта сүрөт дагы, ыр дагы. Аны сөзсүз окуп чыгыш керек» («Przyjazn». Варшава. – 1961. № 7).

Абдан так айтылган. Бир эле убакта адабий чыгарма да, көркөм сүрөт да, ыргактуу обон да, ыр да болуу касиети Ч.Айтматовдун «Жамийладан» башка чыгармаларынан да байкалат. Айтматовдун чыгармалары киного, театрга өзү эле даяр сценарий болуп суранып турат. Ал эми сөздөгү сүрөт, айкелдик элестер андан бетер. «Жамийла» жарыкка чыккан мезгилде ал тууралуу рецензия жазгандардын көбү аны «прозадагы ыр» деп да аташкан. Маселен, грузин акыны И.Нонешвили мындай жазыптыр: «Для меня лично, как для поэта, оно дорога ещё и тем, что звучит, как великолепное стихотворение в прозе, пронизанное поэзией чувств» [«Правда», – 1961. 2-апрель].

Поэзия – бул сезимдик элестүү ой жүгүртүү менен көркөмдүктүн гармониясы. Поэзия – дегеле бардык искусствонун жаны. Мыкты живопистик чыгармаларды да искусство таануучулар «полотнодогу ыр» деп тамшанышса, адабиятчылар мыкты лирикалык ыр туура-

сында: «Керемет живописти сүрөт» – деп суктанышы мүмкүн.

«Жамийлада» сүрөт, музыка өнөрү адабият менен өтө бир чебер жуурулуштуруп пайдаланылат. Чыгарманын сюжети сүрөтчүнүн баяны катары берилип жатса, а сүрөтчүлүктүн өзү обондун, музыканын кудуреттүү касиетинен тамызгы алып тутанат. Повесттин үч башкы каарманы болсо, анын бири – келечектеги сүрөтчү, экинчиси – кереметтүү обондун ээси, үчүнчүсү – алардын музасы Жамийла. Жамийла жан дүйнөсү акын, сезимтал, сергек жан. Жамийла жандуу жашоону жактырган, быкшып түтөбөй, жалындап күйүп, айланасындагыларга жарык, жылуулук чача турган адам. Ал өзүндөгү ушундай жаратман энергетиканы айланасындагыларга жугузуп, аларга дем, кубат, шаттуулук тартуулай алат. Жамийла болбосо, Даниярдын керемет обону ырдалат беле, Даниярдын обону болбосо, Сейит сүрөт тартууга шыктанат беле же жокпу?!.

Айнура КАДЫРМАНБЕТОВА,
филология илимдеринин доктору.
Бишкек шаары

МЕЗГИЛДИ ЖЕҢИП ӨТКӨН ЖАЗУУЧУ

«Адамдын улуулугу ушунда: бардык жан-жаныбардын ичинен бир гана адам баласы көз ирмемди түбөлүккө айланта билет».

И. В. Гёте

«Кечээкиси менен эртеңкисинин арасындагы байланыштуулукка шайкеш келуу ыгын таппай калганда, адам өзүн жоготуп коёт. Үзгүлтүксүз мезгил агымын сезип-туя албаса, ааламда адашып жүргөндөй болот».

П.Я.Чаадаев

Биз жашаган мезгил саат сайын тездеп баратат. Апкаарыткан ылдамдык өткөн доордогудан такыр башкача. Эгер күндөр, айлар, жылдар... беймарал, мелмилдеп аккан дарыяга окшогон илгерки кездеги жеке адамдын жашоосу деле эч качан бүтпөстөй сезилиши мүмкүн болсо, азыр бүтүндөй муундарга энчиленген «соңку мөөнөт» чеги улам даана туюлуп, алтымыш тамырды зыркырата шаштырып, Хронос (мезгил кудайы) адамдын кайратын, рухий туруктуулугун болуп көрбөгөндөй катуу сынап жаткан чак. Көбүнчө биз мезгилдин улам чектелип, тарып бараткан кесиндисинин, үзүмүнүн чегиндеги (жыл, ай, күн... ичиндеги) окуяларды гана үстүрт аңдап билгенге жетишип калуудабыз.

Албетте, ушундай кыжаалат жагдайда көпчүлүгүбүз дүйнөлүк, ааламдык маанидеги маселелерди ойлогонго шайыбыз келбейт. Ошондуктан «эл катары» эле «ойлонобуз», «... деп эсептейбиз»: бүгүн бир көз ка-

рашты жактасак, эртең башка бирөөнүн бир аз кооз же «күчтүү» айтканын кайталап калуудабыз; «өз позициябызды» жаалданып жактаганда деле инерциянын эпкини менен кеткенибизди байкабайбыз. Илимий-техникалык революциянын, азыркы маалымат селинин таасири козгогон бул тенденцияны түбөлүк тургансыган СССР менен бүтүндөй социалисттик блоктун кыйроосунан кийинки социалдык-экономикалык жана рухий өзгөрүүлөр ого бетер татаалдантып, опуртал нукка салып жиберди. Жаңы геосаясий кырдаалда адамдардын мейкиндикти кабылдоо жана мезгилди сезип-туюу даремети түп-тамырынан бүлүнүп бараткансыйт.

Дал ушул күндөрдө – адамзат тарыхынын окуяларга укмуштай жыш болуп, андыктан ылдамдыгы өтө тездеп кеткен мезгил чегинде – биз, ар бирибиз, кеңири жана бүтүн ой жүгүртүп, эң кыска убакыт ичинде эң туура чечим кабыл алууну үйрөнүшүбүз керек. Бул үчүн ыкчам, терең талдоо, ырааттуу, сындуу ой жүгүртүү жөндөмүбүздү өнүктүрүшүбүз зарыл. Мүмкүн болушунча сыйымдуулукка, нускалыкка жетишүү үчүн тилибизди да өркүндөтүүбүз керек. Мунун баарына логикалык, грамматикалык, стилистикалык ыкмаларды өздөштүрүү жана жаңыларын иштеп чыгуу аркылуу жетише алабыз. Ал эми таанып-билүүнүн синтез деңгээлине көтөрүлүү үчүн көркөм чыгармачылык тажрыйбасына кайрылсак, эстетикалык табитти өнүктүрсөк болот. Чыңгыз Айтматовдун «Кыямат» романынын поэтикалык өзгөчөлүктөрүн иликтегенде, ушундай тыянакка келген элем.

Романдын башында эле бир тал кылга асылып тургандай «опуртал учурдун» деми сезилет – «дүйнөнүн түйшүгүнө кайдыгер карап, зыңылдаган жымжырт аязга зыңкыя катып» турган ак мөңгүлүү зоокалар арасына тоңгон жымжырттыкты вертолёттун күркүрөгү

бузат: «...баягы жер титирегендеги алаамат башталчудай болуп, аска-зоолор коштоп жаңырып, төбөдөн басып келаткан кайра тарткыс каардын күчү менен сүрү ошончолук үрөй учурду».

«Алаамат» – бул күркүрөгөн катуу шоокумдун таасиринен козголуп кулаган, Акбаранын туула элек бөлтүрүктөрүнө чейин жеткире катуу коркунучту пайда кылган таштар эле эмес (түйүлдүктүн алдыдагы жашоодон коркуусу Ч. Айтматовдун кийинки «Кассандра тамгасы» романына өзөк мотив болду). Роман дал ушул метафора менен башталат да, окурмандын кабатырланууусу чыгарманын соңку беттерине чейин тынчыбай, Бахтин айткандай, «аяктай элек учур чак (заман деми) менен эң тыгыз байланышуу аймагына» көңүлү топтолуп турат. Көрсө, Бостонду жазмыш алдына чөгөлөткөн апааттардын бири ушул учурга чейин эле болуптур: анын досу Эрназар Ала-Мөңгү ашуусундагы жаракага түшүп кеткенде шаардан чакырылган вертолёт ушул экен (муну окурман романдын үчүнчү бөлүгүнө жеткенде гана билет)...

Али эч нерсе боло элек, бирок Айтматов жүрөк титиреткен шоорату эмитен эле сезилип-туюлуп жаткан шумдукту баяндаган эпизодго тезирээк жеткенге окурманды шаштыргандай. Тексттин өзүнөн озо чапкан ишараттар улам байкала берет – бизге аңгемечинин доошу эмес эле Тагдырдын, Жазмыштын эскертүүсү угулуп тургансыйт:

«...Ким билет, Теңири ылайык көрүп, канына кошо куйган бу кыялдын акыры жүрөк өйүгөн өкүнүч болор, өңүндө ишке ашпай, түшүндө гана көрүнүп, азуу жеткис арман болор...» (240-бет).

«...Агерим асманда дүйнөнү түгөл багып турган көз болсо, Моюнкум талаасында эмнелер болуп, эмне менен бүтүп жатканын толук көрмөк, бирок ал көз деле бу талаада дагы эмнелер болорун, кишилер дагы кандай шумдукту ойлоп жатканын туймак эмес...» (252-бет).

Шарттуу түрдө биз озо чабуу деп атаган мындай автордук кыстырмалар тексте көп кездешет[1] – алар айрым эпизоддордун аягында келет, алар пейзаждык сүрөттөмөлөрдө титр сыяктуу бадырая чыга калат. Кээде болор жагдай жөнүндөгү кеп эмнени айтып койгонун өздөрү баамдабаган кейипкерлердин оозунан угулат. Мисалы, кичинекей Кенжешке аракеч «Базарбайдын:

– ...Бостондун туягы сенсиңби деп туруп, үңкүргө алпарып таштайм, бөлтүрүктөргө кошулуп чоңоё бересиң... – деп айткан сөзүн да кийин эстешет кишилер» (Акбара ала качып, андан куткарыштын айласын таппай Бостон аткан октон баласы ажал тапканда).

Көңүлдү түпөйүлдөнтүп, катуу кыжаалат кылган сезим көбүнчө жалпы баяндын маанайынан мындай кыстырмаларсыз деле туюлуп турат. Мемиреген тынч убактын сүрөт-баянына да кризис маанайы сиңирилгендей – өтө эле тез өтүп кетет бул учур! Бактылуу, бейпил жашоо агымында жарк эте көктү жарып өтпөй калбас Жазмыштын чагылганы катылгандай...

Каарман (аны менен бирге окуянын жүрөктү опкоолжуткан жүрүшүнө аралашкан окурман дагы) жазмыш сызган чийинге улам жакындай берет. А эстутуму аны качандыр бир мезгилде болгон трагедияга кайрып барат – дал ушундайча Авдий Орто Азияга нашаачылар менен чогуу аттанарда «Жетинин бири» деген грузин баллада-

[1] «Адал ниетин ээрчип, бир кыялданганда Каар сотунун концепциясын оюна келгендей жылыштырып, андан оо кыйла кийин чыккан сөздү алдаганча нары сүрүп барат да, ошондогу элдин оозуна салат, ошолор Понтий Пилаттын өзүнө айтышса дейт. А чынында Пилаттын көлөкөсү азыр деле түшүп турбайбы. Болочок пилаттар азыр деле бар эмеспи! Ушинтип окуялардан озгондогу Авдий Каллистратовдун таянганы дамаамат таасирлери бар дүйнөнүн баштапкы мыйзамы, ал мыйзам көп учурда кийин билингени менен, жаралышы эзелтен эмеспи. Каар сотунун идеясы да ошондой эмеспи – жер бетинде болуп жаткан адилетсиздиктин жазасы болсо деген каалоо адамзаттын өзү менен кошо жаралган эмеспи» (Чыңгыз Айтматов. «Окурмандын китеп текчеси» сериясы. 27-том. Акад. А.А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – Бишкек, «Кут-Бер». – 2017. 435-бет).

сын эстейт. Кийин катуу сабалып, поюздан ыргытылганда, ал «кайра … тирилип алып өмүрүнүн маңызы болгон нерселерди эстеп» жатканда (432-бет), Жаңы доордун башатына, Иса пайгамбарды өлүм жазасына тартуу үчүн Кашка-Дөбөгө айдалып бараткан жылга, айга, күнгө, саатка бара калууга, Куткаруучунун өзүн куткарууга, Ока дайрасына алып кетүүгө умтулат[1] эмеспи...

Куткаруу (куткаруучу) – Библиядагы мааниси өтө терең түшүнүктөрдүн бири. Бул сөздүн тийиштүү контекстте колдонулушу окурмандын маданий эсине адамзат тарыхындагы кескин бурулушту жаңыртат. Ал эми Айтматов жазган романдагы татаал айкалышкан карама-каршылыктардын укмуштай курчушу бүтүндөй Жер шарында эле эмес, Космосто, Ааламда болгон, болуп жаткан жана болушу ыктымал орчундуу нерселердин баары ар бирибизге тикелей тиешелүү экендигин эскерип тургансыйт. Жазуучу бул түшүнүктү күтүүсүз нукта колдонуп, абдан таасирдүү метафорага айланткандыгын 1987-жылы февралда – роман жарык көргөндөн жарым жыл өткөндө – СССРдин Чоң театрында уюштурулган орустун улуу акыны А. С. Пушкинди эскерүү кечесинде окуп берген эссесинен кыйла даана түшүнөбүз:

«Дагы кайра, дайыма, ушул бирдин айында Кара-Сайдын (Черная речка) ак кары кызыл канга боёлот...

Жазмыштуу октун үнү өчөт, калдактаган каргалар кайра учуп жайланат жылаңач дарак башына...

Ажалы чукул акындын чымындай жаны чыркырап – кайра жерден көтөрүп тургандайбыз буркурап...

Абдан шашып алганбыз, кайра атты камчылап, аман-эсен сактоонун айла-амалы барчылап...

Арийне, кагылып калды коңгуроо...

---

[1] «Аңгыча бир ой келди да, Устатын али да болсо куткарып калыштын жолун тапкандай болду: ар бир үйдүн терезесин каккылап: «Тургула, адамдар, балээ келатат! Убакыт барда Устатты куткарып калалы! Мен аны Россияга алып кетем, аерде, биздин Ока дайрасынын ортосунда ыйык арал бар...» – деп кыйкыра берди» (438-бет).

Айтчу аңгеме бу күндө дагы акын жөнүндө... Бизди Пушкинден бөлүп турган бир жарым кылым чынында оңой убакыт эмес. Эгерде андан кыйла илгери Европанын кыртышында чыгармачылыгына Александр Сергеевич өзү таазим кылган Гомер, Данте, Шекспир, Гёте сыяктуу алптар, мезгил жагынан ага замандаш дегидей жакыныраак, романтикалуу Байрон жаралганын эске алсак, ошол белгилүү ысымдардын ыраатында жылдар менен кылымдарды карытып, бирин бири алмаштырган ири коомдук өзгөрүштөр аркылуу өтүп бизге жеткен Пушкиндин бардык баскан изи, рухий гүлазыгынын бүткүл даламети менен дареги даана билинет. Бир карасаң, дүйнө астын-үстүн түшүп, коомдун түпкүлүктүү тиректери ураган, идеологиялар менен окуулар бири-бирин жокко чыгара эрегишкен, акыры, өзү ойлоп тапкан тирукмуш ачылыштардан өзү коркуп, апкаарый, аң-сезим жарыгы жер бетинде сакталабы же Күндүн чыгып-батканы маанисин жоготуп, аалам чексиз караңгылыкка биротоло чөгөбү деген мурда эч качан болуп көрбөгөндөй каргыштуу маселеге адамзаттын акылы кептелип турган чакта ошол эзелки дооорлордон эмне калмак эле дегидей...»

(Которгон Абибилла Пазылов. Цитатадагы экинчи, үчүнчү жана акыркы сүйлөмдөрдү орусчасына салыштыра редакцияладым – Ж.Турдубаев)

...Чыңгыз Айтматов окурмандын караламан көптүн биримин дебей өзү үчүн, жакындары үчүн, өз эли жана адамзат үчүн, кечээ, он, жүз күн, жыл, кылым мурда болуп өткөн жана эртең, он, жүз жыл, кылым кийин боло турган нерселердин баары үчүн бүт бойдон жооптуу инсанмын деп билишин көздөп, жазуучу мезгилдеги чексиздикти романдын өзөктүү идеясын кабылдоо учуруна, ушул бирдиктүү көз ирмемге имерип келип бириктирүүгө умтулган. Ушул ыңгайдан алганда, чыгармада атайын бөлө көрсөтүлгөн тарыхый синхронизм – «адам ою менен аралары жүз жылдап, миң жылдап

бөлүнгөн ар кандай мезгилдерде жашай алышы» (432-бет) – бул планетардык ой жүгүртүү идеясын жайылтуудагы эң таасирдүү автор болгон Чыңгыз Айтматовдун миф-романында гениалдуу колдонулган көркөм (композициялык, метафоралык) ыкмалардын тутуму эле эмес. Бул – адам баласынын өзүн аңдап-туюусунун жапайы ойломдун примитивдүү калдыгы деп илимде бөөдө четке кагылган, тарыхый апааттардын, канды-булоон кыргындардын айынан, айрыкча кансыз согуш мезгилинде бурмаланган эзелки, түпкүлүктүү, өзөктүү касиети. Анткени адам акылынын жүздөгөн кылымдар мурун эле жашап келген дал ушул касиетине кийин келип чыккан дүйнөлүк диндер таянган эмеспи. Алсак, франциялык чыгыш таануучу-арабист Л. Массиньон байкагандай, «исламга мезгилди ырааттуу сызык түрүндө созулуучу чоңдук эмес, жалгыз реалдуулук катары көз ирмемдерди жанаша коюп (constellation), бир убакыттагыдай кабылдоо өзгөчөлүгү бар» (Massignon L. Time in islamic Thogh t// Man and time. ed. Joseph Campbell. L. 1958. P. 108). Бул көрүнүшкө Достоевскийдин көркөм ойломундагы синтетизмди изилдеген В. В. Борисова көңүл бурган. «Библияда деле тарыхтын динамикасы статика менен алмашылат да, «болуп өткөн» иш менен «боло элек» нерсенин айырмасы дээрлик жоюлат», – деп жазган ал.

Роже Гароди таасын белгилегендей, миф – **«тарыхтан чыгып кетүү өнөрү эмес,** тескерисинче, **тарыхтагы бөтөнчө тарыхый нерсе эмне экендигинин, адамдык демилгечил иш-аракеттин эске салынышы»** (астын сызган мен – Ж.Турдубаев)

Айтматовдун романындагы тарыхый синхронизм, Курандагы көз ирмемдер жанашалыгы, Библиядагы динамиканы алмаштыруучу статика – булардын баары унуткарылып, адамзаттын рухий жашоосунан, анын жалпыга жеткиликтүү чөйрөсүнөн четтетилип, философтордун академиялык ой жүгүртүү эрмеги гана бо-

луп калыптыр. Жазуучу жана изилдөөчүлөр ар башка өңүттөрдөн байкаган бул көрүнүштөрдүн эзелки башаты бир – чексиз терең, андыктан дайыма таанылып билине бере турган, туюнтулуш формасы жана масштабы боюнча ар түрдүү болгон Чындык экендиги да ырас. Дж. Массиньондун ислам дүйнө кабылдоосундагы мезгилдин өзгөчөлүгү жөнүндөгү тезисине таянып В. Борисова жасаган тыянак француз этнологу Клод Леви-Стросстун синхрониялык теориясына жакын. Леви-Стросс тарых илими субъективдүү келет, анткени жекече аң-сезимге жана изилдөөчү жашаган коомдук чөйрөгө өтө жакын байланышкан, «окуя кубалаган» үстүрт көз караш менен чектелген, ошондуктан көп айтылып жүрүүчү «тарыхый үзгүлтүксүздүктүн» маанисин такыр эле кетирип салат деп эсептейт. Ал эми тарыхый, «мезгилдик», диахрондук, окуялык сыпаттоого салыштырмалуу «синхрондук, түзүмдүк илимий сыпаттоо... айрым артыкчылыктарга ээ».

Леви Стросстун тарыхка ушундай караган мамилесине Жан Пол Сартр катуу каршы чыккан. Ал: «...адам эң оболу дымыккан түзүмдөрдү жеңип өтүү аркылуу гана өзүн көрсөтөт; дал ушул жагын ачууга келгенде түзүмдүк-этнологиялык ык жарабайт», – деген.

Сөз соңунда Айтматовдун романына кайрылып келели. Бул чыгармадагы «бирден бир реалдуу көз ирмем» өтмүштү да, келечекти да бүт бойдон камтыйт. Адамдын тынчы жок, дилгир пейил-куюн, бирде таап, бирде адашкан, бирок дайыма изденүүдөн талбаган, Ишеним менен Шек саноонун түбөлүк тизгиндештигин танбаган Рухун кайра жаратуучу жандуу Сөздүн тынчы жок кубаттуу толкундары өтүлгөн жол тарапка да, алдыдагы сапарга да таралып турат.

Жолдош ТУРДУБАЕВ,
адабиятчы.
Бишкек шаары

Таазим

АЙТМАТОВДОН АЛГАН АК БАТА


Кыргыз Республикасынын Эл акыны Рахматулла Козукеев жаш кезинде Чыңгыз Айтматовдон ак бата алган. Төкмө акынды Чыкенин ичимдик ичпегени, кыргыз, орус тилдеринде куюлуштуруп так, аралаштырбай таза сүйлөгөнү, кимге болсо да кам көрүп, элдин келечегин ойлогону, адамды өтө баалаганы, бийик маданияттуулугу таң калтырган. Төкмө акын менен баарлашып, жетимишинчи жылдардын аягында эл аралаган Чыңгыз Айтматовдун бараандуу караанын элестеттик.

«Балдар үшүбөсүн!»

1977-жыл, кеч күз. Рахматулла Козукеев анда Ош облусунун Ленин (азыркы Ноокен) районундагы «Кызыл-Жар» совхозунун профсоюздук клубунун башчысы болуп иштечү. СССР Жогорку Советине шайлоо жакындап, анын депутаттыгына Чыңгыз Айтматовдун талапкерлиги Кызыл-Жар (азыркы Аксы району, Үч-Коргон айыл өкмөтү) аймагынан көрсөтүлгөндүктөн, берекелүү күз маалында ушул айылга улуу жазуучу келет экен деген кабар желдей тарайт.

Ал кезде айылдык жаш акындын азыркыдай оозунан ыр төгүлө элек чагы. Аны совхоздун деректири, Социалисттик Эмгектин Баатыры Николай Мешков, айылдык кеңештин төрагасы Өмүрзак Баймурзаев, совхоздун профкому Болот Молдошев чакыртып:

– Сен төкмө болом деп жүрөсүң. Чыңгыз Айтматовду өз аймагыбыздан СССР Жогорку Советинин депутатты-



Чыңгыз Айтматов жана анын жанында калпак кийип турган Рахматулла Козукеев.

гына көрсөтмөкчүбүз. Ал маданият үйүбүздө эл менен жолугушат. Учурашууда Айтматов менен саламдашып ырдаганга камдан, – деп тапшырма беришти.

Рахматулла мындай бөтөнчө тапшырманы күтпөгөндүктөн, аны аткаруу үчүн күнү-түнү даярданды. Төкмөчүлүк өнөрү али анча шыр кете элек, азыркыдай төгө элек. Жазып да көрдү, жамактап ырдап да көрдү. Алары өзүнүн да купулуна толбой, канааттанбай койду. Темирди кызуусунда сок дегендей, кезеги келгенде эле ырдап кирүүнү чечти.

Чыңгыз Айтматов Кызыл-Жар кыштагына келгенде, көчө толо адам, ак көйнөкчөн, кызыл жагоосунун учу желип өткөн шамалга желбиреген окуучулар жолдун эки тарабында маңдай-тескей тизилип турушту. Топтолгон эл, жеңил кийинип, колдоруна кызыл-тазыл гүл кармаган кыз-уландар ыр-күүнүн, дүркүрөгөн кол чабуулардын коштоосу менен даңазалуу жазуучуну тосуп алышты.

Кызыл-Жарды бойлоп Өзбекстанга агып өткөн Нарын дарыясынан да муздак шамал леп-леп согот. Жер-



Рахматулла Козукеев.

гиликтүү ырчылар эки ырды ырдап бүткөндө, эл менен кошо угуп-көрүп турган Чыңгыз Айтматов чогулгандарга кайрылды:

– Урматтуу калайык! Сиздер менен жүз көрүшүп турганым үчүн Жараткан-га шүгүрчүлүк келтирип, миң мертебе ыраазымын! Сиздер менен жолугушуу, менимче, маданият сарайында өтөт болуш керек. Мынабу көчөдө концерт койгон алмончоктой кыздар-балдарым улуттук жеңил кийимчен чыгыптыр. Кеч күздүн суугуна шамалдап, тумоолоп калбасын. Биз ичкериге кире берели, балдарга уруксат этели, – деди да, кийин өнөрпоздорго жүзүн буруп, сөзүн улантты:

– Уул-кыздарым, өнөрүңөр өркүндөсүн! Талантыңар ташкындасын! Элибиздин жакшылыгына жарчы болуп, аман-эсен жүрүшүңөрдү тилеймин! Чоң ырахмат силерге! Үшүп калдыңар, – деп жылмая кол чаап койду. Элди кол чаптырып, клубга кирип кетти.

Чыке шарап таткан жок

Шайлоочулары менен эки саат баарлашкан соң, Айтматовду сый тамакка алып бармак болушту. Жергиликтүү чоңдор өнөрпоздорду тандап алып, кызыл-жарлык ырчыларга чакан концерт камдоону тапшырган экен.

Алгач Рахматулла саламдашып ырдашы керек эле. Ал кезде дегеле Ош дубанында суусар тебетей таңсык. Айылдан түлкү тебетей таап келип, жаш төкмөгө кийгизишет. Тебетейдин сыны дурус болгону менен, жел-

ке жагын күбө жеп, түлөп калыптыр. «Аны байкатпай, ийилип кирип, ийилип сыртка чыкканга аракет кыл», – дешти. Козукеев комузду колуна алып, сый тамакта олтургандардын үстүнө кирет. Кырааты менен: «Ассалоому алейкум!» – деп салам айтты. Чыңгыз Айтматов астейдил көңүл буруп, баркыраган үнү менен алик алды:

– Алейким ассалоом! Бул балам ырдайт окшойт. Ырын угалы.

Рахматулла коноктордон четирээк жакка коюлган үстөлдөн орун алды. Комузун чертип, камбылдыгы жок эле бир топко чейин салтка жараша шыр саламдашып, эли-жердин жетишкендиктерин, эмгек алдыңкыларын мактап ырдап, айтылуу Кызыл-Жардан чыккан атактуу пахта бригадири, Социалисттик Эмгектин Баатыры Жоро Шералиев аяш атасын мактап бүтүп, ыр соңун минтип чүргөдү:

– Чыңгыз агай,
Гүлсары аттын оозун буруңуз!
Депутат болуп калсаңыз,
Кызыл-Жар деген айылга
Тез-тез каттап туруңуз!
Бүргөндү деген боз адыр –
Нарындын суусун буруңуз!
Сиздей,
Залкарлар берсе жардамын,
Заманда болот бурулуш!
Айтылып калат калкымда
Кылымдап калчу чоң жумуш!
Амандашып ырдаган –
Жаш таңдай мендей уулуңуз!

Ыр бүткөндө, Чыңгыз агай берекелүү алакандары менен кол чаап, шеринедегилер да аны коштоп кетишти. Улуу жазуучу ордунан туруп:

– Урматтуу коноктор!.. Агайын-туугандар!.. Мага жана эле сый башында сөз бердиңиздер эле. Дагы бир ирет сүйлөөгө сиздерден уруксат алайын! Мүмкүн болсо...

Муну уккан Кыргызстан Компартиясынын Ош обкомунун катчысы Барпы Рыспаев, партиянын Ленин райондук комитетинин биринчи катчысы Мукаш Жамгырканов, «Кызыл-Жар» совхозунун деректири Николай Мешков баштаган отуздай мейман ордунан тике турду. Бардыгынын колдорунда шарап куюлган чөйчөк.

Чыке:

– Бул чөйчөктү кармап сүйлөгөнүмдүн себеби, жаш төкмө акын, аты ... – деп ысымын сураштырды. Жанындагы эки-үч киши: «Аты Рахматтулла, Рахматулла», – деп жооп берди.

– ... Рахматулла балама ак тилегимди айтып коёюн деп турамын. Бул төкмөлүк – кылым карыткан кыргыз элинин өнөрүнүн туу чокусу! Залкар дастанчы-акындарыбыз төкмөлүктөн такшалган. Ушул бийик жана ыйык өнөрдү аркалап калыпсың, балам, жез таңдай акын Жеңижок атаңдын, тоо булбулу Токтогул атаңдын, ак таңдай акындар Алымкул, Калык аталарыңдын, бал тилдүү акын Барпы атаңдын, куйкум сөздүн устаты Коргол атаңдын арбактары колдосун! Келечекте Эл акыны аталып, кыргыз элинин жакшылыгынын жарчысы бол, балам! Өркөнүң өссүн! Кана, туугандар, менин балама айтылган ак тилекти кубаттап коюңуздар! – деп сүйлөдү.

Чыңгыз Төрөкуловичтин илериңки маданияттуулугун караңыз – көрсө, ичимдик ичпейт тура! Колундагы чөйчөктү илебине тийгизип эле койду. Чыкенин алдында жетекчилер да ыйбаа кылып, чөйчөктөрүнө ооз тийгизген болушту. Чыңгыз агай Рахматуллага кол жаңсап:

– Кел, балам, мындай олтур! Биз менен насиптеш болуп, даам сыз, дегенде, ага да меймандардын катарына орундук коюшту.

Жаш төкмө аяш атасы, Социалисттик Эмгектин Баатыры Жоро Шералиевдин жанынан орун алып, нандан ооз тийди. Чыңгыз Төрөкулович Рахматуллага карап:

– Балам, мен устуканымды берейин. Өнөрүң өргө чаап, талантың ташкындап, элдик акын аталып, эл аралап жүр! – деп устуканын сунду. Чыкени обкомдун катчысы Барпы Рыспаев да коштоп:

– Мына, уулум, менин да устуканымды ала кой, – дегенде, башкалар да үстөккө-боток кошуп кириштди. Алдына дүйүм жилик үйүлгөн жаш акынды тер басты.

«Ошондо мен ыңгайсыздана түштүм», – деп, ал окуяны эстеген Козукеев аңгемесин төмөнкүдөй баяндаганга өттү.

Түлөгөн түлкү тебетей

– Агайлар!.. Мага уруксат бериңиздер! Мен сыртка чыгып, жамаатым менен бирге болоюн. Дагы ырдай турган башка өнөрпоздор да бар, аларга кезек таштайын, – деп сыртка чыгууга ашыктым.

Чыңгыз Төрөкулович: «Балабызга берген ак батабызды Алла Таала колдосун!» – деп бетине бата тартты.

Мен жетекчилеримдин эскертүүсү боюнча тебетейимдин жыртыгын көрсөтпөшкө аракеттенип, колумду көкүрөккө тийгизип, ийилген бойдон артка жылып чыгып кеттим. Андан соң өнөрпоздор меймандардын алдына бирден кирип, мезгил-мезгили менен ырдап турушту. Сый тамак аяктаган соң, коноктор жапырт бата кылып, эшикке чыгышты. Өнөрпоздор залкар жазуучубуздун бирден китептерин кармап, Чыңгыз Төрөкуловичтен кол тамга алганы кезекке тура калдык. Бар-

дыгыбыздын аты-жөнүбүздү эрикпей сурап, китепке жазып, артынан «Ч.Айт...» деп кол коюп жатты. Кезек мага да жетти.

– Аа, балам, келе колуңду! – деп, колумдагы китепти алып, «Жаш төкмө Рахматулла балама!» деп жазып, кол койду.

Кол тамга коюп жатканда, совхоздун деректири Николай Мешков баркылдап үн катты (кыргыздын түшүн жоруган адам эле, ыраматылык):

– Чыңгыз Төрөкулович, биздин жаш төкмө көңүлүңүзгө жактыбы? Келечекте акын боло тургандайбы? Сиз да жакшы бата бердиңиз. Буюрса, биз жакшылап көз салып өстүрөбүз, – дегенде, жанында турган Барпы Рыспаев ага тийишти:

– Ай, Николай Иосифович, акынды мындай таптабайт, минтип өстүрбөйт. Мунун колундагы дубдан чабылган комуз экен. Төкмө акындын комузу өрүктөн чабылып, үстүнө манаттан чепкен жабылып, белине күмүштөн кур тагынышы керек. Башына суусар тебетей кийиши салтка ылайык. А сен Түркмөнстандын чабанындай кылып, буга түлөгөн тебетей кийгизип коюпсуң, – дегенде, баары кыраан каткы түшө каткырып калышты. Мен канчалык жашырганым менен, кыраакы киши башыма түлөгөн тебетей кийип чыкканымды байкап калган тура! – деп эскерди залкар менен болгон кездешүүсүн Эл аралык «Руханият» жана төкмө акындардын «Алтын комуз» сыйлыктарынын ээси Рахматулла Козукеев. Улуу жазуучунун ак батасы тийгенби, таанымал төкмө болду, былтыр Кыргыз Республикасынын Эл акыны деген ардактуу наамга жетти.

Кызыл-Жар кыштагын катуу үйөр каптаганда да, ал өрөөндүн жашоочуларынан Чыңгыз Айтматов кабар алганы барыптыр. Көрүшкөн жерде: «А-а, Рахматулла балам, кандайсың?» – деп атынан чакырып, учурашчу экен.

АЙТМАТОВ ЖЕҢИЖОК ҮЧҮН ТӨШҮН ТОСКОН

Фольклорчу, акын Асанбай Жусупбеков залкар жазуучу Чыңгыз Айтматов менен чыгармачыл байланышта болгон. Токтогулдай залкарлар сыйлаган, «Аксыдан чыккан Жеңижок, айтышарга теңи жок, Таластан чыккан Жеңижок, таймашарга теңи жок» деп айтылып калган Өтө Көкө уулунун чыгармаларын эл ичинен жыйнап, ага кырк төрт жылдык өмүрүн арнаган Асанбай акындын китебине Ч. Айтматов баш сөз жазып калтырган.



Асанбай Жусупбеков.

Асанбай Жусупбеков – филология илимдеринин кандидаты. Аны жакындары, тааныш-билиштери Асаке, кээде «Жеңижок» деп да аташат.

Асаке Жеңижоктун ырларын ал кыдырып чыккан Талас менен Кетмен-Төбөнүн, Чаткал менен Аксынын, Базар-Коргон менен Сузактын, Токтогулдун айылкыштактарын аралап жүрүп, эл оозунан жыйнап, жарыкка чыгаруу максатын көздөйт.

Адегенде Өтө Көкө уулунун (Жеңижоктун) чыгармаларынын кол жазмасын эл жазуучусу Төлөгөн Касымбековго алып барат. Бирок кол жазма «Сынган кылыч» менен «Келкел» романдарынын авторунун колунда беш жыл бою жатат.

Жеңижоктун чыгармаларынын багы байланып, каралбай жатканына ичи чыкпаган Асанбай Жусупбеков эмне кыларын билбей жүргөндө, окутуучу болуп өзү иштеген Жалал-Абаддагы А. С. Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайынын эки мугалими менен



Жеңижок (Өтө Көкө уулу; 1860–1918) – кыргыздын залкар төкмө акыны.

Фрунзе шаарына, мугалимдердин билимин өркүндөтүүчү республикалык институтка жиберилет. Анан бош күндөрдүн биринде Чыңгыз Айтматовду издеп, ал төрага болуп иштеген Кыргызстан Кинематографисттер союзунун имаратын табат.

– Чыңгыз Айтматов жумушка саат ондордо келчү экен, мен саат сегизге барып алыптырмын, – деп ал кезди эскерүүгө киришти фольклорчу. – Эшикке көз салып отурган орус кемпир байпак токуу менен убара. Чыкенин качан келерин сурасам: «Айтматов өзү билет. Жумушка качан келерин мага айтпайт», – деп ороңдоп койду. Көп узабай, Кино үйүнүн алдына ак түстүү «Волга» «кыйк» этип келип токтоду. Унаадан Айтматов түштү, папкесин колтугуна кыса кармап, мен жакка баш ийкеп койду да, өйдөңкү кабатка жөнөдү. Кол жазмаларым салынган папкелерди көтөрүп, мен да артынан бастым. Ал тепкич менен чыгып баратып, мага кылчайды:

– Сен кайда барасың?

– Сизге.

– Менин колум бош эмес, кабыл ала албайм.

Мен эки манжамды көрсөттүм да:

– Сизге айтаар эки эле ооз сөзүм бар, – деп ээрчий бердим. Айтматов кабинетине кирип кетти. Анан мен да босого аттадым. Жыйырма чакты орундук коюлган бөлмөнүн эң төрүндө олтурган Чыңгыз Айтматовго:

– Ассалому алейкум! – деп эки колумду узаттым. Жазуучу кол берип саламдашты да:

– Кел, баатыр! – деп орундукка кол жаңсады.

Мен Жеңижоктун эл оозунан топтолгон ырларынын кол жазмалары, ал чыгармалар тууралуу ой-пикир-

лер, республиканын Жазуучулар союзу менен Илимдер академиясынан жана СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинен берилген сунуш каттар тиркелген папкелерди стол бетине койдум.

– Бул эмне?

– Жеңижок.

– Муну эмне кылыш керек?

– Китеп кылып чыгарыш керек.

Ч. Айтматов кол жазмаларды ачып, бүткүл ынтаасы менен окуп кирди.

– Жеңижокту 1860-жылы туулган дептирсиң. Бул маалыматты кайдан алдың?

– Илимдер академиясынан.

Бирок Кыргыз ССРинин Илимдер академиясында Жеңижоктун 500–600дөй эле сап ыры бар болчу. Аны да өзүм тапшыргам.

Чыңгыз Айтматов кол жазмаларды баш көтөрбөй окуп жатып, мындай суроо салды:

– Шаарда канча күн жүрөсүң?

– Үйгө кайтарыма төрт күн калды.

– Жыйнап-топтогон ырларың көп экен, муну төрт күндө окуп бүтө албайм.

Анан мени экинчи кабаттан түшө берген тепкичке дейре узатып келди да:

– Асанбай, эми кабарлашып тур! – деди.

1979-жылдын 7-февралы. СССРдин Жогорку Кеңешинин депутаттыгына Ноокен (мурдагы Ленин) районунан Чыңгыз Айтматовдун талапкерлиги коюлуп, ал шайлоочулары менен жолугушуп жүргөн кез. Жазуучу менен жолугушуу Жалал-Абаддын шаардык тарых музейинде өтө турган болуп калды. Аны менен кездешмек болгон адамдын көптүгүн айт, тим эле бири-бирине шыкалып, жөөлөшүп, түртүшүп турат.

Чыке уулдары Санжар жана Аскар менен чогуу келди. Аларды Кыргызстан Компартиясынын Ош обкомунун үчүнчү катчысы Барпы Рыспаев коштоп жүрөт.

Шаан-шөкөт менен тосуп алынган меймандар музейдин астанасын атташты. Каалганын эки жагында Компартиянын Жалал-Абад шаардык комитетинин биринчи катчысы Зуура Нурматова жана экинчи катчы Рыжков турат. Көрүүчүлөрдүн музейге кирүүгө, Чыкенин ар бир кебин угууга умтулганын айта көрбө. Ансыз да бөлмөлөрү кууш ажайыпкананын ичине адам батпай кетти. Кезек мага жеткенде, жазуучуга арнап жазган ырымды заңкылдата көркөм окуп бердим:

– Туулган жери – Таластан,
Түпкү атасы – Манастан!
Ойногон жери – Күркүрөө,
Ордолуу элге жарашкан!
Аныктап бааны бергенде,
Чыңгыз – акылман, гений, даанышман!..



Чыңгыз Айтматов.

Ырыма Чыңгыз Айтматов ыраазы болду окшойт, чын дилинен күлүп алды. Мен жарым тонна алтыным бардай, элдин, педагогикалык окуу жайдын мугалимдери менен студенттеринин, тааныштарымдын алдында мардайып калдым. Анткени ага дейре: «Чыңгыз ким да, Асанбай ким? Айтматов ушуну менен сүйлөшөт

имиш. Карасаң ой, дымагын!» – деп, тилине алы жетпегендер шылдыңдап атышканын кулагым чалган эле. Музейде Чыке мени бооруна тарта колтуктап алды да:

– Жеңижокту окудум. Кудай кааласа, жакшы китеп болот. Каршы чыккандар болсо, мага айт, менин дарбазамды тээп, кирип келе бер! – дегенде, Кыдыр атага учурагандай өрөпкүп, сүйүнгөнүмдөн көзүмдөн жаш тегеренди. Анткени Улуу Ата Мекендик согуштан кийин көптөгөн адабиятчылар Жеңижоктун чыгармачылыгын изилдеп, ыр-дастандарын топтоого ниеттенсе да, бул ишке батына албай келген эле. Жеңижокту көргөн аксакалдардын айрымдары анын ырларын айтып берүүгө макулдук берсе, башкалары: «Ошол бай-манапчыл Жеңижокту айтам-жазам деп жүрүп, камалып өлөсүңөрбү! Арабча билими бар, динчил Өтөнүн ырлары азыркы доорго туура келбейт», – деп, мисалы, адабиятчы, акын-жазуучу Жаки Таштемировду Аксыга барган жеринен айнытышкан экен. Жеңижок менен Токтогул, Калык, Барпы акындар да айтышканы эсибизде. Чыке «Кыргызстан маданияты» жумалыгына мен даярдап, 1979-жылдын 25-февралында жарык көргөн элдик ырды окуган окшойт, ошону эстетип:

– «Ак жамал» ар бир сабы алтынга бергис чыгарма турбайбы! Түштүктүн бул сүйүү ырлары эмне деген керемет! Сен ушундай ырларды чалдардын көзү өтүп кете элегинде чогулт, мага алып кел! Баш сөзүн өзүм жазып, китеп кылып чыгартып берем. Жүрөктө жашаган ырлар элге жетсин! Элдин рухий байлыгы болуп калсын! Ансыз да ыкшоолугубуздан элдик канча таланттардын ырларынан кол жуып, куржалак калдык. Бул деген чоң иш! – деп кошумчалап койду. Ошондо мен: «Чогултайын, киришем!» – деп убада бердим. Чыкенин сөзү 1994-жылы чыккан «Элдик казына» аттуу китебимден орун алды. Тарых ажайыпканасындагы жолугушууда жанымдагы кесиптешим Батырбек Арстанбеков капталыма нукуп шыбырады:

– Эй, үйүм жок деп айт! Чыкенин шарапаты менен үйлүү болуп каласың! Анын бир ооз кеби го...

Чындыгында батирде жашап жүргөм. Бирок үй тууралуу ооз ачууну эп көрбөдүм. Кан Манастай Чыкени жалал-абаддык калаа билермандарынан башпаанек суратууну өтө майда иш санадым да, үндөбөдүм. Алда-кайдан шаардык аткаруу комитетинин төрагасы Муктар Исакулов пайда боло калды:

– Жусупбеков... үй алгансыз, ээ? – деп сурамыш болду. Куу кишинин көз карашында «Чыкеге арыздаңып ийбесе» деген чочуркоо.

– Сизге беш жолу кирип, үй ала алган эмесмин. Эми анын кереги жок, – деп шар жооп бердим.

Чыңгыз Айтматов менен ошондо сүрөткө түшүүгө эч ыңгайы болбоду. Жанындагылар «муну көрүңүз, бул жакка жүрүңүз» дешип, ары тартат, бери тартат. Ага арналган концерт да башталып кетти.

Чыке тарых музейин аралап баратып, көк карточка коюлган үстөлдүн жанына токтоду. Бир азга үңүлө карап туруп, ойлоно түштү (калыбы, согуш күндөрүндөгү бала чагын эстеди өңдөнөт). Аркы кааналарда чоң энеси Нагима менен чоң атасы Төрөкулдун сүрөттөрүн, урунган буюм-тайым, документтерин, экөө жөнүндө жазылган макалалар чыккан журнал, китеп, гезиттерди көрүп жаткан уулдарын чакырды:


– Аскар, Санжар, бери келгиле!

Балдары алдына келгенде, колундагы көк карточканы көрсөтүп:

– Мына муну билесиңерби? – деп сурады.

Эки бала унчукпагандан соң:

– Бул согуш маалында киргизилген карточкалык системанын эн белгиси. Бул карточка – 200 грамм нан... Элди ачарчылыктан ушул сактап калган. Көк карточкасы барларга гана нан берилчү, – деп бир аз үшкүрүнүп алды.



Чыңгыз Айтматовдун кол тамгасы. «Азаттыктын» фотосүрөтү.

Ошондо «Гүлсарат» повесттер жыйнагына кол тамга жаздырып алганга араң үлгүрдүм, анткени автограф үчүн кезекке тургандар өтө көп эле. Чыке ал китептин биринчи бетине: «Асанбай иниме!» – деп кол койгон экен. Дагы бирдемелерди жазат беле, аны узатып жүргөн Барпы Рыспаев шаштырып калды: «Эй, Чыңгыз! Бол, кеттик! Тиги Ноокенде да эл күтүп жатат!»

Кийинчерээк «Кыргызстан маданияты» адабий-маданий жумалыгынын башкы редактору, жазуучу Касым Каимов: «Жеңижоктун өзүң жыйнаган ырларын алып кел», – деп Фрунзе шаарына чакырды. Борборго барып жолукканымда, Кыргыз ССР Жазуучулар союзунун экинчи катчысы да болуп турган Касым Каимов: «Чыңгыз менен сүйлөштүрүп коёюнбу?» – деп калды. Ошондо Чыкем көңүлүмдү Ала-Тоодой көтөргөнүн эч качан унутпайм:

– Асанбай иним, Жеңижокко байланыштуу кандай жумуш болсо, тартынбай мага кел! Жеңижок үчүн төшүмдү тосуп берем. Менде эмне ишиң бар?

– Ишим жок, Чыке! Баары жетиштүү, – деп компоюп койдум. А киши мага алп Манастай болуп көрүндү.

Чыкем Жеңижоктун китебине баш сөз жазып койгон экен. Кыргыз ССРинин Илимдер академиясы Өтөнүн мен топтогон ыр-дастандарын китеп кылып чыгарууга зарыл иш-кагаздарын бүтүрүп, басмага сунуш кылды. СССР Жогорку Советинин Улуттар палатасына депутаттыкка шайланган Чыке менен кийин Кочкор-

Ата, Майлуу-Суу шаарларынан келген калың элдин арасынан да учураштым.

Ошентип, китепке Көкө уулунун өмүр баяны, чыгармачылыгы тууралуу соңку сөздү Аман Токтогулов жазып, «Жеңижок» деген ат менен Өтөнүн мен топтогон ырлары «Кыргызстан» басмасынан он төрт миң нускада 1982-жылы жарыкка чыкты. Китептин башкы редактору Төлөгөн Касымбеков, түзүүчүсү мен болдум. Ал китеп кийин 2004-жылы «Ак таңдай акын мурасы» деген ат менен үчүнчү ирет басылып чыкты.



Кыргыз жазуучулары Кремлде. 1986-ж. Солдон оңго: К. Жусупов, К. Артыкбаев, С. Жусуев, Ч. Айтматов, Т. Сыдыкбеков, З.Сооронбаева, М. Абылкасымова, Т. Касымбеков, М.Мураталиев. Сүрөттү тарткан Н. Кочнев.

Асанбай акын аңгемесин андан ары улантты:

– Жеңижоктун чыгармаларын топтогону Таласка барган кезимде, Нартай деген аксакалга учурашып калдым. Ал Киров районундагы колхоздун коюн бакчу экен. Анын короосундагы койлору мойнуна жылаажын байлаган эчкини ээрчип, тоо бооруна чыгып кетет да, кайра кайтарда эки жүз элүү кой аскадан учуп өлөт. Колхоздун башкармасы менен парторгу, ферма башчы-

сы барып, Нартайдын мойнуна ошол койлорду салат. Төлөм ордуна анын малын, үйүн алышат, бирок жетпейт. Ошондо айылдаштарынын бири «Чыңгыз Айтматовдон жардам сура» деп акыл айтат. Нартай койчу Фрунзе шаарына, жазуучунун үйүнө барат. Анда Нагима эне тирүү кези. Жумуштан келген Чыңгыз саламдашып коюп, өз бөлмөсүнө кирип кетет да, жарым сааттан кийин чыгат. Нагима эне:

– Ыя, Чыңгыз, бу Нартай менен жакшылап сүйлөшсөң боло! Бул киши сени көтөрүп чоңойткондордон. Башына иш түшүп, сени арка-бел тутуп, атайын келиптир. Таластын райкомуна телефон чалып, муну карызынан кечиртип, насыя доодон кутултуп кой, – дейт.

Чыңгыз кичи пейилдик менен:

– Жообун эртең менен берейин, апа! – дейт.

Нартай түнү менен уйкусу келбей, ойлонуп чыгат: «Бул эмнеси?.. Айтар сөзүн маалкатпай азыр эле айта салбайбы, мени күттүрбөй?» – деп. Эртеси Чыңгыз өз бөлмөсүнөн чакан сумка көтөрүп чыгат да:

– Мында эки жүз элүү койдун баасына жеткидей акча бар. Жамбулдун базарына барып, койлорду сатып алып, колхозго кайтарыңыз! А мен өзүм коммунист болсом... Райкомго «муну карызынан куткар» деп чала албайм да! – дейт.

Нартай сумканы ачып караса, анын ичи толо акча. Жазуучунун акылына көнүп, Жамбул шаарынын базарынан кой сатып алат. Чарбага кайтаргандан тышкары кыйласы артып калат. Нартай аларды багып семиртет да, Чыкенин элүү жылдыгы болордо Таластагы тойго тандалма элүү койду айдап барып: «Мына бул койлор сенин юбилейиңе менден кошумча!» – деп Чыкеге тапшырат.

Акын, фольклор изилдөөчү, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгеги сиңген ишмер, филология илимдеринин кандидаты Асанбай Жусупбеков өз эскерүүсүн ушинтип аяктады.

ЭСЕН БОЛУП, ЭСТЕЙ ЖҮР

Жалал-Абад шаарындагы Барпы Алыкулов атындагы маданият техникумунун орус тили жана адабияты боюнча окутуучусу, жетимиш жаштагы Эсен Рыскуловдун эскерүүсүн журналист Ырысбай Абдыраимов жазып алган (текст кыскартылды).

Давид Кугультиновдун арманы

Эсен Рыскулов 1978-жылы декабрь айында Фрунзеге, партиялык иштер боюнча квалификацияны жогорулатуу курсуна барат. Ал жерде Чыңгыз Айтматовдун элүү жылдык мааракесине туш келет. 12-декабрда борборубуздагы Мамлекеттик опера жана балет театрында белгиленген жазуучунун мааракесин Кыргызстан Компартиясынын экинчи катчысы Кеңеш Кулматов алып барган экен. Ардактуу президиумда үч адам – Кыргызстан Компартиясынын биринчи катчысы Турдакун Усубалиев, Чыңгыз Айтматов жана Кеңеш Кулматов олтурган.



Чыңгыз Айтматов.

Кулматов алгачкы сөздү мейман катары салтанатка ыраактан чакыртылган калмык акыны, СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Давид Кугультиновго узатса, ал өтө толкунданып сүйлөптүр:

– Кичинекей, белгисиз, эч ким билбеген тоолор арасындагы республикадан дүйнөгө таанымал улуу жазуучу

чыкты. Көрсө, таланттардын уюткусу кичинекей элде болот экен. Улуу урматтуу Чыңгыз, сага миң эсе таазим кылам!.. Сага ракмат! Сен кандай гана бактылуусуң!.. Сен кандай гана кадыр-барктуусуң!.. Сен бүткүл Советтер Союзуна, бүткүл дүйнөгө таанымалсың, белгилүү жазуучусуң!.. Сенин өлкөңдө баары бар: Улуттук илимдер академиясы, Улуттук филармония, Улуттук опера жана балет театры[1], өз эне тилиңерде илим-билим берген жогорку окуу жайларыңар, улуттук тилиңер, гезит-журнал, китебиңер, телерадиоңор бар! А бизде... Калмыкияда анын бири да жок...

Ал Калмыкиянын Кыргызстан сыяктуу өзүнчө республика боло албай калганына, Орусия Федерациясындагы автоном республикалардын бири бойдон кала бергенине өкүнгөн экен.

Күттүргөн кол тамга

– Залкар жазуучунун Фрунзе шаарында салтанаттуу өткөн мааракесинде сөз Германиядан келген окумуштууга, андан соң Орусиядан чакыртылган таанымал киноактер менен актрисага берилди. Алар да Чыкени кутман курагы менен куттуктап, чыгармаларына зор баа берип, каармандарына таңданарын айтышты. Мен да орус тилинде жарык көргөн чыгармаларынын бир томдугуна ошол опера жана балет театрында Чыңгыз Төрөкуловичтен автограф жаздырып алдым, – дейт аксакал окутуучу Эсен Рыскулов. Ал Чыңгыз Айтматовдун бүткүл чыгармаларын кыргыз жана орус тилдеринде окуп чыккан. Жалал-Абаддагы маданият техникумунун студенттерине да Чыңгыз Айтматовдун

[1] Аталган мекемелер союздун тушунда мамлекеттик макамга ээ болгон. Улуттук макам буларга Кыргыз Республикасы эгемендикке жетишкенден кийин ыйгарылган.



Чыңгыз Айтматов. Эсен Рыскуловдун жеке архивинен алынды.

өмүрү жана чыгармачылыгы, «Жамийла», «Делбирим», «Бетме-бет», «Биринчи мугалим», «Саманчынын жолу», «Ботогөз булак», «Ак кеме», «Жаныбарым, Гүлсары», «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» повесттери, «Кылым карыткан күн», «Кыямат» романдары боюнча сабактарды, атайын талкууларды өткөргөн. Булар не деген өлбөс-өчпөс керемет чыгармалар! Окуган сайын кайра эле өзүнө сыйкырсыз тарта берген адабий мурастар...

Ырысбай АБДРАИМОВ,
жазуучу, журналист.
Жалал-Абад шаары

ЧЫҢГЫЗ МЕНЕН КУБАТКУЛ АБАМДЫН ДОСТУГУ

Чыңгыз агабыз менен өзүмдүн бир тууган агам Кубаткул Касымбековду эстегенде, оюма ар нерселер түшөт.



Кубаткул Касымбеков.

Чыңгыз Айтматовдун китеп текчемдеги орус тилинде Москвадан, «Огонёк» басмаканасынан чыккан, көп окулуп, жыртылайын деп бараткан «Ранние журавли» («Эрте келген турналар») китепчесине, анын башкы бетине Чыңгыз агабыздын абам Кубаткулга арнап жазган кол тамгасы көзүмө учурайт.

Анда Чыңгыз Айтматов: «Куке, ушул китепти эрмектеп окуп кой. Кубаткул деген баланын аты сенин атыңдан коюлду. Саламаттыгыңдын оңолуп кетишин каалайм», – дептир. Чындыгында эле бул сүйлөмдү жат билем. Журналды ача электе эле Чыңгыз агабыздын кол тамгасы көз алдыма шурудай тизилет.

...1976-жылдын апрель айынын аягы. Кубаткул абам катуу кыйналып, ооруканада жаткан. Мен анда Фрунзедеги Айыл чарба институтунун 5-курсунда

окуйм. Абамдын ал-акыбалын билгени жанына келгем. Бир оокумда эшик шарт ачылып, дарыгер аял менен ак халат жамынган Чыңгыз Айтматов кирип келсе болобу!

Дарыгер озунуп:

– Кубаткул аба, Чыңгыз Төрөкулович сиздин саламаттыгыңызды сурап келиптир. Ээн-эркин отуруп, маектешип алгыла, – деп, мени да бир карап, эшикти көздөй жөнөдү. «Алагды кылбай сыртка чыга тур» деген ишааратын түшүндүм. Экөө эзелки тааныштардай болуп, кучакташып көрүшүп калды. Денем дүр эте түштү. Көзүмө жаш тегеренип кетти. Эрксизден дарыгердин артынан ээрчий чыгып, коридордо ары-бери басып турдум. Чыңгыз Айтматовду көргөнүмө сүйүндүм, бирок Кубаткул абамдын катуу ооруп жатканына күйүнүп жаттым.

Чыңгыз Айтматов анда дүйнөлүк атак-даңкка ээ болуп, аты ай-ааламга жаңырып калган чагы эле. Буга чейин Чыңгыз ага менен Кубаткул абамдын Кыргыз айыл чарба институтунда бирге окуганын, ал турсун жатаканада бир бөлмөдө чогуу жашап, окууга бирге даярданып, тамак-ашы бир болгонун, жаштыктын доорун бирге сүргөнүн көп ирет угуп, элестетип калар элем. Бирок аны менен эртедир-кечтир ушундай жагдайда жолугам деп үч уктасам түшүмө кирген эмес.

Чыңгыз Төрөкулович агам экөө бир далайга чейин сүйлөшүп отурушту. Көп нерселерди угуп калбайт белем деп наалып, ичимден тиги дарыгерди күнөөлөгөн болом. Болжолу эки сааттан кийин Чыңгыз ага бөлмөдөн ойлуу чыкты. Жылмайган болуп, сыр алдырбай далымдан таптады:

– Рыскул, сен чоң азамат болгон турбайсыңбы. Агаңдын жолун жолдоптурсуң. Туура кыласың. Айыл чарбасына дал сендей жигиттер керек. Окууңа ийгилик каалайм. Абаңдын үстөлүнө бир чыгармамдын «сигнальный экземплярын» калтырып кеттим. Кичи-

не жакшы болуп калганда окуп берээрсиң. Кош иним, дагы көп ирет жолугушабыз.

Колун сунуп, бирок менден көзүн ала качып, жанымдан шартылдай басып, узап кетти. Алда немеден шектенип, бөлмөгө шашыла кирип бардым. Кубаткул абам чабалактай баштаптыр. Көрсө, Чыңгыз Төрөкулович абамдын мындай алсыз абалын көрүп, өтө ойлуу чыккан окшобойбу. Агам ошентип кыйналып жатса да, мага колу менен жаңсап, үстөлдү көрсөтүп:

– Алчы, Рыскул. Журналга Чыңгыз бир нерселерди чиймелеген болду. Дагы бир чыгармасы жарык көргөн окшойт, – деп калды.

Мен «Огонёк» басмаканасынан чыккан китепчесин колума алып, Чыңгыз агабыздын жазган кол тамгасын шартылдатып окуп бердим.



1953-жыл. 1-Май парадынын алдында. Солдон оңго:
Кыргыз айыл чарба институтунун 5-курсунун студенти Чыңгыз Айтматов, институттун ректору М.Н.Лущихин, институттун парткомунун катчысы А.С.Лукьяненко, институттун 5-курсунун студенти Кубаткул Касымбеков.

– Оку, чыгарманы оку, үнүңдү чыгарып оку. «Сен жөнүндө жаздым» дейт. Жакшылап оку, – деди Кубаткул абам. Мен Айтматовдун орус тилинде жарыяланган «Ранние журавлисин» үнүмдү чыгарып, кырааты менен окуп жаттым. Кубаткул деген каарманга жеткенимде, абам журналды колуна алып, маңдайына такап сүйүп:

– Рахмат сага, Чыңгызым. Ал эми сен жатаканаңа барып, эс ала бер. Баса, тиги айранды ичип ал, – деп калды.

Мен:

– Ичтим, аба, сиз өзүңүз ичиңиз, – дедим.

– Ичейин эле дейм, бирок болбой жатпайбы. Өтсө кана, ичсем жыргабаймынбы, – деп бурк этти. Көңүлүн ооруткум келбей, стаканга куюлган айранды толук ичип, көзүмө чолок жаш алдым да, абамдын үстүн жылуулап жаап, жатаканама жол тарттым. Анын үстүнө жеңемдин дагы келе турган маалы болуп калган.

Ошол жолугушуудан көп узабай, 1976-жылдын 11-майында Кубаткул абам 45 жаш курагында каза болду. Абамды коюуга Кыргызстандын ар кайсыл райондорунан көп адамдар келишти. Аттуу-баштууларынан Чыңгыз Айтматовду көрдүм. Башкасын чыны менен тааный алган жокмун. Абам көп жерде иштеп, көп адамдардын көңүлүн алган турбайбы.

Кыргыздын философиялык бир макалында «атаң өлсө өлсүн, атаңды көргөн өлбөсүн» деп айтылгандай, Кубаткул абамдын көзү өткөндөн кийин Чыңгыз Төрөкуловичти көп эстечү болдум. Чыгармаларынын бирин калтырбай окуп, аман-эсендигин тилеп жүрдүм. Азыр менде улуу жазуучунун ондогон эмгектери бар. Ал эми агама берген китепчеси эң өйдөкү текчемде турат.

Чыңгыз Айтматов менен Кубаткул абам тууралуу чыккан ар жылдардагы гезит-журналдардын кесиндилерин да сактап жүрөм. Экөөнүн жакын жолдош-

чулугу, адамгерчилик сапаттары туурасында көптөгөн курбу-курдаштары айтып да, жазып дагы жүрүштү. Мисалы, Каракол шаарынын тургуну, Кыргыз Республикасына өзгөчө эмгек сиңирген ардагер Аман Айтпаев 2014-жылы «Кут Билим» гезитинин 30-январдагы санына «Эсимдеги аалам залкары» деген эскерүүсүн жарыялаптыр. Анда автор Чыңгыз Төрөкулович менен Кыргыз айыл чарба институтунда бирге окуп, жатаканада бирге жатканын, кийин дагы көп ирет жолугушканын баяндаптыр:

«Ал анда Айыл чарба институтунун студенти эле. Бир күнү аны Сталиндик стипендиядан четтетип коюшту. Биз «буга «үч тамга» (Мамлекеттик коопсуздук комитети) кийлигишти» деп, дендароо болуп калдык. Ачык айтууга каяктан шаабыз келмек? Аңгыча бөлмөгө биз менен бирге жаткан кыргыздын мыкты азаматтарынын бири Кубаткул Касымбеков кирип келди.

Ага удаа кирген Чыңгыз Айтматов үстүнө кийип жүргөн атасынын эски тонун керебетке чечип ыргытып:

– Деги бул бийликке мен ушунчалык эмне кылдым эле? – деп эчкирип-эчкирип ыйлап жиберди».

Кыргыз айыл чарба институту боюнча Кубаткул жана Чыңгыз агалар экөө гана Сталиндик стипендияга ээ болгон. Бул туурасында агам Кубаткул да көп ирет эскерип калчу. Айрыкча ошол учурдагы бийлик Чыңгыз Айтматовдун сары изине чөп салып, «кара көлөкөдөй» болуп бучкактап ээрчип алганына айрантаң калчу. Бир жолу агам бейтааныш (чамасы, бирге иштесе керек) адеми кийинген бир кишиге:

– Чыңгыз экөөбүз окууну абдан жакшы бүттүк. Мен айыл чарба жумушуна, партиялык кызматка аралашып кеттим. Чыкем «үч тамгадан» баш калкалап, Кыргыз ССР илимдер академиясынын тажрыйба станциясында катардагы зоотехник болуп иштеп жүрбөдүбү. Бийлик

анда да жөн койгон жок. Мындай куугунтук жедеп Сталин өлгөнгө чейин уланды. Мына ошондон кийин гана Чыкемдин багы ачылды, – деп айтып жатканын уккам.

Муну адабият, тарых иликтөөчүлөр да көп жолу жазышты. Чыңгыз агабызды «жерден алып көргө, көрдөн алып жерге ургандар» көп эле. Бирок ал өзүнүн улуу жазуучулук жолунан тайган жок.

Кубаткул абам 1947-жылы Саруу орто мектебин артыкчылык аттестаты менен бүтүп, Кыргыз айыл чарба институтуна кирип, 1953-жылы ветеринардык дарыгер адистигин алып чыккан. Эмгек жолун Тоңдогу Төрт-Күл участогунда ветеринардык участканын башчысы болуп иштөө менен баштап, андан соң ушул эле колхоздун башкы ветеринардык дарыгерлигине которулган. 1958-жылы болсо Тоң райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары болуп шайланган. 1960-жылы партиянын Тоң райондук комитетинин 2-катчысы, 1962–1965-жылдары Ысык-Көл облустук өндүрүштүк колхоз-совхоз башкармалыгынын башчысынын орун басары, Чүй облустук өндүрүштүк колхоз-совхоз башкармалыгынын башчысы болуп иштеди. 1965-жылы партиянын Чүй райондук комитетинин 1-катчылыгына шайланып, сегиз жыл иштеди.

Бул жылдары партиялык иш менен катар илимий эмгегин да колдон чыгарган жок. Аспирантураны сырттан окуп бүтүп, Чүй өрөөнүнүн райондорунун мисалында «Мал чарбасынын рентабелдүүлүгү жана экономикалык натыйжалуулугу» темасында кандидаттык диссертациясын жактады. 1973–1976-жылдары Кыргыз ССРинин айыл чарба министринин орун басары болуп иштеп турду. Кыргызстан КП БКнын мүчөсү жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин эки жолку чакырылышына депутат болуп шайланды. «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак белгиси» ордендери, Кыргыз ССР Жогорку Советинин эки Ардак грамотасы менен сыйланган.



«Азаттыктын» башкы редактору Бурулкан Сарыгулова эскерүүнүн автору Рыскул Касымбековго сыйлык тапшырып жатат. 6-декабрь, 2018-жыл.

Кубаткул Касымбековдун замандаштары анын республиканын колхоз-совхоздорунун ички тармактарын, мунун ичинен мал чарбасынын азыктуулугун өркүндөтүүгө, асыл тукумдуулугун арттырууга, мал чарбасын ар кандай ылаң-илдеттерден арылтууга, айыл чарба азыктарынын арбын өндүрүлүшүнө зор маани берген мыкты адис, жетекчилик дарамети бийик, малчы-чабандардын, айыл чарба кызматкерлеринин турмуш-тиричилигинин жакшырышына жакындан кам көргөн кыраакы адам болгондугун көп эскеришет.

Рыскул КАСЫМБЕКОВ,
Кубаткулдун иниси, айыл чарба илимдеринин доктору.
Оргочор айылы, Жети-Өгүз району

ИНТЕРНЕТТЕ АЙТМАТОВДУН КЫРГЫЗЧА ЧЫГАРМАЛАРЫ ЖОК

Бүгүнкү заманда Интернеттен дээрлик бардык жаңылыктарды, түрдүү кино, ыр-бийлерди, ошол эле мектеп китепканасындагы адабий китептерди, повесттерди, романдар менен жомокторду да тапса болот. Бирок мен өзүмдүн кыргыз тилимде кыргыз акын-жазуучуларымдын адабий китептеринин электрондук варианттарын таба алган жокмун.

Дүйнө жүзүндө мурдагы СССРди эң көп адабий китеп окуган өлкө деп айтышчу экен. Дал ошол Совет мамлекетинде мен 1981–1991-жылдары мектеп окуучусу элем. Окуган мектебим Сузак районуна караштуу Барпы айылындагы кадимки эле кыргыз тилинде сабак өткөн мектеп болчу.

Ошол окуучулук мезгилимде биз мектептин китепканасынан көптөгөн адабий китептерди окудук. Кызыктуу китептерди алыш үчүн кезек күтүп, колго тийгенде айтылган кыска мөөнөт ичинде окуп бүтүрүп, тапшырыш керек болчу.

Арадан 27 жыл өтүп кетиптир...

Ал учурда азыркыдай компьютер, ноутбук, планшет, чөнтөк телефон кайда-а?! Керек болсо түстүү сыналгы да бирин-серин үйлөрдө гана бар эле. Бүгүнкү бала бакчадагы наристе да ойноп жаткан чөнтөк телефон миң уктасак да түшүбүзгө кирген эмес.

Айтматов боюнча «Азаттык» үналгысы жарыялаган сынактын шылтоосу менен алп жазуучубуз Ч.Айтма-

товдун китептерин бир сыйра кайрадан окуп көрүүнү эп көрдүм. Философиялык, романтикалык чыгармалардан эргүү алам, акыл табам, эс алып да калам деп сүйүндүм. «Чү!» – деп жеңди түрүп, Интернетке сүңгүдүм. «Чү!» – дедим да...

Бирок тилегимди таш капты. Айтматовду издеп эки күн Интернетти чукуладым. Баарыбыз билген «Google» издөө тутумун көп аңтардым. Издегенимди таппадым. Бирин-экин чыгармасын таптым, болгону ошол. Кайсы чыгарма экенин айтуунун кажети деле жок. «Чокоюң тар болсо, дүйнөнүн кеңдигинен не пайда?» дейт эмеспи. Зээним кейиди. Космос го алыс жакта экен, кыргыз жеримде Чыңгызыма колум жетпеди...

Кайра окугум келгени «Эрте келген турналар» болчу. Андагы Султанмураттын Мырзагүлгө болгон сүйүүсү жөнүндө, Улуу Ата Мекендик согуш жылдары тоо койнундагы өспүрүмдөрдүн эрдикке тете иштери, улуу апаатта элдин ынтымак менен жан сактап, тылды бекем кармагандыгы жана... аталары согуш отун кечип жүргөн балдарды эрте жазда учуп келип кубандырган турналар жөнүндө окугум келди. Болгондо да кыргызча окугум келди. Таппаган соң, айла жок, орус сайтынан алып окудум. Ооба, Орусиянын сайтынан.

Айтматов өзү да бир кезде кыргыз тилин өстүрүү жөнүндө далай ирет бушайман түшпөдү беле?

Биз: «Чыңгыз Айтматов! Айтматов! Айтматовдун жердешибиз!» – деп сыймыктанабыз. Чет өлкөдө Айтматовду сурап калышса, төбөбүз көккө жетет. «О-ой, менин жазуучумду сурашты, демек, мени да кыргыз деп таанышты!» – дегенге машпыз. Бирок чет өлкөлүктөр биздин ички рухий дүйнөбүздүн кандай экенин билеби?

«Айтматовдун чыгармалары» деп издегенде, орус тилиндеги бардык китептери бар экен! Болгондо да бир эмес, бир нече сайттарда Айтматовду тапса болот! Онлайн окуудан тартып сатып алууга чейин. Караңызчы!

Биз сыймыктанган жазуучубуздун китептерин орус калкы Интернетке шурудай тизип коюптур. Баракелде!

Дүйнөлүк классиктерди: Пушкин, Толстой, Достоевский, Лондон, Драйзер ж.б. китептерин биздикилерге салыштыруу үчүн издеп көрдүм. Баары бар жана бардык чыгармалары бар! Алар тууралуу жазылган макала, пикир андан көп.

Менин мамлекетим деле Интернетти жакшы колдонуучу болуп эсептелет. Бирок менин мамлекетим, менин адабиятчы, илимпоз дөө-шаа агаларым, эжелерим Айтматовду Интернетке толук киргизе элек экен...

Мен Билим берүү министрлигинин, Улуттук илимдер академиясынын, Китеп палатасынын, жогорку окуу жайлардын сайттарынан Айтматовду таап окушум керек да?.. Ойлонуп көрүңүзчү, мамлекетибиз ошол шарттарды түзүп бериши зарыл эле.

Биз азырынча космоско уча албайбыз, заманбап роботторду чыгара элекпиз, атүгүл автоунаа да жасап чыгарууга кудуретибиз жетпейт.

Бирок өзүбүздүн кыргыз даанышманыбыз, сыймыгыбыз, дүйнөнү дүңгүрөткөн Чыңгыз АЙТМАТОВ аттуу инсандын китептерин Интернетке киргизе албаганыбызды келечекке кам көрүү жана мекенчилдик деп эсептебейм!

Интернеттен: «Залкар сүрөткерибиздин китептеринин 8 томдук жыйнагы – 2500 сом», – деп жазылып турганын бир сайттан көрдүм. Бар сайттарга рахмат, кантсе да болгон аракетин жумшап, жазуучунун эмгектерин жарыялап жатыптыр.

Ал эми мамлекетимчи? Эч кимге көз каранды эмес, эгемен өлкөмчү?..

Макул, жазуучунун китептери сатыкта бар экен. Бирок 2500 сому жок адам окуй албай кала береби? Балдарыбызга тарбия берүүдө «китеп оку, жакшы билим ал» дегенге кыйынбыз. Өзүбүзчү? Көпчүлүгүбүз

Айтматовду толук окуй элекпиз. Эми ата-эне баласына Айтматовду окуткусу келсе, ашыкча 2500 сому жок болсо, кантиши керек?

Жазуучубуз жөнүндө көптөгөн изилдөөлөр, макалалар бар. Аны окуп, Айтматовду жакшылап тааныу – бул рухий тазалануу, боорукердикке үйрөнүү, жаратылыш менен эриш-аркак жашоо ж.б. эмеспи.

Мен Айтматовду ушул убакка чейин жакшы таанып бүтө элекмин. Таанымым келет. Аны тааныш үчүн китебин окугандан сырткары К.Асаналиев, К. Ибраимов, А.Акматалиев, С.Байгазиев, О.Ибраимов, К.Даутов сыяктуу атактуу илимпоздордун залкар тууралуу жазгандарын окугум келет.

Жакында бүткүл Жер жүзүн дүңгүрөткөн футбол боюнча дүйнөлүк биринчилик Орусия Федерациясында болуп өттү. Орустар уюштурган чемпионат тарыхта мыкты деп бааланып, жергиликтүү калктын маданиятын, меймандостугун дүйнө эли да мактап, суктануууда. Ошол «миллиондордун оюну» деген футбол жөнүндө Чыңгыз Төрөкуловичтин бир айткан сөзү бар. Аны мен унутуп калдым. Кимдин эсинде болду экен? 2005–2006-жылдары бир кыргыз гезит бетинен окугам. Классиктин футбол жөнүндө эмне дегенин окушум үчүн миңдеген гезиттерди баракта чыгууга туура келет.

Баса, архивдеримди аңтарып олтуруп, Айтматовдун 1991-жылы өзүм карандаш менен тарткан сүрөтүн таап алдым. 27 жыл мурунку сүрөт! Ошондо мен 10-класстын окуучусу экенмин. Мектепте Ч.Айтматовдун чыгармаларын окуй баштагандагы тартылган сүрөт экенин түшүндүм.

Жогорку технологиялар жетишкен чакта, дүйнө жүзү алаканга салгандай көрүнгөн кезде, биз Айтматовду таппай жатабыз. «Айтматов» деп клавиатураны тергенде эле Интернеттен ал киши жөнүндө болгон бардык макалалар, китептер кыргызча бажырайып чыгып калса кана?..

Мына, замандашым! Мына, Чыңгыз Айтматовдун көп сырлары элге жете элек.

Менин тилегим – мамлекетим ар бир үйгө Айтматовдун томдуктарын жеткирсе дейм! Байлар, магнаттар, дегеле ар кандай иш-чараларга демөөрчү болгусу келген күчтүү инсандарыбыз Айтматовдун чыгармаларын элге таратса, опол-тоодой иш жасамак. Ошолорду «Азаматтар!» демекмин.

Мамлекет өзү каржылап, кыргыз акын-жазуучуларынын китептерин Интернет аркылуу калкка жеткиликтүү кылса жакшы болмок. Кайсы жерде жүрсөк да, дароо алакандан ача коюп окуйт элек.

Менин жан дүйнөм каалаган китептерди – Айтматовдун дүйнөлүк шедеврлерин кыргыз тилимде окуй албай кыжаалат болгонум ушул, урматтуу замандашым!

Эгемен Кыргыз Республикасынын мендей жаранынын, жөнөкөй окурмандын дүйнөгө атагы чыккан жазуучубузду табуу убарагерчилиги ушундай.

Кайрат ИСКЕНДЕРОВ,
ветеринар.
Миң-Өрүк айылы, Сузак району

АЙТМАТОВГО ПАХТА ТАЛААСЫНАН КЕЗИККЕМ

– Чыңгыз кайда?
– Москва, Берлин, Лондондо.
– Эмнеге кетти?
– Бир маанилүү маселе болгон го.
– Байдылда кайда?
– Мал жайылган тоолордо.
– Эмнеге кетти?
– Туз берип жүрөт койлорго...

Б. Сарногоев

Күтүлбөгөн кездешүү

1978-жылдын октябрь айынын башы болчу. «Ак төөнүн карды жарылган» бышыкчылыктын төгүл-чачыл маалы. Мектептерде окуу башталып, бир жума окуп-окубай жатып, тоодогу мектептердин 6-класстан 10-класска чейинки окуучулары пахта теримине «десант» катары келип түшкөнбүз. Бул жылда кайталануучу кадыресе көрүнүш. Кол эмгеги жумшалмайын, пахта терилип бүтпөйт.

Бажырайып аппак болуп ачылган пахта талаалары нда окуучулар таң аткандан күн батканга дейре «Г» тамгасындай эңкее пахта терип, өздүк нормабызды аткарууга жандалбас кылабыз.

О-о, пахта теримдин оор азабын гозонун чүрүшүп катып калган учтуу чанагына манжаларын тилдирип

канаткандар, кечке бөкчөйүп жүргөндүктөн белин сыздатып ооруткандар жакшы билишет.

Ошол жылы менин турмушумда эстен чыккыс окуя – дүйнөгө болгон балалык көз карашыма өчпөс из калтырган кездешүү болду.

Күз айы болсо дагы, күндүн аптабы кайтпай, аба үп тартып турат. Кара терге түшүп иймеленгдеген балдардан кыйла артта калып, пахта терип жаткам. 6-класстын биздей окуучулары түшкө чейин 30, түштөн кийин дагы 30 килограмм тапшырууга милдеттүү.

«Ак алтынды алтын колдор жаратат!» деген КПСС Борбордук Комитетинин Баш катчысы Леонид Брежневдин сөзү ошол мезгилдин башкы ураанына айланган. Канчалык тырмаландап терсең деле, жупжумшак ак пахта таразага келгенде жеңил чыгат! Маанай чөгүп, шалдайып олтуруп калган кездер көп болду. Айла жок, норманы аткарууга жандалбастап аракеттенебиз. Аны аткарбагандар кечки тамактан кийин дагы пахта талаасына чыгар эле.

Бир маалда мен пахта терип жаткан жерге эки ак «Волга» келип токтоп калды. Андан түшкөн жоон топ адамдар түз эле мен тарапка кадам таштады. Ак «Волгада» «чоңдор» гана жүрөрүн билчүмүн, ошондуктан пахтаны ого бетер ыкчам тере баштадым. Жүрөгүм дүкүлдөп согуп кирди.

– Саламатсыңбы, жигит! Ишиң илгерилеп, теримиң арбысын! – деген жагымдуу коңур үн чыкканда, мен пахтадан башымды көтөрүп, келген кишиге карадым.

Мен алгач көргөн көзүмө ишене албай нес болуп, ордумда катып калдым. Маңдайымда күлүмсүрөп, кадимки Чыңгыз Айтматовдун өзү турду! Буга чейин анын бир да чыгармасын окуй элек болсом да, эжем менен агамдын китептеринен анын кыргыз жазуучусу экенин билчүмүн.

– Саламатсызбы, Чыңгыз аба! – деген сөз оозумдан кантип чыкканын сезбей калдым.

– Азамат, балам, мени тааныйт турбайсыңбы? – деген Чыңгыз Айтматов ыраазы боло күлүмсүрөп, салмактуу колун сунду. Айтматовду коштоп жүргөндөрдүн катарында партиянын Ош обкомунун биринчи катчысы Ренат Кулматов, партиянын Базар-Коргон райкомунун биринчи катчысы Үсөн Сыдыков, Социалисттик Эмгектин Баатыры, Фрунзе атындагы колхоздун райиси Өлмөскан Атабекова жана башка мен тааныбаган бир топ адамдар бар экен.

– Теримдеги иштериң кандай, балам, кыйналган жоксуңбу? – деди Айтматов мага чын дилинен.

– Жаман эмес, алынча, шүгүрчүлүк, агай, – деп үн каттым.

– Бала болсо да кыйналганына кайыл, кабагым-кашым дебей иштеп жатат. Түштүктөгү пахта терими, Таластагы тамеки тизүү, Нарындагы кой багуу азабы балдарыбыздын ден соолугуна гана эмес, талаптагыдай билим алуусуна да абдан чоң залакасын тийгизерин унутпасак, Ренат Сатарович! Балдар – биздин келечегибиз. Колдон келсе балдарды оор эмгектен эртерээк бошотсок жакшы болор эле. Ал күндөргө да жетербиз, – деген Айтматов облустун жетекчиси Кулматовго жана калган жетекчилерге кайрылды.

– Партиянын койгон планы жана талабы бар. Аны аткарбасак болбойт! – деп Үсөн Сыдыков кепке аралашты.

– Балдарга кандай тамак берилет? – деди жазуучу.

– Үч маал эт кошулган ысык тамак берилет. Ал жагынан кем-карчтык жок! – деди Өлмөскан Атабекова.

– Мончого түшүрүп турасыңарбы?

– Жумасына бир жолу мончо уюштурулган, маданият клубуна киного да барып турушат.

Ал кезде Индиянын сүйүүнү даңазалаган уккулуктуу ырлар менен жагымдуу музыка коштогон кинолорусуз жашоону элестетүү биз үчүн түк мүмкүн эмес

болчу. Пахта тергенден чарчап суй жыгылсак да, уйкубуз канбаганына да кайыл болуп, кино көрүүгө ушунчалык куштар элек.

– Пахта териминде балдарга норма деген талап эч качан болбошу керек! Бел-сөөгү ката элек балдарыбыз кыйналып калышат! – деди Айтматов. Жазуучу баштаган «төбөлдөр» менин жанымдан алыстабай, колдоруна гозолордон пахтанын аппак булаларын чубап, терип киришти. Кеп учугун кайра Айтматов улады.

– Өлмөскан эже, Асылкан Акматова жетектеген «16 кыз» жана Сүйүмкан Калдарбаева башкарган «Ак Марал» бригадасында иштеген кыздардын баштарын биротоло эмгек менен байлап салбаш керек. Алардын турмушка чыгышын да ойлоңуздар. Кыздар иш менен эле чектелип калбастан, үй-бүлө күтүп, наристелерди тарбиялашсын. Элибиз көбөйсүн. Анан калса, адам өмүрү өтө кыска эмеспи. Ушул жагын унутпайлы, – деди Айтматов.

– Ал жагынан камтама болбоңуз, Чыңгыз Төрөкулович! Турмушка чыккан кыздарыбыздын комсомолдук үйлөнүү тойлорун колхоздун эсебинен өткөрүп беребиз, – деди Өлмөскан Атабекова.

– Туура, ошондой кылып жатабыз! – деди сөзгө кошулган Үсөн Сыдыков.

Айтматов баш болгон «төбөлдөр» колдоруна топтолгон аппак пахтаны менин этегиме салып беришти.

– Кана эмесе, жигит, биз кайталы, аз да болсо көптөй көрүп, мен терген пахтаны алып кой, сенин теримиңе кошумчам. Эсен болуп, жакшы окугун, балам. Бул болсо менден сага белек, – деген Айтматов төш чөнтөгүнөн укмуштай кооз авторучканы алып мага сунду.

– Рахмат, Чыңгыз аба! – деп авторучканы сыймыктануу менен колума алдым. Ал менин башымдан сылай коштошуп, артка карай бурулду. Ушул учурда балалык баёо сезимим алоолой түштү!

Ээрчишкен эки ак «Волга» кийинки бригадага карай зуу коюп жөнөп кетти. Алар узап кетер замат менин жаныма агайым Аманбай менен бригадир Сатыбалды аке чуркап жетип келишти.

– Кимдер келди, эмне дешти?! – деди алаңдап, демигип алган экөө бирдей жарыша.

– Жазуучу Чыңгыз Айтматов менен «чоңдор» келишип, мага пахта теришти! – деп мактана шаңырайдым. Айтматов берген авторучка туурасында ооз ачпадым. Ошол күнү кечке терген пахтам дагы аз чыгып, 54 килограмм болуп калды. Көтөрүңкү маанайым заматта суз тартып, көңүлүм чөгө түштү.

– Бул бала бүгүн Айтматовдун өзү менен бет маңдай кол алышып баарлашты! Ошон үчүн нормасы бүгүн толду! – деп жарыя айтып, эсепчи Касымбай аке 60 килограммды берешендик менен табелге жазып салды. – Ай, балакай, эми колуңду бир жума бою жуубай жүргүнүң! Сен уулу жазуучу менен учураштың. Айтматов менен саламдашуу бактысы ар кимдин эле бешенесине жазыла бербейт!

Ошол күнү мен биринчи жолу пахта терүү боюнча нормамды аткардым. Кийин билсем, ошол жылдары Чыңгыз Айтматов СССР Жогорку Советине Базар-Коргон жана Ленин (азыркы Ноокен) райондорунан шайланган депутат катары шайлоочулары менен жолугушуп, эли-журтунан кабар алып жүргөн экен.

Пахтадан үйгө келээрим менен Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын калтырбай окуй баштадым. Улуу таланты менен ааламды багындырган жазуучунун чыгармаларынын каармандары: «Биринчи мугалимдеги» Дүйшөн менен Алтынай, «Жамийладагы» Данияр менен Жамийла, Сейит, «Эрте келген турналардагы» Султанмурат менен Мырзагүл, «Саманчынын жолундагы» Толгонай менен Алиман, «Гүлсараттагы» Танабай, «Кызыл жоолук жалжалымдагы» Илияс менен Асел,

«Деңиз бойлоп жорткон Ала-Дөбөттөгү» кичинекей Кириск, «Кылымга тете бир күндөгү» Эдигей менен Бостон менин эле эмес, жер жүзүндөгү миңдеген адамдардын жан дүйнөсүн жаркытып, жашоосун өзгөрттү.

Бала кезде пахта талаасындагы Чыңгыз Айтматов менен болгон көз ирмемдик кездешүүдөн кийин алдыма калемгер болуу максатын койгом. Кудай жаштын тилегин берет дегени ырас белем же Айтматовдун да таасири болдубу, айтор, КМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика бөлүмүн аяктап, журналистика жаатында иштеп келем. Эки аңгемелер жыйнагымды жана повестти («Королеванын ую», «Мырза балбан») жазып, окурмандардын элегине койдум. Ал эми пахта талаасында Айтматов белек кылган авторучканы таберик мурас катары азырга дейре аздектеп сактап жүрөм!

Жолдошбай ОСМОНОВ,
жазуучу.
Жалал-Абад шаары

КЕЛГИН КУШТАРДЫН ЫЙЫ

Ысык-Көл болбосо, Чыңгыз агайдын чыгармалары терең, таасирдүү чыгат беле?..

Азыркыдай кычыраган кышкы суукта Чыңгыз Айтматов агай менен бир айга жакын чогуу болуп калдым. Адегенде Ысык-Көлдүн жээгинде автордун бир канча чыгармалары жазылган эс алуу үйүндө турдук.

Ысык-Көл – Ала-Тоонун күзгүсү. Мухтар Ауэзов, Алыкул Осмонов баштаган белгилүү инсандардын жүрөгүн багынткан касиеттүү көл жээги.

Мына ушул жерден Чыңгыз агайдын кайсы чыгармасы каерде, кандайча жазылганын өз оозунан уктум.



Чыңгыз Айтматов менен медицина илимдеринин доктору Рысбек Абдылдаев.

Баарынан да мага «Келгин куштардын ыйы» аттуу чакан чыгармасы, ага эмне үчүн ушундай ат койгону кызык эле. Көрсө, анын жазылышы деле оңойго турбаптыр. Автор алгачкы вариантты жактырбай, бир топ түйшүк тарткан экен. Мына ошондон кийин гана көл жээгиндеги келгин куштар менен жазуучунун күтүлбөгөн кездешүүсү ушундай керемет чыгарма жаратууга шыктандырыптыр.

Ушундан улам ой келет: эгер кыргыздын керемет табияты, Ысык-Көлү болбосо, Чыңгыз агайдын чыгармалары терең, таасирдүү чыгат беле?..

Чыңгыз агай күн сайын эрте туруп, көл жээктей басат. «Бир сааттан ашырдым», – деп айтып келет. Эртең мененки тамакка отурабыз: негизинен колго жасалган быштак, өрүктүн кагы, бир аз жаңгак... Көк чай ичебиз, адатыбызча бир топко чейин маектешебиз. Менин өмүр жолумду сураштырат. Улуу жазуучуну абдан кызыктырганы кесибимдеги окуялар болду.

Залкар уккан баяндан

– Эмгек жолумду алыстан, Москва шаарынан баштадым. Абдан татаал кесипти тандап алган экем. Мен адеп дарылаган бейтап ак кан (лейкоз) дарты өтүшүп кеткенинен тез эле кайтыш болду, ошондо абдан кайгыргам. Алгачкы устатым турмуштун ачуу-таттуусун көргөн, оюн бетке айткан карыя догдур эле. Менин акыбалымды карап туруп: «Сен анчалык капаланбай, сабырдуу бол. Алдыда мындай сыноонун далайы күтүп турат. Катуу тийсе, кечирип кой. Бирок биздин кесиптин жазылбаган бир мыйзамы бар. Кесиптик жолдун кайгы, жоготуу менен башталганы – бул сенин келечекте жакшы адис болоруңдун, ийгиликтерге жетериңдин белгиси...» деген эле.

Балким, тажрыйбалуу окутуучум мени ушинтип чыйралткысы, колдоо көргөзгүсү келгендир. Бирок мен анын бул сөздөрүн жактырган жокмун жана бул «мыйзам» тууралуу бир да жолу жаш адистерге айтпадым.

Көбүнчө жаштар чалдыга турган, ошол кезде такыр айыккыс деп саналган бул дарттын азабы, андан жабыркаган тагдырлар тууралуу Чыңгыз агайга кеп салып берем. Анан бөлмөлөрүбүзгө кетебиз. Бир маалда: «Басып келели» – деп көл жээгине чакырып алат, кайрадан сүроолорун улантат. Дайыма маегибиз токтогон жерден башталат, кээ бир окуяларды кайрадан тактап сурайт. Ошол маалда биздин маегибиз жазуучунун калеминен чыгарма болуп жазылып жаткандай сезилчү.

«Сиз кайсы чыгарманы жазып жатасыз?» – деп сурап калдым бир ирет. «Чоң, көлөмдүү чыгарманы. Баш каармaным – өмүр бою мектепте иштеген мугалим, үч доорду башынан өткөргөн кыргыз аял. Айылдык мугалимдин басып өткөн өмүр жолун баяндайм, Улуу Ата Мекендик согуш, андан кийинки турмуш жана азыркы замандагы кыйынчылыктар да айтылат. Бир каармандын өмүр жолу менен биздин заманыбыздагы негизги окуяларды тогоштурсам, мезгил жөнүндөгү ойлорумду, сындарымды тактап берсем деген максатым бар», – деди.

Кышында күн кыска эмеспи, бат эле кеч кирет. Чыңгыз агай менен кечки тамакка чогуу барабыз. Бул жердин ашпозчулары тамакты мыкты даярдашат, айрыкча балыгы даамдуу.

Кайрадан маектешебиз. Мени Чыңгыз агайдын өз башынан өткөргөн күндөрү, чыгармачылык жолу кызыктырат. Кандай кызыктуу, окуяларга бай жашоо – жазуучу, коомдук ишмер, дипломат, улуттун жана мамлекеттин сыймыгы...

Чыңгыз агай кыргызды ааламга таанытты. Жеке жашоосундагы турмуш сырларычы, аларга болгон таза жана бийик мамилесичи? Чыңгыз агай досу, белгилүү

акын Расул Гамзатов тууралуу көбүрөөк эскерчү. Ооба, Расул Гамзатов ойчул акын, философ, абдан кызык инсан болгон. Ырларын да өзгөчө окуйт эле дечү.

Менин биринчи илимий жетекчим белгилүү окумуштуу, энциклопедиялык билими бар, жети тилде эркин сүйлөгөн профессор, мыкты адис эле. «Силердин Чыңгыз Айтматовуңар орусча өзү жазабы же кыргызча жазып, кийин котортобу? Орусча жазат дейсиңби? Укмуш, маанилүү сөздөрдү колдонот, терең ойлорду туюндурат! Анын баарын кантип табат? Абдан табышмактуу!» – деп таң калар эле.

Бир кездери Чыңгыз агай менен кошуна жашаган дагы бир академик-окумуштуу, белгилүү мамлекеттик ишмер: «Айтматов кандай улуу адам! Мен Чыңгыз кошунамдын атактуу балерина Бүбүсара Бейшеналиева менен түбөлүк коштошконуна күбө болгом. Бөлмөсү толтура роза гүлдөрү, күнү-түнү кыймылдабай жалгыз, үн катпай отурган Айтматов. Сүйүүнүн башкаларга угулбаган арман ыйы!» – деп айткан.

Балким, Чыңгыз агайыбызга келгин куштардын ыйы алгач ошол маалда угулганбы? Бул мага түбөлүк табышмак бойдон кала берди...

Залкардын жоопторунан

– Сиз көп элди, мамлекеттерди көрдүңүз. Айтыңызчы, биздей, кыргыздардай бөлүнгөн башка улут, эл барбы?

– Жок, дүйнөдө бөлүнүү жагынан алдыга эч кимди салбайбыз. Алыста, бизден бир топ артта казактар келатат талаасын чаңдатып...

– Жашоодо эң негизги бир түбөлүк суроо болобу, барбы?

– Бар. Жалгыз түбөлүк суроо: мындан аркысы, эртеңкиси кандай болот?..

Чыңгыз агайдын кагазга түшпөй, жарыяланбай калган кызыктуу окуялары, терең ойлору дале эсимде.

«Карачы бул булутту, кандай кооз! Сүрдүү, келбеттүү адамдын элесине окшош экен», – деп менин көңүлүмдү көл үстүндөгү түрмөк булуттарга бурду бир жолу.

Чыгармачыл адамдар табиятты бизден башкача көрөт турбайбы. Дароо оюма акын Омор Султановдун сөзүнө жазылган Асанкалый Керимбаевдин ыры келди. Омор агай айылына Асанкалый ырчыны ээрчитип барып, көл жээгине отуруп: «Ырдачы, Асаке, ак булуттарды!» – дегенин эстедим. Бул ырды угуп жатып Омор агабыз өксүп ыйлаган экен, Асанкалый агабыз да бугу чыксын дегенсип сооротпой тим коюптур.

Касиеттүү көл жээги, асмандагы ак булуттар – келгин куштардын мекени! Чыгармачыл адамдарга дем берген, сүрөгөн, ойлорун козгогон, дайыма сагындырган биздин Ала-Тообуз, дүйнөдө жок кооз жаратылышыбыз! Эсиме ташкенттик академик досумдун айткандары кылт дей түштү: «Силер, кыргыздар, кандай бактылуусуңар! Силердин Чыңгыз Айтматовуңар бар, силердин Ысык-Көлүңөр бар!»

Бишкекке көлдү айланып кетмей болдук, кышкы узак жолдо ар кандай ойлорду ортого салабыз. Чыңгыз агай менден Ысык-Көл – Алматы тоо жолун сурап калды, кандай ойдосуң деп. Мен бул жолдун келечеги жок деген көз карашымды ачык билдирип, «жолчубайларга» жаман көрүнүп алганымды айттым. Жай саратанда бул жолдон өтө албай койгондон кийин ал куру амбициянын бири экенин түшүнгөм. Көл башында Каркыра жайлоосуна кеткен ача жолдо дагы бир чыгарма, агайыбыздын «Ак кемеси» жаралган Чоң-Бет капчыгайындагы Момун аксакалдын эскирип бараткан үйүн эстедим. Мен ал ыйык жерге чет элдик бир нече кесиптешимди атайын ээрчитип баргам. Мына ушул жерде

Чыңгыз Айтматов кыргыздын бугу уруусунун илгерки тарыхын уккан жана кийин баарыңар мактаган «Ак кеме» чыгармасын жазган деп таанышпырам. Момун аксакалдын карагайдан курулган үйү дагы эле турат. Анын жалгыз бой уулу ошол үйдө жашачу эле эч кимге буздурбай.

«Бугу уруусунун элибиздин белгилүү ойчулу, акыны жана акылманы – атактуу Арстанбек Буйлаш уулу атабыз ушул Саруу, Дархан айылдарына жакын жерге коюлган эле», – деп кеп салдым. Чыңгыз агайга алыскы Лейлектин кызы, Буурчак чоң энем тууралуу айтып бердим. «Чоң атабыз каза болгондо, улуу байбиченин жана анын балдарынын кордугуна чыдабай, Буурчак чоң энем кичинекей беш эркек баласын ээрчитип алып төркүнүнө кайтып барган. Ошол балдары чоңоюп, эрдикке жарап калганда, бир туугандарынын кеңеши менен Лейлектен тескей Ысык-Көлгө, балдарынын ата-бабалары байырлаган жерге кайра кайткан экен. Азыр Лейлекте, ошол биздин чоң энебиздин мекенинде Беш-Бала деген айыл бар», – дедим.

Жолдо келатып Барскоон айылындагы акыркы окуяларды кеп кылдык. Цианид менен ууланууу ыктымалдыгын биринчи болуп каргашалуу окуядан бир жыл мурда айта салганым үчүн бийликтин опузасына кабылганымды уккан агай: «Алтын бар жерде дайыма чатак бар. Алтындын пайдасы бир ууч эле байларга тиет, жалпы калкка негизинен пайда алып келбеген нерсе. Мунайдын жөнү башка, ал негизинен элдин жакшы жашоосуна, мамлекеттин өнүгүшүнө өбөлгө болот. Кара майды банкта сактоо мүмкүн эмес, бирок өзү баткактай болгону менен, жалтыраган алтындан бир топ пайдалуу», – деди.

«Сизге Ысык-Көлдүн абдан кооз жерин көрсөтөйүн», – десем, макул болуп: «Мен мурда көрбөгөн ошондой жер бар бекен?» – деп сынап койду. Мен бала ча-

гымдан бери билген ал жерге дайым токтоп өтчү адатым бар. Чыңгыз агай ал кереметтүү көл жээгине таң кала, суктана карады. «Сен накта көлдүк экенсиң, бул керемет сулуулукту мурда мага эч ким көрсөткөн эмес», – деди. Эстеликке сүрөткө да түштүк. Ошол көл жээги, ошол убакыт ыйык тумардай болуп жадымда калды.

Бишкекке келсек, Чыңгыз агайга европалык бир элчи кезиксем деп суранып атыптыр. «Эртең мени менен чогуу барчы, тамырын тартып көрөлү, эмне кеп айтат экен. Мындай кездешүүгө дайыма баруу керек, себеби ушулар, элчиликтер, биздин мамлекет жана калкыбыз тууралуу маалыматтарды башкаларга таратышат», – деп калды. Болжолдошкон убакытта элчиликтин имаратында болдук, баары Чыңгыз агайды тизилип күтүп турушуптур. Элчиликтин кызматкерлери ыраазылык билгизип, бул кездешүү эстен кеткис окуя экенин сыймыктанып айтып жатышты. Адабият жана эл аралык маселелер, биздин мамлекет жана элибиз жөнүндөгү ойлорун ортого салышты. Чыңгыз агай экөөбүз кез-кезде кыргызча маектешебиз, биздин эне тилибиздеги маегибизге котормочу жок экен. Алар орус тилдеги котормочусун жалдырап карашат, кайра биздин сөзүбүзгө түшүнбөй бушайман.

– Бизге, кыргыздарга, башкача да карап көргүлөчү. Эгемендик алганыбызга аз эле убакыт болду. Силер биздей жаш мамлекет кезиңерде бир топ эле жапайы болчусуңар. Атка жайдак минип алып ич ара да, башка элдер менен да кырылышып жатчусуңар. Биздин мамлекет силердин жашка жеткенде, укмуштуудай ийгиликтерге жетет. Демократияны айтып жатам, – деп орусча сүйлөп, мага болсо кыргызча: «Буларды бир аз ойлонтолу», – деп кошумчалап койду.

Бишкектен Таразга жол тарттык. Ал жерде казактын облус жетекчиси, акими сүйүнүп тосуп алды. Чет элдик коноктор токтогон мейманканасына жайгаштык.

Кечкурун бөлмөгө келсем, ички телефондон орус тилдүү кыз улам эле чалат. «Жалгыздыктан кыйналдым»,– деп жадата бергенинен, телефонду үзүп салып кутулдум. Эртең мененки тамакта Чыңгыз агай: «Кандай эс алдың, телефонуң иштейт бекен?» – деп сурады. «Ооба, иштейт экен. Өчүрүп салып, тынч эс алдым», – десем, күлүп койду. Ичимден: «Сизге да телефон чалышкан турбайбы, болбосо мени сынабайт элеңиз», – деп ойлодум. Замандын өзгөргөнүн караңызчы, кимдин тынчын алганын билбесе керек бечаралар. Улуу жазуучунун чыгармасын окубаган жаштар пайда болгонбу?..

Эртеси Таласта болдук. «Биздин айылга бара кетели. Болбосо туугандарым мындан кийин киргизбей койбосун», – деп тамашалап калды. Чыңгыз агай кээ бир чыгармаларынын аягында «Шекер айылы» деп жазган. Демек, кыргыздын бул алыскы айылы дагы ааламга аты тараган ыйык жерлеринин бири болуп калды. Чыңгыз агайын-туугандарынын суроо-талаптарын шашпай угуп, аны чечкенге убакыт сурады. Албетте, сүйүнүп, коноктоп да алышты. Алдына келген устуканын мага акырын жылдырып койду, этке анча деле кызыга бер-чү эмес. Тамакты ылгап жегенинен улам бул Чыңгыз агайдын өзүнө койгон, турмушта катуу сактаган негизги талаптарынын бири экенин түшүндүм.

Бишкекке кайтып келсек, казактын белгилүү акыны Мухтар Шаханов телефон чалып, менден сурап калды: «Чыке качан кайтат кызматына? Мен Алматыга өзүм коштоп барып, андан ары узатып коём».

Чыңгыз Төрөкулович эртең менен жолго чыкмак, Бишкектен ары досу Мухтар Шаханов менен Алматыга, андан ары элчилик кызматына жөнөп кетти. Бул менин Чыңгыз агайыбызды акыркы жолу көргөнүм болду. Чыңгыз Айтматов катуу ооруп калганда, чет элдик кесиптештерим айыктыра албады...

«Өмүр абдан кыска, каш-кабактын ортосундай. Жашоодо түбөлүк жалгыз нерсе – бул адамдын ойлору, сөздөрү жана эскерүүсү. Ал дайыма кала берет, атадан-балага, укумдан-тукумга өтө берет...» Бул саптар элибиздин сыймыгы Чыңгыз Айтматовго таандык. Сөздөн сөз, ойдон ойлор жаралат. Дайыма ушундай боло берет.

Келгин куштар жаз келери менен алыскы сапарга, түндүк тарапка карай жол тартышат. Балапандарын чыгарып, чоңойтуп алып күздө кайра түштүккө кайтышат. Бул улуу сапар түбөлүк улана берет. Алар байыртан бери эле кыргыз тоолорун, Ысык-Көлдү карай учушат – ушул жолду тандап алышкан.

Келгин куштар, силердин ыйыңарды уккан жана түшүнгөн адам баласы эми качан жаралар экен? Качан ал улуу инсан менен кезигер экенсиңер?..

Рысбек АБДЫЛДАЕВ,
профессору.
АКШ

АЙТМАТОВДУН БАКТЫЛУУ ЖЕРДЕШИ

Айтматовго алгачкы жолу 1963-жылы жайында жолуккам. Биздин «Манас» колхозунун төрагасы Шамшы Оморов Чыңгыз ага менен институтта бирге окуган экен, расмий чакыруу менен Керез жеңени, Санжар, Аскар деген уулдарын ээрчитип, Кара-Суу айылындагы колхоздун багына келишкен.

Ошондо бул керемет адамды көрүп, чындап суктангам. Ошол жерде ойноп жүргөн балдар жакын жерден көрдүк деп аябай мактанганбыз. Улуу жазуучунун карапайым эл менен аңгемелешип кеткени көпкө чейин аңыз болгон.

1988-жылы күз айларында жазуучунун туулган айылы Шекерде 60 жылдык мааракеси өттү. Ошол жерден «Кыямат» китебине кол тамгасын койдуруп алгам.

Тойдун эртеси дагы «Дүйшөндүн мектеби» турган бактын ичинде жолукканбыз. Айтматов Шекер айылына жаратылыш газын жеткирүү керектигин ошол кездеги КПССтин Баш катчысы Михаил Горбачёвго айттым деген.

Жолугушууда Замирбек Үсөнбаев:

Нобель сыйлык бербесе,
Ал калыстардын катасы.
Нобелден канча артык го
Кыргызымдын батасы, –

деп төгүп жатканда, айылдын эли түп көтөрүлө беш мүнөттөй кол чаап турушкан.





Котормочу Апилмажун Темиралиев залкар жазуучу Чыңгыз Айтматов менен сүйлөшүп жатат.

Бир курдай полиграфкомбинатта жолугушуу болуп калды. Жолугушуу бүткөндөн кийин Чыңгыз Айтматов менен сүрөткө түшөлү деп чогулдук.

Тепкичте фотоаппаратты тиктеп турабыз. Ары жакта жылаңайлак, жылаңач балдар ойноп жүргөн. Чыкем аларга: «Балдар, келгиле, сүрөткө түшөбүз!» – деп кыйкырды. Балдар чурулдап чуркап келгенде, сүрөтчү «чырк» этип тартып алды.

Кийин Чыкемдин көзү өтүп кеткенде, ошол балдардын ата-энелери сүрөттөрдү издеп, таап алып жүрүшкөнүн көрдүм.

1999-жылы 12-июнда Нью-Йоркто улуу орус акыны Александр Пушкиндин 200 жылдыгы өткөн. Ал жерге биз да бардык.

Чогулуш учурунда алып баруучу: «Биздин арабызда бактылуу киши отурат, ошол адамга сөз беребиз», – деди. Бул кайсы бактылуу адам болду экен деп, баарыбыз айланабызды элеңдеп карап калдык.

«Ушу жерде Чыңгыз Төрөкуловичтин жердеши отурат», – деп мага сөз берди. Ошентип, мен Чыңгыз агабыздын шарапаты менен бактылуу болгом. Бактылуулук – бул бирөөнү бактылуу кылуу. Чыңгыз Айтматов миллиондогон адамдарды өз чыгармалары менен бактылуу кылды десем болот.

Манасчы Асанкан Жуманалиев менен Чыңгыз ага-нын кабинетине барып калдык. Сүйлөшүп отурабыз. Бир убакта Чыңгыз ага Асанканга карап эле сурады:

– «Манас» айтасыңбы?

– Айтам, бирок кайсы жерде?

– Ушул жерде.

Асанкан ошол замат эле «Манасын» баштады. Күүлөнүп айтып жатат оозунан көбүк чыгып.

Чыңгыз ага эпосту ушунчалык берилүү менен укту. Кабылдамасында эл толтура. Ошентип, жарым сааттан ашык «Манас» айтылды. Асанкан созуп барып ток-



Чыңгыз Айтматов жана манасчы Асанкан Жуманалиев.

тогондо, Чыңгыз ага алкыш айтып: «Манасты» угуу өзүнчө бир ырахат», – деди. Анан келгендерди кабыл ала баштады.

2007-жылдын жай айында Орто-Сай базарында эжеме китеп дүкөнүн ачып берейин деп камынып жаткам. Чыңгыз ага менен сүйлөшүп отуруп, дүкөндө кыргызча китептер да сатыларын айтып калдым. Ал аябай кубанып: «Жакшы болот турбайбы, ачылышына сөзсүз чакыр», – деди.

Мен: «Чыңгыз ага, ал кичинекей эле дүкөнчө», – дедим. «Чоң-чоң базарларды, супермаркеттерди ачып, чакырса барбай коюшум мүмкүн. Бирок бул китеп дүкөнү, анын үстүнө кыргызча басылган китептерди сата турган дүкөн экен. Сөзсүз келем», – деди. Мен эртең ачабыз деген күнү Чыкемди чакырып койдум. Орто-Сайда соода кылгандарга айтсам, эч ким ишенген жок.

Эртеси саат 10до Чыңгыз ага келип калды. Айтматовду көрөбүз деген элдин толкунун араң токтоттук.

Кол тамга сурагандардын баарына жазып берди. Далайы аны менен сүрөткө да түшүп жатты.

2002-жылдын декабрь айы. Чыңгыз Төрөкуловичтин чакыруусу менен Бельгиянын Брюссель шаарына барып калдык. Ошол жерден бир аял биздин кайдан келгенибизди сурап калды. Кыргызстандык экенибизди англис тилинде айттык. Ал таң калып: «Чыңгыз Айтматовдун жеринен турбайсыңарбы», – деди.

«Ооба», – деп баш ийкеп, Чыңгыз Айтматов жанында эле отурганын айтып жибере жаздадым. Бирок Чыңгыз ага «унчукпа» деп жаңсап койду. Тиги аял бизге Чыкемдин «Балалыгым» деген чыгармасын окуганын, анда автордун чоң энеси жөнүндө, анын радиону да, телевизорду да, компьютерди да алмаштырган акылман аял болгондугу жөнүндө айтып берип, биздин ал чыгарманы окубаганыбызга абдан таң калды. Биз унчукпай калдык.



Аял кеткенден кийин, Чыңгыз агага: «Бул чыгармаңыз бизге тааныш эмес экен», – дедим. Анда Чыкем күлүп: «Балалыгым» кыргызча да, орусча да жарык көрө элек. Немис тилинде чыкты. Себеби жазып алган адам немисче чыгарган экен. Андан кийин түрк тилинде жарык көрдү», – деди. Кийин ал чыгарма жазуучунун сегиз томдук жыйнагына кирген.

Мен Чыңгыз ага Манас атабыздай Айкөл жана Баатыр, Кошой атабыздай кеменгер жана көсөм, Бакай атабыздай акылман жана сабырдуу инсан экенине жанында жүрүп ынандым.

Айкөлдүгү – бир адамга «сен туура эмес айттың» дегенин, асылгандарга жооп кайтарганын уккан жокмун, бирөөгө таарынганын байкабадым.

Баатырдыгы – «Манас» эпосу тууралуу, эне тил жөнүндө айткандарын эч бир киши айта албайт эле. Маңкурт тууралуу жазганы, «Кыяматта» Эдигейдин Жаратканга кайрылганы – кеменгерликтин, көсөмдүктүн туу чокусу десек болот. Ал эми акылмандыгын, сабырдуулугун айтпасак да түшүнүктүү.

Апилмажун ТЕМИРАЛИЕВ,
агроном, агартуучу,
«Сильва» билим борборунун негиздөөчүсү.
Бишкек шаары

АЙТМАТОВДУН ТАЙЛАРЫ МЕНЕН ТААНЫШУУ

(«Мачкаралык Хамза – Чыңгыздын таятасы» деген китептин которулушу тууралуу эскерме)

2004-жылы Саха-Якутия Республикасынын Алдан шаарында жашап калдым. Бир тууган сиңдим ал жакта уулу экөө базарда соода кылышчу. «Келип кет, эл көрүп, жер көрүп кетесиң, жанымда эле жүрчү», – деп чакырган. Бир жолу Хабаровск шаарына кетишип, ордуна мен товар сатып калдым. Түшкө жуук жашы элүүдөн ашкан якут аял келип, өз тилинде товар наркын сурады. Кыргыздар менен якуттардын кебетеси окшошуп кетишет эмеспи, ал мени якут деп ойлоду окшойт. Түшүнбөгөнүмдү, якут эмес, кыргыз экенимди орус тилинде айттым.

«Орусиянын кайсы облусуна карайсыңар?» – деп күйдүрүп атпайбы. Кыргызстан өзүнчө республика экенин, Орто Азияда жайгашканын айтсам, түнт тайгасынан чыкпаган сөзмөр аял ишенбейт. Акыры: «Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовду билесиңби?» – десем, дароо мамилеси өзгөрдү. Жазуучунун «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» чыгармасын көп окуганын, башка чыгармаларын да билерин саймедиреди. Айтматов кыргыз экенин, мен дагы кыргыз экенимди, 1978-жылы 50 жылдык мааракесинде жолугушууга келгенде эл менен кошо сүрөткө түшкөнүмдү, китебине автограф жаздырып алганымды айтып мактандым. «Улуу жазуучунун улутташысың, ал баскан жерди басасың, ал дем алган

абадан дем аласың», – деп якут аял бакылдаганын койбойт. «Кыргызстанды билбейт, Айтматовду билет»,– деп мен сыймыктандым. Мекендин кадыры алыста жүргөндө билинет.

Буйруктанбы, 2014-жылы жазуучунун апасы Нагима Айтматованын бир тууган агасы Шарифтин уулу 80 жаштагы Ренат Абдулвалиев менен курбум Венера аркылуу тааныштым. «Мачкаралык Хамза – Чыңгыздын таятасы» деген китебин сатып жүрүптүр. Китеп орус тилинде, 500 гана нускада чыгыптыр. Автор өзү. Өмүр бою дарыгер болуп иштептир. Чоң атасы, Ч. Айтматовдун таятасы жөнүндөгү биринчи китептин чыгышына 66 жаштагы пенсионер Жамиля Хамидова демөөрчүлүк кылыптыр. Мен эртеси өз иштерим менен Астанага бараткам. Беш китепти ала кеттим. Базардагы кыргыздар алышты. «Кыргызчасы барбы? Жок болсо, которуп чыгарбайсыңарбы?» – деп суранышты.

Сонун идея экен, эмнеге кыргызчасын чыгарууга болбосун? Чыңгыздын таятасы кайдан, качан келгенин окурмандар билишке кызыгары анык. Орусчадан которуу менин колумдан келбейт. Кимге айтып, кимден сурансам деп ойлонуп калдым. Астанадан келсем, үйгө курбум, ОшМУнун профессору Бүшарипа Укуева келип калыптыр. Ал студенттерге жазуучунун чыгармаларын окутчу. Иш жүрүшөт деген ушул. Экөөбүз кеңештик. Бүшарипа: «Автор уруксат берсе, которуп көрсөмбү», – деп кызыгып калды.

Ренат Шарифович Абдулвалиевди үйгө чакырдык. Үч пенсионер сүйлөштүк. Бүшарипа котормой болду. Жазуучунун таятасынын 1900-жылы үй-бүлөсү менен түшкөн, эч жерде жарыяланбаган сүрөтү Абдулвалиевдин колунда бар экен. Айтматовдун кичинесинен берки 34 сүрөтүнүн да түп нускасын көрдүк. Ренат Шарифович менен үйүбүздө бир дасторкондон даам сызып, чо-

гуу сүрөткө түштүк. Ал Нагима апа жөнүндө көп жакшы нерселерди айтып берди.

Татарлардын Мачкара кыштагынан качан, кантип келип калышканы, атасынын байлыгы, чоңойгон чоң үйү, 1932-жылдардагы кыйынчылыктары жөнүндө эжесинен укканларын Ренат Шарифович эскерип отурду. Эч жерде жазылбаган көп маалыматтарды айтып берди.

Китепти Бүшарипа эки ай ичинде которуп бүттү. Басмакананын бардык иштерине өзүм чуркадым. 500 нускадагы китеп сапаты жакшы кагазда бир далай эле акча болду. Улуу жазуучунун таятасы жөнүндөгү китептин кыргызчасын чыгарууну Бүшарипа экөөбүзгө Кудай буйруган болсо керек. Баары бүткөндө, балдарыбыз менен кеңештик. Балдарыбыз басмаканага акчасын төлөп коюшту. Китепти чыгаргандан кийин, көбүн бекер эле тараттык.

Бүшарипа экөөбүздүн балдарыбызга, небereлерибизге улуу жазуучу жөнүндөгү 34 сүрөттүн түп нускасынан алынган, таятасынын өмүрү жөнүндөгү документтеринин, Төрөкул Айтматовдун качан кайтыш болгону тууралуу аялына берген маалымдаманын көчүрмөсү флешкабызда сакталып калды. Бүшарипа экөөбүздүн жашыбыз 70ке жакындаптыр. Дагы канча жашайбыз?.. Көзүбүз өтсө, урпактарыбыз сүрөттөрдү сыймык менен көрүп жүрүшөт эмеспи.

Бир өкүнгөнүм, Ренат Шарифовичке жолугуп, эжеси жөнүндө айткандарын жазып калсаңар деп тааныш журналисттерге кайрылдым эле, кайдыгер болуштубу же сааты чыкпадыбы, жолугушпай калышты. Ренат Шарифович Абдулвалиев 83 жашында каза болду. Бүшарипа экөөбүз билген Айтматов мына ушундай!

ЭР ТАЙЫН ТАРТАТ



Чыңгыз Айтматовдун атасы Төрөкул жана энеси Нагима.

Дүйнөгө кыргызды таанытkан улуу жазуучунун апасы Нагима Хамзаевна Абдулвалиеванын (Айтматованын) түпкү теги татарлардын Ишман шаджарасы (санжыра) боюнча Казань ханы Утямыш Гирейге (1546–1566) барып такалат экен.

Сүрөттөрдү карап жатып, аябай кызыгып сурап калдым:

– Ренат Шарипович, бул далилдерди кайдан таап алып жүрөсүз?

Нагима Айтматованын бир тууган агасы Шарифтин уулу Ренат Абдулвалиев 80 жашка чыкса да кайраттуу, эс-тутуму жакшы. Өмүр бою врач болуп иштептир. Кыргызчаны да жакшы сүйлөйт.

– Мен архивдик документтерди көп жыл изилдедим. Бул сүрөттөрдү Татарстандын Кукмар районунда-

гы край таануу музейинен көчүрмөлөп алгам. Менин чоң атам, жазуучунун таятасы Хамза ушул райондун Мачкарасынан болот. Ишман шаджарасы боюнча изилдеп, бул схеманы түздүм:



Чыңгыз Айтматовдун тайларынын санжырасы.

Чоң атам 1850-жылы Татарстандын Мачкарасында туулган экен. Фамилиясы Габдулвалиев, бирок Абдулвалиев болуп жазылып калыптыр.

Караколдо революцияга чейин эки үйү, дүкөнү, тери заводу болуптур. Аларды 1925–1926-жылдары Совет бийлиги тартып алгандыгы тууралуу архивдик көчүрмөсү мына, окуп көрсөң. Чоң атам, Чыңгыздын таятасы 1932-жылы өтө жакырчылыкта кайтыш болуптур, – деп, Ренат Шарипович 1926-жылдагы архивдик аныктаманын түп нускасынан алынган көчүрмөлөрүн жана чоң атасынын 1900-жылы үй-бүлөсү менен түшкөн сүрөтүн көргөздү.



Чыңгыз Айтматовдун тайларынын үй-бүлөлүк сүрөтү.

Мен жазуучунун чыгармаларын биринчи жолу окуучу кезимде, 1966-жылы окугам. Ошондо таэне, чоң эне болуп калганымда анын жакын тууганы менен баарлашам деп ойлобосом керек. Бул Кудайдын буйругу.

– Балким, чоң атам Татарстандан көчүп келбесе, Нагима кызы да келбей, кыргыздын Чыңгыз деген жазуучусу туулбай калат беле? – деп Ринат Шарифович сөзүн тамашалай бүтүрдү. Мен билген Айтматовдун эне жагынан санжырасы ушундай экен.

Бул жөнүндө Р. Ш. Абдулвалиевдин «Мачкаралык Хамза – Чыңгыздын таятасы» деген китебинде кеңири жазылган.

Бурулкан БАКЕЕВА,
ардагер.
Ысык-Ата району

«ЧЫҢГЫЗ АТА, СИЗ МЕНЕН СҮРӨТКӨ ТҮШСӨМ БОЛОБУ?»

Чыңгыз Айтматовдун чыгармасы боюнча тартылган «Ак кеме» көркөм тасмасын көргөндө, жөн гана кинодой кабыл алгам. Кийин китебин окуганда гана чыгарманын маанисине түшүнүп, абдан таасирленгем.

Айтматовдун чыгармаларынын ичинен «Гүлсарат» менен «Кылым карытар бир күн» мага өзгөчө таасир эткен – окуп алып ыйлаганым эсимде. Акыркы «Тоолор кулаганда» романын гана окуй элекмин. Аны сөзсүз окуйм.

Кичинемде Чыңгыз Айтматовдун ысымы дүйнөгө таанымал экенин билчүмүн. Бирок ушул улуу жазуучу менен жолугуп, ал турсун сүйлөшөм деп эч качан ойлогон эмес элем.

Эсимде... Мен Бишкектеги № 1 орто мектепте 5-класста окуп жүргөндө (2004-жылы), Чыңгыз Айтматовду жанынан көрүп, сүрөткө түшкөм.

Ошол күнү мен апама бир нерсе айтуу үчүн иштеген жерине кайрылгам. Апам Бактыгүл Чотурова «Кыргыз Туусу» гезитинде иштечү.

Редакциянын босогосун аттаганда эле, эл көптөй көрүндү мага. Апамдын кабинетине барсам, жок экен. Бирөөдөн сурасам, баш редактор Абдиламит Матисаковдун кабинетинде Чыңгыз Айтматов менен жамааттын жолугушуусу болуп жатканын, апам ошол жакта отурганын айтты.

Мен Айтматовду көргүм келди. Редактордун кабинетине барсам, чын эле апамдын кесиптештери жана мен

тааныбаган башка адамдар бар экен. Жолугушуудагы сүйлөшүүлөр жаңы эле бүтүп, эми эстеликке сүрөткө түшкөнү жатышыптыр. Мен апамдын жанына чуркап бардым.

– Сен мында каяктан жүрөсүң? – деп шыбырай сурады ал.

– Сизге келсем, бул жакта дешти, анан кирсем, Чыңгыз Айтматов келиптир, мен дагы көргүм келди.

– Анда сыртта күтүп тур, бир аздан кийин чыгам.

– Жок, чыкпайм. Айтматовго айтыңызчы, мен деле сүрөткө түшкүм келип жатат.

– Мен кантип айтам, диктофон менен да иштеп жатпаймбы? Өзүң «Чыңгыз ата, сүрөткө түшсөм болобу?» деп айтып көр.

Карасам, жанында тегеректегендер көп, бир нерселерди сүйлөшүп жатышат. Аңгыча сүрөтчү келип сүрөткө тарта турганын эскертип, баарына жакын туруу керектигин айта баштады. Мен Чыңгыз Айтматовго чуркап бардым да:

– Чыңгыз ата, сиз менен сүрөткө түшсөм болобу? – дедим. Ал мени таң калгандай карап, күлүп жиберди:

– Сен да «Кыргыз Туусунда» иштейсиңби? Анда келегой, сүрөткө түшөлү, – деп, мени өзүнүн алдына коюп, ийнимден кармап алып, баары менен кошо сүрөткө түштүк. Улуу жазуучунун мээримдүү караган көздөрү, коңур үнү күнү бүгүнкүдөй жадымда калды. Мен анда ушунчалык сүйүнүп, башкаларга кошулуп эки-үч ирет сүрөткө түшүп, Чыңгыз Айтматовду «Кыргыз Туусунун» редакциясынан узатышканча кетпей жүрдүм. Ошол күнү мен абдан бактылуу болдум, үйгө баратканымда көчөдөгү ары-бери өткөн эл мени суктана карап жаткандай сезилди. Алар менин Айтматовго жолугуп, өз үнүн, сөзүн угуп, эркелеп, сүрөткө түшүп келе жатканымды кайдан билишмек эле? Өзүмчө эле ошондой сезимге бөлөндүм да.




Чыңгыз Айтматов, «Кыргыз Туусу» гезитинин жамааты жана Эркингүл Тургунбекова. 2004-жыл. Шекербек Сартовдун фотосүрөтү.

Чындыгында эле бул күн менин эч унутулгус бактылуу күнүм катары эсимде калды. Анда мен балалык сезим менен улуу жазуучуга жолугуп, бирге сүрөткө түшкөнүмө эле төбөм көккө жеткен.

Азыр ойлосом, дүйнөгө аты чыккан залкардын адамгерчилиги да бийик тура. Болбосо бир кичинекей кызды элес албай койсо, эч ким эч нерсе демек эмес. Анткени Айтматовдой атактуу инсандардын жандап жүргөндөрдөн бошой албай калган кези көп болот эмеспи. Ошого карабай көңүл буруп, баланын көөнүн калтырбай, суранычына жооп кайтарып, жылуу алаканы менен алдына алып сүрөткө түшкөнү анын улуу жөнөкөйлүгү экенин түшүндүм.

Көпчүлүк учурда турмушта улуу талант улуу адам боло албай калышы же улуу адам улуу талант болбошу мүмкүн да. Ал эми бул эки касиеттин тең ээси болуп жаралуу – улуу тагдыр. Айтматов ошонусу менен өзгөчө жаралган тура. Азыркы жашымда мен андай улуу адамдын жанына барып сүрөткө түшүүгө батынбас элем.





Чыңгыз Айтматовдун «Кыргыз Туусу» гезитинин жамааты менен жолугушуу учурунда тартылган сүрөт. 2004-жыл.
Шекербек Сартовдун фотосүрөтү.

Балалыктын баёо тазалыгы, түздүгү менен ошого барганым үчүн азыр сүрдөп кетем. Бирок жашоомдо ушундай бактылуу учур болгонуна кубанам!

Ал күн мени жакшылыктарга сүрөгөндөй али да эстегенде дем берет. Менде ошондогу сүрөттөр жүрөгүмдө катылгандай сакталып жүрөт. Ал сүрөттөрдү көргөндө, ошондогу ажайып күндү жаркын сезим менен эстейм. Чыңгыз атанын ысымын дайыма сыймыктуу кайталайм!

Мектепти аяктагандан кийин мен М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетин бүтүрдүм.

Биздин үйдө Айтматовдун бардык китептери бар. Аларды баракталган сайын баягы күндү эстейм, ошондогу жолугушууну элестетем...

Мага айрыкча Мухтар Шаханов экөө сырдашуу иретинде жазган «Аскада калган аңчынын ыйы» деген китеби жагат. Анда адамзат жашоосунун философиясын таанууга болот.

Ошол китепте Чыңгыз ага менен сырдашып жатып Шахановдун минтип айткан жери бар: «Дүйнөнүн тарыхында Римдин атактуу императору Весисиандын уулу Тит «адамзаттын асылы» деген наамга арзыган. Бир ирет ошол Тит жан-жөкөрлөрүнүн курчоосунда Рим көчөсүндө келе жатса, көпчүлүктүн арасында кайырчы бала императорго саламдашмакчы болуп кол сунат. Мурда-кийин мындай шумдукту көрбөгөн журтчулуктун үрөйү учат. Титтин жан-жөкөрлөрүнүн бири ага дароо кылычын ала коюп умтулат.

– Токтот, – деген ошондо император дабышын өктөм чыгарып, – баланын эмне жазыгы бар?

– Сизге кол бергени чектен чыккан уятсыздык эмеспи, таксыр?

– Элимдин жаш атуулунун дээринде бар экендигин көрүп турабыз. Анын колун албасам, мени ки адепсиздик.

Кайырчы бала менен жылуу-жумшак амандашып, эркелете далысын таптаган Тит: – Мен император, бул кайырчы болсо – Кудайдын кылганы. Ал эми жылтыраган кийим адамгерчиликтин, эски-уску болсо, акылсыздыктын белгиси боло бербейт, – деп жез мундири жаркырап турган жан-жөкөрлөрүн жемелей караптыр. Ошол учурда: «Жашасын Тит!» – деген кыйкырык бүтүндөй Римдин асманын жаңырткан».

Ушуну окуганда, дүйнөлүк жазуучу Чыңгыз Айтматов менен Римдин императору Титтин жүрөгүндөгү бийиктикке таазим эттим! Мен дагы эле таасир алып жүрөм Айтматов менен жолуккан ошол күндөн. Ошондуктан дайыма мен дагы адамгерчиликтүү болуп, бардык адамдарга бирдей сый мамиле кылууга аракеттенем.

Быйылкы жылы Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдыгынын белгиленип жатышын кыргыз элинин майрамы деп түшүнөм. Албетте, дүйнөлүк адабияттын да майрамы, бирок баары бир ал кыргыздын Чыңгызы, ошон үчүн эң биринчи биздин элдин майрамы. Бир өкүнүчүм, ал тирүү болуп, 90 жылдык мааракеси өзүнүн катышуусу менен өтсө, кандай сонун болмок. Мен анда эптеп бир ылаажы таап, атабызга гүлдесте берип, ичине чогуу түшкөн сүрөтүбүздү салып коймокмун. Балким, ал дагы бир жолу ошондогудай жылуу жылмаймак.

Чыңгыз Айтматов деген ысым Жер үстүндө адамзат жашап турганда өчпөйт деп ойлойм. Кыргызды дүйнөгө тааныткан мындай залкарлар дагы көп эле төрөлсө экен деп тилейм.

Эркингүл ТУРГУНБЕКОВА,
экономист.
Бишкек шаары

«ТҮРМӨДӨ ОРУН ЖОК»
же Айтматовдун күлкүсү

Ошентип тилегеним кабыл болуп, Айтматов агайды көрдүм, жолуктум... Албетте, жолугушууну уюштуруп, мени унутпай чакырган досум Апилмажун Темиралиевге өмүр бою ыраазымын.

Дүйнөдөн
Семиз өтөт, арык өтөт.
Дүңгүрөп
Хандар өтөт, карып өтөт.
Токтолот
Далай пенде көмөчүнө.
Тоскоолду
Шумкар гана жарып өтөт!

(«Ой ордо» борборунда дубалда илинген жазуу)

Жумушту таштап, Таластан түндөп болсо да ашуу ашып жетип келдим. Жолугушуу 2008-жылы 19-январда Бишкек шаарындагы аспиранттардын жана жаш окумуштуулардын «Ой ордо» борборунда болуп өттү.

Айтылган убакытта жолугушуунун катышуучулары чогулуп күтүп отурсак: «Келди! Келди!» – деп калышты. Сыртка жүгүрүп чыктык. Айтматов агай чоң кара «Мерседес» машинесинин арткы эшигин шашпай ачып түшө бергенде, Апилмажун сол тарабынан сүйөп, «жардамдаш» дегенсип мага башын ийкеди. Мен агай менен саламдашып, оң колун кармап, колтугунан сүйөдүм. Кар жаап, жер сыйгалак болуп турган эле. Агай

бир аз эңкейип басып калыптыр. Ар нерсени айтып тамашалап баратты.

Чыдамсыздык менен күткөн адамыбыз чакан залдын төрүнөн орун алып саламдашты да, колун жаңсап баарыбызды отурууга чакырды. Киши көп. Мен агайдын сол тарабынан, стол четинен орун алдым. Жолугушуу жыйынын Апилмажун ачып, сөздү агайга узатты. Жолугушуу төрт-беш саатка созулду, ал киши көптөгөн кызыктуу жана пайдалуу нерселерди айтып берди. Угуучулар бирде таң калып, бирде жылмайып, кээде күлүп жыргап угуп отурушту. Мен болсо өз көзүмө ишенбей, улуу адамдын энергиясынанбы же аурасы таасир эттиби, бир сөзүн уксам экинчисин укпай толкунданып отурдум.

Чыңгыз агайдын Европада элчи болуп иштеп турганда Люксембург шаарындагы болгон бир окуя тууралуу аңгемеси мени өзгөчө кызыктырды. Эмесе, эсимде калган ошол окуяны агайдын атынан кыскача айтып берейин.

– Мен жаңыдан барып жашап турганда, Люксембург шаарынын бир жараны соттолот, – деп баштады Чыңгыз агай жылмайып. – Эмне кылмыш кылганы азыр эсимде жок. Биздин көз караш менен алганда, майда-барат эле жосун окшойт. Мындай окуя аларда өтө сейрек болот экен. Сот аны бир жылга эркинен ажыратып, чечим жазылган кагазды колуна карматат. Ал ыйлап-сыктап, үй-бүлөсү менен кош айтышып түрмөгө өзү эле жөнөйт. Жанында жандап жүргөн киши жок, кайтарган кароолу жок, түрмөгө өзүнүн машинеси менен келет.

Ооба, бизге бир чети күлкүлүү, экинчиден, таң калычтуу... Алар үчүн бул кадимки көрүнүш. Анткени өлкөдө тартип темирдей бекем, эли мыйзамды сыйлайт жана мыйзамга баш иет, бийликтин айтканын аткарат. Ошентип, соттун чечимин көтөрүп алып түрмөгө келсе, түрмө бош эмес. Демейде такай бош турган түрмөдө

бир да орун жок! Жаран таң калат. Кагазын көтөрүп алып түрмөнүн башчысына кирет. «Бул кандайча? Мен түрмөгө отурушум керек» – дейт... – Чыңгыз агай стол үстүндө турган стакандан ак суу ууртады.

Отургандар бир сыйра күлүп да, таң калып да, кээ бирлери ишенбегендей баштарын чайкап отурду.

Агай сөзүн улантты:

– Көрсө, окуя мындай болуптур. Люксембург шаарына жайы-кышы дебей туристтер көп келет. Көчөдө топурап жүргөн туристтерди күнүгө көрүүгө болот. Үч күн мурда Польшадан бир топ туристтер келиптир. Социалисттик режимден эркиндикке чыгып буулугуп калышса керек, аябай ичип алып, бейбаштык кылып, шаардын тартибин бузушуптур. Албетте, полиция баарын кармап, түрмөгө камап салат. Эми сот болмоюнча чыгарбайт экен. Түрмө чакан, болгону отуз гана орун бар, бирөө да бош эмес. Шаарда башка түрмө жок. Мен билгенден, ошол убакка чейин түрмө бош турса керек. Анткени мамлекетте тартипти бузгандар, кылмышка баргандар жокко эсе окшойт.

Соттолгон жаран ошол эле күнү үйүнө кайра келет. Бир жума өткөн соң түрмөгө дагы барат, абак дагы эле бош эмес. «Сот боло элек» – деп түрмөнүн башчысы шартты түшүндүрүп, кечирим сурап, жаранды артка кайрыйт. Ал он чакты күндөн кийин үчүнчү ирет түрмөгө барат. Дале бош эмес. Польшалык туристтер абакта жатып да түрмөнүн ички тартибин бузушуптур, анан, албетте, жаза мөөнөтү дагы эки жумага узартылыптыр.

Бул жерден айтып кетейин – Люксембургдун түрмөсүндөгү камералар кадимки шаардык батирлер сыяктуу, бардык жагынан жайлуу, Интернет, китепкана, спорт, кино залдары жана да биз билбеген башка шарттары бар. Төрт маал кадимкидей тамак берилип турат. Мүмкүн, ошол себептен польшалык туристтер

убактылуу болсо да кеткиси келбегендир. Бекер даамдуу тамак, бекер люкс «мейманкана»...

Тиги соттолгон жарандын ачуусу чындап келет. Жогорку сотко кайрылат: «Мен убакытты коротпой жаза мөөнөтүмдү тезирээк аякташым керек!» – дейт жана башка сөздөрдү айтып даттанат. Жалпыга маалымдоо каражаттары бул маселени көтөрүп чыгышат, ызы-чуу мамлекет башчысына чейин жетет... Мамлекет башчысы ишти кайра каратып, коомчулуктун талабы менен жаранга мунапыс берип, жазадан бошотот. Мына ушинтип бул окуя миллионго жетпеген калкы бар кичинекей мамлекетте чоң уу-дуу жаратат.

Биз үчүн абдан кызыктуу окуя, бирок мен муну эмнеге айтып жатам? Европадагы кээ бир өнүккөн мамлекеттердин экономикалык көрсөткүчүн, цивилизациясын жана элинин аң-сезимдүүлүгүн белгилегим келет. Биз да ушундай бийиктикке эртерээк жетсек деп тилейм. Ал үчүн силер, силерге окшогон окумуштуу жаштар Мекенди иш жүзүндө сүйүп, болгон билимиңерди, күчүңөрдү жумшап, экономикабызды жана элдин аң-сезимин көтөргөнгө өбөлгө түзүшүңөр керек, – деди агай сөзүнүн аягында.

«Баатырдын даңкын алыстан ук, жанына келсең бир киши» деген сөз абдан туура айтылган экен. Жолугушуу учурунда бизге Чыңгыз Айтматов агайдын жөнөкөйлүгү, жупунулугу ушунчалык жакты. Көптөн бери көрүшпөй жүргөн жакын тааныш адамыбыз менен маектешкенсип отурдук. Сүйлөгөнү да уккулуктуу, эч жадабайсың, угуп эле отургуң келет. Берилген суроолорго эч шашпай жеткиликтүү кылып жооп берип жатты. Күлсө да чын ниетинен жылмайып, акырын каткырып, отургандарды өзүнө тартып турду.

Аягында мен да жөн отурбай атайын ала барган «Куудул куржун» аттуу жаңы чыккан китебимди тартуулап жатып:

– Ушул тырмак алды чыгармамды, чакан болсо да, Люксембургдай кичинекей болсо да, ыраазы болуп алып коюңуз, – дедим.

Ошондогу агайдын чалкалай берип каткырганы эсимден эч качан кетпейт!..

Кайдасыз, Чыңгыз агай?.. Эх! Бири кем дүйнө...

Авазбек ЖУСУПБЕКОВ,
эмгек ардагери.
Бишкек шаары



«Мен билген Айтматов» сынагынын жеңүүчүсү Сүйүнбай Капаровдун сыйлыгы карындашы Гүлайым Капаровага (оңдо) тапшырылууда. «Азаттыктын» фотосүрөтү.

АЙТМАТОВГО УЯТ БОЛГОНДО

Иш столумдагы телефон тынымсыз чырылдай баштады. «Жогору жактагылар», – дедим ичимде. Алар менен ушинтип байланыштырат.

– Угуп жатам.

– Сизге «биринчи» чалат. Азыр кошом.

Аңгыча райкомдун биринчи катчысынын үнү угулду.

– Сүйүнбай Капарович! (Эки айдан бери «-овичке» көнө албай жүргөм. Окшошпойт экен). Мага келип кетчи.

Салам-аликти кээде гана айтышпаса, ушинтип кыска сүйлөшчү жогору жактагылар. Саатты карадым. Түш ооп, саат төрт болуп калган экен. Редактор (ал кишинин орун басары болуп ишке барганмын) С. Маматалиевге кирдим да: «Чакырып жатат», – дедим. Ал «барагой» дегендей башын ийкеди. «Биринчи» менен редакторубуз чатакташып жүрүшкөн.

– Так, мындай! – деди биринчи катчыбыз Эргеш Ташматов. – Бүгүн Чыңгыз Айтматов Базар-Коргонго келди. Эртең 6-октябрда биздин районго келет. Биздин № 332 «Ленин жол» шайлоо округу боюнча СССР Жогорку Советинин депутаты эмеспи. Ошондуктан алты жерде жолугушуу өткөргөнү жатабыз. Так что, алты жерде чыгып сүйлөйм, алты түрдүү текст жазышың керек. Эртең саат онго даярдап кел, калган сөздү ошондо сүйлөшөбүз...

1980-жылдын күзү келгени менен аба ырайы али жылуу. Айрыкча мен барган Ленин (азыркы Ноокен)

районунда жылуу болот. Ошентсе да эмнегедир ичиркенип кеттим.

Райкомдун бөлүмдөрүнөн, райондук китепканадан керектүү маалыматтарды жана редакциядан машинканы алдым да, мейманканадагы бөлмөмө келдим (көчүп бара элек болчумун). «Ушундай да болобу! – дедим ичимде. – Алты түрдүү докладды бир түндө жазып чыгуу... Өздөрү болсо бир доклад жазыш үчүн бир ай отурушат!»

Машинкага таянып, бир топко отурдум. Башталышы кыйын болду. Өзүмдү күчкө салып кирише баштадым. Ар бир сөздү, ар бир сүйлөмдү ойлонуп, машинкада так, таамай жазууга аракеттендим. Бузуп албайын, кайра көчүрүп отурбайын дегем. Анткени «биринчи» үтүр-чекитине, тазалыгына айрыкча маани берчү.

Адегенде Айтматовду тааныштырып, анын чыгармачылык ийгиликтери, депутат катары да көп иштеп жаткандыгы, ошентсе да убакыт таап шайлоочулары менен жолугушууга келип отургандыгы, ал эми райондун эли беш жылдыкты өтө жакшы көрсөткүчтөр менен аткарып жатышкандыгы жөнүндө жаздым. Анан жол баракты карап, тийиштүү колхоздордун, бригадалардын көрсөткүчтөрүнөн кошуп жазып койдум. Сүйлөм түзүлүштөрү жана далилдер ар түрдүү болгону менен, ар бир тексттин мазмуну окшош эле... Таңкы саат төрттө бүттүм.

– Келдиңби? – деди эртеси биринчи катчыбыз Эргеш Ташматов. – Кана, эмне иштерди аткардың?

Мен ирети менен көрсөтө баштадым. Эргеш Ташматович үстүртөн эле көз жүгүртүп, мындай деди:

– Бери келчи.

Ал чоң кабинетинин артындагы эс алуу бөлмөсүнө жол баштады.

Эргеш Ташматович салмактуу денеси менен жумшак отургучтун бирине ныгыра отурду да, экинчисин мага сунуштады.

– Мындай, иним, жазгандарыңды мейманды күтүп атканча окуп алармын. Чынын айтканда...

«Айтсамбы же айтпасамбы» деген кыяз менен мени тиктеп, бир азга токтоп калды.

– Айтматовдун көпчүлүк чыгармаларын окуган эмесмин. Айрыкча акыркыларын. Мага анын китептери боюнча маалымат берчи?

«Ушундай да болобу?» – дедим ичимден.

– Бардыгынанбы?

– Бардыгынан. Бирок кыска, окуясын жана каармандарын гана айтчы?!

Мен бир жарым сааттын ичинде Айтматовдун бардык чыгармалары боюнча кыскача маалымат бердим.

– Ошентип, Айтматов повесть жанрынан романга өттү. Жакында, ноябрда анын «Кылымга тете бир күн» романы «Новый мир» журналына жарыяланат. Ал жөнүндө басма сөздө жазып жатышат, – деп аяктадым. Ушуну бекер айтканыма кийин өкүнүп калбадымбы...

– Кыскасы, Сүйүнбай Капарович, мен «Чыңгыз Айтматовду кантип тосуп алам?» менен эле башым катып бүттү. Эми мындай, ал киши сен болуп, үчөөбүз бир машинеге отурабыз. Сен алдыда, артта Чыкем экөөбүз. Чыгармачылык жөнүндө эле сөз болуп калса, сөзгө сен аралашып кетесиң, алым-сабакты сен гана жүргүзөсүң, а мен болсо баш ийкеп гана отурам. Басканыбызда да, отурганыбызда да ошондой болосуң, сол жагымда жүрөсүң. Макулбу? Кеттик!

Түштөн кийин райондун кире беришинде Чыңгыз Айтматовду Базар-Коргон райкомунун биринчи катчысы Үсөн Сыдыков, Ош облаткомунун төрагасынын орун басары Абдырай Каниметов (аялы менен), Айтматовдун аялы Керез жеңе жана дагы бир министрдин аялы коштоп келишти. Нан, туз менен тосуп алгандан кийин окуучулар үйлөрүнөн алып келип, соолубасын деп арыктагы сууга салып коюшкан гүлдөрүн тартуулашты.



Чыңгыз Айтматовду тосуп алуу.

Фрунзе шаарында (Бишкекте) окуп жүргөнүмдө анча-мынча жолугушууларда көргөнүм болбосо, Айтматовду жакындан, бетме-бет көрүп отурганым ушул болду. Арстандын көз карашындай токтоо жана өткүр экен көздөрү. Үсөн Сыдыковдун тиктегени илбирстикине окшоп кеткен. Экөөнүн тең көздөрү көгүлтүр жашыл...

Биз отурган машине райондун «Ленин жолу» колхозун көздөй жөнөдү. «Тапшырма» боюнча алдыда мен отурам. Рулда биринчинин айдоочусу. Эргеш Ташматов Чыңгыз Айтматовго бара турган колхоз, токтой турган бригадабыз жөнүндө акырын үн катып, маалымат берип келе жатты.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты Калипа Акматкулованын бригадасына келдик. Шыйпаңдын алды гана эмес, кырманынын четинен бери мизилдете шыпырылып, суу себилген.

Кырманда кечээ терилген пахталар да тапшырылбай үйүлүп турат. Түшүм мол болуп жатканын көрсүн дешкенби? Автодүкөндөр керектүү оокаттарды жайна-

тып койгон. Көрүнөө жердеги узун столдо Айтматовдун китептери тизилген. Ураан-чакырыктар жазылган кызыл-тазыл жарнактар илинген... Музыкант аккордеонунда Токон Эшбаевдин «Эжекеме» ырын безелентет. Колхозчулар бийлеп жатышты... Кол чаап туруп калдык.

«Биринчинин» сол тарабында турууга аракеттенем. «Биринчи» эскертип койгон окшойт, райкомдун бюро мүчөлөрү артта турушту. Талдын түбүндөгү көлөкөгө узатасынан коюлган столго келип отургандан кийин Эргеш Ташматов мен жазып берген сөздү баштады. Кырааты менен өтө ийкемдүү окуду. Айтматовдун чыгармаларына, ишмердигине бир аз токтой калып, ага жана элге карап койгонду да унутпай, шыр сүйлөдү.

Андан кийин чыгып сүйлөгөндөр да Айтматовго көбүрөөк токтолуп жатышты. Жетине албай, көп сүйлөөгө аракеттенишет. Талдын көлөкөсү эбак ооп, күн кактай баштаган. Ошол аралыкта Айтматов мени ымдап чакырып калды.

– Мен отурган машинеде калпагым бар эле, алып келе койчу? – деди.

Айдоочусунан калпакты сурасам, момозуйдан тигилген ак шапкени бере салды. «Кантип эле Айтматов шапке кийсин!» – дедим ичимде. Чыке ыракмат айтып, кийип алды да, кезеги келип калгандыктан, сүйлөй баштады. Өзү шайланган шайлоо округунда чечилбей жаткан маселелер көп экенин, алардын айрымдары чечилгендигин, айрымдарын тиешелүү жерлерге тапшыргандыгын айтып жатты:

– Ал эми сиздердин колхоздун негизги маселеси – суу. Шайдан-Сай каналын тез арада курушубуз керек. Ошондуктан ал туурасында буюртмалар берилди. Жакын арада башталып, кошумча жерлер да өздөштүрүлөт (кол чабуулар).

Айтматов райондогу, жалпы эле округдагы көйгөйлүү маселелерди алакандай эле кагазга көз чаптырганча шашпай, оор-басырыктуу жана ишенимдүүлүк менен

сүйлөп жатты. Арасында кол чабуулар коштолуп турду. Негедир чыгармачылыгы туурасында сөз болгон жок.

Кийин райборборду көздөй жөнөдүк.

– Бул жигит сиздерде иштейби? – деди Айтматов мени карап.

– Ооба, Чыңгыз Төрөкулович, – деди чочугандай Ташматов. – Сүйүнбай Капарович деген жигитибиз. Бизде иштейт, райондук «Ленинчил» газетасынын редактору, райкомдун бюро мүчөсү, райсоветтин депутаты.

(Каратып туруп калпты кошуп жибергенине таң калып, ыңгайсыздана түштүм.)

– Жаш экен, жаштарды көтөрмөлөп жатканыңар дурус...

Коштоп жүргөн МАИнин машинеси жаңыдан түшкөн «Бакай» дүр-дүнүйө дүкөнүнөн өтүп токтоду. Адам деген кымгуут. Сырттагы чакан аянтчадан дүкөндүн эшигине чейин килемдер төшөлгөн. Кызыл тасманы тартышып, улуттук кийим кийишкен эки кыз, алардын алдында нан, туз сунуп бир сулуу турат. «Ой тобо, мындан үч ай мурда эле Ош обкомунун биринчи катчысы Т.Х.Кошоев келип ачып кетпеди беле», – деп таң калдым ичимден.

Биз килемдин үстүнө келип токтодук. Эргеш Ташматович даярдалган текст менен сүйлөй баштады:

– Эми, – деди сөзүнүн аягында, – облусубуздун башка райондорунда жок, эң чоң соода түйүнүн ачуу Чыңгыз Төрөкуловичтин келишине туш келип калыптыр, кана эмесе, ачып бериңиз?

Айтматов кыска сүйлөөгө аракет кылды. Бирок чыгармачылыгы боюнча райондун интеллигенциясынан беш-алты суроо түшүп, кармалып калды.

Ошентип, соода түйүнү ачылгандан кийин анын жанында жаңыдан эле ачылган «Алаш» ресторанында чай берилди.

Кочкор-Атадагы «Кыргызнефть» өндүрүштүк бирикмесиндеги жолугушуу бир топ жандуу өттү. Антке-

ни ал жерде башка улуттун калкы, айрыкча орус улутундагылар көп болгондуктан, суроолорду жамгырдай жаадырышып, Айтматовду кара терге түшүрүштү. Ал аз келгенсип, китептерин сунуп, кол тамга алып, көпкө кармашты.



Чыңгыз Айтматов окурмандарга кол тамга коюп берүүдө.

Калинин атындагы колхоздун Социалисттик Эмгектин Баатыры Малик Акчабаевдин бригадасындагы жолугушуу кызыктуу талаш-тартыш менен өттү. Ал жерде улуу жазуучу кечирим сурап, Ташматовдун текстин окуттурбай койду. Калган кеп оозеки, жандуу өтө баштады.

– Эми, Чыңгыз үкам, – деди, көкүрөгү орден-медалга толгон согуштун жана эмгектин ардагери: – Рахманжан колхозу, биздин колхоз, оягы Ленинград колхоздорунун эли өзүбүздөн чыккан Кочкор-Атанын газы менен камсыз болуп, очок-тандырыбызга чейин киргизип алган болчубуз. Жарым жылдан бери өчүрүп сал-

ды, Ферганадагы головнойго газ керек дешип. Ушуну да карап берсең, үкам?

Айтматов облаткомдун орун басары Абдрай Каниметовго сөз бере салды. Ал киши бул маселеден кабары жокпу, чаргытып сүйлөп, кээде өзүнүн үйүндө да газ болбой каларына чейин бежиреп кирди. Жанагы аксакал чыдай албай тура калды:

– Эй, таксыр, мен сиздин үйүңүздөгү газды сурап жатканым жок. Мен өзүмдүн үйүмдөгү газды да айтып атканым жок, мен элдикин айтып атам. Туура, так жооп бериңиз!

Алардын талашына «Кыргызнефть» өндүрүштүк бирикмесинин башкы деректиринин орун басары Абдыкалыков аралашып, араң басты.

Күн бата баштагандыктан, Социалисттик эмгектин эки жолку Баатыры Камал Султановдун, СССР Жогорку Советинин депутаты Макбурат Абдукаимованын, пахтачылык бригадаларында жолугушуулар суроо-жооп иретинде кыска өткөрүлүп, Чыңгыз Айтматов пахта теримчилери менен сүрөткө көбүрөөк түштү. Кайсы гана бригадага барбайлы, эки күндүк терилген пахтаны кырманга тоодой кылып үйүп, көз боёмочулук кылышканы билинип эле турду.



Чыңгыз Айтматов (ортодо).

Ал эми колхозчулар жумушчу кийимдери менен эмес, тойго барчудай жасанышып, анан үстүнө пахта терген кир этектерин тагынып алышкан. Казандарда тамак-аш кайнап, майрам шаңы өкүм сүрөт. Чыкем өзүн эркин сезип, талаадан уучтап пахта да тере койду. Азыркыдай жансакчылар, жардамчылар дегенден нымым жок. Райондун милиция башчысы гана бир-эки адамдары менен жүрүштү. Алар да жарандык кийимчен.

Кечки тамак менен жатар конок «СССРдин 50 жылдыгы» атындагы совхоздун саябандуу мейманканасында болгондуктан, ошол тарапка жөнөп калдык. Машинеде бирин-экин гана сөз болбосо, көбүнчө үн катпай келатканбыз. Анан эле Эргеш Ташматов «балп» эттирип коё салбадыбы: «Жаңы жазган романыңызды окуп чыктым», – деп. Мен селт этип чочуп кеттим. Айтматов аны таңыркай карап калды...

– Эргеш Ташматович, «Кылымга тете бир күн» романы «Новый мир» журналынын кийинки санына жарыялануат деп басма сөздө айтып жатышпайбы, ошолорду окуп алсаңыз керек? – дедим мен шашып-бушуп. Романдын атын да эскерте кеттим, «керек болуп калабы» деп.

– Ошо, ошолорду окуп... – Ташматов шашып калды. Эртең менен бекер айткан экенмин деп мен да ыңгайсыз боло түштүм.

– Сыр болбосо, эмнелер жөнүндө жазгансыз? – деп Ташматов болбой эле дагы сөзгө кирди.

– Ай талаа, ай талаадай адам акылынын көрөңгөсү айтылат, – деп кыскача жооп берди Айтматов.

Баары бир билип алды кыраакы адам. Унчукпады...

Күздүн берекеси менен молчулугу кечки жайылган дасторкондон ачык эле көрүнүп турду. Айтматов Абдырай Каниметов менен илгертен дос экенин билдирип, анын кылык-жоруктарын айтып, күлдүрүп олтурду.

Согуш мезгилиндеги ырлардан ырдап берди, айрыкча «Кыймылдап поезд баратканды» коңур үнгө салып жай, жакшы ырдады. Каниметов болсо Жапар Ча-

балдаевдин үнүнө салып, эзип жатты. Аялдар «Кызыл өрүктү» созолонтушту. Кыскасы, кечки тамак отурушу көңүлдүү, куунак өттү.

Жатар убак болгондо, Айтматов калгандарына «эс ала бериңиздер» деп, Каниметовго да уруксат берип койду. «Ушул жаш жигит, редакторуңар, калса болот», – деди. Чочуп кеттим.

– Кантип эле бир бөлмөдө экөөбүз?.. – деп алдым.

– Сыртка чыгып келбейлиби, – деди, кийимин алмаштыргандан кийин Айтматов. Ага спорт кийими куп жарашыптыр.

Узун көчө менен түнкү жарыкта кете бердик. Айылдын чыга беришиндеги шыйпаңда пахта терүүгө жардамга келген студенттер бийлеп жатышат. Көпкө карап турдук...

– Жаштык да, – деп алды Айтматов.

Бизди бир караан акмалап жүргөнүн билип эле турдук. Көрсө, ал участкалык милиционер экен.

Экөөбүз жата турган бөлмөгө киргенибизде минтип сурады:

– Коңурук тартасыңбы?

– Тартам.

– Менден кийин уктачы, бирөөнүн коңуругуна эч качан уктай албайм, – деди да, жатууга кам урду. Эми анын чарчагандыгы ачык эле билинип турду. Мен акырын сыртка чыктым да, кароолчу, милиционер болуп кобурашып отурдук.

– Жөнөкөй эле киши экен, – деди милиция.

– Ооба, – дедим мен.

Жөнөкөй киши ал учурда элүү эки жашта эле. Толуп турган учуру болчу, толуп турган.

Сүйүнбай КАПАРОВ,
журналист,
«Билим булагы» гезитинин редактору.
Ош шаары

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ МАГА ЫРААЗЫ БОЛГОН

2007–2008-жылдардын аралыгында «Сильва» билим борборунун президенти Апилмажун Темиралиевдин демилгеси жана жетекчилиги менен «Мугалим – ардактуу инсан» темасы боюнча дил баяндардын жалпы республикалык кароо-сынагы уюштурулган.

Сынактын шарттарына ылайык, дил баянда «Мугалим – ардактуу инсан» деген улуу чындыкты жергиликтүү мисалдар менен чагылдыруу керек эле. Сынактын катышуучуларына жашаган жериндеги биринчи мугалими же өзүнүн сүйүктүү мугалими жөнүндө баяндоо сунушталган.

Кароо-сынактын мөөнөтү бир жылга созулуп, республикабыздын бардык аймактарынын мугалимдери жана окуучулары катышып, өздөрүнүн ой чабытын, чыгармачылык дараметин сынап көрүшкөн.

Бул сынактын жарыясы чыкканга чейин эле айылыбыздын биринчи мугалими Аблес уулу Алайдар жөнүндө дээрлик 12 жыл иликтеп, карылардан сурамжылап, маалымат топтоп жүргөн элем. «Алайдар молдокемдин мектеби» деген дил баян жазып, сынакка жибердим. Анда биздин мектепке ысымы коюлган алгачкы мугалим, анын баа жеткис эмгеги, тунгуч мектепти курудагы элеттик элдин ынтымагы, жаштардын билим алууга болгон ынтызарлыгы жөнүндө баяндаган элем.

Тандалган дил баяндарды калыстар тобу дыкаттык менен карап чыгыптыр. Ошол учурда «Сильва» билим борборунун президенти Апилмажун Темиралиев мага телефон аркылуу: «Замир, сенин дил баяныңа Чыңгыз

Төрөкулович жакшы пикирин айтты!» – деп сүйүнчүлөдү.

Кароо-сынактын жыйынтыгы Бишкек шаарындагы Агрардык академиянын жыйындар залында 2008-жылы 17-январь күнү өтө турганын жана ага доорубуздун залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун катышарын да айтты. Ошол салтанаттуу чогулушка сөз сүйлөө үчүн даярданып кел деди. Мен буга абдан кубандым. Айылдаш жердешибиз, улуу манасчы Орозбак уулу Сагынбай атабыздын сүрөтүн улуу жазуучубузга тапшырууну да туура көрдүм.

Залкар жазуучу катышкан жыйын салтанаттуу маанайда өтүп жатты. Чогулушта алгач Чыңгыз Төрөкулович сөз сүйлөп, мугалимдик кесип, анын эбегейсиз эмгеги, коомдогу орду, дегеле илим-билим жөнүндөгү таамай ойлорун ортого салды. Белгилүү окумуштуулар, адабиятчылар да чыгып сүйлөштү. Кароо-сынактын жеңүүчүлөрү болгон мугалимдерге да сөз берилди. Жалал-Абад облусунун Манас орто мектебинин деректири Насыров Кутман Ч.Айтматовдун чыгармаларын мектепте окутуу боюнча өзү түзгөн тест-жандырмак китебин жазуучуга тапшырды. Андан кийин сөз кезеги мага келди.

Сөзүмдү чыгыш элинин улуу ойчул, феномен акыны Жусуп Баласагындын канаттуу ыр саптары менен баштадым.

«Бүт ийгилик билим менен алынар,
Билим менен асманга жол салынар!» –

деп бабабыз Жусуп Баласагын 900 жыл мурда аэронавтика, космонавтика илими жөнүндө түшүнүк жок кезде эле айткан экен. Ал ошондой эле:

«Билим берди – адамзат улуу болду,
Билим менен көп ачты сырдуу жолду», –

деп өзүнүн канаттуу ыр саптарында мугалимдик кесипти даңазалаган. Кыргыздар эзелтен билим алууга умтулган эл болгондугун тарыхыбыз тастыктап турат. Буга миңдеген жылдардан бери дүйнөдөгү көлөмүнүн чоңдугу, көркөмдүгү жана мазмунунун тереңдиги жагынан айыр-

маланган «Манас» эпосунун ооздон-оозго өтүп, оозеки айтылып келе жатышы да айкын далил. Кыргыз элибиз ар кайсы дооорлордо ар кандай жазмаларды колдонгон. Буга ачык асман астында музейге айланган Орхон-Энесай, Кочкордогу Көк-Сай жазуулары, аска бетиндеги ташка чегилип жазылган петроглифтер мисал боло алат.

Урматтуу Чыңгыз Төрөкулович, сиздин «Биринчи мугалим» повестиңиз – кыргыз элинин Кеңеш доорунун алгачкы жылдарында айыл жериндеги мугалимдин тоодой тоскоолдуктарды, карама-каршылыктарды жеңе билип, каармандык менен жасаган иш-аракеттерин көркөм боёктор, улуу ойлор менен сүрөттөгөн сонун чыгарма. Алгачкы мугалимге, алгачкы окуучуга коюлган зор эстелик катары дүйнөлүк китеп окурмандарына кеңири таанымал чыгарма экендиги талашсыз. Албетте, мугалим – ардактуу инсан, – дедим.

Салтанаттуу жыйында сүйлөгөн сөзүмдү Чыңгыз Төрөкуловичтин баш ийкөө менен кубаттап отурушу мени аябай толкундатып, сыймыкка бөлөп жатты. Жыйындар залындагы окумуштуу-адабиятчылар, жогорку окуу жайларынын окутуучулары жана кароо-сынактын катышуучулары да тынч отуруп, кунт коюп угуп жатышты. Сөзүмдүн аягында улуу манасчы Сагынбай Орозбак уулунун сүрөтүн бийик кармап, Чыңгыз Төрөкуловичке мындай деп кайрылдым:

– Урматтуу Чыңгыз Төрөкулович, Сиз улуу манасчы жөнүндө: «Сагынбай – бул бир ааламда укмуш жаралган уникалдуу талант», – деп белгилегенсиз. Мен ошол улуу манасчы Сагынбай ата жашап өткөн Кочкор районундагы Кара-Күңгөй айлынан келдим. Миллиондогон касиеттүү ыр саптарын көкүрөгүнө батырган алп манасчыбыздын сөөгү айылыбыздын жанындагы Аймамбеттин коргону деген жерге коюлган. Кара-Тоонун ары жагындагы коңшу Ак-Өлөң айлынан Саякбай Каралаев атабыз ат минип, колуна бүркүтүн кондуруп алып, Алайдар, Ыбырай, Асанкожо аттуу чоң аталарыбызга келип мейман болуп, «Манас» айтып берчү экен.



Кезинде Чыңгыз Айтматов менен баарлашкан инсандар: З. Алдаяров, А. Темиралиев. «Азаттыктын» фотосүрөтү.

Алп манасчыларыбыз Сагынбай, Саякбай аталарыбыздын буту баскан, аян алып «Манасты» айта баштаган жердеги алгачкы мугалим Аблес уулу Алайдар атындагы орто мектептин жамаатынын жана жалпы эле Кочкор районундагы Кара-Күңгөй айылынын элинин атынан Сизди 80 жаш курагыңыз менен куттуктайм! – деп кол чабуулардын коштоосунда улуу манасчынын атайын даярдалган сүрөтүн Ч.Айтматовго тапшыргандыгым жашоо-турмушумдагы зор окуя катары эсимден кетпейт.

Чыңгыз Төрөкулович сүрөттү ыраазылык менен кабыл алып, колумду кыса кармады. Анан «Кассандранын эн тамгасы» китебинин биринчи бетине: «Замир Алдаяровго, ыраазычылыгым менен, ак сакалдык ак тилектер менен», – деп кол тамгасын жазып берди. Буга мен дайыма сыймыктанып келем. «Адамдын улуулугу анын жөнөкөйлүгүндө» деген элибиздин накыл сөзү бекер жерден айтылган эмес экен. Улуу адамдын жөнөкөйлүгү, коңур үнү, жаштарга айткан акыл-насааты, мээрими дайыма жадымда.

Замир АЛДАЯРОВ,
педагог. Кочкор району

АЛТЫНАЙ МЕНЕН ТОЛГОНАЙГА БЕЛЕК

1993-жылы декабрь айында Чыңгыз Айтматов менен жолугушуу болот деп Талас облусунун ар бир районунан кырк-элүүдөй тургундар чакырылды, алардын арасында мектеп мугалимдери, окуучулары, активдери бар.


Жолугушуу Кызыл-Адыр айылында Чыңгыз Төрөкуловичтин сунушу менен саат 10дон 12ге чейин өтө турган болду. Түшкү тамактан кийин саат экиде Шаханов менен жолугушууга Казакстанга чыгып кетет экен.

Көңүлү ачык эле, жолугушуу да жакшы маанайда өттү.

Жолугушуу бүткөндөн кийин Кара-Буура районунун китепкана башчысы Чыңгыз Төрөкуловичти жана райондун бир нече активин түшкү тамакка чакырып калды.

Дагы 10–12 киши кошулду, облустук кеңештин башчысы Бекболот Доолбекович баштап бармай болду. Ал баарыбызды тааныштырып жатты. Мага кезек келгенде, кыздарыма Чыңгыз Айтматовдун китептеринин каармандарынын ысымын ыйгарганымды айтып калдым.

Ошол каармандардай кайраттуу, билимге умтулган, элдин керегине жараган адамдар болсун деп улуусун Толгонай, кичүүсүн Алтынай деп койдук эле. Ошондо Чыңгыз Төрөкулович сумкасын кармап, шашып калды, андан бир китеп алып чыгып, кол тамга жазып: «Кыздарыңа берип кой» – деп китепти мага сунду.



Жыйырма беш жыл мурда Чыңгыз Айтматов ушул китепке кол тамгасын коюп, Тилекбек Кудайбергеновго тапшырган экен.
«Азаттыктын» фотосүрөтү.



Тилекбек Кудайбергенов китепти ушул күнгө чейин сары майдай сактап келет. Анын Алтынай жана Толгонай деген эки кызы бар.
«Азаттыктын» фотосүрөтү.

Андан кийин тамак убагында менден Жийде айылы, анда жашап турган Алымбек аксакал, Толгонай чоң эне жөнүндө эки-үч жолу сурады. (Айтматовдордун үй-бүлөсү Төрөкул Айтматов репрессияга дуушар болгондо, азыркы Манас районундагы Жийде айылында бир нече жыл турган). Тамак убагында Чыңгыз Төрөкуловичке баш тартылганда, ооз тийип: «Толгонайдын атасына узаткыла», – деп кешигин мага сунду.

Мен баштын жарымын ошо жерден бөлүп берип, жарымын районго алып кете турган болдум. Айткандай эле кабар-маалымат районго менден мурун жетиптир. Улуу кишинин кешигин ооз тийүү үчүн райондун кызматкерлери бир заматта чогулду.

Бул китеп үйдө сакталып турат. Келген коноктorго көрсөткөндөн тажабайм. Кыргыздар балага ат коюуга ар дайым өзгөчө көңүл бурушат. Тарыхый инсандардын, жакынкы чөйрөдө же эл арасында оозго алынган адамдардын атын койгонго аракет кылышат. Бул жөрөлгөнүн артында ошолордой адам болсун деген чоң үмүт бар.

Ушул үй-бүлөлүк окуяны «Азаттыкта» жарыяланган сынакка билдирип коюуну туура көрдүм.

Тилекбек КУДАЙБЕРГЕНОВ,
эмгек ардагери.
Бишкек шаары

АЙТМАТОВ МАНАСЧЫЛАРДЫ КОЛДОЧУ ЭЛЕ

1995-жылдын август айы. Айкөл Манастын дүйнөлүк мааракесин майрамдайбыз деп турган кез. Кыргыз Республикасынын Бельгиядагы ыйгарым укуктуу элчиси, Жогорку Кеңештин депутаты болуп турган Чыңгыз Айтматов менен парламенттеги иш кабинетинде дил маек куруп отурганбыз.

Бир маалда телефону шыңгырап калды.

– О-о, Федерико, саламат, иштериң жакшыбы?

ЮНЕСКОнун ошол кездеги баш деректири Федерико Майор чалган экен. Тилмеч которуп турду.

Сүйлөшүп бүткөндөн кийин Чыкем:

– Федерико Майор жөнүндө гезитиңде материал барбы? – деп сурап калды.

Гезиттин ошол санын «Манас» эпосунун миң жылдыгына карата даярдап жаткан элек.

– Жок, – деп жооп бердим.

– Анда кетирип кой. Турмушта достук мамиле көп нерсени чечет. ЮНЕСКОнун баш деректири Федерико Майор өзү колдоп бербегенде, минтип Манастын дүйнөлүк мааракесин өткөрө албайт болчубуз, – деди.

Анан муну гезитке жазбай эле кой, ушул жерде эле калсын деп, Федерико менен достугу жөнүндө маашырлана кызыктуу аңгеме куруп берди.

Ошол мааракелик санга Чыкебиздин өтүнүчү боюнча Федерико Майор жөнүндө материалды чукул даярдап, гезитке чыгарганбыз. Чыңгыз Төрөкулович достук мамилени абдан бийик коюп, адамдын кадырын бил-

ген, жан-жигерин тереңден сезген, эмгегин калыс баалай билген гений тура!

Манас дүйнөсүн чагылтып турдум

1993-жылдан баштап, 1995-жылдын август айында «Манас» мааракеси өткөнчө күч-кубатымдын, дараметимдин жетишинче «Манас дүбүртү» гезитин чыгарып турдум.

Мамлекет тарабынан каржылоо болгон жок. Бийлик төбөлдөрүнө элеп-желеп болуп кат жазып, кайрылганымдан деле майнап чыкпады.

Ушундай экен. Жардам сурап эки жакка көп чарпылганым жок. Банктагы атайын эсепке бир адам ырымы кылып жети сом которгону эсимде калыптыр.

«Манас» мааракеси өткөндөн кийин гезитти чыгарууну улантсамбы деген ойдо Чыңгыз аганын кеп-кеңешин угайын деп кайрылдым.

– Манастын мааракеси өткөнчө «Манас дүбүртү» гезитин чыгарып турдуң. Ушунун өзү азаматтык болду, айланайын, өркөнүң өссүн! Эми каражатың болсо чыгар, болбосо өзүңдү кыйнаба. Эң башкы парзыңды аткардың. Мааракe мезгилин, ага даярдыктын жүрүшүн, дүйнөлүк маданий окуянын кандай өткөнүн, Манас дүйнөсүн жакшы чагылтып турдуң. Мунуңа рахмат, иним, – деди Чыңгыз ага.

Турмуш ушундай экен

Аттуу-баштуу бир байке бар эле. Жакшы иш баштапсың, «Манас дүбүртү» гезитин эч кимдин көзүн каратпай чыгарып алабыз деген. Ошол айтканына эле жерге-сууга батпай сүйүнүп калгам. Манасы бар элде

«Манас дүбүртү» аттуу гезит чыгып турса жакшы болот эле деген оюмду ага ачык айттым.

– Сага жардам бермек турсун өзүм да каражаттан кыйналып турам, акыбалым начар, – деп кескин жооп берди. Ишенип бардым эле, көңүлүм чөгө түштү. Ка-ап, кайдан айттым эле деп өкүнүп калдым.

Ачка-тогума, каржалганыма карабай жанымды үрөп, жылаңач баатыр болуп гезит чыгарып жүрөм. Мындай жерде карааны эле көрүнгөнү менен, тили буудай кууруп саймедиреп өзүнүн соодасын жүргүзгөн пенделер болот экен. Ошол гезиттин атын жамынып, табына колун жылытып, керт башынын кызыкчылыгын ала чаап жүргөн инилердин бири имараттын редакцияга караштуу бөлүгүн амалкөйлүк менен тымызын өзүнө каттатып алгандан кийин, мени ал жерден чык деп кысмактап, кубалап аргамды кетирип турган кез эле.

Калысын айтсам, бирдекеси өтүп кеткенсип күпүлдөп, тап берип аяр түрү жок. Ага теңелбейин, кудай бардыр деп четтей бердим. Мындай жерде чыр-чатак жарашпас, сабыр кылдым.

Юбилей жаңы эле өткөн. Баш паана кылар квартира издеп жүргөн чагым. Ошондо арга издеп бозала болуп турсам да, жакшылыктан үмүт үзбөй кайра өтүнүч айтып турганымды карабайсыңбы:

– Абалымды айтып, батир алып берсеңиз жакшы болор эле.

Редколлегиянын мүчөлөрү менен кеңешкенден кийин ушинтип суранып жатпаймбы, курган жаным.

– Эми сенин квартирага муктаж экениңди айтып, кимдин эшигин каккылап жүрмөк элем? – деди.

Үн дебедим. Акыбалың кыйын болсо да, сабыр кыл деп турду ички туйгум. Буюрганын көрөт чыгармын. Турмуш ушундай экен. Адам баласын жыл өткөн сайын дааналап терең түшүнө берет экенсиң.

Азыркы кезде тээ илгери салынган эски жатаканалардын биринде бала-чакам менен жашап турам шүгүрчүлүк келтирип, чыгармачылыгымды улантып жүрөм.

Жакшы сөз – жарым ырыс

Ошол кезде Казакстандын Кыргызстандагы ыйгарым укуктуу элчиси Мухтар Шахановго барып жолугуп турчумун. Ал киши жакшы кабыл алчу. Акындык касиети да, жан дүйнөсү тунук, мээримдүү, боорукер, шаркырап аккан өзөндөй таза, оюндагысын түз айтып турган адам эмеспи.

Бир курдай жаңы жазып жаткан «Цивилизациянын жаңылыштыгы» деген ыр менен жазылган романынан үзүндү окуп берген. Кийин ошол чыгармасына кол тамгасын коюп бергендеги сүйүнгөнүм али да эсте.

Бир жолу Мукем (Шаханов) минтип айтып калды.

– Сени ажоңо ээрчитип киришим керек экен. Атын атаса, куту сүйүнөт. «Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракесине арнап, «Манас дүбүртү» гезитин чыгарып азаматтык иш кылдың. Экөөбүз чогуу баралы. Өзүң кантип айтмак элең? Мээнетти аябай тарттың, каржалып да бүттүң. Көрүп турам. Сага эмне керектигин саатысы келгенде айтам. Антпесек, эмгегиң бааланбай кала берет, тартынба, – деди.

Эми ойлосом, катаал турмуш ыдыгын башынан өткөргөн, көптү көргөн, жакшылыгын аябай жаркылдап, адамдарга күндөй мээрими тийип турган кеменгер, пайгамбардай жан экен.

Убакты-сааты чыкпады. Тез-тез барып турушум керек эле. Тартындым. Кемчилик менден кетти. Ошентсе да Мухтар аганын мага көңүл буруп жардам көрсөтсөм деген ниетин эстегенде, ыраазы болуп кубанып калам.

Эсте калган камкордук

... «Манас» мааракеси өткөн жылдын күзү. Иш бөлмөсүнө барып Чыңгыз Айтматовго учурашып калдым. Чыкем анда Кыргызстандын Жогорку Кеңешинин депутаты, Кыргызстандын Бельгиядагы ыйгарым укуктуу элчиси эле.

– Акыбалың кандай? – деди.

– Мурдагыдай эле, – деп жооп бердим.

– Сага бир жакшы жаңылык бар, – деди Чыкем. – Ян Фишерге жолугуп сүйлөштүм. (Анда ал республиканын өзгөчө кырдаалдар министри). 50 миң сом бөлдүрүп бермек болду. Жок дегенде Кара-Буурадагы үйүңдү оңдотуп ал.

Шадыбеков Дөөлөт байке жардамчысы эле. Тийиштүү каттарды жөнөткүлө деп тапшырма берди. Өзгөчө кырдаалдар министрлигинен Талас облустук бөлүмүнө кат жиберилди.

Кайсы күнү жакшы жаңылык угуп калам деп күтүп жүрөм.

Чамасы бир ай өткөндөн кийин ал жактан: «Жер титирөө Таластын жогорку зонасында болгон, төмөн жагында жер титирөө болгон эмес», – деген жооп келиптир.

Бул жоопту Чыкеге көрсөткөндөн уялдык, намыстандык. Каттын маани-маңызына түшүнбөсө кантели. Эстүү адам кепти илгиртпей сезет, кайталатпайт, жакшылыкка жол ачат. Бул маселени кайра козгобой эле коёлу деп тим болдук. Ал 50 миң сом эмне болгонун бир кудай өзү билет.

Катта «Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракесине арнап «Манас дүйнөсү» гезитин чыгарып турган журналистти колдоо иретинде материалдык жардам көрсөтүп коюу өтүнүчү айтылган эле. Жер титирөө жөнүндө кеп болгон эмес. «Манас» мааракеси дүйнөлүк деңгээлде өтүп жатса, башкасын айтып эмне кылабыз? Адамдар кээде биз ушундайбыз.

Атын атаса, куту сүйүнөт

Эл көп чогулган кысталыш, ыңгайсыз учурда жаныбызда турган бир аңгемечи жигит башка учур таппай калгансып: «Чыке, бул жигитти билесизби?» – деп суроо салып калды.

Мен ыңгайсыздана түштүм: «Бул эмнеси, улуу кишиге ушинтип да суроо береби», – деп. Мен ким элем, көптөгөн кичине кишилердин биримин да. Же Чыкеме суроо салган болуп мени шылдыңдап, шакабалап жатабы деп бушайман болдум.

Үч жыл «жылаңач баатыр» болуп «Манас дүбүртү» гезитин чыгаргандан кийин илмийип арыктап азып-тозуп, кейпим келишип турса, бул эмнеси деп тиги кишини жактыра бергеним жок.

Бир маалда Чыкем чоң алаканы менен далымды таптады:

– Кантип тааныбайын, бул дүйнөлүк маданий окуяга даярдык көрүү башталган кезден тартып «Манас» мааракеси өткөнчө кыйынчылыктарына чыдап, «Манас дүбүртү» аттуу гезитти чыгарып келген Миңдибай деген журналист, менин иним болот.

Бул өзгөчө бир мээрими бар, эркелеткендей жылуу мамиле эле. Мээримге толгон мындай жакшы сөздү арып-тозуп, кээде басмаканага түнөп калып гезит чыгарып жүргөн үч жылда эле эмес, деги эле өмүрүмдө эч кимден укkан да, көргөн да жокмун. Күткөн да эмесмин. Төбөм көккө жеткендей сүйүнүп калдым.

Бул мага Чыкем берген эң жогорку сыйлык болду. Бозоргон өңүмө кызыл жүгүрүп, көңүлүм өсүп кубанып турдум. Ошол кезде кырктын кырында элем. Сүйүнүчүмө чек жок болчу.

Азыр болсо балким мындай жылуу мамилеге жашып кетип, көз жашымды токтото албай шолоктоп ыйлап турмакмын, бугумду чыгарып. Кийинки 25

жылда көптөгөн азап-тозокту башыман кечирдим. Кедейчиликтин кээрин тарттым. Ата-энемден айрылдым. Алар мугалим эле. Тун карындаштарымдын экөө удаа оорунун айынан элүүгө чыгып-чыга бербей дүйнө салып кетишти. Алар мага арка-тирек эле. Кийинки кезде бешенемден сылап эркелеткен пендени көрбөдүм.

– Атын атаса, куту сүйүнөт, – деди Чыкем сөзүн андан ары улантып. – Миңдибай (ушинтип атачу мени), Манастын туулганын да, кийин Кырк чилтен деген укмуштуудай колдоочулары бар экенин көрдүм деп сүйүнчүлөп келген да Миңдибай деген киши болгон. (Айтматовдун антип атаганы мага да жакчу. Китептерине да кол тамгасын Миңдибай деп баштап, жакшы каалоо, тилектерин жазып берчү). Үч жыл бою мааракелик «Манас дүбүртү» гезитин чыгарып келди. Бул өзү айтканга оңой, аткара келгенде машакаттуу, түмөн түйшүктүү иш болгонун сезип турамын.

Бул Миңдибайдын эрдикке тете азаматтыгы болду. Тагдырдын буйругу да бешенесине жазылып коюлган. Болбосо капчыгы калың, байлыгы ашып-ташыган, сүйлөй келсе тили менен буудай кууруп, оозу менен орок оргон не бир кыйын чыкма жигиттериби, не бир көйкашка чыгармачыл инсандарыбыз бар эмеспи. Мааракелик «Манас дүбүртү» гезитин чыгаруу аларга буйрубаптыр. Көрдүңөрбү, жазмышка, буйрукка айла жок. Манас, Манас болуп турганда бул океандай рухтун бүткүл дүйнөлүк мааракесине арнап, атын атаса куту сүйүнөт дегендей, «Манас дүбүртү» гезитин чыгарып келген Миңдибай – журналистикада гана эмес, маданиятта да өзгөчө орду бар чыгармачыл инсан. Сен дагы Миңдибайдын жазгандарын окуй жүр. Манас мааракесине карата менден алган дил маегин окудуң беле? Окуп кой, – деди.

Алиги суроо салган жигит: «Сөзсүз, Чыке», – деп башын ийкегилеп жиберди.

Кийин дагы бир жолукканда Чыкем менен баарлашып отуруп, Манасты терең үйрөнүүгө, аны кеңи-

ри насыйкаттоо иштерине (адабиятта, театрда, кинодо, ж.б. манасчыларды колдоого, аларды каржылоого) абдан чоң маани берерин билдим.

Сенин ырың мени менен кошо Бельгияга барат

1998-жылдын күзүндө дүйнөлүк залкар жазуучу агабыз Чыңгыз Айтматовдун 70 жылдык мааракеси Абдылас Малдыбаев атындагы опера жана балет театрында чоң салтанат менен жогорку деңгээлде белгиленди.

Ошол кездеги премьер-министр Амангелди Муралиев салтанатты алып барды. Чыңгыз аганын юбилейине арнап жазган ырымды тапшыра албай турдум, кандай айла кылсам деп. Бирөө жарым колдоп, сүрөмөлөп койбосо, чоң театрдын сахнасына чыгып ыр окуш кайдан.

Мааракелик салтанаттын экинчи бөлүгү Ала-Арчадагы мамлекеттик резиденцияда уланды. Улуттук оймо-чийме менен кооздотуп жасалгалап кызгылт кайыш папкага салган 15 куплет казалымды кантип тапшыруу айласын издеп турам. Облустардын губернаторлору жана башка аттуу-баштуу адамдар кезектешип, Чыңгыз агабызга ак калпак кийгизип, чепкен жаап, үртүктөлгөн таза кандуу, сындуу аргымактарды тартуулап жатышты.

Айрымдары койсоңорчу дегенине болбой 70ке чыккан жазуучу агабызды келишкен тулпарга мингизип, кайра түшүрүп жатышты. Юбилярды урматтоо, сыйлоо шаанисы улуттук салттын нугунда шаңдуу маанай менен өттү. Эми ойлосом, сонун кез тура! Чыкемдин ден соолугу чың, шайдоот жүргөн кези, бакубат учуру экен.

Бир убакта казганактаган эл сээлдеп, Чыңгыз агага жолугууга мүмкүнчүлүк болуп калды.



«Мен билген Айтматов» сынагынын жеңүүчүлөрү. Солдон оңго: Меңдибек Асылбеков, Бурулкан Бакеева, Тилекбек Кудайбергенов, Рыскул Касымбеков. «Азаттыктын» фотосүрөтү.

Чыкемди 70 жылдык мааракеси менен куттуктап, кайыш папкага салынган ырымды тапшырдым.

Чыкем ыраазы болуп, ырахматын айтты.

Анан эмнегедир: «Мен да сизге эл катары тулпар мингизсем жарашат эле, айла жок, колдон келгени», – деген сөз оозума келе бергени... ошол бойдон айтылып кетти.

– Тулпарлар жетишет, Миңдибай! – деп Чыкем жаркылдап күлүп калды. Чын пейилинен ыраазы болуп жыргап күлдү. – Мына бул кыркалекей тизилип турган күлүктөрдүн баары эле ушул жакта туугандарда, достордо калат. Мени минип кетет дейсиңби. Ал эми сенин ырың мени менен кошо Бельгияга, Люксембургга кетет, – деп айтканы эсимде калыптыр.

Кийин ойлосом, менин көңүлүмдү улап көтөрмөлөгөнү экен. Тереңдеги маанисин бир топ убакыт өткөндөн кийин түшүнүп жүрбөймүнбү. Чыңгыз Төрөкуловичтин даанышмандыгын, айкөлдүгүн айта берсек сөз жетпес.

Даанышман адамдын касиетин көрдүңүзбү. Мен ал кишинин бирөөгө үнүн көтөрүп катуу айтканын, кагып-силккенин көргөн жокмун. Тереңдиги да, айбарланган айкөл дүйнөсү да өзү айта жүргөн океандай эле.

Дүйнөлүк адабияттын аалам эли таң калган залкары болуп туруп, бир менменсингенин, пенде катары бир адамга өөдөсүнгөнүн, омуроолоп орой мамиле кылганын көрбөдүм. Көлдөй мемиреп терең да, тынч да эле. Ойлосом, дүйнөдөгү эң улуу адам экен! Улуу адамдын генийлиги анын жөнөкөйлүгүндө, эл менен эл болуп сиңишип турган жупунулугунда жана тереңдиги менен айкөлдүгүндө тура. Дүйнөлүк даанышмандын улуулугун, генийлигин, анын мухиттей чалкар касиетин жакындан сездим.

Босогобузда турган 90 жылдык мааракеңиз куттуу болсун, Чыке!

Меңдибек АСЫЛБЕКОВ,
журналист.
Бишкек шаары

МЕН БИЛГЕН, МЕН СҮЙГӨН АЙТМАТОВ

Онго таяп калган элем. Эсимден ал күн эч өчпөйт. Адамдын жашоосунда үрүл-бүрүл болгон бүдөмүк элестердин арасында даана айырмаланып, ошол боюнча сакталып калган таасирлүү күндөр болот. Ал күн да ошондойлордун бири.

Атам экөөбүз сугатта жүргөнбүз. Классташ досу келип, менин атама берген тажатма суроолорум үзүлүп калды. Ал адам ооз ачканда эле: «Айтматовду уктуңбу?» – деди. Суук кабарды ушундайча уктук...

Улуу жазуучунун дүйнөдөн кайтышы атамды оор кайгыга салды. «Манастан кийинки эле көзгө басар таянычыбыз эле, кайра Айтматовдой бирөө туулар бекен?» – деп мүңкүрөгөнү эсимде. Жазуучуну жерге берүү иш-чарасын сыналгыдан көз албай тиктеп, ар бир кошокту, ар бир жоктоону угуп чыкты. Атамдын адаттагыдан ашыкча олуттуу боло түшкөнүн байкадым.

Айтматовдой улуу инсандын кетип баратканына ишене албай, ичинен сызып турган экен, азыр ойлосом.

Ошол таасир мени алгачкы жолу Айтматовду баракталганга түрткү болду, бирок «Кыямат» романы жомок дүйнөсүнө аралашып жүргөн мендей тестиер үчүн оор эле. Биринчи жолу китептен көңүлүмдү калтырган бул жазуучуну жек көрүп калдым. Ал тургай ал жөнүндө ушак-айыңды жантыгыман жата калып окуп, ага каршы далил топтоп, башкаларды да ынандырганга аракет кылчумун.

Эмнегедир ал мынчалык атак-даңкка татыксыздай туюлар эле. Ошол боюнча ал керемет ааламдын каалгасы ачылбай кала берет беле, бирок мектепте окуу программасынан Айтматовду окууга туура келди. Ошондо ааламдын «баарынын акысы бар» деген улуу мыйзамы Айтматов үчүн бузулбаганын жана атак-даңктын аркасында албан эмгек, эбегейсиз тарых жатканын билдим.

Атайын алып келген китебимди ачтым да, окуй баштадым: «Жамийла»... Эсимде, толук эки саат тынбай окуп бүткөн элем. Мына ошол эки саат ал күнгө чейин мага бейтааныш болгон нукура адабияттын ажайып аралына жол ачты.

Ал керемет арал улам азгырып, сүйүүгө толгон обон кулагыма жаңырып, Асел менен Илияс караган Ысык-Көлдүн так үстүндөгү жылдыздар көз алдыма элестеп, Эдигейдин Каранарын мине термелип, ал гана эмес космосто калкып жүргөн Филофейди да көргөндөй болдум.



«Мен билген Айтматов» сынагынын жаш жеңүүчүсү Калыс Кенжебаев. «Азаттыктын» фотосүрөтү.

Шыбыртсыз барактaлган китеп бетинен жандуу сөздөр жаңырып, сүрөткер жараткан көркөм дүйнөдөгү түркүн каармандар менен баарлашып жүрдүм.

Ал дүйнөгө, ошол ааламга мени аралаштырган залкар Айтматов эле. Ар бир кыргыздын дилинде ошол аалам бар экенине ичимден кудуңдап, эбегейсиз чоң сыймыкка бөлөндүм. Дүйнө элдеринин ичинен кыргызымдын баркы бийиктеп, кадыры өстү көз алдымда.

Эртеси күнү улуу жазуучубуздун сүрөтүн текчеме койдум. Ал сүрөттү көргөн сайын ошол сыймык жүрөктү ээлеп кубандырып, ошол дөөлөт башыма конуп бийиктетет. Текчеден жайдары караган сүрөт – мен билген Айтматов, мен сүйгөн Айтматов!

Калыс КЕНЖЕБАЕВ,
Эл аралык Ала-Тоо университетинин студенти.
Бишкек шаары

АЙТМАТОВДУН ААЛАМГА КАЛТЫРГАН МУРАСЫ

XX кылымдын залкарларынын бири, атактуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов менен замандаш гана эмес, жердеш да болуп калганым Кудайдын бир белеги болсо керек.

Өзүм айтылуу шекер уруусунан болом. Шекерге кошуна Аманбаев айылында төрөлгөм. Улуу жазуучу көп эскерген Маймак станциясында өсүп чоңойдум.

...Кеңеш доору бүтүп, кара курсактын айынан айылдардан далай адамдар чет жактарга кете баштады. Көп жылдардан бери калыптанып келген баалуулуктар да алмашты. Жумушка жарамдуулар Орусияны көздөй агылды.

Биздеги Маймак станциясынан Казакстан аркылуу стратегиялык маанидеги темир жол өтөт. Кезинде эшелон болуп күнү-түнү жүк ташылып турчу жер бир заматта жымжырт болуп, эл ташыган вагондор гана жүрүп калды.

Жашоо башка нукка бурулду. «Окуу, окуу жана окуу» деген ураандын ордун «акча, акча жана акча» деген чакырык ээледи. Атам башка жумуш таап, буюм-тайымдарыбызды жүк ташуучу машинага салып, борборду көздөй жөнөдү, а биз поездге отурдук.

Ошентип, казактардын кең талаасын аралап баратканыбызда, байкемдин терең ойго батып, бир китепти окуп отурганын байкадым. Ошол элес азыркыга чейин катып калган сүрөт сыяктуу көз алдымда. Шок-

тонуп, үстүңкү текчеге чыгып алган элем, баягы китептин сыртындагы «Кыямат» деген жазууну окудум, карышкырдын да сүрөтүн көрдүм. Мына ошондо залкар жазуучу менен биринчи жолу таанышканмын десем болот.

Андан соң борбордун шаштыргандай жашоосуна аралашып, батирден-батирге көчүп жүрдүк. 7–8-класстарда кыргыз адабияты сабагынан Ч.Айтматов менен кенен тааныштым. Үйдөгү болгон китептерди окуп чыкканга аракет кылдым.

Залкар жазуучу жөнүндөгү көп маалыматтарды китепканалардан таптым. Ошентип, Айтматовдун адабият дүйнөсүнө терең сүңгүп кирип, кинолорун көрүп, аябай таасирлендим. Кайсы гана чыгармасын окубайын, мен өз көзүм менен көргөн жерлер башкача бир сулуулукка, башкача бир жомоктогудай элестейт. Мисалы, айтылуу Манас чокусу, Күркүрөө суусу, Дүйшөн атанын мектеби, теректери, жайында казактардын талаасынан соккон ысык шамал, Маймак станциясы, айылдан кеткен жол... Чыңгыздын китептерин окуп, ал жараткан көркөм дүйнөгө аралашкандарга бул жерлердин өзгөчө ажары ачылат деп ойлойм.

Жазуучунун СССР убагында жарык көргөн жана кийинки мезгилде чыккан китептериндеги адамдык нарк-насил жөнүндө терең ойлонтуучу касиет таң калтырды.

«Кайсы чыгармасынан таасирленгенсиз?» деген суроого «бардыгынан» деп жооп берет элем. Себеби Совет доорунда жазган чыгармаларында ошол доордогу ар бир адамга тиешелүү чындык чагылдырылган. Согуш жылдарындагы совет атуулдарынын эбегейсиз эрдиги, биримдиги, ооруктa калган энелердин, балдардын баштан кечирген кыйынчылыктары өтө элестүү, таасирдүү чагылдырылган. Ой учугун дүйнөлүк державалардын космосту багындырып жатканы, теңтайлашуулары сы-

яктуу глобалдуу маселелерге чейин алып барып, кайра эки жөнөкөй адамдын сүйүүсүнө, арманына аралаштырып, дили таза баланын кыялына терметип, андан ары кыргыздардын терең тарыхына багыттап жиберет.

Залкардын чыгармаларын жөн эле окуп тим болбостон, көп ирет кайталаш керек экен. Жаш кезде окуган чыгармалардын терең философиясын турмуштун ысык-суугуна бышкан кезде жакшыраак түшүнөт экенсиң. Адабий чыгармалардын аудио түрүндөгүсүн да угууну сунуштайт элем. Себеби окуганда баамдалбай калган сырларды дикторлор ачып берчү жагдайлары бар экен.

Жаш өткөн сайын адамдын ой жүгүртүүсү да абдан өзгөрөт тура. Чыңгыз атабыз да көркөм адабияттан баштап терең философияга өткөнү байкалат. Жердеги жаныбарлардын, ар бир эмбрионду Аалам менен байланыштырып, жаратылыштын катылган сырларын дүйнө жүзүнө, адамзатына жеткиргиси келген. «Ч.Айтматов бизге эмнени калтырды?» деген суроого түркүн жооптор айтылышы мүмкүн. Менимче, ал залкарыбыз дүйнө элине «адамдар ойлонгула, кеч болуп кала электе ойгонгула» деген чакырыкты, эскертүүнү калтырды. Ошондой эле дүйнөгө «маңкурт» деген жаңы түшүнүктү да киргизип кетти. Адамдар өз тегин тааныбаса, рухий башатынан ажыраса, маңкуртка айланарын «Кылым карытар бир күн» романында абдан таасирдүү жазды эле. Бул азыркы заманда деле орчундуу бойдон калган маселе эмеспи.

Ч.Айтматов атабыз менен кол кармашып учурашпай калганыма азыркыга чейин өкүнөм. Бирок 2008-жылы Бишкек шаарынын чет жакасындагы «Ата-Бейит» мемориалдык комплексинде узатуу аземине жигердүү катыштым. «Улуу залкарыбыз дүйнө салды», – деп эл менен чогуу кайгырдым.

Ошол учурда иштеген ишиме байланыштуу биздин ишканага «Ата-Бейитти» даярдоо, тазалоо иштери

жүктөлгөн эле. Июнь айында эле комплекске бараткан жолдун эки четин сары чөп басып, каралбай калган экен. Менин таң калганым, ошондо үч күн бою шаарды жууган машинелер менен сугарып жатып жашыл чөп чыгарганбыз. Айтматовду узатууга жаратылыш да катышкандай болду.

Дагы бир кызык жагдай, чет жактан келген конок-тор өтөт деп Арашан айылынан келген жол жабылып калып, «Ата-Бейитке» чейин жөө келгем. Эмнегедир күндүн аптабы да, жолдун узактыгы да эч билинген эмес.

Ошентип улуу залкарды узатуу зыйнатына келдим. Кыргыздын чыгаан уулун салтка жараша Шекер айылынан шекер уруусунун аттуу-баштуу аксакалдары, туугандары жайга коюшту. Келген конокторго шарт түзүлүп, чакалап топурактары ташылып, андан соң куран окулуп, коштошо бердик. Казылган жайды көпчүлүк эки мүнөткө жетпеген убакытта көмдү. Чаң асманга көтөрүлүп, көсөм менен кош айтыша бердик...

Чыңгыз Айтматов менен кош айтыштык, бирок ал баштаган рухий көч кылымдарды карытып улана берет деп терең ишенемин.

Мират АЛЧИКЕНОВ,
экономист-юрист.
Түштүк Корея Республикасы

КИМ БИЛБЕЙТ БИЗДИН ЧЫҢГЫЗДЫ?

Ким билбейт биздин Чыңгызды?
Көктөгү чолпон жылдыз бу.
Таанытып салды дүйнөгө,
«Таланттуу эл» – деп кыргызды.

Француз Луи Арагон
Алыстан бизди караган.
Жакшы сын берип сөзүңө,
Чоң ишке өзү жараган.

Жазганың баалап ыктарың,
Ауэздин уулу Муктарың
Дүйнөгө өзү жар салган
«Жамийлаң» мыкты чыкканын.

Окуткан далай-далайды,
Ойлойбуз Дүйшөн агайды.
«Гүлсарың» мыкты болбосо,
Танабай элге тарайбы?

Саманын ташып асманда
«Саманчың» бара жатканда.
Субанкул менен Толгонай
Сырдашып алар баскан да.

Чоңоюп эми Нургазы,
«Ак кеме» көрсө ыйлабайт.
Орозкул зөөкүр Момунду
Ургулап, сөгүп кыйнабайт.

Согуштан качып жаны ачып,
Бөрүдөн үңкүр талашып,
Дезертир болгон Ысмайыл,
Тотойдун уюн жетелеп
Тоюңа келет, тосуп ал,
Сейдеси менен жарашып.

Билесиң, агай, Сейитти,
Жеңеси качып кейитти.
Базарбай менен Бостондор
Ыйык жер тутуп калышкан
Ташчайнар жатчу бейитти.

Айталы сөздүн ырасын,
Бек тутуп ата мурасын,
Турнаны көрсө жүгүрөт
Баягы Султанмуратың.

Бойлоттуң «Деңиз дөбөттү»,
Чыгармаң көздөн көп өттү.
Алтынай, Абдий, Даниярлар
Куттуктоо сизге жөнөттү.

Төрөлгөн эмес бекерге
Киндик кан тамган Шекерде.
Урматтап элиң узатат
«Фудзиямада кадыр түн»
Тосууга өзүң кетээрде.

Ээн талаада Эдигей
Космостон кабар алат дейт.
«Кыргызда барбы маңкурт?» – деп,
Кыжаалат боло калат дейт.

Эрте ажал алып тооруган
Акбара менен Алиман.
Тосо албай тоюң калышты
Бу дүйнөдө жогунан.

Суктанып дүйнө эл карашат,
Мактансак канча жарашат.
Торколуу тойго «чакыруу»
Гезитчи Дзюоң таратат.

Калкымдын Чыңгыз ардагы
Күздө үзгөн «Кызыл алманы».
Калеми дале курч эле,
Кетсе да анын жаш чагы.

Ааламда сенин атыңды
Адам жок экен уга элек.
Жер шарында жазуучу
Өзүңдөй болуп чыга элек.

Космосту жазып арытып,
«Кылымдан күндү» карытып.
Сыйлыгын далай дүйнөнүн
Алмаксыз, байке, дагы утуп.

Өзүңүз азыр болгондо
«Ысык-Көл» форум жанданмак.
Дүйнөдөн келген аалымдар
Көлүңдү көрүп таң калмак.

Токсон жаш жете барганда,
Нобелдик сыйлык алганда,
Кыргыз эл тургай, дүйнө эли
Калышмак эмес арманда.

Турсунали МАТАЗИМОВ,
дарыгер.
Өзгөн району, Куршаб айылы

Залкарды дүйнө тааныган

АЙТМАТОВДУН ДИДАРЫНА ЗАР БОЛУП...

Бул чыгарма 1989-жылы «Советтик Кыргызстан» (азыркы «Кыргыз Туусу») гезитине жарыяланган эле.

Гезиттин эки нускасын Дүйшөмбү калаасында жашаган каарманым Максуд Хусейновго почта аркылуу жөнөткөн болчумун. Бир нускасын Чыңгыз Айтматовго да берсем деп көп жылдар бою арман кылып жүрдүм.



«Мен билген Айтматов» сынагынын жеңүүчүлөрүнө сыйлык тапшыруу учуру. Солдон оңго: Кыргыз республикасынын эмгек сиңирген юристи Сакан Сатыбеков, жазуучу Жолдошбай Осмонов, «Азаттык Медиа» мекемесинин директору Айзада Касмалиева жана кыргыз-тажик жазуучусу Мирзохалим Каримов. «Азаттыктын» фотосүрөтү.

Кудай жалгап, 2008-жылы Татарстанга аттанар алдында «Ак кеме» мейманканасында өткөрүлгөн мааракесинде улуу жазуучуга жолугуп калдым. 80 жылдыгына карата тажик жана азербайжан диаспораларынын өкүлдөрү ага баалуу белектерди тартуулашты. Айтматов мазмундуу сөз сүйлөп жатканда, ал жөнүндө жазылган очерк, тарыхый сүрөтү бар «Каратегин» китебимди тартуулайын деп ойлодум. Чыңгыз ага сөз сүйлөп болор замат жанына барып, ызаат менен саламдаштым. Анан китептин сүрөтү басылган барагын ачып: «Чыңгыз Төрөкулович, мына бул сизге жолугам деп Кыргызстанга бир нече жолу келип учураша албай, саясий жаңжалдын кесепетинен эрте көз жумган тажик журналистинин арманы тууралуу очерк. Сүрөтүңүздү ошол маркум өзү 1976-жылы тартып алган экен», – деп китепти колуна карматтым эле, ал: «Абдан кайгылуу болуптур», – деп башын чайкап, анан китептин эмне үчүн «Каратегин» аталганын сурап билгенден кийин, тажиктердин улуттук кийимин кийген сүрөтүнө кубанычтуу көз жүгүрттү:

– Сен жакшы жазуучу экенсиң. Кыргызча так сүйлөгөнүңө, жазганыңа таң калдым. Бул китепти мага бересиңби? – деди өтүнгөн түрдө тиктеп.

– Чыңгыз Төрөкулович, мен бул китепти сизге жан-дилим менен берейин деп алдыңызга келдим, – дедим, улуу жазуучунун ушунчалык жупуну инсан экенине таң калып.

Жыйырма жыл бою көкүрөгүмдөн өчпөй келаткан чоң мүдөөм орундалганына төбөм көккө жете сүйүнүп, ордума барып олтурдум да, беш-алты үстөл арыраакта Болот Шамшиев ж.б. кишилер менен олтурган Чыңгыз Айтматовдон көз албадым. Ал китебимди астейдил барактап, отуз үч жыл мурун Дүйшөмбү шаарында тартылган сүрөтүнө тиктеп тургандай сезилди. Анан ал зыяпат бүтө электе эле жөнөп калды. Бат-бат басып, узатып бараткан кишилердин катарына кошул-

дум. Айтматов китебимди сол колуна кармап баратты. Тышка чыкканда эл катары мен да колун аяр кармап: «Жакшы барыңыз», – дедим улуу жазуучуга жолуктурган тагдырга ыраазы болуп.

Маараке аяктагандан кийин Айтматовго жакын олтурган тажик жигити Фарход Жураев: «Китебиңизди Чыңгыз Айтматов көпкө чейин барактап, өзүнүн сүрөтүнө аябай кызыгып карады. Сүрөттү тарткан авторго рахмат айтты», – деди мени ого бетер кубандырып.

Ошентип, урматтуу окурман, баяным түшүнүктүү болсун үчүн мындан отуз жыл илгери тажик журналисти менен болгон жолугушуу жөнүндө жазылган чыгарманын жаңыртылган вариантын сизге сунуш кылам.

* * *

Залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларына кызыкпаган, анын сыйкырдуу дүйнөсүнө берилип, таазим этпеген инсан жок болсо керек. Менин калемдешим, тажик журналисти Максуд Хусейнов Чыңгыз агага терең урмат менен таазим эткен ошондой окурмандардын бири эле.

1989-жылы атайын командировка менен Дүйшөмбү калаасында жүргөнүмдө, республикалык «Тожикистони Совети» газетасынын кабарчысы Максуд Хусейнов мага мындай таклип кылды:

– Дасторкон четинде отуруп, сиз менен Айтматов жөнүндө, кооздугуна ашык болуп келген Фрунзе калаасы жөнүндө маектешким келет. Каршы болбосоңуз...

Мындай дили таза, көңүлү назик адамдардын өтүнүчүн орундатыш үчүн ар кандай зарыл иштерди жыйыштыруу керек эмеспи! Болгондо да Айтматовдун чыгармаларына ышкысы түшкөн адам ушинтип зарыгып турса, кантип тескери бурулуп кетесиң?

Көз байланып калган маалда Максуд экөөбүз ээрчишип анын үйүнө келдик. Чачтарын тал-талдап өрүп

алган данектей тажик келин бизди жаркылдап күтүп алды. Куттуу үйдүн босогосун аттаганда эле, бул үй-бүлөдө мейманга өзгөчө урмат-сый көрсөтүлөрүн баамдадым.

Максуд экөөбүз дасторкон четине отурдук. Пакиза бөлмөнүн төр жагындагы узун шкафтын текчелери каз-катар тизилген китептерди араң көтөрүп, үй ичин баа жеткис байлыкка толтуруп турат. Алардын арасында Чыңгыз Айтматовдун тажик, орус тилдериндеги түрдүү китептери дароо көзгө урунду.

Биз кирип келгенде, ширин тил менен: «Хуш омадед!» – деп колдорун бооруна алган жети-сегиз жашар чырактай кыз тынбай даам ташып жатты. Кашы-көзү атайылап боёп койгондой капкара. Майда өрүлгөн саамайлары боюна жарашып, ары-бери басканда, агын сууга малынган мажүрүм талдын ичке чыбыгындай суйкалат.

Кызыл бөйрөк чайнекке демделген чай дасторконго коюлгандан кийин, Максуд ашкана-бөлмө тарапка бурулуп үн катты:

– Жамийла!

Баятан бери тынбай тыпылдап каттаган кыз ошол замат босогодо пайда болду.

– Ов, ота?

– Пиёла биёр, духтарам, – деди атасы жумшак үн менен.

– Хозир... – кыз артына бурулуп, пиала алып келгени кетти.

«Жамийла!» Максуд кызын ушинтип чакырганда кылт эте түшкөн ой дилимди ысытып, таңыркап калдым.

– Кана, чайдан ичкенче, кеп салып отуруңуз, – деди Максуд оюмду бөлүп. – Мен Чыңгыз агага, анын чыгармаларына таазим этип, жазуучунун сыйкырдуу дүйнөсүнө тартылгандардын биримин. Ыкласым те-

рең. Сиз Фрунзеде иштейт экенсиз. Айтматовду тез-тез көрүп турсаңыз керек?

– Каяктан дейсиз, ал кишиге учурашуу кыйын...

– Аттиң! – терең улутунуп алды ал. – Мен көп жылдан бери ага жолугуша албай арман кылып жүрөм. Мындан кыйла жыл илгери студент кезимде да, андан кийин дагы бир ирет Фрунзеге атайылап бардым. Бирок ишим оңунан чыккан жок. Экөөндө тең Айтматов жок экен, сумсайып келе бергем.

– Насип буюрса, дагы бир күн жолугуп калаарсыз.

– Кана эми, – деди ал кыялданып, – мен ал күндү эки көзүм төрт болуп күтүп жүрөм. Ал кишини Дүйшөмбүгө келген сайын жыйындарда отурганда сүрөткө тартып алам. 1976-жылы бизде өткөрүлгөн Кыргызстандын маданият күндөрүндө Тажик мамлекеттик университетинин студенттери Айтматовго бейкасам чапан, башына такыя кийгизишкенде, шашып-бушуп сүрөткө тартып койгон элем. Бул сүрөттү өздүк архивимде ыйык сактап жүрөм. Деги улуу адамдардын сүрөттөрүн убагында тартып койгон жакшы. Арадан жылдар өткөндөн кийин мындай сүрөттөр алтынга бергис таберикке айланары бышык. Чынбы?

– Ырас, ырас, – чын пейилден кубаттадым, – эң туура айттыңыз. Айтматовдун кайсы чыгармаларын окугансыз?

– Дээрлик бардыгын окугам. Китептери тиги текчелердин төрүндө тизилип турат. Басма сөзгө чыккан макалаларын, маектерин үзбөй окуп, топтоп коём.

– Тажик элинин таланттуу жазуучусу, раматылык Фазлиддин Мухаммадиев аны аябай урматтачу экен, ээ?

– О-о, аны бир айтасызбы, эки айтасызбы. Мухаммадиевдин урматын өлчөп болбойт! Мен ал маркум менен көп жолу маектешкенмин. Айтматовду оозунан түшүрчү эмес. Ка-ап, шум ажал аны арабыздан алып

кетти, болбосо «Кыяматты» эчак эле тажик тилине которуп, окурмандарга белек кылмак.

– «Адиб» басмасындагылар «Кыямат» романы которулуп жатат, 1991-жылы өзүнчө китеп болуп чыгат дешти мага.

– Аны мен да уктум. Бирок Мухаммадиев тирүү жүргөндө, иш башкача болмок. «Кылым карытар бир күн» романын өтө кыска мөөнөттө которуп, адегенде «Садои Шарк» журналына жарыялаган соң, тез эле китеп кылып чыгарган. Айтмакчы, сиз анын «Биздин Чыңгыз» деген очеркин окуган чыгарсыз?

– Ооба, ал очеркти кыргыз тилине которуп, Айтматовдун 60 жылдыгында гезитке жарыялаганмын.

– Абдан жакшы иш болгон экен. Ошол очеркти окуган адам Мухаммадиевдин Айтматовго ыкласы, урматы кайсы даражада терең экенин сөзсүз сезет.

– Чыңгыз аганын чыгармаларын канча ирет окуйсуз?

– Эң кеминде эки сыйра окуйм, атүгүл айрым беттерин жаттап алууга аракеттенем. Мисалы, «Ак кеменин» бир нече барагын жатка айтып бере алам. Мактаныч эмес, жанагы чай ташыган кызымды көрдүңүз го, аты Жамийла, ал да Айтматовдун чыгармаларын сүйүп, менден бетер жакшы көрөт.

Максуд залга кайрылып, дагы үн катты:

– Жамийла!

– Ов! – назик үн угулары менен жанагы кара көз кыз босогодо пайда болду. Максуд ага мээримдүү тиктеп: «Чыңгыз Айтматовдун кандай чыгармалары бар эле? Кана, мына бул акеңе жакшылап айтып берчи, кызым», – деди тажикчелеп.

Жамийла көк майсадай тикчийген узун-узун кирпиктерин ирмеп, аста жооп берди:

– «Ак кеме», «Биринчи мугалим», «Жамийла»...

– Бали, духтарам! – деди Максуд кызынын билермандыгына сыймыктанып. Анан кызына «эми бош-

суң» деген таризде башын ийкеди да, мага карады: – Өтө эстүү, зээндүү кыз. Өмүрүн берсе, келечегинен үмүтүбүз чоң. Өткөндө чоң атасынын 60 жылдыгын куттуктап, кат жазыптыр. Анысын бизге окутту. Каталары көп экен. Бир сыйра оңдоп, кайра жаздырмак болдум адегенде. Кийин ойлоп көрсөм, ушунусу кызык экен, жөнөтүп ийдик. Ал кат ээсинин колуна тийдиби же жокпу – биле албадык.

– Ээси ким эле? – деп таң калып сурадым.

– Жамийланын чоң атасын – Айтматовду айтып жатам.

– Демек, кызыңызга жөн жерден Жамийла деп ат койгон эмес экенсиз да?

– Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларына берилип, «кумары» болуп жүргөнүмдө ушул кызым төрөлдү. Биринчи перзентиме дүйнөдөгү эң чоң сүйүүнү жүрөгүнө батырган асыл каармандын – Жамийланын ысымын койгон элек.

– Кыргызстандыктардан дагы кимдерди билесиз?

– Кинорежиссёр Болот Шамшиев менен аңгемелешкенмин. Мен анын талантына таазим кылам. Биздин мыкты котормочубуз Аслам Адахам тажик тилине которгон «Манас» эпосун окугандан кийин кыргыз элинин эзелтеден эле тубаса таланттуу эл экенине тан берген болчумун. Көрсө, көлөмүнүн ушунчалык чоң экенине карабастан, манасчылар бул эпосту жатка айтышкан тура. Мунун өзү чоң артыкчылык!..

– Сиз кыргыздын дагы кайсы белгилүү адамдары менен жолугушуп, жазайын деген максатыңыз бар?

– Эң оболу Айтматовго жолугушуп, аңгемелешүүм керек. Көкүрөктө сактап жүргөн бул үмүт эч качан өчпөйт! Мындан бир нече жыл илгери Фрунзенин гүлзарлуу көчөлөрүндө Айтматовдун дидарына зар болуп жүргөн күндөрүм али да көз алдымда турат. Насип кылса, дагы бир күнү Фрунзеге учуп барамын.

– Максатыңызга жетиңиз, ылайым. А эгер дагы жолугуша албай калсаңызчы?

– Убара болгонума эч өкүнбөйм. Ушунун шарапаты менен ааламга атагы чыккан улуу жазуучу баскан көчөлөрдө «тентип» келүүнүн өзү эле мен үчүн чоң бакыт...

Айтматов дегенде бүт дити бурулуп, инсандык урмат-сыйын багыштоого даяр турган тажик перзентинин бул даражадагы ынтызарлыгы мени таң калтырды. Жер көтөрө албас атак-даңкты көтөрүп, бүткүл адамзаттын көңүлүн өзүнө бурууга кудурети жеткен ошол улуу жазуучунун Мекенинде жашап жатканыма дагы бир жолу сыймыктандым.

Максуд Хусейнов менен коштошор алдында өздүк архивинде көзүнүн карегиндей ыйык сактап жүргөн Чыңгыз Айтматовдун 1976-жылы тартылган сүрөтүн сурап алдым.

– Айтматовду «чоң атам» деп жүргөн кара көз кызыңыз Жамийланын сүрөтүн да бергениңизде, канттай иш болор эле, – дедим арман кылып.

– Аны кийинчерээк почтодон жөнөтөм сизге, – ал колумду кыса кармап, олуттуу тиктеди. – Айтматовдой улуу уулу бар бактылуу кыргыз калкына бизден ысык салам айтып коюңуз!

* * *

Кесиптешим Максуд Хусейнов менен 1991-жылга чейин кат алышып турдук. Тилекке каршы, саясий тирешүүнүн кесепетинен Тажикстанда согуш чыгып, өмүрү кыйылган кырктан ашуун чыгармачыл инсандын бири ошол кесиптешим болгонун кийин уктум. Ал ошол согушта болгон кыйноонун айынан жапжаш бойдон көз жумуптур. Айтматовдун дидарына зар болуп жүргөн кыялы орундалбаганы, жанындай жакшы көргөн кара көз кызы Жамийланын атасыз калганы мени абдан терең кайгыга батырды.

Боордош тажик жана кыргыз элинин Жамийласы болуп калган ошо кара көз кызды дагы бир көрсөм экен деп ар дайым ойлочумун. Кудай буюруп, арадан жыйырма жыл өткөндөн кийин Дүйшөмбү калаасында экөөбүз жолугуштук. Баягы секелек кыз эчак бойго жетип, бир баланын энеси болуп калыптыр. Атасын эстедиби, айтор, мени көргөндө көзүнө жаш чайыла түштү. Колтамга жазып тартуулаган китебимди ыраазылык менен бооруна басып, өзү жөнүндө учкай айтып берди. Көрсө, ал да журналисттик кесипке ээ болуп, атасынын калемин колунан түшүрбөй, «Вечерний Душанбе» гезитинде иштеп жатыптыр.

Мирзохалим КАРИМОВ,
кыргыз-тажик жазуучусу.
Бишкек шаары

СӨЗ КУДУРЕТИН МЕДЕР ТУТКАН КҮРӨШКЕР

Мен 1970-жылдары Азияда чоңойгон америкалыкмын. Жашоомдогу бурулуш окуялардын бири болгон СССРдин кыйрашы Чыңгыз Айтматовдой жазуучунун чыгармачылыгына жана «кансыз согуштун» таржымалына кызыгуумду күчөттү деп ойлойм. Орус тилин үйрөнүп жүрүп, кийинчерээк Москвада жашап турган кезимде Советтер Союзунун ыдырашына, жаңы эгемен мамлекеттердин жаралышына алып келген окуялар болду.

Советтер Союзунда көбүрөөк жашаган сайын, ал жактагы адамдар, окуялар мени өзүнө тартып кетти. Мурдагы советтик республикаларды 1990–2000-жылдары кыдырып жүрүп, элдин турмушу канчалык кыйын болсо да, маани-маңыздуу жашаганга аракет кыларын көрдүм. Өзүнүн эски көйнөгүн кичирейтип кызына тигип жаткан аял эсимде калды. Диний сыйынууларга болгон тыюу алынып салынганда, миңдеген кишилердин унутулуп калган диний жайларга агыла баштаганы дале көз алдымда. Мурда батыштан саякатчылар бара албаган жаңы мамлекеттер бизге эшигин ачты.

2007-жылы Кыргызстанда америкалыктардын көбү тааныбаган, бирок XX кылымдын эң алдыңкы адабий ишмерлеринин бири болгон Чыңгыз Айтматовго жолуктум. Кайра куруу жылдары Советтер Союзунда окуп жүрүп Айтматовдун ысымын уксам да, 2004-жылы Бишкекке барганга чейин анын атактуу повесттери менен аңгемелерин окуган эмес элем. Бул жазуучунун чы-

гармалары менин санаага батып жабыркаган жан дүйнөмө азык болду, көңүлүмө жарык салды.

Айтматовдун баскан жолун изилдеп отуруп, анын бала чагы кайгы-муңга толгондугун, андан кийин «эл душманынын» уулу кантип бара-бара эң атактуу жазуучуга айланганын билдим. Залкардын өмүр жолун көбүрөөк изилдеген сайын, XX кылымдын окуяга бай жана кайгылуу тарыхынын таң каларлыктай таасын, көркөм сүрөттөшүнө анын өзү да элдин азап-тозогун баштан өткөргөндүгү мүмкүнчүлүк бергендигин аңдадым. Чыңгыз Айтматов көкүрөгүндөгү кайгы-муңун, өткөн доордун армандуу сабактарын жазуучулук өнөрү аркылуу элге жеткирген экен. Бул окуялар – жер жүзүндөгү бардык элдерге жана маданияттарга тиешелүү сабак. Өткөн кылымдын трагедиялуу капшабы эч кимди кыйгап өткөн эмес.

Айтматов Советтер Союзунда абдан таасирдүү адабий ишмерге айланган. Сталиндин «массалык тазалоо» саясатынан улам өмүрү кыйылган атасынын тагдыры анын жазуучу болушуна түрткү берген окшойт. Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары мамлекет талап кылгандай социалисттик реализмдин алкагынан чыкпаган башка китептерге дегеле окшобойт эле. Ал эркиндикти самаган эркин күчтүү, мүнөзү өзгөчө, жан дүйнөсү бай каармандарды сүрөттөгөн. «Биринчи мугалим» повестинде Дүйшөн окуучу кызды зордоп күйөөгө берген эскичил каадаларга каршы күрөшөт, окуучусу менен бирге бийик мүдөөлөрдүн символу болгон эки жаш терекчени эгип, аны билим алууга шыктандырат. «Ушулар жетилип чоңойгончо, сен дагы жетилип, жакшы киши болуп, көктөп бүрдөйсүң. Менин баамымда сен чоң окумуштуу адам болосуң», – деген насаатын айтат айылдык мугалим.

Ушул саптар Айтматовдун өзүнүн да жашоосун чагылдырат. Ооба, ал бийик тоолуу кыргыз жергесинен

өсүп, бутак-шагы жайылган, терең тамырлуу чынар терекке айланды. Бирок XX кылымдын өтө кайгылуу окуясы – Экинчи дүйнөлүк согуш маалында ал терек-тин бутактары сынып зыркырап, андан мурун жанындай көргөн атасынан айрылганда, сугарылбаган дарактай соолуп кала жаздаган. Ага карабастан, чырпык чынар болду, көргөндүн көңүлүн көкөлөтө бийик өсүп жетилди. Айтматов азыр да Кыргызстандын телчигип бараткан саясий системасынын, Борбор Азиядагы парламенттик демократияны курууга умтулган эң эркин коомдун атасы сыяктуу кабылданат.

Мен үчүн Чыңгыз Айтматовдун өмүр баяны – бейкүнөө атасынын өмүрүн алган система менен кандайдыр мунасага барса да, жеке өзүнүн ички күрөшүү мүмкүнчүлүгүн чыгармачылыктан тапкан инсандын татаал жолу. Айтматов – Советтер Союзундагы системаны айыптоо үчүн өз чыгармаларында купуя коддорду тапкан интеллектуал күрөшкер. Айтматовдун өмүрү – эркиндикке умтулган элинин тилин, тарыхын, маданиятын советтик репрессиядан сактап калган кеменгер инсандын баяны.

Чыңгыз Айтматов эркиндик үчүн күрөштө куралга эмес, сөз менен идеялардын күчүнө таянган, ошолорду колдонгон. Анын өмүрү «чындык сынбайт, ийилет» деген эзелки накыл кептин даана далили. Чындык баары бир жеңет. Күнөөсүз айыпталгандар акыры акталып, адилеттик орнойт. Ар бир жеке адамдын эркиндиги гана маани-маңыздуу жашоого жол ачат.

Жефф ЛИЛИ,
айтматовтаануучу.
АКШ.
Которгон Венера Сагындык кызы

«АЙТМАТОВ ҮЧҮН КЫРГЫЗСТАНДЫ БИР КӨРҮҮГӨ ЗАР БОЛГОНДОР БАР»

Жефф Лили Кыргызстанга алгачкы жолу 2004-жылы келген. Эл аралык уюмдардын Бишкектеги кеңселеринде иштеп жүрүп, ал Чыңгыз Айтматов менен Азамат Алтайдын тагдырына кызыгып калган экен. Анын бул эки кыргыз тууралуу жазган китеби АКШда жарык көрүп, быйыл (2019-жылы) кыргыз тилине да которулуп чыкты.



Солдон оңго: АКШ Конгрессинин китепканасынын өкүлү Мэри-Жейн Дииб, Кыргызстандын АКШдагы мурдагы элчиси Кадыр Токтогулов, китептин автору Жефф Лили жана Эркин Европа/Азаттык радиосунун кыргыз кызматынын директору Венера Сагындык кызы. Вашингтон, 2018.

«Азаттык»: – *Үч жыл мурда «кыргыздын атактуу эки уулу жөнүндө англис тилинде китеп жазмакчымын» – деп бизге маек куруп бердиңиз эле. Китеп жазылып бүтүп, жакында жарык көрөт экен, куттуктайбыз. Англис тилдүү окурмандарга ушул эки кыргыздын башынан өткөндөрү кызыктуу болот деп ишенип турасызбы?*

Жефф Лили: – Рахмат. Көпчүлүккө кызыктуу болот деп үмүттөнөм. Китепти келерки жылдын март айында АКШдагы Индиана университетинин басмаканасы даярдап чыгармай болду. Бул окуу жайда Борбор Азияны изилдеген чоң бөлүм бар.

Китепте эки кыргыз жөнүндөгү абдан таасирдүү окуялар баяндалат. Чыңгыз Айтматов менен Азамат Алтайдын башынан өткөн иштер жалпы адамзатка тиешелүү. Бул китепти окуганда, англис тилдүү окурмандардын көбү алгач ирет кыргыз элин, Кыргызстанды таанып билүүгө кызыгышат деп ишенем.

«Азаттык»: – *Айтматов менен Алтайдын өмүр жолуна тарыхый жагдайлар, дүйнөлүк маанидеги чоң окуялар таасир тийгизип келгендиги да кызык эмеспи...*

Жефф Лили: – Албетте, абдан таң каларлык. Ушул эки кыргыздын баскан жолу аркылуу XX кылымдын тарыхы, анын көмүскө бойдон калган жагдайлары жөнүндө сөз болот. Тарыхты көбүнчө чоң мамлекеттер, «жеңүүчү тараптар» жазып коюп атышпайбы. Бул жерде биз кыргыз деген чакан элдин тарыхына кайрылабыз. Бул окуялар, балким, дагы далай чакан улуттардын тагдырына жакын. Алар улуттук тилин, маданиятын сактап өнүктүрүү, эркиндикке, акыры, эгемендикке жетиш үчүн күрөшүүгө мажбур.

Биздин китептин каармандары Азамат Алтай Кыргызстандан алыста, Чыңгыз Айтматов өз мекенинде жашап, элдин келечеги үчүн курал-жараксыз эле аң-се-

зим, акыл күрөшүн жүргүзүшкөн. Экөөнүн куралы сөз, принциптер жана баалуулуктар болгон.

Бул баяндын дагы бир өзгөчөлүгү – биздин эки каармандын тең мүдөөсү орундалып, элдин эгемендикке жеткенин алар өз көзү менен көрө алышты. Азамат Алтай 55 жылдан кийин мекенине кайтып барса, Чыңгыз Айтматовдун атасынын кайда көмүлгөнү белгисиз болгон сөөгү 53 жыл дегенде табылып, каада-салт боюнча бейитке коюлду. Чоң жоготуунун орду толду. Китептин аталышына ушул ойду камтый кеттик. Китеп «Азамат Алтай жана Чыңгыз Айтматов: Темир тордун эки тарабындагы тагдырлар» деп аталат. Аталышта «Борбор Азия» же «Советтер Союзу» деген сөздөр жок, бирок мукабага кыргыз тоолорунун сүрөтү бар болгондуктан, окурмандар СССРдин тоолуу аймагына тиешелүү, «кансыз согушка» байланышкан окуялар баяндаларын аңдай алат деп ойлойм.

Эки алпты арман бириктирди...

«Азаттык»: – *Сиздин китепте сөз болгон эки кыргыздын – Айтматов менен Азамат Алтайдын – дагы бир окшоштугу экөөнүн тең атасынан тирүүлөй айрылгандагы оор кайгысы, бүт өмүрлүк арманы болсо керек. Айтматов атасынын өлүү-тирүү экенин биле албай, кийин кайда көмүлгөнүн таба албай 53 жыл бою арман менен жашаса, Азамат Алтай темир тор артында калган атасын көрө албай, ал үчүн өзүн күнөөлүү сезип келген. Балким, дал ушул ичтен сыздырган терең арман ушул эки инсанды чыйралтып, чоң максаттарга бел байлаткандыр?*

Жефф Лили: – Ооба, экөөнө тең дем, кайрат берген бир күч болгон. Чыңгыз Айтматовду алсак, ал билими, кесиби боюнча зоотехник болсо да, кандайдыр күч аны

дилиндеги сезимдерин туюнтууга, эл менен бөлүшүүгө, жазуучу болууга түртмөлөгөн. Анын чыгармалары жүздөн ашуун тилге которулуп, дүйнөдөгү көптөгөн окурмандарды таасирлентип келатат.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгына өзүнүн чындык, адилеттүүлүк таппай карайлаган армандуу сезимдери башкы дем болгон. Чыңгыздын атасы уулуна калтырган акыркы аманатында да: «Ар дайым адилетсиздикке каршы тур», – деп жазып кеткен экен. Ал кат Чыңгыздын колуна далай жылдан кийин тийип отурбайбы. Азамат Алтай согуштагы ырайымсыз мыкаачылыктын, зөөкүрлүктүн баарын көргөн. Согушка чейинки сталиндик саясаттын саркындыларын көргөн. Согушта немистердин туткунуна түшүп, далай азап тарткан аскерлерди мекенине кайтканда кандай кордук күтүп турганын билген. Ал мекенине кайтып барса түрмөгө түшөрүн билген.

1948-жылы Нью-Йоркто чыкчу «Социалистический вестник» деген журналга орусча жазылган макаласы чыккан экен. «Мен мурда жарым-жартылай жапайы, эскичил адам элем», – деп башталган макаласында ал өмүр жолун төкпөй-чачпай баяндаптыр. Аягында: «Мен кыргыз элинин эркиндиги, эгемендиги үчүн өмүр бою күрөшө берем», – деп жазган экен.

Оюн эркин айтуу – зор эрдик

«Азаттык»: – *Чыңгыз Айтматов «темир көшөгөнүн» ичинде жашап жүрсө да, Батыштын алдыңкы жазуучуларынын чыгармаларын окуп, рухий азык алган экен. Ошол чыгармалар аркылуу дүйнө маданияты, адамзаттын өнүгүү жолдору менен тааныша алган, көп нерселерге көзү ачылган. Азамат Алтай жаш кезинде согушка кирип калгандыктан, төрт-беш жыл-*

дап университетте окуган эмес. Бирок аны менен бир нече жолу маектешкенде, абдан билерман адам болгондугун, орус адабиятынын мыкты чыгармаларын, Зощенко, Пастернак, Булгаков, Буниндин жазгандарын бүт окуп чыкканын билдим. «Темир көшөгөнүн» эки жагында жашаган эки кыргыз ички дүйнөсүн байытып, тереңдетип, кайсы бир деңгээлде ички эркиндикке жетише алышкандай...

Жефф Лили: – Советтер Союзунда китеп окуу, ар түркүн адабияттарды тааныштыруу салты абдан күчтүү болгон. Чет элдик адабият совет элдеринин тилдерине абдан көп которулган. Ал кездеги статистиканы карап көрсөк, орус адабияты башка тилдерге которулганга караганда, чет элдик адабияттын орусчага которулганы кыйла көбүрөөк болгон. Ким билет, Айтматов жашыруун басылып чыгарылган диссиденттик «самиздат» деген китептерди да таап окугандыр.

Азамат Алтайдын өздүк китепканасында алты миңден ашуун китеп топтолгон экен. Көбү Борбор Азияга арналган чыгармалар болгон, бирок Азамат Алтай СССРден тышкаркы дүйнөнү абдан изилдеп үйрөнүп, көп нерсеге көзү ачылып, башка элдердин адабияты менен маданиятына сугарылып, алардагы мыкты идеяларды кыргыздардын арасында тараткысы келген, ошол үчүн күрөшкөн.

«Азаттык»: – *Таң калычтуусу, «темир көшөгөнүн» эки жагында жашаган бул эки кыргыз жолугушуп, таанышып, узак-узак маектешип сырдашкан экен. Мен билгенден Советтик Кыргызстандан барган көпчүлүк белгилүү чыгармачыл инсандар Азамат Алтай менен маектешмек тургай учурашкандан коркуп, качып турушкан. Анткени аны Совет бийлигинин душманы деп билишчү. Атактуу кыргыздардын арасынан Чыңгыз Айтматов, Болот Миңжылкыев коркпой-үркпөй эле Азамат Алтай менен достошуп, үйүнө барып конок бо-*

луп, «алыста жүргөн жердеш» деп сыйлашып, мамиле кылган экен. Азамат Алтайды ал кезде айрым кыргыз гезиттери «чыккынчы, саткын» деп жазган учурлар да болгон. Ага карабай Чыңгыз Айтматов 1986-жылы «Эркин Европа/Азаттык» радиосунун Мүнхен шаарындагы кеңсесине барып, ал жерде иштеген журналисттер менен жолугушуп, кеңири баарлашкан экен. Мындай эркиндикти, эрдикти кандай түшүндүрөт элеңиз?

Жефф Лили: – Алгачкы жолу Чыңгыз Айтматов менен Азамат Алтай 1975-жылдын июль айында Нью-Йоркто жолугушкан экен. Советтер Союзунун айбаты ааламга сезилип турган кез. Ошондо Айтматов менен Миңжылкыев адамгерчилик мамилелерине саясий көз караштар таасир эте албай калган деңгээлге жетишсе керек. Ырас, Айтматов убагында Сахаровго каршы жазылган катка кол койгон. Аны да, балким, чыгарма жазууда эркин болуш үчүн кээде ошондой акы төлөөгө аргасыз болгондур деп жорудум. Каалаган жагына барып оюн эркин айтыш үчүн ошондой жогорку макамга, эркиндикке жетишкен. КГБнын тынымсыз көзөмөлүн жеңип, Азамат Алтайдын Нью-Йорктогу үйүнө барган мезгилде, эч ким жолун тосо албагыдай кадыр-баркка жеткен окшойт деп ойлойсуң. Башкалар кыңк этпей баш ийген эрежелерди көзгө илбегидей деңгээлге жетсе керек. Ал керек болсо Америкага барбай кала жаздаган. Америкалыктар анын Сахаровго каршы өнөктүккө кошулганына капа болушкан, бирок жазуучу ошол тосмону да жеңип өтө алган.

Эмоционалдык күрөшкө эрте аттанышты

«Азаттык»: – *Мен дайыма бир сурооого жооп издеп келем. Чыңгыз Айтматов атасы Төрөкулдун кемелине келип, бактылуу жашап турган кезинде камакка*

алынып, чоң трагедияга туш болгонун билген, сезген. Атасы эле эмес, атасынын бир туугандары да атуугa кеткенин уксаңыз керек. Ошол эле саясий система Айтматовдун өзүн атактуу жазуучу кылып жаратты. Ушул эки жүздүү системаны Айтматов кандай кабыл алды болду экен дейм да...

Жефф Лили: – Тагдырдын тамашасы ушундай экен да. Мен Айтматов жазуучу боло электеги жазган макалаларын, «Ашым», «Ак жаан», «Атаандаштар» жана башка аңгемелерин да таап окуп чыктым. Аларда Айтматов советтик система Кыргызстанга алып келген өзгөрүүлөрдү, муундар ортосундагы ажырымды, жашоодогу бурулуш окуяларды баяндайт. Менимче, ал жаштайынан оор трагедияны баштан кечирип, кийин эс тартып бирдеме жазышты ойлогондо, кайгы-кападан алыстагысы келген. Ал «эл душманынын» баласы деген жектөөдөн жапа чеккен, эми өзү жетилип өз алдынча инсан болгонун көргөзгүсү келген. Ал жеке өзү эле эмес, энеси, бир туугандары үчүн жоопкерчиликти сезген. Билими күчтүү миңди жыгарын бат эле түшүнүп, эки тилде мыкты жазуу, ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүн пайдаланып, апасын, үч бир тууганын Таластан Фрунзеге көчүрүп келип, жашоосуна кам көрө баштаган. Кыргыздарда улуу баланын жүгү абдан чоң эмеспи. Чыңгыз Айтматов оорукчан болуп калган апасын карап, бир туугандарын жакшы жашоого баштаганга ашыккан. Мунун баары табигый сезимдер.

«Азаттык»: – *Маркум Азамат Алтай 55 жылдан кийин кайтып келгенде кыргыздар ушунчалык өзгөргөнүн, көп эле нерселер аны капалантканын айтып берген эле. «Мен жаш кезде эл абдан ынтымактуу, бирдиктүү эле. Стакан кармап кезектешип тост айтмай деген жок болчу. Азыр ал кыргыздардын жашоосундагы адатка айланыптыр», – деп сындаганы бар. «Элдин кулк-мүнөзү таптакыр өзгөрүптүр», – деп таң калып отурду. Кыргызстанга барып келгенден*

кийинки Азамат Алтай мурункусуна караганда бактылуу адам болгон деп айта алабызбы?

Жефф Лили: – Тилекке каршы, мен Азамат Алтайга тирүүсүндө жолуккан жокмун. Тынчтыкбек Чоротегин менен Чыңгыз Айтматов тууралуу сүйлөшүп отурсак эле ал Азамат Алтайды эскерип калды. Кийин сиз жана башка ага жолуккан адамдардан угуп билдим. Анын тирүү кезинде жазган каттарын, эскерүүлөрүн окуп чыктым. Колумбия университетинин китепканасында иштеп жүргөндө жазган иш кагаздарынан ал мүнөзү өктөм, талапты коё билген адам болгонун билдим. Анын Нью-Йорктогу үйүнө меймандап барган кыргыздардын баарына: «Мекениңди, элиңди уятка калтырба, жаманатты кылба», – деп катуу эскертчү экен. «Жалкоо болбогула, көп иштегиле, улуттук баалуулуктарды унутпагыла», – деп кайталагандан тажабаптыр. Азамат Алтай ошончо жыл Германияда, Америкада өзүн кыргыздардын өкүлү катары көрүп, абдан чоң жоопкерчиликти сезип жашаган окшойт.

Чыңгыз Айтматов тогуз жашында атасынан ажырап, бир үйдүн таянар тоосуна айланса, Азамат Алтай ондогон жылдар бою жакын адамы жок чет жакта өмүр сүрдү. Бул экөө тең жашоо үчүн чоң күрөшкө эрте аттанууга аргасыз болушкан. Ал күрөш көбүнесе аң-сезимди чыңалткан эмоционалдык күрөш болгон.

Айтматов – Кыргызстандын урааны

«Азаттык»: – *Жанараак Чыңгыз Айтматовду кыргыз элинин, жеринин символуна айландыруу иштери колго алынган эмес деп өкүнгөндөй болдуңуз эле. Бул жагынан бизге кандай сунуштарды айтаар элеңиз?*

Жефф Лили: – Мен Кыргызстанда көп жыл жашап калдым. Азыр да кайра кайтып келип Бишкекте ту-

рам. Достоевский Санкт-Петербургдун, Чарльз Диккенс Лондондун, Хемингуэй өз мекенинин символу болгондой эле, Чыңгыз Айтматовду да Кыргызстандын башкы брэндине айлантса болот. Мисалы, чет элдик саякатчылар үчүн атайын «Айтматов турларын» уюштурса болот. Атактуу жазуучуңардын жашоо-турмушунда орду бар, анын чыгармаларында баяндалган маанилүү жайларды белгилеп, атайын карта түзүш керек.

Таластын Шекер айылында ал чоңойгон үйдү же көчөнү белгилеп атайын жазууларды орнотуп, «Биринчи мугалимдеги» Дүйшөн иштеген мектепти, Караколдо Айтматовдун таятасы салган үйдү, Бишкекте анын баскан жолун, чыгармачылыгын эске калгыдай чагылдырган мыкты музей уюштуруш керек. «Манас» аэропортуна «Чыңгыз Айтматовдун мекенине кош келиңиз!» деген жазууну илип койгула. Айтматов турунун телефондогу атайын тиркемесин чыгаргыла. Ысык-Көлдө «мына бул жерде баланча чыгармаларын жазган», Бишкектеги Кино үйүндө атайын бөлмө ачып, «ушул жерде бул жылдары иштеген» деп жазгыла.

Мен далай өлкөлөрдө «Айтматов үчүн Кыргызстанга бир барып келмекмин» деген кишилерди жолуктурдум. Алар келсе, үй-бүлөсү колунан келишинче уюштурган музей менен «Ата-Бейиттен» башка эмнени көрө алышат? Ошто бала чагында жашаган жери бар, ал жерди да кошкула. Айтматов үчүн Кыргызстанды түрө кыдырып чыгышсын, жазуучуну шыктандырган, талантын ташкындаткан жерлерди, элди көрүп билишсин. «Айтматов турлары» ушундай болушун каалар элем.

«Азаттык»: – *Биздин окурмандар арасында сиздин сунушту колдой турган адамдар чыгып калгысы бардыр. Китебиңизди жазууга канча убакыт кетти?*

Жефф Лили: – Алгачкы жолу Кыргызстанга 2004-жылы келгем. Орусча билчүмүн. Айтматов качандыр жазган ар бир чыгарма, макалалардын баарын таап

окуп чыктым. Эң алгачкы аңгемелери кыргызча гана бар экен, аларды да котортуп окуп чыктым. Баш-аягы 3–4 жыл кетти. Иштеп, балдарымды багышым керек эле, бирок бош убактымды жалаң ушул китепке жумшадым. Кийин Азамат Алтай тууралуу угуп, ага да кызыгып калдым. Экөө жөнүндөгү бардык маалыматты топтогонго сегиз жарым жыл кетти. Баарын топтоп бүткөндөн кийин бир жарым жыл иштен бошонуп алып жалаң ушул китепти жазууга отурдум. Бардыгы болуп он жылдык акыл эмгегимдин жыйынтыгы, буюрса, март айында басылып чыкканы калды.

«Азаттык»: – *Сизге чоң рахмат. Китебиңиз сөзсүз кыргызчага которулушу керек. Биз XX кылымдагы тарыхыбыздын четин да каза элекпиз.*

Жефф Лили: – Мен да ошондой болот деп ишенгим келет. Китебимди которууга жардам же кеңеш бергидей кишилер менен байланышып, кызматташууга даярмын. Силерге да чоң рахмат.

Аңгемелешкен ***Венера САГЫНДЫК кызы,***
«Эркин Европа/Азаттык» радиосунун
Кыргыз кызматынын жетекчиси

ЫСЫК-КӨЛДҮ САГЫНУУ

Кыялымда ак куу болуп
Учуп жүрөм көл үстүнөн.
Көк асмандын мейкининде
Балык сымал эркин сүзөм.

Алыс кетсем, куса болуп,
Сагынам салкын төрүң.
Алтын көлүм, Ысык-Көлүм,
Сагындым мен толкун көркүң.

Байыркынын, бабалардын
Сөзү калды көл бетинде.
Балалыгым эстен чыкпайт,
Изим калды көл четинде.

Кыялымда учуп барам
Бийик чокунун үстүнөн.
Кылым карып, кырлар ашкан
Кыргыз көлү чөкпөсө дейм.

Муратбек Бегалиевдин обону менен Гүлнур Сатылганова ырдап чыккан бул ырдын сөзүн Чыңгыз Айтматов жазгандыгын көпчүлүк эл биле бербейт. Залкардын ажайып дүйнөсүнө кантип аралашканымды баяндап берейин деп чечкенимде, ушул ырдын кайрыктары кулагымда жаңырып турду.

1990-жылы Түркияда университеттин 1-курсунда окуп жүргөн кезимде стипендиям колума тиер замат

китеп дүкөнүнө барып, ай сайын бир нече китеп сатып алып окуйт элем. Бир жолу Чыңгыз Айтматов аганын китептерин көрүп, бирөөн алдым. Аябай таасирленип, кийинки айда башка чыгармаларын да баарын сатып алдым.

Айтматовдун чыгармалары Орто Азияга кызыгуумду күчөттү. Ошол күнгө чейин түрк дүйнөсүн көп иликтеген түркиялык Явуз Бүлент Бакилер деген акын жана жазуучунун Орто Азия жөнүндө эки китебин окугам. 1992-жылы Айтматовдун ааламын таанып билиш үчүн анын мекени Кыргызстанга келдим.

Ошентип, Каракол шаарындагы Касым Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетине кирдим. Кыргызстанда окуп жүргөндө гезиттерге, журналдарга чыгармаларды которуп, макала жаза баштагам. Бирок Айтматов агай жөнүндө жетиштүү маалымат ала элек болчумун. Ошондуктан ал мен үчүн кол жеткис бийиктикте турат эле. СССРдин саясатынан улам, анын өмүр баяны китептеринде кеңири берилбептир.

Сааты келип турганда, бир нерсени ачык айтышым керек. Мен Айтматовду эчак көз жумган деп ойлочумун! Анткени адамдар чыгармалары классикага айланган авторлорду ушундай деп ойлойт эмеспи.

1995-жылы Манас атанын миң жылдык маараке-си эл аралык деңгээлде, шаан-шөкөт менен айтылуу Каркыра жайлоосунда өткөн. Мен да тааныштар менен бирге бардым. Ошол күнү эл Көкөтөйдүн ашындагыдай эле көп чогулду окшойт.

Чет мамлекеттерден кадырлуу коноктор, мамлекет башчылар да келишти. Салтанатта атактуу илимпоз Кусейин Карасаевге сөз берилди. Ал киши менен маараке-ге чейин таанышкан элем. Андан кийин эле Чыңгыз Айтматовду чакырып калышты. Мен бул эки инсанды өз көзүм менен көргөнүмө өтө кубандым!

Каркырада көргөндөн кийин, залкар жазуучу менен жолугууну самап калдым. 1997-жылы Бишкекте гезитте иштей баштагам. Декабрь айы эле. Бир күнү: «Бүгүн кечинде бир кечеге барабыз. Ал жерде Ч. Айтматовдун «Балалыгым» китебинин бет ачары болот. Маектешүүгө Түркиядан келген журналисттер да катышат. Сен бизге котормочу болосуң», – деп чакырып калышты. Бир чети катуу таң калып, экинчи чети катуу сүйүндүм. Залкарга котормочу болорума ишене албай, апкаарып турдум.

Кечинде иш-чара өтө турган залга бардык. Бет ачар бүткөндөн кийин маектешүү үчүн Айтматовго жолуктук.

Түркияда китеби аркылуу таанышкан, мага Орто Азиянын жана Кыргызстандын каалгасын ачкан, чыгармалары кыргыздарга туугандык сезимди ойготкон дүйнөлүк жазуучу кашыбызда турду!

Конок катары келген журналисттер суроо берип, Айтматов жооп кайтарып, мен которуп жаттым. Улуу жазуучунун жөнөкөйлүгү, ак көңүлдүгү, сылыктыгы, орундуу сүйлөгөнү кыргызча билбеген адамды да өзүнө тартарын байкадым.

Айтматов советтик башка адабиятчылардай менменсинбейт, кабагын чытыбайт экен. Тескерисинче, баарыбызга күлүмсүрөп, жакшы мамиле кылды. Кең пейил, айкөл адам!

Чыңгыз агайдын сөзүн которгондо, эч кыйналбадым! Анча-мынча түркчө сөздөрдү да кошуп сүйлөп жатты.

Журналисттердин бири постмодернизм тууралуу суроо узатты. Мен ушул сөздү биринчи жолу угуптурмун, чынымды айтсам! Эмне дээримди билбей турганымда, Айтматов мени күтпөй эле сурооно жооп бере баштады.

Ошентип, кыргыз элинин дүйнөнү дүңгүрөткөн чыгаан уулу Айтматов менен биринчи ирет жолугушканбыз.

1999-жылы Түркияга кайттым. Кийинки жылы Стамбулга жакын Адапазары шаарында иштеп калдым. Бир жолу туугандар менен учурашуу үчүн Стамбулга баргам. Туулган жериме баргандан бери Кыргызстанды сагынып, куса болуп жүргөм. Көңүлүм көтөрүлөбү деген ой менен Мухаммед пайгамбарды коноктогон, кийин ушул шаарда көз жумган Азирети Эюптун күмбөзүнө зыярат кылып, дуба кылганы Стамбулдагы Эюп деген борбордук районго бармакчы болдум.

Ага чейин Осмон империясынан калган Фесхане деген имаратта китеп көргөзмөсү өтүп жатканын көрүп кире калдым эле, көктөн издегеним жерден табылды! Ал жерде кыргыздар кезекте туруптур, арасында мен окуткан балдар да бар экен!

Көрсө, Айтматов агай ошол жерге келиптир! Мен да эл катары кезекке туруп, китепке кол тамга жаздырып алуу үчүн агайдын алдына бардым. Салам берсем, башын көтөрүп: «Сен бул жерде эмне жүрөсүң?» – деп акыбалымды сурады.

Жыл сайын миңдеген адамдар менен жолуккан агайдын бир жолу котормочу болгон адамды унутпаганына тан бердим. Ал күнү убактысын албайын деп кетип калдым. Азирети Эюптун күмбөзүнө барып дуба кылып, көңүлүм сергип, үйгө жөнөдүм.

Айтматов менен андан кийин бир-эки жолу жолуккан учурлар болду. Бирок алар жалпы программанын алкагында болгондуктан, отуруп кенен-кесир сүйлөшө алган жокпуз.

2003–2004-жылдары Стамбулда бир басмаканада иштеп калдым. Айтматов агайдын бир нече китеби ушул жерде басылган. Айтматов агай кээде басмакананын иш-чараларына катышып кетчү. Бир жолу Түркиядагы эң чоң арал Гөкчейага эл аралык кино фестивалына катышканы мэриянын чакыруусу менен бардык. Ардактуу конок – Чыңгыз Айтматов! Мен анын китеп-

терин көргөзмөгө коюш үчүн барган элем. Биринчи күнү кечинде Айтматов агай эл алдында сүйлөдү. Азербайжандан келген бир жазуучу которуп турду. Бирок мен кыргызчага салыштырып, жазуучунун айткандары элге толук жетпей жатканын байкадым.

Эртеси күнү иш-чаралар улантылганда, кыргызча билген киши керек деп мени чакырышты. Котормо элге жетпей жатканын сезиштиби же азери жазуучу өзү сурандыбы, айтор, эл менен жазуучунун ортосунда көпүрөлүк милдетти мен аткармай болдум.

Чыңгыз Айтматов конференцияда сүйлөгөнгө даярданып жатыптыр. Ошентип, кезеги жеткенде, сахнага чыкты. Мен ар бир сөзүн которо баштадым.

– Ушул аралга келгенде, өзүмдү «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» повестимдеги жээкте жүргөндөй сездим. Арал укмуштай кооз экен. Кийин дагы келип, ушул арал жөнүндө бир чыгарма жазса болчудай экен, – деп бир топко чейин сүйлөдү. Мен анын айткандарын которуп жатсам, улам мени токтотуп: «Ибрахим, жакшылап которуп жатасыңбы, айткандарым которулбай калбасын?! Сөзүмдү элге жеткире, жакшы котор», – деп сурап турду.

«Камсанабай сүйлөй бериңиз, агай», – деп которуп жаттым. Ошентип, кол чабуулардын коштоосунда сахнадан түшүп кеттик. Гөкчейанын салкын кечинде жээктеги китеп сатуучу кеңседе кайра жолуктук. Бир аз баарлашып, окурмандар кол тамга алган соң коштоштук. Кызыгы, өзүмдүн атыма кол тамгасы бар китеп албай калыпмын!

Андан кийин да кездешип, кыска убакыт болсо да жүз көрүшкөн учурлар болду.

2008-жылы июнь айында Германияда көзү өткөнүн укканда, атамды жоготкондой кайгырып, ыйлап жибергем. Ага арнап кыргыз жана түрк тилдеринде ырлар-

ды жаздым. 2014-жылы үй-бүлөм менен, 2015-жылы окуучуларым менен Кыргызстанга келгенде, дароо эле Ата-Бейитке барып, Чыңгыз агайга багыштап куран окуп, көзүмө жаш алып, өткөн күндөрдү эстедим.

Ооба, Чыңгыз Айтматов, бир гана кыргыздын эмес, бүткүл түрк элдеринин уулу, залкар жазуучусу.

Кыргызстандын жөнөкөй бир айылында жарык дүйнөгө келген, репрессиянын кесепетинен атасыз калган. Турмуш түйшүгүн эрте көтөрүп, далай тоскоолдуктарды жеңип өткөн.

СССРдин темир дарбазасы тосуп турганына карабай, Айтматов кыргыз элинин, Орто Азиянын, жалпы түрк элдеринин, Манастын үнүн дүйнөгө жеткизе алды. Жамийладан Арсен Саманчинге чейинки каармандары Ысык-Көлдүн тереңдигин, Ала-Тоонун бийиктигин көрсөттү. Байыркынын доошун келечекке угузган улуу жазуучу, кеменгер ойчулдун «маңкурт» метафорасы дүйнөлүк адабияттан өзгөчө орун алды!

Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгына дагы көп кайрылам деп ойлойм. 2018-жылы жазуучунун 90 жылдыгына карата кыялымдагы бир ишти орундай алдым. Агайдын буга чейин гезит жана журналдарга айткандарын, китептерден алынган сөздөрүн топтоп, китеп даярдадым. Бул юбилейлик басылмалардын ичинен залкардын Түрк дүйнөсүндөгү орду жөнүндөгү жалгыз китеп болуп саналат!

Кыргыз жана түрк тилдеринде басылган бул китепти атоо үчүн Чыңгыз агайдын сөзүн тандадым: «Күн сайын адам болуу» (Hergün İnsan Olmak).

Жазуучунун көзү өткөнүн укканда, ушул ырымды жазган элем.

Чыңгыз агай, жаткан жериңиз жайлуу болсун!

АЙТМАТОВДУ ЖОКТОО

Кашка суудай тунук акты, таш жарып,
Кылым ашкан албан ишти аткарып.
Кайгы-муңдун үрөнүн сээп койгондой,
Булуң-бурчка кабарлашты, чаң салып:
Ысык-Көлдүн толкундары токтоду,
Ымырт түшүп жээгине апкаарып.

Өрт каптады сезимдерди тымызын,
Өчкөн үчүн асмандагы жылдызы.
Өскөн жерге, Ата Журтка кош айтып
Сени жалгыз койду белем Чыңгызың!
Мындан ары кезиктирбей калдың го,
Эсил кайран бир боорум ай, Кыргызым!

10.06.2008

Ибрахим ТҮРКХАН,
акын.
Түркия

АЙТМАТОВ – БИЗ ҮЧҮН РУХИЙ КАЗЫНА

Мага Чыңгыз Төрөкулович менен эки жолу олтуруп, терең баарлашуу бактысы буюрду.

Биринчисинде, мен 1993-жылы декабрь айында Франциянын Страсбург шаарында өткөн Адам укуктары боюнча бүткүл дүйнөлүк семинарга атайын чакыруу менен катышканы барган элем. Семинардын иши аяктап калган күндөрү телефон аркылуу Чыңгыз Төрөкуловичке байланыштым. Буга чейин эле улуу жазуучу менен жолугушууну эңсеп жүргөм. Анан «чет элге барып, ушундай мүмкүнчүлүк болуп турса, кантип кетирейин» дедим. Ал кезде Чыңгыз агабыз Орусия Федерациясынын Люксембургдагы элчиси эле.

Телефонду Чыңгыз Төрөкулович өзү алды. Баарыбызга тааныш коңур үндү укканда, маңдайым жарыла сүйүнүп, Кыргызстанда жүргөндөй болуп кеттим. Мен Страсбургга келгенимди айтып, ал кишиге жолугуп кетүү максатымды билдирдим. Улуу жазуучу ошол замат макул болуп, тосуп аларын айтты. Страсбургдан Люксембургга чейин поезд менен барганымда, ал жерден Чыңгыз Төрөкуловичтин айдоочусу алып кетти.

Жолдо болгон бир күтүүсүз жолугушуу жөнүндө да кыскача айта кетейин.

Поездде бир чет элдик аялдын китеп окуп баратканын байкадым. Ал китептен кыргыз кызынын тартылган сүрөтүн көрүп, ого бетер кызыгып, окурман менен сүйлөшө кеттим. Анча-мынча англис тилин билгенимдин пайдасы тийди. Көрсө, анын колундагы Чыңгыз

Айтматовдун «Кызыл жоолук жалжалым» повести экен. Китепте Илиястын улуу сүйүүсүнө арзыган Аселдин сүрөтү тартылыптыр.

Ал жүргүнчү аял менин кыргыз экенимди, Илияс аварияга учураган Долон ашуусун далай ашканымды, ушул чыгарма жаралган Кыргызстандан келгенимди угуп: «Кыргыз улутунун өкүлүн биринчи көрүп, сүйлөшүп жатканым үчүн бактылуумун, кыргыздар менен сүйлөшсөмбү деп эңсеп жүргөм», – деп колумду кыса кармады. Анан менин Чыкеге жолугушканы баратканымды угуп, ого бетер таң калып, мага суктанды. «Кыргыздар, силер Чыңгыз Айтматовдой залкарыңар бар, бактылуу элсиңер», – деп улуу жазуучуга өзүнүн атынан ысык салам айтып коюумду өтүндү.

Бул чыныгы болгон окуя. Мен Европада жашаган бир жөнөкөй эле аялдын биз жөнүндө айткан пикирин угуп, ушунчалык өзүмдү бактылуу сездим. Эгер Айтматовдой улуу жазуучу болбосо, башка өлкөнүн жарандары минтип кыргыздарды ыйык улут катары көрүп сыйлап турбайт эле. Мына, Айтматовдун өз эли үчүн жасаган ат көтөргүс эмгеги!

Ошентип, өзү иштеген элчиликте Айтматов мени дасторконун жайып, калдайып тосуп алды. Ал кезде 64 жашка жаңы чыккан курагы. Мен анын экинчи уулу Аскар менен теңмин.

Айтматов жолугушканда эле улуулугун көргөзүп: «Уулум, адам укуктары боюнча биздин элде буга чейин аракеттенген адам болгон эмес. Бул улуу ишти аянбай аркалап кетсең, азаматтык кыласың. Адам укуктарын коргоо кыймылы Европадан башталган эмеспи, буга алар чоң маани беришет. Ишиңе ийгилик каалайм», – деп батасын берген эле. Балким, улуу адамдын батасы тийип, отуз жылга чукул ушул ишти аркалап жүрөмбү деп ойлонуп кетем.

Менин ветеринардык факультетти бүткөнүмдү укканда, бир чети сүйүнүп, бир чети таң кала түштү.

«Өзүң ветеринар болуп туруп, кантип адам укуктарын коргоо жолуна түштүң?» – деп сурап калды.

Мен да жөн калбай, тамашаладым: «Зоотехник болуп туруп сиз бүт эл сүйүп окуган дүйнөлүк жазуучу болдуңуз, менин кесибим ветеринар болсо да, балким, эл аралык деңгээлдеги укук коргоочу болуп калаармын». Улуу жазуучу бул жоопко жадырай жылмайды. Мага ишеним артты.

Ошондо мен поездде жолуктурган аял жөнүндө айтып, анын саламын жеткирдим. Чыңгыз Төрөкулович анын саламына ыраазы болду. Анан Европа коомчулугу менен кеңири жолугушуу болуп турарын айтып, бирок ушундай иш-чаралардын баары убакытты уурдап, чыгарма жазууга кедергисин тийгизип жатканына кейиди.

Анан мен учурдан пайдаланып, сүйүүнүн поэзиясына айланган «Жамийла» повестинин жаралышы тууралуу да суроо узаттым. Улуу жазуучу ою менен тээ тереңге сүңгүп киргендей тунжурады да, жооп бере баштады.

«Ар бир чыгарманы жазуучу өз туюму менен жаратат, турмуш чындыгын көркөм жалпылайт. «Жамийланы» жазууга биринчи түрткү берген каарман чыгармадагыга анча окшош эмес болчу. Анткени бул бир эле ошол конкреттүү келин жөнүндөгү баян эмес», – деди.

Ошентип, биздин бир сааттан ашык жолугушуубуз аяктап калганда улуу жазуучу дагы бир жолу батасын берип, бир сумка толтура белек тартуулаганы эсимден кетпейт. Ал сувенир келинчегим Гүлмиранын отуз жылдыгына эң сонун белек болду эле! Айтматовдун жөнөкөйлүгү, улуулугу ушундан эле көрүнүп турат.

Ал киши ушуну менен эле чектелип калбастан Александр деген айдоочусун кошуп берип, бир күн бою Люксембург шаарын кыдыртты. Ошондо дүйнөдөгү эң узун көпүрөдөн да өттүм («Киши өлтүрүүчү көпүрө»

деп коёт экен). Кечке чейин улуу агабыз иштеп жана жашап жаткан шаарды көрүп, кайрадан Страсбургга кайтып кеттим.

Бул жолугушуу мындан туура 25 жыл мурун болсо да, ал улуу агабыздын мага деген жылуу мамилеси, камкордугу, боорукердиги жана айкөл пейили ушул убакка чейин эсимден кетпейт.

Бир өкүнгөнүм – ошол көз ирмемди чагылдырган, улуу адам менен бирге түшкөн сүрөттүн болбой калганы.

Бул эскерүүм улуу жазуучунун 90 жылдыгына карата менин белегим болсун.

Турсунбек АКУН,
укук коргоочу.
Бишкек шаары

ЧЕТ ЭЛДИКТЕР БИЗДЕН ЖАКШЫ БАРКТАШАТ

Тагдырдын буйругу менен 2014-жылы улуу жазуучубуз Ч.Айтматовдун 85 жылдыгын белгилеп жаткан учурда Москвада, ал эми 2018-жылы 90 жылдыгын белгилеген учурда Минскиде дипломатиялык кызматта иштеп калдым.

Мени сүйүндүргөнү, кайсы өлкөдө Айтматовдон кеп баштабайлы, катардагы жарандардан тартып, бийлик өкүлдөрүнө чейин Айтматовдун чыгармачылыгын аздектегендер көп кездешчү. Ошондуктан улуу жазуучубуздун ысымына байланышкан иш-чараны өткөрүү биз үчүн дайым сыймыктуу да, кызыктуу да иш болор эле.

Чет өлкөлөрдө уюштурулган ар кандай иш-чараларда, илимий-конференцияларда жазуучубуз тууралуу интеллигенция жана маданият өкүлдөрү уникалдуу пикирлерди айтышат. Билим берүү министрлиги же Улуттук илимдер академиясы мындай баалуу пикирлерди максаттуу чогултуп турса, адабияттын тарыхын жазуу үчүн кереги тиймек деп өкүнгөн да жайым бар.

Дүйнө эли барктап турган Чыңгыздай агабызды учурунда баалай-барктай албай, өмүрүнүн акыркы жылдары иштеп турган Бельгиядагы элчилик кызматынан бошотуп салып, бийлик кечиримсиз жосун жасаган.

Азербайжан элинин сыймыктуу уулу Полад Бүл-Бүл оглыны эли ушул кезге чейин барктап, 15 жылдап Москвада элчилик ордунда тургузганын карагылачы!

2014-жылы Москвада Айтматовго арналган кезектеги адабий кечеде сөзгө чыккан түрк жазуучусу: «Эгер кыргыздар Айтматовду элчилик кызматынан алып сал-

баганда, жан дүйнөсүнө жакын чыгармачылыгы менен элчилик жумушун айкалыштырып, ары-бери чарпылбай өмүрү улана берет беле?» – деп кейигени эсимде...

Айтматовду дүйнө тааныган

ЮНЕСКОнун маалыматы боюнча, Чыңгыз Айтматов – дүйнөдө эң көп окулган авторлордун бири. Анын чыгармалары 176 тилге которулуп, 128 өлкөдө 100 миллиондон ашык нуска менен басылып чыккан. Мисалы, «Жамийла» повести бир эле немис тилинде 37 жолу кайра басылган.

Дүйнөнүн ар кайсы бурчунда жайгашкан элчиликтеribиз залкар жазуучубуздун чыгармачылыгын даңазалап, жыл сайын жүздөгөн иш-чараларды уюштуруп келишет.

Алсак, 2018-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясынын 73-сессиясынын алкагында Нью-Йорк шаарындагы БУУнун Штаб-квартирасында жазуучубуздун 90 жылдык мааракесинин урматына атайын фото жана китеп көргөзмөсү уюштурулуп, дүйнөнүн 190дон ашуун мамлекеттеринин өкүлдөрүнүн назарына коюлган.

Айтматовдун «Ак кеме» повести жана «Кылым карытар бир күн» романы өз убагында «Россия элдеринин тарых, маданият жана адабият тармагындагы эң мыкты 100 китептин» катарына кирип, жогорку куректагы окуучулардын өз алдынча окушу үчүн сунушталган.

2018-жылы жазуучубуздун 90 жылдык мааракесине карата дүйнөнүн 30дан ашык өлкөлөрүндө (Россияда, Белоруста, Өзбекстанда, Казакстанда, Кытайда, Түркияда, Америкада, Бельгияда, Австрияда, Улуу Британияда, Германияда, Японияда, Кореяда, Индияда, Малайзияда, Бириккен Араб Эмираттарында, Катарда, Иранда, Азербайжанда, Пакистанда ж.б.) элчиликте-

рибиз жана башкы консулдуктарыбыз 150гө жакын ар кандай иш-чаралар өткөрүштү. Залкар жазуучубуздун чыгармачылыгына арналган ондогон илимий конференциялар, жолугушуулар, адабий кечелер, кино жумалыктары, фото жана китеп көргөзмөлөр уюштурулуп, чыгармалары кайрадан басылып, эстеликтери коюлду, көчөлөрдүн, сейил бактардын, окуу борборлордун аттары Айтматовдун наамына ыйгарылды.

Мисалы, 2018-жылы Москвада сейил бакка (сквергe) жазуучубуздун аты ыйгарылып, эстелиги тургузулду. (Ага чейин 2014-жылы Москвадагы Рудомино атындагы китепкананын короосунда дүйнөлүк алп жазуучулардын катарында Айтматовдун да бюсту орнотулган эле). Москва мамлекеттик лингвистикалык университеттин Кыргыз тили жана маданияты борборуна Айтматовдун аты берилип, Россиянын ар кайсы аймактарындагы китепканаларда ага арналып жүздөгөн адабий кечелер өткөрүлдү.

Өзбекстандын Президенти Ш.Мирзиёев тарабынан 2018-жыл Айтматов жылы деп жарыяланып, Ташкенттеги көчөгө Айтматовдун ысымы коюлду. Китептери кайрадан басылып, спектаклдер коюлду. Кыргыз-өзбек киночулары биргелешип, «Делбирим» киносун тартышты. Өзбекстандын алдыңкы мектептеринин биринде жазуучунун бюсту орнотулду.

Түркиянын Анталья шаарындагы Муратпаша районунда жайгашкан шаардык сейил бакка Айтматовдун наамы берилди. (Ага чейин жазуучунун 85 жылдык мааракесине карата Түркиянын борбор шаарында Айтматовдун бюсту коюлган эле). Андан тышкары, ТҮРКСОЙ эл аралык уюму тарабынан бир катар иш-чаралар өткөрүлдү.

2018-жылы Минск шаарындагы 22 гектарды ээлеген сейил бакка Айтматовдун аты берилип, эстелик таш белгиси коюлду. «Кылым карытар бир күн» чыгармасы белорус тилинде кайрадан басылып чыкты. Айтматовдун 90 жылдыгына карата КМШнын өлкө башчылары

жазуучубуздун кадыр-баркы канчалык бийик экендигин дагы бир жолу тастыктаган жана тааныган атайын Билдирүү кабыл алышты.

Казакстандын борбору Нур-султан (Астана) шаарынын бир көчөсүнө жазуучубуздун наамы ыйгарылып, түрдүү иш-чаралар менен коштолду.

Америка Конгрессинин китепканасында Айтматовдун чыгармачылыгына арналган конференция уюштурулуп, Австриянын Вена шаарында алдыңкы интеллигенция жана маданият өкүлдөрү менен биргеликте бир катар адабий кечелер өттү. Люксембургда кино жумалыгы, Париждин ИНАЛКО институтунда жазуучунун чыгармачылыгына арналган илимий конференция уюштурулду.

Англиянын атактуу Кембридж университетинде, Стратфорд-апон-Эйвон (Stratford-upon-Avon) шаарындагы Шекспир Борборунда «Айтматовдук окуулар» өтүп, кинорежиссерлордун эл аралык фестивалында белгилүү кыргыз кинорежиссеру Э.Абдыжапаровдун «Саякбай. XX кылымдын Гомери» аттуу фильми көрсөтүлдү.


Германиянын Берлин жана Көлн шаарларында ар түрдүү адабий кечелер өтүп, Айтматовдун чыгармаларынын негизинде тартылган фильмдер көрсөтүлдү.

Минскиде өткөрүлгөн иш-чаралардын алкагында Кыргызстандын Белорустагы элчилиги менен Россиянын КМШдагы туруктуу өкүлчүлүгү биргелешип, «Ч.Айтматов – дипломат» аттуу фото көргөзмө уюштурду. Анда жазуучунун дипломатиялык ишмердүүлүгүнө байланыштуу Россиянын Тышкы иштер министрлигинин архивинен алынган мурда эч жерде жарыяланбаган материалдар көргөзмөгө коюлду.

Айымкан КУЛУКЕЕВА,
Кыргызстандын Беларустагы элчилигинин саясий кеңешчиси, Минск шаары

Архивдик фотодокументтер

(Көргөзмөдөгү фотоматериалдарды А. Кулукеева сунуштады)



Чыңгыз Айтматовдун өз колу менен жазылган өмүр баяны.
1990-жылдын 11-ноябры.




Чыңгыз Айтматовдун «Адамзатынын жашоосу жана өнүгүшү» («Международный фонд за выживание и развитие человечества») аттуу эл аралык фонддун катышуучулары менен жолугушуусу.



«Ысык-Көл» форуму. Чыңгыз Айтматов акындар Евгений Евтушенко (солдон биринчи) жана Мухтар Шаханов (оң жагында) менен. 1997-жыл.



СССРдин акыркы президенти Михаил Горбачев менен Чыңгыз Айтматов окурмандарга кол тамгаларын коюп берип жатышат.



Чыңгыз Айтматов кичүү баласы Эльдар менен.



Индиядагы советтик-индиялык маданият фестивалынын жабылуу аземи. Индиянын премьер-министри Индира Ганди менен бир катарда. Нью-Дели, 1966-жылдын 5-майы.



Чыгармачыл союздун пленумунда. Маданият министри Жамал Ташыбекова менен. Арткы планда – актер жана сүрөтчү Сүймөнкул Чокморов.

'That Championship Season' Moscow style

By Henry Popkin

Moscow

As usual, the play of the season in Moscow is to be seen at the enterprising Sovremennik Theater. In 1972 the Sovremennik had to share its play-of-the-year with the Moscow Art, but, in 1973, the Sovremennik is the only place to see "The Ascent of Fujiyama," by Chingiz Aitmatov and Kaltai Mukhamejanov.

This is a controversial play, and, even toward the end of the season, when I got to see it, the controversy had not yet died down. While I was in Moscow, the Moscow Pravda jumped in with an attack on the play. Happily, that is not the Pravda that everyone has to take seriously, and no one seemed troubled by this new assault.

Externally, "Fujiyama" resembles "That Championship Season." In both plays, four men meet with their teacher many years after a critical event in their lives. They talk and talk and talk about the past event and about a fifth comrade who is missing; neither play is very long on action. At last, they — and we — achieve some new understanding of the past.

Of course, the differences are more important than the resemblances. While the Americans are five abominable, stupid men — four former basketball players and their coach — the Russians are more of a representative cross-section of humanity. They are four veterans of World War II and their high-minded school teacher; in addition, the wives of three of the veterans are present, and that fortunately provides us with a greater variety of company.

In both plays, the men are recalling betrayal of one sort or another. The Americans unwillingly admit that they committed fouls to win their championship game; the fifth player is absent because he is disgusted with them. The missing Russian is an author of promise who was reported to the military authorities for writing some pacifist poetry. In "Fujiyama," the men assess their collective guilt and wonder which of them betrayed the poet and thereby ruined his life.

By the end of the play, we can be sure of the innocence of two of the men; the betrayer is one of the two others, both of them eminently successful stuffed shirts. Ironically, one of the two innocent men is having an affair with the wife of the other innocent man. Life is no longer as symmetrical as it was in the old days when socialist realism ruled the Soviet stage.

Theater

Just to give an idea of the seriousness of the issue the play examines, it is useful to study the account of "Fujiyama" in the Moscow News, a weekly published in English, French, Spanish, and German, intended mainly for foreign tourists. According to this paper, the "friends remember their comrade who once innocently got into trouble." And that is all, absolutely all, that is said about the kind of trouble he got into. From those words, one might conclude that, one morning, he failed to shine his shoes brightly enough to please his sergeant. I take it that the writer in the Moscow News preferred not to introduce any inflammatory subjects.

The authors are a Kirghiz and a Kazakh, Central Asians who represent two of the Soviet Union's less celebrated minorities. The scene is a mountain in Central Asia which the visitors choose to call Fujiyama because it is the place where the truth is told. The characters' names sound as strange as the dramatists', and they seem suited to the area.

But, if these details have the effect of limiting the play, Galina Volchek's production makes it accessible and almost abstract. The Sovremennik's seats are so rearranged that the play is acted in the round. Scenery, including the mountain itself, is mainly left to the imagination. The actors, who are playing mountain-climbers, wear ordinary street clothes and do not look in the least Central Asian. One of the actresses is a blonde, and she is no less blonde than usual in this play.

The effect is to make "Fujiyama" a more immediate statement of problems of betrayal, responsibility, and politics. But the best insurance of the play's immediacy is this: "Fujiyama," like "That Championship Season," has enough drive to keep its audience interested throughout its hours of talk, talk, and more talk.

Москва шаарындагы «Современник» театрында коюлган «Фудзиямадагы кадыр түн» спектаклинин премьерасы тууралуу америкалык журналист Генри Попкиндин макаласы.
Вашингтон, 1973-жылдын 28-июлу.

Aitmatov: An Ascent At Arena

By Don Shirley

Chingiz Aitmatov climber the mountainous stage of the Kreeger Theater Saturday night, following in the footsteps of the actors in his play, "The Ascent of Mount Fuji." But when he surveyed the view, the imaginary forests and steppes of his play had vanished, replaced by an American audience, standing and clapping rhythmically in his honor.

"Spaseba," he said (the Russian for "thank you"). He hugged the Arena Stage cast and clapped along with the crowd.

Aitmatov isn't quite like the other Soviet luminaries who are converging on Washington this week. Alexander Solzhenitsyn, who speaks tonight at an AFL-CIO dinner, and the Panovs, who dance tonight at Wolf Trap, have permanently left their homeland. Mstislav Rostropovich, who will conduct the National Symphony Orchestra later this week, spends most of his time in the West and frankly criticizes restrictions on his artistic freedom in the Soviet Union.

Aitmatov will have none of this, at least in person. After all, he's a deputy of the Supreme Soviet and he's here for a maximum of 30 days on an officially approved U.S.-Soviet cultural exchange.

Asked at a reception after the play Saturday if he knew that Solzhenitsyn was in town, Aitmatov responded negatively through interpreter Alexander Dunkel. Told about Solzhenitsyn's speech, Aitmatov would say only, "That's his business," before excusing himself to go get some more champagne.

Still, Aitmatov did not denounce Solzhenitsyn as an imperialist stooge. In the past, the 46-year-old Kirghizian playwright has verbally criticized the exiled Nobel Prize winner, but he has also failed to sign some public letters denouncing Solzhenitsyn. That he shares a few basic concerns with Solzhenitsyn is obvious from "The Ascent of Mount Fuji" itself, a lacerating look at the responsibility shared by contemporary Soviet citizens for Stalinist excesses.



By Douglas Chevalier—The Washington Post

Chingiz Aitmatov, third from left, surrounded by members of the Arena Stage cast performing his play.

Aitmatov apparently will let his play speak for itself. Most of his conversation at the reception Saturday steered clear of controversy and politics. The play was the thing.

"It's been produced just as I imagined it even before the Sovremennik production," he exclaimed, referring to the Moscow theater that staged "Mount Fuji" in 1973. "I'm very excited."

Actors gathered around Aitmatov for autographs and for the chance to compare their pronunciations of the characters' names with the real thing spoken by the author. "All of the actors played remarkably well," they were told by Aitmatov.

"Fuji" director Zelda Fichandler, Arena's producing director, explained a few liberties had been taken with the translation of the play's text. "The poetry wasn't well translated," she remarked.

Aitmatov understood. "It's necessary," he agreed. "Otherwise it would not work." Aitmatov doesn't understand English, but he knows his play well enough to watch Arena's production without benefit of a running interpretation from Dunkel, who sat nearby in case he was needed.

Fichandler showed Arena's main stage to Aitmatov, who wanted to know what the great wooden eagle perched overhead was doing. It was a "Horatio" prop left over from last week's Arena auction, he was told.

Aitmatov was introduced to the concept of dinner theaters and told the Americans how Soviet churches are being replaced by Soviet theaters. He expressed a desire to see Hollywood while he's passing through, but no one seemed to know what his exact itinerary will be. He is accompanied by his son Sanzharbek.

The dramatist bore gifts—scarves and letters—from the Sovremennik company to Fichandler and Alan Schneider, the former associate director of Arena who was with the troupe on its Soviet tour in 1973. Fichandler beamed throughout the evening, especially when Aitmatov told her, "When I write my second play, you must do it first, and you must invite me back."

Чыңгыз Айтматовдун АКШга сапары учурунда Америкалык Арена стейдж (Arena Stage) театрында коюлган «Фудзиямадагы кадыр түн» спектакли тууралуу «Вашингтон пост» гезитинин макаласы. Сүрөттө: Жазуучу америкалык театрдын сценасында.

55

МІНІСТЭРСТВА АХОВЫ ЗДАРОЎЯ БССР
НАУКОВА-ДАСЛЕДЧЫ ІНСТЫТУТ ГЕМАТОЛОГІІ І ПЕРАЛІВАННЯ КРОВІ МЗ БССР
223059, г. Мінск, вул. Чарвякова, 160
Тэлеграфны адрас: Мінск, Кроў
Тэлефон: 37-08-63
Разліковы лік № 120958
у абл. канторы Госбанка
г. Мінска

МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ
НАУЧНО-ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКИЙ ИНСТИТУТ ГЕМАТОЛОГИИ И ПЕРЕЛИВАНИЯ КРОВИ МЗ БССР
223059, г. Минск, ул. Червякова, 160
Телеграфный адрес: Минск, Кровь
Телефон: 37-08-63
Расчетный счет № 120958
в обл. конторе Госбанка
г. Минска

19 г.

Вх. № 27
3 « 03 1992 г.

840

«20» февраля 199 9 г. №

На №

ПОСЛУ РОССИИ В ЛЮКСЕМБУРГЕ
АЙТМАТОВУ Ч.Т.

1.800

Глубокоуважаемый Чингиз Торекулович!

Научно-практическое общество гематологов и трансфузиологов Республики Беларусь и Республиканский гематологический центр выражают Вам глубокую благодарность за постоянные внимание и заботу о наших больных, пострадавших в результате аварии на Чернобыльской атомной электростанции.

Мы также признательны Вам за помощь в организации подготовки квалифицированных кадров по гематологии для Беларуси в Люксембурге. Ваша теплота по отношению к представителям Беларуси является примером истинно человеческих отношений между различными народами.


Нам хочется выразить наши самые добрые чувства Солнцеву Николаю Николаевичу, Фролову Андрею Евгеньевичу и другим сотрудникам посольства за тот огромный бескорыстный труд, который они взяли на себя, тем самым помогая решать нам наши медицинские и социальные проблемы в трудных условиях послечернобыльского периода в жизни нашей Республики.

Низкий Вам поклон и сердечная благодарность.

Президент Белорусского гематологического общества
Главный гематолог Республики Беларусь
профессор Е.П.Иванов

Полоцкая укрупн. тип. з. 1139 т. 2000—IV-91 г.

Белорусиянын башкы гематолог-дарыгери Е.Ивановдун Чернобыль кырсыгында жабыркагандарга колдоо көрсөткөнү үчүн элчи Чыңгыз Айтматовго каты. 1992-жылдын 20-февралы.



Вх. № 169
23 " 10 1992 г.

ЧЕРНОБЫЛЬ—ПОМОЩЬ

USSR, 392011, Tambov-11
Organization «CHERNOBYL—HELP»
Ac. 70000117, Vnesheconombank, Moscow
факс (0752) 22-07-12 CHERNOBYL
телекс 226114 PTB SU CHERNOBYL

СССР, 392011, Тамбов-11
Организация „Чернобыль—помощь"
Счет 70000117, Внешэкономбанк, Москва

Лукову В.Б.

ПОСЛУ РОССИИ В ЛЮКСЕМБУРГЕ
Ч.АЙТМАТОВУ

27.10.92

Уважаемый посол!

Большое спасибо Вам и работникам посольства /и особенно В.Б.ЛУКОВУ/ от всей нашей организации за оказание помощи В.ПОПОВУ.

Одновременно мы высылаем письмо для Красного Креста Люксембурга с просьбой помочь еще одному больному.

Красный Крест России подсказал нам, что если Вы приложите к этому письму свое ходатайство, то результаты будут положительными.

Хотелось бы и впредь поддерживать с Вами контакты / если Люксембургская сторона имеет желание и возможность/ по направлению на лечение пострадавших от Чернобыльской катастрофы /как взрослых так и детей/.

В октябре с.г. администрация области выделила нам на программу "Дети Чернобыля" 4,3 млн.рублей. Часть этих средств /2 млн./ мы уже израсходовали на приобретение медицинского оборудования, 600 тысяч выдали в виде пособий, 300 тысяч планируем выделить для отправки детей семей умерших, инвалидов, малоимущих чернобыльцев, а также детей, проживающих в зонах заражения в 1993 году /зимой или летом/ для отдыха за рубеж. Если общественные организации Люксембурга смогли бы принять группу в 5-7 человек /возраст детей по их усмотрению/, то мы материально готовы к этому шагу.

С уважением

ПЕРВЫЙ ЗАМЕСТИТЕЛЬ ПРЕДСЕДАТЕЛЯ
В.ФОМИН

8 октября 1992г.

ТППО 004015

В.Фоминдин Ч. Айтматовго ыраазычылык каты. 1992-жылдын 8-октябры.





Таятасы Хамза Абдулвалиев,
ата-энеси Төрөкул менен Нагима балдары менен.

5-5

ПРЕДСЕДАТЕЛЮ КОМИССИИ ПОЛИТБЮРО
ЦК КПСС ПО КОНТРПРОПАГАНДЕ
И ВНЕШНЕПОЛИТИЧЕСКОЙ ПРОПАГАНДЕ

товарищу ГРОМЫКО А.А.

Глубокоуважаемый Андрей Андреевич!

Широкий размах антивоенных общественных движений в развитых капиталистических странах становится значимым фактором предотвращения угрозы ядерной войны, противодействия гонке вооружений. Активная деятельность советских ученых, врачей, юристов, религиозных деятелей в защиту мира против угрозы ядерной войны вносит большой вклад в укрепление доверия между народами, в выработку единой, авторитетной в глазах мирового сообщества, позиции по вопросу о недопустимости ядерного конфликта в любой форме.

Деятели культуры не могут стоять в стороне от усилий, предпринимаемых Советским Союзом, другими социалистическими странами, всеми прогрессивными силами планеты по предотвращению смертельно опасного сползания к войне, за конверсию чудовищных затрат на вооружение на цели благосостояния и процветания народов, на сохранение и приумножение сокровищ цивилизации.

Вклад деятелей культуры в дело мира значителен и может стать еще больше. Писатели, художники, композиторы воздействуют непосредственно на внутренний мир человека, на его эмоции, на души практически всех слоев населения во всех странах.

Настроения художественной интеллигенции в западном мире таковы, что можно с уверенностью ожидать с их стороны активной поддержки миролюбивых инициатив, если с таковыми выступят крупнейшие мастера современной культуры разных стран и континентов, разных политических убеждений, объединенные тревогой за судьбы цивилизации и человечества.

Весьма важно при этом, чтобы такое движение было инициировано Советским Союзом – и в то же время представлялось в глазах общественного мнения как независимое, неправительственное движение (по примеру Пагоушского движения ученых, Римского клуба и т.д.).

Для организации воззвания, с которым могла бы выступить группа крупных деятелей мировой культуры и которое могло бы стать истоком движения деятелей культуры за мир, следует, на наш взгляд, провести в СССР неформальную, гостевую встречу. В качестве смыслового центра такого движения могла бы служить идея о всепланетной подготовке встречи 2000 года – как исторической юбилейной даты в развитии человеческой культуры, как смотра достижений мировой цивилизации. Со своей стороны, в случае Вашего согласия, я бы мог провести работу по приглашению и обеспечению участия в этой встрече видных представителей зарубежной творческой интеллигенции. Место встречи можно определить в рабочем порядке. Предварительно получено согласие руководителей Киргизской ССР о возможности проведения встречи в городе Фрунзе.

Встреча, на наш взгляд, должна носить доверительный характер и проходить без участия представителей средств массовой информации.

Список возможных кандидатов из социалистических и капиталистических стран прилагается.

Прошу Вас оказать поддержку этой инициативе, которая, как я надеюсь, будет содействовать пропаганде миролюбивой внешней политики СССР и сможет дать дополнительный стимул в нашей борьбе за сохранение мира на земле.

Письма сходного содержания направлены мною Генеральному Секретарю ЦК КПСС товарищу М.С.Горбачеву и Министру культуры СССР товарищу Демичеву П.Н.

С глубоким уважением,

Депутат Верховного Совета СССР,
Герой Социалистического Труда,
писатель

Ч.Айтматов

25.03.85

СССР Жогорку Советинин депутаты, жазуучу Чыңгыз Айтматовдун КПСС БКнын мүчөсү Андрей Громыкого дүйнөдөгү жарыша куралдануу жана өзөктүк согуш коркунучун алдын алуу боюнча дүйнөлүк маданият ишмерлеринин бейформал жолугушуусун өткөрүү демилгеси тууралуу каты. 1985-жылдын 25-марты.

ВПУ07WPU07

Р И ГТР-СССР-США-АЙТМАТОВ 10-23 0437

^ГТР-СССР-США-АЙТМАТОВ<

.ГТР МШ-9 В ВАШИНГТОНЕ ГОСТИТ ЧИНГИЗ АЙТМАТОВ.

ПРОСИМ БЕЗ СОКРАЩЕНИЙ ПЕРЕДАТЬ ЗАМЕТКУ КИРГИЗТАГА, А ТАКЖЕ РАСПИСАТЬ ЕЕ ДЛЯ "СОВЕТСКОЙ КУЛЬТУРЫ"

ВАШИНГТОН, 24 ОКТЯБРЯ. /ТАСС/. В СТОЛИЦЕ СОЕДИНЕННЫХ ШТАТОВ ПО ПРОГЛАШЕНИЮ АМЕРИКАНСКОГО "ФОНДА ПРИЗЫВА К СОВЕСТИ" ГОСТИТ ВИДНЫЙ СОВЕТСКИЙ КИРГИЗСКИЙ ПИСАТЕЛЬ, ЛАУРЕАТ ЛЕНИНСКОЙ ПРЕМИИ, ОСНОВАТЕЛЬ ИССИК-КУЛЬСКОГО ДВИЖЕНИЯ ЗА МИР /Н/ ЧИНГИЗ АЙТМАТОВ.

ПРИЕЗД Ч.АЙТМАТОВА В США СТАЛ БОЛЬШИМ СОБЫТИЕМ В ОБЩЕСТВЕННОЙ ЖИЗНИ СТРАНЫ. ОН - ПЕРВЫЙ СОВЕТСКИЙ ПИСАТЕЛЬ, УДОСТОЕННЫЙ ПРЕМИИ "ФОНДА ПРИЗЫВА К СОВЕСТИ" - ОБЩЕСТВЕННОЙ ОРГАНИЗАЦИИ, ЗАВОЕВЫВАЮЩЕЙ ВСЕ БОЛЬШЕЕ ПРИЗНАНИЕ СВОИМИ БЛАГОРОДНЫМИ АКЦИЯМИ ВО ИМЯ НОРМАЛИЗАЦИИ СОВЕТСКО-АМЕРИКАНСКИХ ОТНОШЕНИЙ, СОХРАНЕНИЯ МИРА ВО ВСЕМ МИРЕ. ОДНОВРЕМЕННО С Ч.АЙТМАТОВЫМ ТАКАЯ ЖЕ ПРЕМИЯ БЫЛА ВРУЧЕНА НА ДНЯХ В НЬЮ-ЙОРКЕ СУПРУГЕ ПРЕЗИДЕНТА США ЭЛЕОНОРЕ БУШ - БАРБАРЕ БУШ.

ВЕЧЕРОМ В ПОНЕДЕЛЬНИК ТВОРЧЕСКАЯ ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯ АМЕРИКАНСКОЙ СТОЛИЦЫ ВСТРЕТИЛАСЬ В ЗОЛОТОМ ЗАЛЕ СОВЕТСКОГО ПОСОЛЬСТВА С ХОРОШО ИЗВЕСТНЫМ ВО ВСЕМ МИРЕ СОВЕТСКИМ ПИСАТЕЛЕМ, СОБРАВШИХСЯ ТЕПЛО ПРИВЕТСТВОВАЛ ПОСОЛ СССР В США Ю.В.ДУБИНИН. ОН ОТМЕТИЛ, ЧТО ПОДОБНЫЕ ВСТРЕЧИ И ОБМЕНЫ ВИЗИТАМИ МЕЖДУ ВЫДАЮЩИМИСЯ ПРЕДСТАВИТЕЛЯМИ КУЛЬТУРЫ ДВУХ СТРАН СПОСОБСТВУЮТ УЛУЧШЕНИЮ СОВЕТСКО-АМЕРИКАНСКИХ ОТНОШЕНИЙ.

ПРЕЗИДЕНТ "ФОНДА ПРИЗЫВА К СОВЕСТИ" АРТУР ШНАЙЕР /Н/ ОСОБО ПОДЧЕРКНУЛ, ЧТО ПЕРВЫЕ КОНТАКТЫ УЧРЕДИТЕЛЕЙ ФОНДА С СОВЕТСКИМИ ДЕЯТЕЛЯМИ КУЛЬТУРЫ ВОСХОДЯТ ЕЩЕ К 1966 ГОДУ. ОДНАКО ТОЛЬКО СЕЙЧАС, СКАЗАЛ ОН, КОГДА В СССР ПРОИСХОДЯТ ИСТОРИЧЕСКИЕ ПРОЦЕССЫ ПЕРЕСТРОЙКИ И ДЕМОКРАТИЗАЦИИ, ЭТИ КОНТАКТЫ ПОЛУЧИЛИ НОВЫЙ ДИНАМИЗМ И РАЗВИТИЕ. ПО МНЕНИЮ А.ШНАЙЕРА, ИМЕННО СОВЕТСКОМУ РУКОВОДИТЕЛЮ М.С.ГОРБАЧЕВУ ПРИНАДЛЕЖИТ ОГРОМНАЯ ЗАСЛУГА В ТОМ, ЧТО НЫНЕ ПРОИЗОШЕЛ РАДИКАЛЬНЫЙ ПОВОРОТ НА МЕЖДУНАРОДНОЙ АРЕНЕ К МИРУ, УКРЕПЛЕНИЮ ВЗАИМНОГО ДОВЕРИЯ И БЕЗОПАСНОСТИ МЕЖДУ НАРОДАМИ. ОН ТАКЖЕ СКАЗАЛ, ЧТО ВРУЧЕНИЕ ПРЕМИИ ФОНДА Ч.АЙТМАТОВУ ОТРАЖАЕТ РАСТУЩИЕ ДРУЖБУ И СОТРУДНИЧЕСТВО МЕЖДУ ДВУМЯ ВЕЛИКИМИ СТРАНАМИ.

Америкалык «Абийирге чакыруу» фондунун чакыруусу боюнча Чыңгыз Айтматовдун Америка Кошмо Штаттарына сапары жана жазуучунун катышуусундагы жогорку деңгээлдеги жолугушуулар, иш-чаралар тууралуу ТАССтын кабарлары. Вашингтон, 1986-жылдын 23-октябры.

СМЫСЛ ВСЕЙ МОЕЙ ЖИЗНИ, ПОДЧЕРКНУЛ В БЕСЕДЕ С КОРР ТАСС Ч.АЙТМАТОВ,- СО ЗДАВАТЬ ЛИТЕРАТУРНЫЕ ПРОИЗВЕДЕНИЯ, КОТОРЫЕ ИМЕЛИ БЫ НЕПРЕХОДЯЩУЮ ЦЕННОСТЬ ДЛЯ ВСЕГО ЧЕЛОВЕЧЕСТВА. ВЗАИМНАЯ ПОТРЕБНОСТЬ В ОБОГАЩЕНИИ КУЛЬТУРНЫМ ДОСТОЯНИЕМ НАРОДОВ ДВУХ НАШИХ СТРАН ОБРЕТАЕТ ЗРИМЫЕ И РЕАЛЬНЫЕ ОЧЕРТАНИЯ. Я ДУМАЮ, ЧТО САМОЕ ГЛАВНОЕ ДЛЯ НАШИХ ГОСУДАРСТВ - УКРЕПЛЯТЬ НОВЫЙ ДУХ СОТРУДНИЧЕСТВА В СОВЕТСКО-АМЕРИКАНСКИХ ОТНОШЕНИЯХ, РАБОТАТЬ ВО ИМЯ МИРА ВО ВСЕМ МИРЕ. С ЭТОЙ ТОЧКИ ЗРЕНИЯ "ФОНД ПРИЗЫВ К СОВЕСТИ" СТАНОВИТСЯ В НАШЕ ВРЕМЯ ПРИТЯГАТЕЛЬНЫМ ОЧАГОМ ДУХОВНОЙ БЛИЗОСТИ НАРОДОВ ДВУХ ГОСУДАРСТВ, ОЧАГОМ ГУМАНИСТИЧЕСКИХ ИДЕЙ, НАШЕДШИХ ЯРКОЕ ОТРАЖЕНИЕ В НОВОМ ПОЛИТИЧЕСКОМ МЫШЛЕНИИ.

В ВАШИНГТОНЕ РАЗВЕРНУТА ВЫСТАВКА ЛУЧШИХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ Ч.АЙТМАТОВА ИЗ ФОНДОВ БИБЛИОТЕКИ КОНГРЕССА США, ВСТРЕЧЕННАЯ С БОЛЬШИМ ИНТЕРЕСОМ АМЕРИКАНСКОЙ КУЛЬТУРНОЙ ОБЩЕСТВЕННОСТЬЮ.

СОВЕТСКИЙ ПИСАТЕЛЬ БЫЛ ПРИНЯТ ПЕРВЫМ ЗАМЕСТИТЕЛЕМ ГОСУДАРСТВЕННОГО СЕКРЕТАРЯ США Л.ИГЛБЕРГЕРОМ, ДИРЕКТОРОМ ИНФОРМАЦИОННОГО АГЕНТСТВА США /ЮСИА/ Б.ГЕЛБОМ, СПЕЦИАЛЬНЫМ ПОМОЩНИКОМ ПРЕЗИДЕНТА США ПО ДЕЛАМ СОВЕТСКОГО СОЮЗА И ЕВРОПЫ Р.БЛЭКВИЛЛОМ /Н/ И ЛИДЕРОМ РЕСПУБЛИКАНСКОГО МЕНЬШИНСТВА В СЕНАТЕ АМЕРИКАНСКОГО КОНГРЕССА Р.ДОУЛОМ. В ЦЕНТРЕ СОСТОЯВШИХСЯ ДИСКУССИЙ, ПРОХОДИВШИХ В ДРУЖЕСКОЙ ОТКРОВЕННОЙ АТМОСФЕРЕ, НАХОДИЛИСЬ ВОПРОСЫ, СВЯЗАННЫЕ С ИЗДАТЕЛЬСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬЮ И РАСШИРЕНИЕМ КНИГООБМЕНА И КУЛЬТУРНЫХ СВЯЗЕЙ В ЦЕЛОМ МЕЖДУ СССР И США. --0--

КОНЕЦ

МАТЯШ

TASS-10-23 2302EDT(

---

^ГТР-США-СССР-АЙТМАТОВ(

.ГТР МШ 12 В ВАШИНГТОНЕ НАХОДИТСЯ ЧИНГИЗ АЙТМАТОВ.

/ПО ПРОСЬБЕ СОВПОСОЛЬСТВА ПРОСИМ ПРЕДЛОЖИТЬ ЗАМЕТКУ ЦЕНТРАЛЬНЫМ ГАЗЕТАМ/

ВАШИНГТОН, 24 ОКТЯБРЯ./ТАСС/. ЗАМЕТНЫМ СОБЫТИЕМ В ОБЩЕСТВЕННОЙ И КУЛЬТУРНОЙ ЖИЗНИ СОЕДИНЕННЫХ ШТАТОВ СТАЛО ПРЕБЫВАНИЕ В СТРАНЕ ИЗВЕСТНОГО СОВЕТСКОГО КИРГИЗСКОГО ПИСАТЕЛЯ, ЛАУРЕАТА ЛЕНИНСКОЙ ПРЕМИИ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА, КОТОРЫЙ НАХОДИТСЯ ЗДЕСЬ ПО ПРИГЛАШЕНИЮ ФОНДА "ПРИЗЫВ СОВЕСТИ".

Ч. АЙТМАТОВ - ПЕРВЫЙ СОВЕТСКИЙ ПИСАТЕЛЬ, УДОСТОЕННЫЙ ПРЕМИИ ЭТОЙ АМЕРИКАНСКОЙ ОБЩЕСТВЕННОЙ ОРГАНИЗАЦИИ, ЗАВОЕВЫВАЮЩЕЙ ВСЕ БОЛЬШЕЕ ПРИЗНАНИЕ СВОИМИ БЛАГОРОДНЫМИ АКЦИЯМИ ВО ИМЯ УЛУЧШЕНИЯ СОВЕТСКО-АМЕРИКАНСКИХ ОТНОШЕНИЙ, СОХРАНЕНИЯ МИРА ВО ВСЕМ МИРЕ.

В ВАШИНГТОНЕ РАЗВЕРНУТА ВЫСТАВКА ЛУЧШИХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ ХОРОШО ИЗВЕСТНОГО ВО ВСЕМ МИРЕ ПИСАТЕЛЯ, ВСТРЕЧЕННАЯ С БОЛЬШИМ ИНТЕРЕСОМ КУЛЬТУРНОЙ ОБЩЕСТВЕННОСТЬЮ США.

Ч. АЙТМАТОВ БЫЛ ПРИНЯТ ПЕРВЫМ ЗАМЕСТИТЕЛЕМ ГОСУДАРСТВЕННОГО СЕКРЕТАРЯ США Л. ИГЛБЕРГЕРОМ. В ХОДЕ ВСТРЕЧИ, ПРОХОДИВШЕЙ В ДРУЖЕСКОЙ, ДОБРОЖЕЛАТЕЛЬНОЙ ОБСТАНОВКЕ, ОБСУЖДАЛИСЬ, В ЧАСТНОСТИ, ВОПРОСЫ РАСШИРЕНИЯ КНИГООБМЕНА, ИЗДАТЕЛЬСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ И РАЗВИТИЯ КУЛЬТУРНЫХ СВЯЗЕЙ В ЦЕЛОМ МЕЖДУ СССР И США. НА БЕСЕДЕ БЫЛ ПОСОЛ СССР В США А.В. ДОБРЫНИН.

КОНЕЦ

МАТЯШ

РУХИЙ ЖАРЫК ШООЛАСЫ

Башка республикаларда улуу жазуучубуздун кадыр-баркы кандай бийик экендигин өз көзүм менен көргөн сайын, төбөм көккө жете кубанчумун.

Беларуста Айтматовдун күйөрмандары көп эле

1991-жылдын май айы. Мен анда Минск шаарында Политология жана социалдык башкаруу институтунда окуп жүргөм. Бир күнү тажик курсташым менен Машеров атындагы проспектини бойлой басып баратканбыз. Кокусунан эле гезит-журнал саткан күркөнүн алдында көп эл кезекте турганын көрүп калдык. Мен шеригиме күркө жакты көрсөттүм:

– Рафтем («кеттик»)!

– Ал жерде эмне болушу мүмкүн?

– Жүрсөң, барганда көрөбүз да.

Эл жаңы түшкөн китептерге чогулуптур. А.Осмоновдун ырлар жыйнагы менен Чыңгыз Айтматовдун жана Түгөлбай Сыдыкбековдун орус тилиндеги бирден романы кирген жыйнак сатылып жаткан экен. Мен беларустардын талашып алып жатканын көрүп, абдан толкундандым.

– Менин кыргыздарымдын китептери турбайбы! – деп кыйкырдым шеригиме, досума анын тилинде.

Чөнтөгүмдү карасам, акчам азыраак экен. Анан тажик балага кайрылдым:

– Мага карыздай турчу? Таңгагы менен сатып алалы.

– Сен эмне, кызыл кулактык кыласыңбы?

– Ой, каяктагы кызыл кулактыкты айтасың? Курсташтарыбыздын ар бирине тартуулайын дейм.

Биздин кезек жеткенче китептер азайып калды эле, сатуучу аял бирден гана берди. Мен ага жол боюнда сүйлөшүп турган бейтааныш адамдарды сөөмөйүм менен көрсөтүп: «Тээтиги кишилер – биздин шериктерибиз, алар да биздин артыбыздан кезекке турушкан», – дей салдым. Акыры бизге беш-бештен он китеп тийди. Бирин ошол жерден эле шеригиме бердим. Жатаканага келгенде өзүмө бирди калтырып, калган китептердин баарына «Кыргыз элинин улуу акын-жазуучуларынын атынан» деп жазып, курсташ балдарга белек кылдым.

* * *

Түркмөн режиссёру Хожакули Нарлиев «Найман эне» деп аталган кино тарткан. Бир күнү «Советская Белоруссия» деген гезиттен ошол тасманын Минск шаарынын чок ортосундагы «Центральный» кинотеатрында коюла баштаганын окуп, бир топ курсташтарымды ээрчитип бардык. Кезекке тургандар өтө көп экен. Мунун себеби Минск ошол кезде 2 миллионго чукул эл жашаган чоң шаар эле. Экинчиден, Беларустун адабият жана искусство сүйүүчүлөрү Чыңгыз Айтматовду пир тутушчу экен. Билетке жетүү кыйын. Мен СССР Журналисттер союзуна мүчөлүк күбөлүгүмдү көрсөтүп, кезексиз эки билет алдым да, бир курсташым менен эми эле башталып калган сеанска кирдим. Калгандары кийинки сеансты күтүп калышты. Бул жолу Айтматовдун чыгармасы боюнча тартылган кинофильмди көрүүгө беларустардын канчалык ынтызар экендигин сездим.

Сыймыктуу ысым – тажик-кыргыз ортосунда данакер

Тажик элинин **Мумин Каноат** (Муминшо Каноатов) деген көрүнүктүү акыны бар эле. Ал быйыл (2018-жылы) 18-май күнү 86 жашында өтүп кетти, бейиши болгур. Акын «Овози Сталинград» («Голоса Сталинграда») деген поэмасы үчүн СССРдин Мамлекеттик сыйлыгын алган. Союздун учурунда ал СССРдин Жогорку Кеңешине депутат болуп шайланаар алдында шайлоочулар менен жолугушуу үчүн Жерге-Талга келгени эсимде.

Жолугушуу Жаңы-Шаар айылдык кеңешине караштуу Жар-Мазар айылынын чайканасында өткөн. Ал жакта ар бир айылда клуб же маданият үйлөрүндөй чоң чайканалар бар, бардык жыйындар, той-тамашалар жана аза расмилери ошол жайда болот. Устат (тажиктер жашы улуу искусство жана маданият ишмерлерине ушинтип кайрылышат) менен жолугушууга келген элдин көптүгүнөн чайкана жарылып кеткени турган. Мен анда кыргыз-тажик тилинде чыккан райондук гезитте редактордун орун басары элем. Орус тилинде кайрылсам, арабыз алыстай түшмөк. Ошондуктан М. Каноатка тажик тилинде: «Урматтуу устат, Айтматов менен сүйлөшүп, аны Жерге-Талга чакырып келбейсизби? Тажикстанда жашаган кыргыздар анын таманы тийген жерди жыттап, керек болсо өөп да жүрөт элек», – дедим. Ошондо устат мындай жооп берген:

– Бародари азиз (азиз бир тууганым), Айтматов – төбөсү бийик чоку, ага жетүү кыйын. Силер эле эмес, биз да Айтматов менен, анын ысымы менен сыймыктанабыз. Москвага же башка чет өлкөлөргө барганда «мен тажикмин» деп айтпаймын, «Айтматовдун жердешимин» деймин.

Мен Каноаттын көптөгөн чыгармаларын окугам. Бул киши да өзүнчө бир аалам эле.

* * *

1975-жылы Тажикстанда Кыргызстандын адабиятынын жана искусствосунун он күндүгүнүн алкагында Тажик мамлекеттик университетинде кыргыз маданий өкүлчүлүгү менен болгон жолугушууну Тажикстан Жазуучулар союзунун төрагасы **Мирзо Турсунзода** төмөнкүдөй сөздөр менен ачкан:

– Жер планетасынын жашоочулары эки Чыңгызды билишет. Биринчи Чыңгыз кылычы менен адам канын суудай төгүп, тарыхта калган. Экинчи Чыңгыз өзүнүн инсандос (гумандуу) чыгармалары менен дүйнөнү багындырып алган. Менин досум, ошол экинчи Чыңгыз мына менин жанымда отурат.

Тажик эл жазуучусу Фазлиддин Мухаммадиевдин «Биздин Чыңгыз» очеркинде ошол жолугушуу жөнүндө абдан жакшы берилген. Бул очеркти Абдулхак Махмануров, Мирзохалим Каримов жана мен өз-өзүбүзчө которуп, убагында ар кайсы гезиттерге чыгарганбыз. Фазлиддин агай Ч.Айтматовдун «Жамийла», «Жаныбарым, Гүлсары!» жана «Кылым карытар бир күн» аттуу чыгармаларын тажик тилине которгон. Ал «Садои Шарк» («Чыгыш жылдызы») адабий журналынын редакциясында иштеп турганда, журналдын редактору Пулод Толис ага Ч.Айтматовдун орус тилинде жаңыдан жарык көрүп, «Жамийла» повести басылган журналды берип, окуп чыгууну суранат.

– Мен ошол эле күнү түндө уктабай «Жамийланы» окуп чыктым. Эртеси жумушка келгенде редакторго кирип, «Жамийланы» тажикчеге которууга бел байлаганымды айттым. Редактор мага жумуштан уруксат берип, мен «Жамийланы» бир дем менен тажикчеге котордум. Повесть биздин журналдын басууга даярдалып

жаткан санында жарыяланды. Ошентип, «Жамийла» кыргыз тилинде жарык көрө электе тажик окурмандарына жеткен, – деп эскерген Ф. Мухаммадиев «Биздин Чыңгыз» очеркинде.

Айтматов жараткан маңкурт метафорасы дүйнө элдеринин лексиконуна кирген көп маанилүү, өтө таасирдүү түшүнүк болуп калды.

Жер бетинде адамзат жашап турса, Айтматов эч качан унутулбайт. Ал кыргыз элинин кулуну эле эмес, бүткүл дүйнөнүн да жазуучусу. Сезимтал жана китеп окууга даярдыгы бар окурман жазуучунун калеминен жаралган чыгармаларды кайталап окуган сайын улам терең түшүнө берет деп ойлойм.

Адамзаттын рухий алпы

«Кыямат» романындагы Ташчайнар Акбаранын курсагына башын коюп жаткан учурда, төбөдө вертолёт учуп жүргөн болот. Карышкырлар вертолёттон коркушат. Анткени адам баласы тоону тешти, канаттуу куш учуп жетпеген бийик чокуларды багынтты, токойду ээледи, күрпүлдөп аккан дарыяларды бөгөп, ГЭСтерди курду, какыраган чөлдөргө жол салды, космоско учту... – баарын багындырып, ээлеп алды. Адамдын колу жетпеген, буту баспаган жер калбады. Цивилизация жер бетиндеги башка макулуктардын чөйрөсүн улам тарытып барат. Ташчайнар менен Акбара туула элек бөлтүрүктөрдүн келечек тагдырына тынчсызданат.

Жазуучу адамзатты акыл-эс менен жашоого чакырат. Себеби жер жүзүндөгү чаң-тополоңдун баарын адам баласы чыгарып жатат. Бүгүн Украина үчкө, Грузия үчкө бөлүндү. Ирак адам баласынын колу менен чачырап жатып калды. Сирия кансырап жатат. Адамзат генийи Айтматов ушундай апааттар болорун эскертпеди беле?

Балалык кези согуш мезгилине туш келип, атасы да ак жерден атылып кеткенден кийин, Чыңгыз көптөгөн кыйынчылыктарды көргөн. Ошондуктан ал адамзаттын бардык көйгөйлөрүн чыгармаларында таасын сүрөттөгөн. «Саманчынын жолу» повестинде Толгонайдын согушка кеткен күйөөсү Субанкул менен үч уулунан ажырап калганы эмне деген трагедия! Анын келини Алимандын көз жарышын, жашоонун уланышын күтүп калганы эмне деген үмүт! Анын Жер эне менен сүйлөшкөнүчү?!

Айтматовдун чыгармалары түбөлүктүү. Мен анын аты Сократ, Платон, Конфуций, Рудаки, Умар Хайём, Саади, Шекспир, Гёте, Пушкин сыяктуу инсандар менен бирге айтылып кала берерине ишенем.

Баарынан да мен бул дүйнөгө Айтматовдун улутташи – кыргыз болуп келгениме сыймыктанам.

Абдил-Ахат КУРБАН уулу,
журналист.
Сокулук району

ПОД ЗНАКОМ АЙТМАТОВА

В заграничных поездках, связанных с научными стажировками, учёбой в докторантуре, мне часто приходилось готовить рефераты, доклады на тему языковой ситуации в Кыргызстане. Несомненно, многие хотели слушать о творчестве Ч.Айтматова. Все, кто интересуется историей и культурой Кыргызстана, часто говорят, что Кыргызстан знают в мире по трём символам: эпос «Манас», Ч.Айтматов и Иссык-Куль.

Когда мы ездили на полугодичную стажировку в Университет им. Адама Мицкевича, нас, группу преподавателей и студентов, попросили подготовить номер-поздравление ко Дню студента для первокурсников. А у нас ни костюмов, ни материалов под рукой… Все же нам удалось представить польским студентам обряд «Тушоо кесуу» (обрезание пут) и короткую сценку из «Легенды о манкурте». Профессор Познаньского университета сказала мне, что хотела бы открыть при своей кафедре компаративистики Лабораторию по изучению творчества Ч.Айтматова. Для этого ей нужны были контакты из Бишкека. После окончания стажировки я вернулся в Бишкек и передал ее предложение руководству своего института. Однако наши никак не отреагировали, хотя финансирование проекта полностью брала на себя польская сторона!..

Как-то раз в гостях у Йоланты я увидел на книжной полке все переведенные на польский язык произведе-

ния Айтматова! (Она перевела воспоминания писателя «Мое детство»).

...Однажды Чингиз Айтматов приехал на встречу со студентами КНУ им. Ж.Баласагына, говорил с ними о ценностях человеческого общества, о нравственности. После встречи я подошёл к нему с монографией известного литературоведа Кенешбека Асаналиева. Это было второе издание монографии, посвящённой творчеству Ч.Айтматова - «Аил Шекер и Космос». Помню тогда, Ч.Айтматов был удивлён, что в свет уже вышла переизданная монография о его творчестве.

Акыл КАСМАЛИЕВ,
переводчик,
преподаватель иностранных языков.
Польша

АЙТМАТОВ ПОИСТИНЕ ЛЮБИЛ ТАДЖИКОВ, ТАДЖИКИ В ОТВЕТ ЛЮБИЛИ ЕГО ЕЩЕ БОЛЬШЕ

Друзья–герои: Мирзо Турсун-заде и Чингиз Айтматов. Они ценили дружбу между таджиками и киргизами.

Нынешний год – год Чингиза Айтматова, писателя, покорившего своими великолепными произведениями сердца миллионов граждан планеты. Его 90-летие его отмечает весь мир. Но данный праздник особый не только для киргизов. Айтматов был великим другом таджикского народа. Он поистине любил и уважал таджиков. Таджики взамен еще больше любили Чингиза Айтматова. Его шедевры переведены и на таджикский язык, давно стали частью нашей классической литературы.

Чингиз Айтматов считал своим устадом, духовным наставником наряду с великим казахским писателем Абаем Кунанбаевым также и Садриддина Айни, Героя Таджикистана, основоположника современной таджикской литературы, автора таких бессмертных произведений, как «Одина», «Смерть ростовщика», «Дохунда», «Рабы», «Воспоминания». Когда Айни скончался, Чингизу Айтматову было всего 26 лет, и он работал молодым ветеринаром. Следовательно, он не мог лично познакомиться со своим духовным устадом – Садриддином Айни.

Но через пару лет, когда Чингиз поступил в Литературный институт имени М. Горького, появилась хорошая возможность познакомиться с великими сыновьями таджикского народа, которые работали в Москве.

Это академик Бободжон Гафуров, молодой ученый Акбар Турсунов, впоследствии ставший академиком АН Таджикистана. И часто бывавший в столице СССР поэт Мирзо Турсун-заде – председатель Комитета солидарности стран Азии и Африки, член Советского комитета защиты мира, Всесоюзного комитета по Ленинским и Государственным премиям СССР в области литературы, искусства и архитектуры при Совете Министров СССР.

Мирзо Турсун-заде позже был удостоен звания Героя Социалистического Труда, стал лауреатом Ленинской, а также Государственной премий. В период независимости Мирзо Турсун-заде был удостоен почетного звания Героя Таджикистана. Чингиз Айтматов позже познакомился и дружил еще и с десятками представителей литературы и культуры таджикского народа, такими как Мухаммад Осими, Мумин Каноат, Гулрухсор Сафиева, Мирсаид Миршакар и другие. Я хочу написать о дружбе Чингиза Айтматова с этими известными личностями цикл статьей. Данный цикл хочу начать с повествования истории дружбы двух выдающихся личностей Азии – Чингиза Айтматова и Мирзо Турсун-заде.

Первый раз Чингиз и Мирзо близко познакомились в Ташкенте в доме узбекского поэта Гафура Гуляма в конце 50-х годов прошлого века. Как сам Чингиз Айтматов вспоминал в своей статье, посвященной 60-летию знаменитого поэта (1971), Мирзо Турсун-заде представил его участникам поэтического вечера: «...среди нас присутствует молодой писатель, на которого мы возлагаем большие надежды». Позже Чингиз Айтматов в своих статьях с особой искренностью и любовью рассказывает о Мирзо Турсун-заде как о поэте, как о великом человеке, о его ценных произведениях.

Именно благодаря Турсун-заде Айтматов познакомился с молодой поэтессой Гулрухсор Сафиевой, с

народным писателем Таджикистана Мирсаидом Миршакаром, Народным писателем Узбекистана Гафуром Гулямом и другими поэтами и писателями. Чингиз Айтматов, Мирзо Турсун-заде и Расул Гамзатов часто бывали вместе в зарубежных командировках. Об этих поездках Чингиз Айтматов рассказывает с особым почтением к личности Турсун-заде. В статье «Неповторимая личность» Чингиз рассказывает об их совместной поездке в Иран. Однажды, выступая перед публикой, Расул Гамзатов со свойственным ему юмором говорил: «Друзья! Моим переводчиком является Герой Социалистического Труда, Народный поэт Таджикистана, лауреат Ленинской и Государственной премий СССР Мирзо Турсун-заде. Когда мой переводчик такой человек, то теперь представьте, кто такой я!».

По словам Чингиза Айтматова, Мирзо Турсунзаде часто в частных и публичных беседах любил повторять, что киргизы и таджики – не только добрые соседи, но они как родные. Жена великого сына киргизского народа Манаса Каныкей была дочерью царя Бухары Атемира!

В советское время регулярно проводились Дни литературы и культуры Кыргызстана в Таджикистане, а Таджикистана – в Кыргызстане. Руководителями делегаций были Чингиз Айтматов и Мирзо Турсун-заде. Они приложили все свои усилия, чтобы эти дни проводились на высшем уровне, превратились в настоящие совместные праздники двух родственных народов. К большому сожалению, их сегодня нет с нами. Сегодня явно ощущается их отсутствие.

Как таджик, как гражданин Таджикистана я горжусь, что наша нация имела и имеет такого великого друга как Чингиз Айтматов. Мы полностью присоединяемся к торжествам, посвященным юбилею великого писателя. Чингиз Айтматов и Мирзо Турсун-заде во-

истину являются героями своих народов. Они сделали очень многое для укрепления дружбы между нашими народами. Было бы хорошо, если в любимых городах двух современных классиков литературы – Бишкеке и Душанбе – назвали улицы и школы именами Героя Таджикистана Мирзо Турсун-заде и Героя Кыргызстана Чингиза Айтматова. Поставили им памятники, перевели еще не переведенные произведения Чингиза Айтматова на таджикский язык, а поэмы и стихотворения Мирзо Турсун-заде – на киргизский. Включили их произведения в учебные программы общеобразовательных школ и высших учебных заведений двух братских республик. Они этого заслуживают. Найти друзей, может быть, легко. Но сохранить и не потерять их сложно, для этого нужно мужество!

Мирзо Турсун-заде завещал: «Если можешь, не теряй друзей, не потеряй хороших друзей!».

Мы, таджики, следуя наставлениям героя своего народа, должны дорожить славными традициями добрососедства, увековечить и сберечь добрые имена своих бескорыстных, настоящих друзей, одним из которых, несомненно, является Герой Кыргызстана, великий Чингиз Айтматов!

Тилав Расул-заде,
журналист.
Таджикистан

ЭКИ ЭЛДИН ДАНАКЕРИ ЭЛЕ...

Мындан туура 30 жыл илгери, 1988-жылы декабрь айында, Кыргыз ССР илимдер академиясы, Билим берүү министрлиги, СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Жазуучулар, Журналисттер, Кинематографисттер союздары биргелешип, улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун 60 жылдык мааракесине карата «Чыңгыз Айтматов жана учурдагы рухий маданият» деген темада республикалык илимий-теориялык конференцияны өткөрүшкөн. Уюштуруу комитетинин чакыруусу менен ал конференцияда мен «Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары Өзбекстандык кыргыздардын рухий жашоосунда» деген темада доклад жасадым. Доклад жалпы жыйында угулду.

Сөзүмдүн аягында конференция катышуучуларына боордоштордун салам-дубайын жеткирдим. Жердештеримдин комуз күүлөрүн унутуп баратышканын, кыргызча китеп, гезит окубай калышканын, тарыхый Ата Мекен менен маданий байланышы жокко эсе экенин белгиледим.

Кыргызстандын Кытайда, Ооганстанда, Тажикстанда, Түркияда жашаган кыргыздар менен маданий байланыштары жакшы жолго коюлганы менен, Өзбекстандагы кыргыздар унутта калып жатканын, абал ушундай улана берсе, Өзбекстанда жашаган бир миллионго чукул кыргыз жакынкы келечекте эне тилин унутуп калышы мүмкүн экенин айттым.

Тилекке каршы, Чыңгыз Айтматовдун 60 жылдыгына арналып өткөрүлгөн ошол илимий-практикалык конференцияга жазуучу өзү катыша алган жок. Себеби Испанияда «Ысык-Көл» форумунун кезектеги жыйынын өткөрүп келген Чыңгыз ага бир аз тумоолоп калган экен. Бирок конференцияга биздин келгенибизди жазуучулар Камбаралы Бобулов жана Казат Акматовдон угуптур.

Улуу жазуучу кийинки күнү бизди кабыл алып, бир саат бою кенен баарлашты. Көйгөйлөрдүн бардыгын ынтаа коюп укту. Келечекте бул маселелер чечилерин айтып: «Бир тууган өзбек эли менен ынтымакта, жакшы карым-катнашта жашагыла», – деп кеп-кеңештерин берди. Акырында китептерине кол тамгасын жазып, бизге белек кылды. Элге салам айтты.

Ошондон кийин арадан көп узабай эле Кыргыз ССРинин Мамлекеттик басма сөз комитетинин төрагасы Барпы Рыспаев жетектеген мамлекеттик делегация Өзбекстанда жашаган кыргыздардын абалынан кабар алыш үчүн атайын иш сапар менен барды. Кийин уксак, конференция учурунда биз тараптан айтылган сөздөр Айтматовго жеткирилип, Өзбекстанга Кыргызстандын маданий делегациясынын жөнөтүлүшүнө ал кишинин салымы болгон экен. Делегациянын курамындагылар жазуучулар Камбаралы Бобулов, Сагын Наматбаев, билим берүү министринин орун басары болуп төрт-беш киши экен.

Делегацияны Өзбек ССРи мамлекеттик басма сөз комитетинин төрагасы Н. Стрижнёв, жазуучу Нуралы Кабул коштоп жүрүшүптүр. Алар адегенде Ташкентте кыргыздар жашаган райондорунда болуп, Жызак облусунун Достук районундагы Манас айылына келишти. Меймандарды облустук жоон топ аткаминерлер тосуп алышты. Айылдык клубга эл батпай, жолугушуу чоң бактын ичинде өттү.

Эл менен баарлашуу өтө жакшы маанайда өттү. Бирок эл жергиликтүү аткаминерлерден бир аз корунгандай болуп, көйгөйлөр толугу менен айтылбай калды.

Делегациянын андан аркы сапары Заамин районун көздөй уланды. Түш ооп калганда, Жети-Кечүүдөгү М. Лермонтов атындагы кыргыз орто мектебине жетип келишти. Деректири өзбек киши экен. Мектептин абалы коноктордун зээнин кейитти. Раматылык Камбаралы Бобулов: «Бул мектеп Ч.Айтматовдун «Биринчи мугалиминдеги» Дүйшөндүн мектебинен көп деле айырмаланбайт экен. Эгер мүмкүнчүлүк болсо, бизге өзбек тилдүү мектептерден бир-экөөнү көрсөтсөңүздөр», – деди. Бирок кеч кирип калгандыктан, башка мектептерге бара алышкан жок.

Кызыгы, жергиликтүү бийлик ээлери баягы эски парталардын ордуна түнү бою облустук базадан жаңыларын алдырып койдурушуптур. Улуу Айтматовдун аты аталгандыктан ушундай болду деп ойлойм. Андан ары делегация мүчөлөрү Бакмал районунун Муз-Булак айылындагы Ж. Бөкөнбаев атындагы орто мектепке барышты. Мугалимдер жамааты, айыл тургундары жана окуучулар аларды көпкө кармашты. Жолугушуу абдан жакшы маанайда, кызыктуу өттү.

Ошентип, мамлекеттик делегация мүчөлөрү Өзбекстандагы этникалык кыргыздар жөнүндөгү ой-пикирлери менен сунуштарын бир тууган эки мамлекеттин жетекчилигине жеткиришти.

Улуу жазуучу Ч. Айтматовдун түздөн-түз кийлигишүүсү менен 1992–93-жылдардан баштап Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан Өзбекстанда жашаган кыргыз жаштарына жогорку окуу жайлардан 30 бюджеттик орун бөлүнүп бериле баштады. Окууга кабыл алуу сынактары Өзбек Республикасынын Билим берүү министрлиги тарабынан жыл сайын Ташкент, Анжиян жана Жызак

шаарларындагы жогорку окуу жайларында өткөрүлүп турду. Андан бери бир топ мезгил өттү. Азыр ал сынактарды Кыргызстандын Билим берүү жана илим министрлиги Бишкек шаарындагы жогорку окуу жайларында өткөрөт.

Бул арада өзбекстандык жүздөгөн кыргыз жаштары жогорку билимге, кесипке ээ болушту, азыр түрдүү тармактарда эмгектенип жатышат. 1993-жылдан тарта өзбек телерадиосунан жумасына бир жолу бир сааттык кыргыз тилинде көрсөтүүлөр жана уктуруулар берилип келет. Кыргыз мектептери үчүн китептер кыргыз тилине которулуп басыла баштады.

Улуу жазуучу Өзбекстанга көп барып, өлкө жетекчилери менен, адабий чөйрөдөгү чыгармачыл инсандар менен кездешип турган. 1995-жылы декабрь айында Өзбекстанга болгон кезектеги сапары учурунда аны Ташкент – Самарканд жолунун боюндагы Манас айылынын тургундары тосуп алышкан. Тилекке каршы, мен анда Израилде стажировкада жүргөндүктөн, ал жолугушууга катыша алган жокмун.

Жубайым, тарых мугалими Сулайманова Жийде 10-класста окуган уулум Марселди ээрчитип, Чыкемдин китептерин алып, дүрбөгөн элге кошулуп жолугушууга барыптыр. Бирок элдин көптүгүнөн жакын бара албай, кол тамга ала албай калыптыр.

Жазуучу эл менен бир аз баарлашкандан кийин Жызак шаарына кетет. Муну угуп, жубайым да такси жалдап, Жызакты көздөй жөнөйт. Улуу жазуучуга жолугушуу үчүн облустун бардык райондорунан эл автобустар менен келген экен. Милициялар тосуп, байкуш жубайым ал жерге да кире албай шаабайы сууп, үйгө түн ичинде келет. «Ошондо сенин жоктугуңдан ушундай болду», – деп эстеген сайын кейип калат.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын өзбек окурмандары сүйүп окушат. «Жамийла», «Кызыл жоолук

жалжалым», «Бетме-бет», «Гүлсарат», «Биринчи мугалим», «Бото көз булак» сыяктуу чыгармалары 60-жылдын аягынан баштап эле өзбек жазуучусу Асил Рашидов тарабынан орусчадан өзбекчеге которулуп, адегенде «Шарк юлдузи» («Чыгыш жылдызы») адабий журналына басылып, андан кийин көп узабай эле өзүнчө китеп болуп басмадан чыгарылып келди. Мен теңдүүлөр ошол чыгармаларды окуп, тарбияланып өстүк.

Ч.Айтматов улут, тектеш түрк тилдүү эл жана алардын биримдиги дегенде өз оюн ар дайым ачык айтып келген. Мисалы, СССРдин Башкы прокуратурасы тарабынан козголгон «өзбек иши» деген ишке байланыштуу жалпы өзбек элине акаарат кылгандарга каршы чыгып, «Известия» гезитине көлөмдүү макала жазган. 1990-жылы Ошто эки бир тууган элдин ортосундагы чыр-чатакты жөнгө салуу үчүн өзбек элинин беделдүү аксакал жазуучулары Адыл Якубов, Пиримкул Кадыров менен бир нече жолу Ошко барып, эл менен учурашып, калыс сөздөрүн айтып, эки элди ынтымакка чакырган.

Улуу жазуучунун Өзбекстанда жашап жаткан этникалык кыргыздардын өз тилин, каада-салтын сактап калышына кошкон салымы абдан чоң. Чыңгыз Айтматовдун жаркын элеси өзбекстандык кыргыздардын жүрөгүндө түбөлүккө сакталып кала берет.

Мирсаид АНАРБАЕВ,
Ж. Баласагын атындагы КУУнун доценти.
Бишкек шаары

Манастын мураскери

«ААЛАМ РУХТУН ПАЙГАМБАРЫ БОЛСУН» – ДЕП...

(Чыңгыз Айтматовдун орду жана вазийпасы тууралуу ой толгоо)

Алаарынан берери көп кыргызга,
Акылынан «өнөрү» көп кыргызга.
Адыраңдап эч нерсени аңдабай,
Али дагы көрөрү көп кыргызга,

Дооларынан карызы көп кыргызга,
Доллар алса пайызы көп кыргызга.
Темтеленде басар жолдон адашкан,
Тереңинен тайызы көп кыргызга,

Жегенинен кусканы көп кыргызга,
Жек-жаатынан душманы көп кыргызга,
Жарык күндө жатып-туруп ныксырап,
Жасагандан бузганы көп кыргызга,

Күлүгүнөн чобуру көп кыргызга,
Күзүрүнөн момуну көп кыргызга,
Күпүлдөгөн уулу чыгып эл жегич,
Күйө турган жоругу көп кыргызга,

Жарыгынан иңири көп кыргызга,
Жарагандан чириги көп кыргызга,

Жакшылары жарталаңдап жан кечти,
Жасагандан бүлүгү көп кыргызга,

Кылганынан былыгы көп кыргызга,
Кырманынан чыгымы көп кыргызга,
Бүкүлүдөн бүлүнгөнү анча арбын,
Бүтүнүнөн сыныгы көп кыргызга,

«Жалгыз туруп жасаганы миңге тең,
Жалгыз туруп жарык чачкан күнгө тең.
Уулу болуп улут атын таанытчу,
Ушул элге керек го, – деп, – бир көсөм»,

«Анда-мында кайрат кылып жүрсүн», – деп,
«Аалам-айга айбат кылып жүрсүн», – деп.
«Көңүлүнө тумар кылып жүрсүн», – деп,
«Көтөргөнгө байрак кылып жүрсүн», – деп,

«Аз эл экен, араң чыккан санактан,
Аз эл экен, араң кетип бараткан.
Аалам рухтун пайгамбары болсун», – деп,
Айтматовду бериптир да Жараткан...

Калчоро КӨКҮЛОВ,
акын.
Бишкек шаары

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ: ТОТАЛИТАРИЗМДИН КУУШ АЛКАГЫНА СЫЙБАГАН ТАГДЫР

Кыргыздын залкар ойчулу, жазуучусу жана коомдук ишмер Чыңгыз Айтматов жөнүндөгү тарыхчынын блогу

Кыргызстанда жана чет өлкөлөрдө XX кылымдын экинчи жарымы – XXI кылымдын башындагы кыргыз элинин даанышман жазуучусу Чыңгыз Айтматов тууралуу энциклопедиялык жыйнак, миңдеген китептер, көп сандаган диссертациялар жана илимий-популярдуу макалалар, эсепсиз эскерүүлөр жарык көрдү.

Элден калышпай, «Азаттык» үналгысынын окурмандары да өз эсселерин жана башка макалаларын атайын рубрикада ырааттуу жарыялашты. Би-Би-Си Кыргыз кызматы да атайын берүүлөр уюштурду. Кыргызстандын ар бир мектебинде Айтматов тааануу кечелери өтүп жатты. Кыргызстанда дагы бир жолу өткөрүлгөн «Ысык-Көл шеринеси» Айтматовду эл аралык деңгээлде эскерүү менен эле чектелбестен, айдыңдарды заманбап коомдун жалпы планеталык жана чөлкөмдүк көйгөйлөрүн талкуу кылуу мүдөөсүндө баш коштурууга да мындан ары деле кызмат кыла аларын тастыктады. Эл аралык Айтматов академиясы да ар кыл коомдук чараларын жүзөгө ашырып келет.

Албетте, Айтматов тааануу тармагында улам жаңы середеги чыгармалар пайда болгонун белгилөө керек. Алардын арасында публицист жана ойчул Эсенбай Нурушевдин «Айтматология: «Жамийла» жана улут-

тук эрос» деп аталган кыргызча китеби, америкалык калемгер Жефф Лили (Jeff Lilley) мырзанын Чыңгыз Айтматов жана Азамат Алтайдын «кансыз согуш» мезгилиндеги күзгүнүн эки башка бетинде калганга тете тагдырлары тууралуу англисче китеби, ошондой эле залкар жазуучунун карындашы Роза Айтматованын «Тарыхтын актай баракгары» китебинин толукталган үчүнчү басылышы жарык көрдү.

2017-жылы Кыргызстандын Улуттук илимдер академиясынын Чыңгыз Айтматов атындагы тил жана адабият институту улуу жазуучунун өмүрүнө жана мурасына арналган үч томдук энциклопедияны басмадан чыгарды.

Бул айтылгандар Айтматов таануу жаатында уучубуз куру эместигин, ошол эле учурда улам жаңы архивдик жана башка даректүү маалыматтар ачылып, жаңы адистик көз караш менен терең сүңгүп иликтей турган өңүттөр айкындала берерин көрсөтүп турат.

2018-жылы 12-декабрда Бишкектеги Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясында залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдыгына арналган мааракелик иш-чара маалында Кыргызстандын Президенти Сооронбай Жээнбеков Манас жана Айтматов академиясын түзүү боюнча демилгени колдой турганын айткан.

Көп узабай (2019-жылдын 31-январында) президенттик жарлык чыгып, ага ылайык бул жаңы илимий академияны уюштуруу камылгалары башталды.

«Ансыз деле Кыргызстандын Улуттук илимдер академиясында Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институту бар эмес беле?» деген каяша кептер да айтылып жатты. Менимче, Тил жана адабият институту кыргыз тилине жана адабиятына байланыштуу жалпы жана өзөккү маселелерди изилдеши керек. КР УИАсындагы бул институтту жалаң гана айтматовтаа-

нуу менен чектесе да болбойт. Ошондуктан эгемен Кыргызстанда Манастаануу жана айтматовтаануу академиясынын өзүнчө түзүлүп жаткандыгы алгылыктуу эле кадам. Бирок, албетте, бул аракет КР УИАсынын Тил жана адабият институтунун дурус каржыланышына эч кедерги болбоого тийиш.

Эми Чыңгыз Айтматов тууралуу соңку табылгалардын айрым тарыхый-инсан таануу жагдайларына кыскача токтоло кетели.

Оболу, залкар жазуучунун ата-бабаларын жана тайларын санжыралык иликтөө иши XXI кылымдын башында үзүрдүү улантылып, олуттуу тактоолор киргизилгенин айталык. Совет доорунда, өзгөчө 1920–53-жылдардагы сталиндик репрессиялардан жана кодулоолордон соң, ар ким ата-тегиндеги «оңтойсуз жагдайларды» жаап-жашырып калган. Маселен, Чыңгыздын чоң атасы Айтматты тикмечи, б.а., ошол доордо акырындап жарала баштаган кыргыз жумушчу табынын (пролетарларынын) өкүлү деп билчүбүз. Бирок Роза Айтматова жарыялаган соңку маалыматтар Айтмат өзү Кимбилди Кончужок уулу деген бай кишинин урпагы болгонун көрсөтүүдө.

(Наристе чарчап калбасын деп ырымдап, илгери кыргыздар Кимбилди, Кончужок сыяктуу ысымдарды коюшчу. «Кончужок» ысымынан эле аны таптакыр жарды көрсөтүү – совет доорундагы «эски бай-манаптын урпагы» деген «жаманаттыдан» качуунун ыкмасы болгонун эми ачык айтуу керек. «Манас» эпосундагы Бокмурун, маселен, мурдун тарта албаган инсан эмес, атасы Көкөтөй хандын ашын, азыркы тил менен айтканда, эл аралык көчмөндөр оюнун уюштуруп, шаан-шөкөт менен өткөргөн өтө таасирдүү канзаада болгон).

Биринчи дүйнөлүк согуш, 1916-жылдагы улуттук бөштондук көтөрүлүш, андан кийинки атуулдук согуш жана кулакка тартуу, колхоздоштуруу сыяктуу окуя-

лар маалында кыргыздын далай байлары «итке минип» калган. Ал түгүл Чыңгыздын падышалык доордо өтө бай болгон таятасы Хамза Абдулвалиевдин (1850–1932) жакырчылыкта дүйнөдөн кайтканы эми гана айкын болду. Демек, байлардан чыккан теги боюнча деле Чыңгыз Айтматов «жумушчу табынын диктатурасы» катары жарыяланган, бирок бийликтеги жалгыз партиянын көсөмүнүн жеке бийлигинде калган сталиндик тоталитардык мамлекеттик түзүлүшкө «өгөй» болчу.

Миллиондогон кишилер запкы чеккен бул мээримсиз сталиндик түзүлүштөн аман чыгуунун баштапкы аргаларынын бири ошол замандын системасынын ишеничине ылайык жашоо эле. Ансыз да «эл душманынын баласы» жарлыгы өзүнө жолтоо болгон кыйчалыш заманда Ч.Айтматов «Гезитчи Дзюйо» аттуу орусча аңгемесин (1952) атайын сталинчил рухта жазган.

Жазуучу Ч.Айтматов 1963-жылы «Повести гор и степей» («Тоолор менен өрөөндөрдүн баяндары») деген орусча жыйнагы үчүн Лениндик сыйлыкты алган. Ал эми дээрлик он жылдан соң, 1973-жылы 31-августта КПССтин башкы басылмасы болгон «Правда» гезитине советтик жазуучулар тобунун атынан ошол кездеги диссиденттер Андрей Сахаров менен Александр Солженицынга каршы кат жарыяланган. Ага кол койгондордун катарында Чыңгыз Айтматов да бар эле.

Албетте, орус диссидент жазуучусу Александр Солженицын Советтер Биримдигиндеги ГУЛАГдын[1] азабын өз башынан өткөрүп, лагерлерде азап чеккендердин жазмыштуу тагдырын көркөм чыгармаларында таасын жазгандыгы менен дүйнөгө таанылган. (Арийне, советолог Александр Беннигсендин кызы Мэри Брок-

[1]ГУЛАГ – Главное управление исправительно-трудовых лагерей, трудовых поселений и мест заключения – Түзөтүү-эмгек лагерлеринин, эмгек тургун жайларынын жана абактардын башкы башкармалыгы. Сталиндик жазалоо системасы.

сап-Беннигсен мага Лондондо айткан жагдай да эстен кетпейт: «Солженицын орус эмес этностордун өкүлдөрүнүн ГУЛАГдагы көргөн кордугун анчейин көңүл бөлүп чагылдырган эмес», – деди эле ал).

Совет бийлиги 1970-жылы адабият жаатында Нобель сыйлыгын алган А.Солженицынды диссиденттик көз караштарын ачык билдиргендиги үчүн жазалап, 1974-жылы 13-февралда өлкөдөн Батыш Германияга чыгарып жиберген. Демек, ошондон кийин анын чыгармаларын көпчүлүк советтик окурмандар эч окуй алган эмес.

Ал эми Лениндик сыйлыктын ээси, Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССРдин Мамлекеттик сыйлыктарынын үч жолку ээси болгон Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары СССРде эркин жайылтылган, дүйнөдөгү көп тилдерге которулган. Чыңгыз Айтматов өзү СССРдин Президенти Михаил Горбачёвдун өтө жакын кишиси, СССРдин Люксембургдагы соңку элчиси болгон.

Ушул сыяктуу фактыларга таянып, Чыңгыз Айтматов «тоталитардык коомго кызмат өтөгөн» деген бир жактуу пикир айтылып жүрөт. Албетте, Чыңгыз Айтматов деле коомдо жашап туруп, андан четте калбады. Көп этностуу Советтер Биримдигинде этияттык кылбаса, Чыңгыз Айтматов, Мухтар Ауэзов, Васил Быков, Расул Гамзатов, Нодар Думбадзе сыяктуу теги орус эмес калемгерлер өздөрүнүн чыгармачыл Олимпине караандай алышмак эмес.

Аалы Токомбаевдин «Момия» ыр жыйнагы, Олжас Сулейменовдун «Аз и Я» («Аз менен Я») китеби сатыктан алынгандыгын, Түгөлбай Сыдыкбековдун «Көк асабасы», Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылычы», Казат Акматовдун «Күндү айланган жылдары» сыяктуу чыгармалар, тарыхчы Кушбек Үсөнбаевдин 1916-жылкы көтөрүлүш тууралуу монографиясы идеологиялык сынга кабылгандыгын унуткара албайбыз.

Дал ошондой кырдаалда «камырдан кыл суургандай» эптүүлүк менен жазылган чыгармалары жана публицистикалык макалалары аркылуу Чыңгыз Айтматов тоталитардык коомдо ойготкуч кызматты аткарды.

Мүйүздүү эне жөнүндөгү уламыш аркылуу Ч. Айтматов кыргыз тарыхынын Энесай Кыргыз каганаты баскычын унутпоого үндөгөн. Ал эми Кыргызстан Компартиясын Турдакун Усубалиев жетектеп, идеологиялык жагын Аманбек Карыпкулов тейлеп турган чакта, «Энесай Кыргыз каганатынын тарыхынын Теңир-Тоодогу кыргыздарга эч тиешеси жок» деген жобо тарыхчыларга таңууланган эмес беле.

Бир ирет англисче макаламда[1] жазган оюмду бул жакка да кошумчалай кетейин. Чыңгыз Айтматовду кайсы бир деңгээлде француздардын даанышман ойчулу Волтер (Voltaire; 1694–1778) менен салыштырууга болот. XVIII кылымдагы бул ойчул, акын, философ, трагик жана публицист абсолюттук монархиянын өкүлдөрүнүн «эркеси» болгон, мындай падышалыктагы ак сөөктөрдүн өкүлү катары бардар жашаган. Бирок ошол эле учурда ал өзүнүн чыгармалары аркылуу чексиз жеке бийлик системасына элдешкис кас мамилесин даана туюнтуп турган. Волтер эркин ой жүгүртүү устаты катары Франциядагы жана жалпы Батыш Европадагы XVIII к. акыры – XIX к. ичиндеги ыңкылапчыл кыймылдарга олуттуу таасир тийгизген.

Дагы бир мисал айтсак, солчул көз караштары үчүн Түркияда камалып, акыры СССРде саясий башпаана тапкан түрк акыны Назым Хикметтин:

«Sen yanmazsan,
Ben yanmazsam,
Biz yanmazsak
Nasıl çıkar karanlıklar aydınlığa?»

[1]Chingiz Aitmatov's Lifelong Journey Toward Eternity // rferl.org. – 12.12.2008

Кыргызчасы:

«Эгерде мен күйбөсөм,
Сен күйбөсөң,
Биз күйбөсөк,
Караңгыдан жарыкка кантип жол табылаар?»

деген жалындуу саптары, бир четинен, коммунисттерге кызмат кылса, экинчи четинен, ошол коммунисттик авторитардык системаны кулатуу үчүн да советтик окурмандардын өзүнөн кийинки муундарын шыктандырды деп айта алабыз.

Эгерде чех драматургу Карел Чапек (Karel Čapek) дүйнө жүзүнө «робот» (киши сымал татаал иш-аракет кылган металл аспап) деген сөздү таркатса, ал эми Чыңгыз Айтматов инсандын беделин, кадыр-баркын, бабалардан калган рухий мурасы түгүл, санжыралык эстутумун да жоготуп алган «киши-роботко» каршы чыгып, «маңкурт» сөзүн дүйнөлүк адабиятка киргизди.

Албетте, аки-чүкүсүнөн бери айта берсек, анда «робот» сөзүн Карел Чапекке сүрөтчү бир тууганы Йозеф сунуштаганын кошумчалоо керек. 1920-жылы бул терминди Карел Чапек өзүнүн «Р.У.Р.» деп аталган илимий-фантастикалык драмасында алгачкы жолу колдонгон. «Р.У.Р.», б.а., латынча R.U.R. сөзү – чыгармадагы бир аралда жайгашкан Rossumovi univerzální roboti («Россумдардын универсал роботтору») деген ишкананын аталышынын шарттуу кыскартылышы.

Карел Чапектин драмасынын соңунда «жасалма кишилер» – «роботтор» көтөрүлүш чыгарып, адамзатты кырып салганда да, сүйүү сезимин сактап калган киши сымал эки робот жашоонун жаңы айлампасын баштагандыгы жар салынат. Демек, сүйүү аркылуу адамзаты кайра жаралат.

Чыңгыз Айтматов болсо 1980-жылы жазылган «Кылым карытар бир күн» романында кыргыздын көөнө эпосундагы кишинин башына шири кийги-

зип кыйноо жөнүндөгү маалыматты колдонуп, «маңкурт» терминин жалпы адамзаттын ар бир улутунун асыл-нарктарын сактоо ураанына курал кылып берген.

Бул романда Казангаптын уулу, кишилерди үналгы аркылуу эле башкарып алууга болот деген Сабитжан Эне бейитти коргоого кол кабыш кылуудан баш тартканда, Эдигей аны нагыз маңкуртка теңейт.

«Акыры планетада коммунизм жеңет жана улуттардын айырмачылыктары жоюлат» деген советтик коммунисттик жобого каршы чыгып, Чыңгыз Айтматов өз чыгармалары аркылуу тоталитардык, бир беткей, бир түстүү коомго караганда, бардык улуттар өздөрүнүн маданий мурастарын сактай алган, эне тилин, ата-тегин билген, «маңкурт» болбогон, көп түстүү турмуш орун алган коом артык экенин даңазалаган.

Демек, кыргыз жазуучусу советтик цензуранын чыпкасынан өтүп кеткен ушул сыяктуу чыгармалары аркылуу миллиондогон окурмандарга «самиздатсыз» (тыюу салынган чыгармаларды жашыруун басып таркаткан усулсуз) эле жетип, аларды улут тагдыры жөнүндө ойлонууга чакырып турган.

Чыңгыз Айтматов өзү да айдыңдарды кемөөчтөгөн саясий цензураны этияттык менен жеңип чыккан күрдөөл турмушту баштан кечирди. 1986-жылы ал негиздеген «Ысык-Көл шеринеси» ошол доордогу «Кансыз согуш» ар башка жээктерге жиктелип калган айдыңдарды баш коштурган бейрасмий долбоор болуп калды.

Залкар жазуучубуз Ч.Айтматов 1988-жылы өлкөбүздө «кош тил саясаты» ураанын көтөрүп, кыргыз тилинин 1989-жылы 23-сентябрда Кыргызстанда мамлекеттик тил катары жарыяланышы менен жыйынтыкталган тынч жана кеңири коомдук кыймылга башат ачкан. (Быйыл мамлекеттик тил мыйзамынын кабыл алынгандыгына 30 жыл толот.)

Чыңгыз Айтматов чет мамлекетке чыкканда, Азамат Алтай, Төлөмүш Жакып уулу, Аким Өзгөн, Маматиса Арал сыяктуу кыргыздар менен ээн-эркин жолугушуудан эч тартынган эмес. Буга алардын 1980-ж. Мүнхендеги жолугушууларынан калган сүрөттөр да далил.

1989-жылы август-сентябрь айларында ошол кездеги «Азаттык» үналгысынын деректири Аким Өзгөн Кыргызстанга келип, Токтогул Сатылган уулунун 125 жылдык мааракесине арналган салтанаттарга катышты. Бул окуя «Эркин Европа/Азаттык үналгысынын» СССРге багытталган кызматтарынын башчыларынын ичинен Кыргыз кызматынын («Азаттык» үналгысынын) жетекчиси биринчи болуп СССРдин чек арасынан уруксат алып өтүп келиши катары тарыхта калды. Аким Өзгөндүн бул иш сапарды жүзөгө ашыруу үчүн советтик виза алышына СССРдин эл депутаты Чыңгыз Айтматов түздөн-түз данакер болгон.

СССРде пахта жыйноого байланыштуу ири жемкорлук схема 1983-жылы ашкереленгенде, аны оболу маскөөлүк маалымат каражаттары «өзбек иши» («узбекское дело») деп атай салышкан. Бул чатакка маркум Леонид Брежневдин күйөө баласы (Галина Брежневанын күйөөсү) генерал Юрий Чурбанов да аралашкандыгы тергөөдө тастыкталган эле. Ошондо Чыңгыз Айтматов жемкорлордун кылмышы үчүн бүтүндөй өзбек улутуна көө жабуу туура эмес деп жазып чыкты.

Совет доорундагы өз чыгармаларынын биринде (жогоруда учкай айтылган «Кылым карытар бир күн» романында) Ч.Айтматов сталиндик доордо запкы көргөн жана аргасыз өз өмүрүн кыйган айылдык казак мугалим Абуталиптин кейиштүү тагдырын да баяндайт.

Демек, ал жалаң гана кыргыздардын жана өз жумурияты – Кыргызстандын көйгөйлөрүн сыпаттап чек-

телбестен, боордош элдердин тоталитардык доордогу көйгөйлөрүн да иликтеп, ар тараптуу чагылдырган.

Кыскача корутундуласак, Чыңгыз Айтматовдун санжыралык жана жеке турмуштук маалыматтары (бабасы Кимбилди менен таятасы Хамзанын Кыргызстандагы байлардын, б.а., «эзүүчү таптын» өкүлдөрүнөн болгондугу, атасы Төрөкул Айтматовдун жазыксыз жерден «эл душманы» катары 1938-жылы атылып кеткендиги, жазуучу өзү Батышта коммунизмге каршы үгүт кылган кыргыздарга жолугуп, аларда конокто болгондугу ж.у.с.) советтик тоталитардык түзүлүш үчүн «жагымдуу маалыматтардан» болгон эмес.

Дал ошондой эле Чыңгыз Айтматовдун калемгер катары жетилген чагында жана кийинчерээк жазган чыгармалары да СССРдеги тоталитардык мамлекеттик түзүлүштүн идеологиялык чидерлерине жана Ала-Тоодогу айрым эскичил коомдук көз караштарга багынбастан, этностун маданий өздүгүн жана рухий баалуулуктарын сактоого тикелей чакырган. Анын чыгармалары айрым учурда кейипкердин сөзү менен «маңкурт болбо!» деп окурманды түз чакырса, башка учурларда гуманисттик бийик мүдөөлөрдү көркөм подтекст аркылуу өтө ынанымдуу жактап, совет коомундагы адамдардын аң-сезимине таасир тийгизип келген.

Тынчтыкбек ЧОРОТЕГИН,
тарых илимдеринин доктору.
Бишкек шаары

НЕИЗВЕСТНЫЙ АЙТМАТОВ: КАКУЮ МИССИЮ ОН ВЫПОЛНЯЛ В СПЕЦГРУППЕ В 1978 ГОДУ?

40 лет назад во Фрунзе произошел удивительный случай, очевидцами которого были семь человек. Увы, из них осталось всего трое аксакалов, а рассказать решился лишь один...

Скрытая страница биографии

В эти дни не только в Кыргызстане, но и во многих странах широко отмечается 90-летие великого сына кыргызского народа, прославленного классика мировой



Сакан Сатыбеков, Заслуженный юрист КР, экс-судья Конституционного суда. Фото «Азаттык».

литературы и гуманиста-просветителя. Проводятся республиканские и международные симпозиумы, научно-практические конференции, представительные форумы.

И все эти мероприятия, так или иначе, посвящены главным образом творческому наследию Чингиза Торекуловича, его жизненному пути как прозаика и мыслителя.

А ведь Айтматов проявил себя и на ниве... законотворчества. Но об этом мало кому ведомо, хотя то был важный момент в его биографии! Именно поэтому считаю своим долгом осветить сегодня эту примечательную историю, неизвестную широкой публике, где Чингиз Торекулович совершил поступок настоящего гражданина, чему я был живым свидетелем ровно 40 лет назад.

Семерка профи

Итак, 1978 год. Во всех уголках СССР началась невиданная по масштабам кампания – создание в союзных республиках собственных Конституций в условиях т.н. развитого социализма.

Постановлением Президиума Верховного Совета Киргизской ССР (тогдашнего парламента) у нас тоже была сформирована особая рабочая группа по разработке обновленного Основного закона. Кроме меня в нее вошли еще 8 профессионалов, а председательствовал министр юстиции М.Жумабаев. В итоге напряженной работы мы все завершили в срок. И вот тут начинается самое интересное. Дело в том, что проект Конституции изначально писался на русском языке, поэтому для перевода текста на кыргызский была создана вторая спецгруппа из 7 специалистов.

Вместе с автором этих строк, в ту пору доцентом из КГУ, в нашу команду под руководством секретаря ЦК КП Киргизии К. Кулматова вошли как юристы, так и филологи. Среди них академик Б. О. Орузбаева; буду-

щий член-корреспондент национальной Академии наук Р.Т. Тургунбеков; доктор юридических наук, профессор К.Н. Нурбеков; главный редактор газеты «Советтик Кыргызстан» Ж. Турсунов и сам Чингиз Айтматов, Герой Социалистического труда и мастер слова, уже ставший известным на весь мир.

Звонок посреди ночи

Работа переводческой группы проводилась регулярно и строго по графику. Но как-то раз всех вдруг оповестили о срочном сборе, однако причин не назвали. Мы терялись в догадках: «Деятельность наша не секретная, обычный перевод документа, замечаний нет... Что случилось-то?!»

И вот мы у председательствующего Кенеша Кулматова. Он сообщил, что собрать нас просил как раз Чингиз Торекулович. Обосновывал он это тем, что в обсуждаемом проекте Конституции возник один-единственный, но крайне важный и принципиальный вопрос, способный впоследствии вызвать споры, поэтому его необходимо решить сразу, на месте, коллегиально.

Айтматову предстояла скорая загранпоездка в Европу, он опасался, что не успеет вернуться к следующему совещанию, где этот вопрос будет поставлен. Вот поэтому, по настоянию Айтматова, нас экстренно и созвали, дабы все обсудить и принять решение здесь и сейчас, с учетом мнений всей семерки.

Вопрос чести

Что же так обеспокоило Айтматова? Выступая перед нами, он с волнением пояснил, что основополагающим вопросом для него является слово «Родина» в русском

варианте проекта Конституции, и которое теперь нам предстояло перевести на кыргызский язык. В обстоятельном выступлении Чингиз Торекулович грамотно обосновал роль и значение этого сакрального понятия в Основном законе республики. И убежденно заключил, что абсолютно-бесспорным эквивалентом термина «Родина» будет «Мекен», который и предложил включить в кыргызоязычный проект.

После началось бурное обсуждение. Насколько я помню, атмосферу критики создал Ж. Турсунов. В довольно категоричной форме он заявил, мол, кыргызский народ уже 60 лет, живя при советской власти, говорит слово «Родина» без запинки, и оно настолько прижилось в обиходе, что вряд ли есть необходимость переводить его на кыргызский язык.

Мы же, правоведы, однозначно поддержали инициативу Ч. Айтматова, потому что он был абсолютно прав в своем горячем стремлении закрепить исконный термин Отчизны в краеугольном юридическом документе, с которым народу Киргизии предстояло теперь сверять свою жизнь долгие годы.

И тогда Айтматов взял слово!

Также в поддержку Чингиза Торекуловича выступила именитый языковед Бубуйна Орузбаева. Причем очень аргументированно, подробно останавливаясь на вопросах этимологии и лингвистики.

Казалось бы, сомнения окончательно отпали. Однако Турсунов все не унимался, напирая, что слово «Родина» и на кыргызском языке должно звучать в Конституции так же. Наверное, к этому его просто обязывала должность шефа главной политической газеты республики. То же самое можно сказать и о руководи-

теле нашей группы, секретаре ЦК Компартии по идеологии Кулматове. То есть, вопрос они рассматривали как чисто идеологический, и строго следили, чтобы не допускать «отклонений от генеральной линии».

И тогда Чыңгыз Айтматов уже не выдержал. Встав с места, он раздраженно обратился прямо к Турсунову:

– Жаныбек, эми болбодубу, жетишет да! Эмне, биз атабыздан калган дүнүйөнү бөлүшө албай жатабызбы? Токтотпойсуңбу, адеп эле бир айтканыңды кайталай бербей!

Оппонент в ответ промолчал. На этом прения завершились.

Глас неуслышанных

Ни разу не вмешавшись в ход жаркой дискуссии, Кулматов в финале совещания озвучил подытоживающее решение, прозвучавшее, как вердикт. А именно – слово «Родина» в кыргызском тексте Конституции оставить без изменения, т.е. без перевода, но на практике, в зависимости от контекста предложения, наряду с «Родиной» применять и слово «Мекен».

Вот так уклончиво и двойственно разрешился этот судьбоносный вопрос.

В тот момент, когда в Киргизии шел процесс русификации всего и вся, наверное, иначе и быть не могло. А предложение Ч.Айтматова на этом фоне могло расцениваться партруководством как раздражитель, отвержение и отрицание русского языка в целом, что для зависимого от Центра правительства нашей республики было просто недопустимо. К тому же учитывайте, что у Чыңгыза Торекуловича и так, увы, складывались достаточно напряженные отношения с нашими бонзами из высших эшелонов власти.

10 лет без патриота

Анализируя те события, я думаю, что Чыңгыз Торекулович, будучи мудрым и проницательным, отлично зная общую ситуацию в Киргизии, сам предполагал подобный исход обсуждения. Но, несмотря на это, с очевидным риском для своего положения и репутации выдающегося писателя современности, государственного и общественного деятеля, как человек чести и совести, смелый борец за убеждения, все же отстаивал свою позицию до конца.

Вот если бы он был каким-нибудь серым чиновником, равнодушным к судьбе Отечества, то спокойно улетел в запланированную командировку в Европу, ни о чем не беспокоясь. А по возвращении, при любом раскладе с вопросом о переводе текста, мог заявить, мол, причина моего отсутствия на обсуждении была уважительная, какие претензии?

Но в том то и дело, что Айтматов был другим! Искренне болеющим за Кыргызстан, сопереживающим, убежденным в справедливости своих шагов во имя развития республики. Не популистом, коих легион, а практиком, эрудированным патриотом, и не замшелым ретроградом.

В этом году ровно 10 лет, как мы потеряли Чыңгыза Торекуловича. И для меня он навсегда останется в памяти прежде всего человеком, всегда чтившим букву и дух Закона, отстаивавшим свободу слова и волеизъявления, кыргызстанцем, для которого понятие Отчизны было святым...

Сакан САТЫБЕКОВ,
кандидат юридических наук,
Заслуженный юрист КР,
экс-судья Конституционного суда.
Бишкек

МИРОВАЯ СЛАВА И ВЫСОКИЙ РАНГ НЕ ИСПОРТИЛИ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА

Еще в советское время я, идя в Союз кинематографистов, заметил на тротуаре взрослого мужчину огромного роста, играющего в альчики с мальчишками. Я, конечно, этому удивился и чуть погодя узнал Чингиза Торекуловича по его клетчатому пиджаку.

В 1972 году после окончания четвертого курса режиссёрского факультета ВГИКа (Всесоюзного государственного института кинематографии в Москве) я приехал на студию «Кыргызфильм», чтобы снять здесь свою дипломную работу – короткометражную художественную новеллу «Бурма» по сценарию известного кинодраматурга Кадыра Омуркулова.

Съемки фильма начались в 1973 году ранней весной в Тонском районе Иссык-Кульской области. Картина рассказывала о непростой судьбе пожилой женщины по имени Бурма, пережившей войну, на которой она потеряла мужа и сына, и оставшейся одной. Она трудится в колхозе, развозя на бричке молоко. Её роль сыграла одна из первых кыргызских киноактрис – народная артистка республики Алиман Жангорозова.

Летом, когда я уже завершил работу, мне позвонили из Дома кино, и сказали, что мою дипломную работу хочет посмотреть Айтматов, который в те годы был руководителем Союза кинематографистов Кыргызстана, и назначили время на ближайшую субботу. Естественно, меня это известие взволновало. Во-первых, я с ним не был знаком, во-вторых, только осенью предстояла защита дипломной работы во ВГИКе.



Ч. Айтматов с кинорежиссером Дж. Сооданбеком (слева).
Фото из архива «Азаттык».

Дождавшись субботы, я взял двадцатиминутную дипломную работу, заодно прихватил еще и свою курсовую работу «Долг», снятую в институте. Мы познакомились в просмотровом зале Дома кино.

– Чингиз Торекулович, если ваше время позволяет, то у меня еще есть десятиминутная курсовая работа, и я хотел, чтобы вы ее тоже увидели, – сказал я.

Он предложил начать просмотр с нее, а потом перейти к «Бурме». Разумеется, я сильно волновался – ведь показываю свои скромные студенческие работы не кому-нибудь, а самому Айтматову, который уже был известен во всем мире. Оказалось, что он любил смотреть фильмы в субботу один на один с их режиссёрами, чтобы никто не мешал. В том 1973 году ему было 45 лет.

Мы вдвоем стали смотреть фильмы. Время прошло быстро, в зале зажегся свет. Айтматов долго сидел молча, а потом вдруг обратился ко мне:

– Ну что, Джали... Скажу честно, обе работы понравились. В этом возрасте за такие серьезные темы браться – это уже о многом говорит, – пожал он мне руку.

Мне стало так хорошо, не описать просто то свое состояние. Но подумалось, что он, может быть, хочет мне, начинающему режиссёру, приятное сделать, подбодрить. После небольшой паузы Айтматов вдруг спросил, какие у меня планы на будущее. Я честно сказал, что пока не знаю. Все мои мысли были только о поездке осенью в Москву для защиты дипломной работы. Просто к такому вопросу не был готов. Видя мое волнение, руководитель нашего Союза кинематографистов успокоил, заметив, что повода для беспокойства у меня быть не должно, так как работа интересная...

Вышло всё так, как Айтматов и сказал. Через два месяца этим короткометражным художественным фильмом «Бурма» я защитил диплом на «отлично» и, вернувшись на киностудию «Кыргызфильм», официально устроился режиссёром.

Поздней осенью того, 1973-го, года я случайно в районе кинотеатра «Ала-Тоо» встретил выпускницу сценарного факультета ВГИКа Марию Урматову. Она, Динара Асанова и Манас Мусаев учились одновременно на разных факультетах этого всему миру известного института и, по словам Мусаева, были близкими друзьями. Поскольку я немного был знаком с Марией, она поинтересовалась, как у меня дела, что нового на «Кыргызфильме» и т. д. В конце небольшого общения Мария попросила меня узнать, найдется ли для нее подходящая работа на киностудии, а то она там никого не знает. Я ей обещал узнать. Через пару дней зашел к главному редактору Ашиму Джакыпбекову и поговорил с ним. Он сказал, к сожалению, в сценарно-редакционном отделе в данное время нет свободной штатной должности.

Потом начал работать на «Кыргызфильме», и Айтматов всегда узнавал меня. В мероприятиях Союза кинематографистов и творческих обсуждениях, называя фамилии молодых кинематографистов, мою как-то так произносил, выделяя из ряда других и с паузой – «... Соданбек». В зале коллеги, глядя на меня, улыбались.

Ближе к весне 1974 года после заседания секции по работе с творческой молодежью Союза кинематографистов, в котором я участвовал, оргсекретарь союза, кинодраматург Эркин Борбиев вдруг обратился ко мне:

– Джали, у тебя есть знакомые хотя бы с филологическим образованием, владеющие кыргызским и русским языками? А то никак не можем найти подходящую кандидатуру на должность консультанта.

Тут я как нельзя, кстати, сразу вспомнил Марию Урматову.

– Есть, – многозначительно ответил. – Этот человек не с филологическим, а с кинематографическим образованием!..

– Да ты что! – обрадовался Эркин Бейшеналиевич. – Кто это?!

– Мария Урматова, она выпускница сценарного факультета ВГИКа, – сказал я.

– Вот это да! – все еще радовался Борбиев. – Она сейчас во Фрунзе?

Я кивнул.

– Пригласи ее завтра же, – попросил он. – С вгиковским образованием – то, что надо!..

Мария с матерью жила на втором этаже небольшого дома, который находился за кинотеатром «Манас». Я в этот же день сообщил эту новость. Она, конечно, очень обрадовалась и поблагодарила меня за содействие. На другой день Мария Урматова с документами пришла в Дом кино. И в тот же день после беседы она была принята на работу в качестве консультанта. Через год, кажется, председатель Союза кинематографистов республики Чингиз Айтматов влюбился в нее - внешне Мария была похожа на выдающуюся балерину Бубусару Бейшеналиеву. И они поженились. Потом ходили слухи, что они якобы до этого были знакомы и что даже между ними был роман. Это абсолютно неправда. Просто нет предела слухам и домыслам. По элементарной логике,

если они были знакомы, тем более в близко, то она давно работала бы в Союзе кинематографистов. Айтматов первый раз увидел Урматову, когда она устроилась на работу в этом творческом учреждении.

Чингиз Айтматов был многолетним руководителем Союза кинематографистов Кыргызстана, одним из родоначальников известного кыргызского чуда. Под его мудрым руководством осуществлены замечательные творческие проекты, а его литературные произведения вдохновили советских и зарубежных мастеров экрана на создание целого ряда выдающихся художественных фильмов, ставших впоследствии классикой отечественного и международного кинематографа.

Когда Чингиз Торекулович приезжал из Европы, где в последние годы своей жизни работал на дипломатической ниве, он часто встречался с нами, кинематографистами. Встречи эти, как правило, проходили за городом. Мне кажется, он скучал по родной природе. Одна из таких встреч состоялась в июле 2006 года в природном парке Ала-Арча. Он шел с нами среди елей и арчёвых кустарников и беседовал на различные темы.

– А где Болот Шамшиев? – спросил Айтматов, видимо, заметив его отсутствие.

– Болот сейчас в Казахстане, в каком-то театре режиссёром работает, – ответил оператор Манас Мусаев.

– В театре? – удивленно переспросил он.

– Да, – ответил Манас.

– Гмм... – покачал головой Чингиз Торекулович, продолжая идти по тропинке. – Ему что, у себя дома не нашлась работа, почему он не снимает фильмы?

На этот вопрос попытался ответить тогдашний глава нашего Госконцерна «Кыргызкино» Замир Эралиев:

– Вы же знаете состояние национальной экономики. Кино нынче финансируется только символически. Снимаются пока малобюджетные фильмы, на которые именитых режиссёров не пригласишь...

– Да, как-то невесело, – задумчиво сказал Айтматов.

Стоял солнечный день. От горной прохлады все както пьянели. Чингиз Торекулович во время всей беседы с восхищением смотрел на окружающие горы.

– В Европе тоже, конечно, есть горы. Особенно в Швейцарии они красивые, – сказал он, всё еще не сводя глаз с гор. – Но они все-таки не такие как у нас. Наши родные вершины величественнее и таинственнее...

Вот за такой беседой и обменом впечатлений провели какое-то время, и кто-то из нас, по-моему, Замир Эралиев спросил:

– Чингиз Торекулович, по приезду из Европы вы часто видитесь с нами, кинематографистами. А со своими коллегами-писателями встречаетесь?

– А я что, не ваш коллега? – улыбнулся Айтматов.

– Конечно, вы и наш коллега. Но Вас же больше знают как писателя, – ответил тот.

– Я в течение 25 лет возглавлял наш Союз кинематографистов, – сказал Чингиз Айтматов. – 25 лет, представляете! С 1961 по 1986 год! А вот у руля Союза писателей стоял всего два года. Потом, как вы знаете, в 1988 году переведен был в Москву на должность главного редактора журнала «Иностранная литература». Так что по годам я больше имею отношение к вам.

– В каком союзе Вам легче работалось? – спросил я.

– О, на это трудно ответить... – немного помолчал Айтматов. – Если честно, в Союзе писателей было сложнее, чем в ваших рядах.

– Почему?

– Почему?.. Ну... – опять помолчал он.

– Извините, наверное, неудобные вопросы задаю, – сказал я, почувствовав излишнее свое любопытство.

– Нет-нет, все нормально, – успокоил меня Айтматов. – Раз вас это интересует, попробую ответить. Когда я работал с писателями, к моему удивлению, они

больше заботились о своих частных делах, юбилеях и прочих датах, нежели о творческих вопросах и проблемах. Не все писатели, конечно. Но многие приходили с просьбами, чтобы я оказал содействие и помог с присвоением званий, в проведении юбилейных тоев. Честно говоря, я уставал в решении их просьб. Поневоле как председателю Союза приходилось иногда участвовать в их юбилеях, где кроме фальши, излишнего напряжения, произношения неискренних, помпезных слов и чинопочитания, я ничего не наблюдал.

Часто вспоминал при этом о вас, кинематографистах, далеких от этих «болезней». С вами работать было гораздо легче и интереснее. За 25 лет работы в Союзе кинематографистов ни разу не был свидетелем того, чтобы деятели экранного искусства устраивали какие-то помпезные пафосные юбилеи с огромным числом людей. В этом отношении вы по своей природе близки к людям современного Запада, которые в редких случаях отмечают свои круглые даты. Чаще всего они проводят их как праздник частного человека – в узком кругу, с близкими и родными, без расточительства и помпезности.

– Кстати, из творческих союзов наши художники тоже не сторонники проведения подобных юбилеев, – к слову сказал Геннадий Базаров.

– Потому что вы, кинематографисты, художники, в большинстве своем получали образование в лучших вузах Москвы и Ленинграда, – подхватил его Айтматов. – Ваши отношения к жизни в разумных пределах. Кто знает, может быть, поэтому я чаще общаюсь с вами. Правда и с нашими писателями тоже общаюсь, только вчера с тремя из них встречался. Раньше часто встречался с литературоведом Кенешбеком Асаналиевым, царство ему небесное...

Мы пригласили Чингиза Торекуловича в гостевой дом природного парка на чай. Когда заходили в зал, на длинном полукруглом столе увидели стеклянные вазы с

кумысом, боорсоки, лепешки, арбузы, дыни, виноград и т. д. Спиртных напитков не было. Стали пить кумыс, и он, к счастью, пришелся по вкусу Айтматову.

– Настоящий, – сказал он, оценив его.

– Суусамырский. Пейте, Чингиз Торекулович, кумыс свежий, сегодня утром привезли, – стал ему наливать в его бокал председатель Союза кинематографистов Таалайбек Бапанов.

В это время двери зала открылись, и два парня из службы гостевого дома на больших тарелках принесли дымящееся мясо барашка, который был зарезан до приезда Айтматова. Он об этом, конечно, не знал. Запах горячего мяса быстро заполнил зал. Парни снова вернулись с каталками, на которых были быжы, жоргом – эти деликатесы были приготовлены из мяса этого же барашка, они стали их расставлять на столе. Мы знали, что у всех после прогулки на свежем горном воздухе разгорится аппетит.

Айтматов, все это увидев, сказал:

– Только что я вас похвалил, что кинематографисты далеки от пышного застолья, а вы тут...

– Чингиз Торекулович, – опережая его, сказал кинодраматург Юруслан Тойчубеков. – Как видите, мы тоже в узком кругу, как на Западе, считанные люди. Просто за обедом хотим продолжить наше общение с Вами. Уверяем, не будет помпезных слов в Ваш адрес...

– Окалпачивания и очапанивания тоже не будет, – добавил я.

Айтматов посмеялся и, отпивая сорпо (бульон) из пиалы, произнес:

– Такого наваристого бульона в Европе, разумеется, нет, – сказал затем он, смешивая в пиале сорпо с кумысом. – Это называется «ак серке», знаете, да?

– Знаем! – все мы синхронно, хором откликнулись на этот вопрос и тут же сами рассмеялись над собой, что дружно ответили, как в детском саду.

– В молодости любил его. Питательный, сытный, даже целебный напиток с особым вкусом, – сказал он, допивая свой «ак серке». Немного поел быжы и жоргом, а бешбармаку лишь символически притронулся. – Кстати, насчет того, как вы говорите, окалпачивания и очапанивания, – улыбнулся Айтматов. – У нас здесь на всех литературных встречах всегда мне дарили, да и до сих пор дарят эти атрибуты признания. У нас в доме этих калпаков и чапанов порядком уже накопилось. Не могу же я все это носить, кажется, их раздарили родственникам.

– Те в свою очередь, конечно, ими окалпачивают и очапанивают других, которые любят отмечать юбилейные даты, – сказал режиссёр Бакыт Карагулов. – Вот таким образом эти калпаки и чапаны, как путешественники, по всему Кыргызстану турне совершают.

Все смеялись и по примеру Айтматова стали смешивать кумыс с сорпо, делая своеобразный коктейль – «ак серке».

– Известно, что эти калпаки и чапаны многократно повторяют свой круг по всей республике. И по иронии судьбы, через несколько лет они возвращаются к своим же первым хозяевам, – дополнил я.

– Еще в советское время на тему этого круговорота снимали сюжеты в сатирическом киножурнале «Корогоч», – подключился к разговору управленец кинопроизводства Керим Орозалиев. – Почему так живуча эта глупость, просто уму непостижимо.

– Глупость, о которой идет речь, превращается в дурную традицию для демонстрации престижа и хвастовства, мол, юбиляр одарен столькими-то чапанами и калпаками. Мне кажется, даже во время феодализма она до такой степени не доходила, – сказал я. – Теперь, в 21 веке, это с каждым годом всё больше набирает силу и уже стало приобретать причудливую форму.

– Многие об этом и мечтают, чтобы на своих юбилеях прилюдно быть одаренными чапанами и калпаками,

– улыбнулся Юруслан Тойчубеков. – Причем в большом количестве.

– Эти пережитки прошлого сегодня становится чуть ли не символом неповторимой национальной идентичности, – сказал режиссёр Артык Суюндуков.

– Началась полная деградация ценностей. На эту тему сейчас ходит много анекдотов, в которых наши кыргызы, соревнуясь друг с другом, словно при жизни устраивают себе поминки, – иронизировал режиссёр Геннадий Базаров.

Обмениваясь между собой такими мнениями и рассуждениями, все мы посмеялись над нашей же собственной глупостью.

– Спасибо вам, что вы как часть интеллигенции обеспокоены всеми этими, как вы говорите, глупостями, порой доходящими до абсурда. Меня это очень радует, – с довольным видом поблагодарил нас Айтматов и, улыбнувшись, добавил. – И как после такого душевного общения я не могу быть ближе к вам?..

Нам было приятно, что в непринужденной обстановке очередной раз побеседовали с Чингизом Торекуловичем на различные темы. Встреча закончилась памятным фотографированием...

Спустя два года после той встречи с Айтматовым, тогдашний председатель Союза кинематографистов Таалайбек Бапанов в 2008 году, 8 мая, в канун праздника Победы над фашистской Германией организовал прием в ресторане «Вавилон», что на улице Турусбекова, недалеко от национального университета. К 12 часам приглашенные кинематографисты собрались.

Бапанов сказал, что должен подойти и Чингиз Торекулович. Мы все ждали его с большим желанием. Но Айтматов опаздывал. Время уже 13 часов, а его все еще нет. Глава Союза предложил начать мероприятие в надежде, что он, возможно, с опозданием придет. Кинематографисты 8 мая на один день раньше отмеча-

ли очередной День Победы, т. к. председатель нашего Союза Таалайбек Бапанов в этот день вечером улетал на четыре дня в Мадрид в качестве почетного консула Королевства Испании в Кыргызстане. После легкой закуски объявили небольшой перерыв, чтобы потянуть время. А время уже было 14 часов. И все мы поняли, что Чингиз Торекулович, видимо, по каким-то причинам уже не может прийти, и, не дождавшись его, сели за праздничный стол.

В честь праздника Победы первыми провозгласили тост старшие по возрасту члены Союза кинематографистов – наши аксакалы Алымкул Алимбаев, 1931 года рождения, и Аркадий Битюков, 1932 года рождения, которые в детстве были свидетелями ужасов Великой Отечественной войны. За ними также по возрасту и другие кинематографисты высказали пожелание, чтобы подобной войны больше не было, и все мы жили и трудились под мирным небом и т. д.

И вдруг в это время видим Чингиза Торекуловича и его сына Эльдара, поднимающихся на второй этаж ресторана, где шло наше торжество. Все мы от радости встали с мест и аплодисментами приветствовали их!

– Извините меня, дорогие мои! – с поклоном обратился Айтматов ко всем нам. – Поначалу, я действительно задерживался из-за того, что у меня были люди из Москвы. Я несколько раз звонил Таалайбеку, чтобы предупредить его о том, что подъеду чуть позже, но его телефон был отключен. Когда гости ушли, мы с Эльдаром поехали в ресторан «Вавилон», который находится в южной части города, там вас не было. Снова звоню Таалайбеку, по-прежнему его телефон отключен. Потом кто-то из работников того ресторана сказал Эльдару, что есть еще один ресторан в центре с таким же названием. И вот мы наконец-то вас нашли. Извините за опоздание. Как к вам, кинематографистам, не прийти? С праздником Победы вас! – сказал он, садясь за стол.

Все мы удивились тому, почему Бапанов сам ему не звонил. На это он ответил так:

– Во-первых, я еще вчера и сегодня утром разговаривал с Чингизом Торекуловичем на эту тему. Мне просто крайне неудобно было лишний раз беспокоить. Во-вторых, мой телефон был отключен в связи с тем, чтобы неприглашенная часть кинематографистов меня не беспокоила. К сожалению, я не мог всех пригласить, т. к. зал ресторана рассчитан на определенное число людей, – честно признался Бапанов.

На этом был исчерпан почти приключенческий поиск ресторана «Вавилон», который имел и в другой части города близнеца. Хорошо, что на кухне ресторана остались какие-то устуканы. Официантки, принеся их Чингизу Торекуловичу и Эльдару, стали ухаживать за ними. Эльдар незаметно отодвинул еду с лапшой от отца в сторону. Мы с Манасом, сидевшие напротив них, это заметили. Дело в том, что Айтматов любил, оказывается, лапшу, шоколад и прочие сладости, но врачи категорически ему их запрещали. Поэтому Эльдар строго следил за диетой отца.

– Чингиз Торекулович! – обратился к нему Аркадий Битюков, встав с места. – Сегодня мы как-никак отмечаем святой день – День победы над фашистской Германией. Прошу вас с нами поднять рюмочку...

Айтматов от неожиданного предложения немного растерялся, затем встал с места и коротко произнес тост:

– Это действительно по своей значимости Великий День. Что может быть лучше мира?! Поздравляю вас с Днем Победы! – выпив содержимое в рюмке, поставил ее чуть подальше от себя.

После него провозгласил тост один из старейших членов Союза кинематографистов, бывший председатель Госкино Киргизской ССР Марклен Касымович Баялинов и в конце шутливо добавил:

– Чингиз Торекулович, Алымкул Алимбаевич, Аркадий Иосифович! Хорошо, что наши родители сотворили нас позже. Если бы мы с вами чуть раньше родились, то, конечно, пополнили бы ряды фронтовой армии, где только Бог знает, что тогда случилось бы с нами. А тост свой хочу посвятить нашим родителям, которые знали когда произвести нас на свет, которые со стойкостью пережили голод, холод и все тяготы сурового лихолетья! За всех родителей военных лет! С праздником Победы!..

Все поддержали тост Марклена Касымовича. Смотрю, Чингиз Торекулович тоже выпил и, продолжая мысль Баялинова, добавил:

– Кстати, в 1944 году меня чуть не забрали в армию. Не хватило каких-то месяцев. Хорошо, что весной 1945-го кончилась война. Но в те годы без репрессированного отца всё испытал на своем горбу, – сказал он, как бы уходя в себя. – Будучи еще мальчишкой чего только не видел и не пережил. Можно сказать, что у меня не было полноценного детства. Об этом, как вы знаете, постарался написать в своих произведениях и воспоминаниях...

Мы с Манасом Мусаевым в тот день, как и многие, впервые увидели, как Чингиз Торекулович выпил две рюмки водки. Раньше всегда лишь пригублял спиртное. В конце вечера он попрощался со всеми нами в приподнятом настроении. Как потом поняли, Айтматов тогда, оказывается, попрощался с нами, кинематографистами, с которыми любил встречаться и обмениваться мнениями, навсегда...

Через неделю после той памятной встречи Чингиз Айтматов через Алматы улетел в Татарстан на съемки журналистов российского телевидения, посвященные его грядущему 80-летию. Там случилось непоправимое. Во время съемок под Казанью ему стало плохо, и консилиумом медицинских светил было решено, что его надо лечить в Германии. Спустя несколько дней из Нюрнбер-

га пришло страшное известие, которое потрясло всех кыргызстанцев, граждан постсоветского пространства и почитателей его таланта других стран мира.

Особенно нам, кинематографистам, никак не верилось – ведь мы только недавно замечательно встретили с ним праздник Победы. И вот 10 июня 2008 года навсегда лишились выдающейся личности, человека, благодаря которому наш маленький Кыргызстан стал известен всему миру. От бессилия перед природой приходится мириться даже с невосполнимой утратой национального достояния, каким был Чингиз Айтматов!

Теперь, вспоминая о нем, особо хочу отметить, что Айтматов, несмотря на свою мировую славу и признание, ничем не отличался от нас с вами, вел себя в жизни так же, как все. Не предавался роскоши – он просто не забывал, как ему в детстве жилось трудно. Чингиз Торекулович в детстве мечтал, оказывается, стать шофером. Хорошо, что так и не научился водить автомобиль, а то, полюбив эту профессию, возможно, не стал бы писателем, и мир потерял бы Мастера Слова.



Г. Базаров, Дж. Сооданбек и Ч. Айтматов. Фото из архива «Азаттык».

Но, к счастью, он стал великим писателем, и став им, он никогда не устраивал пресс-конференции по поводу своих достижений в литературе, не бил себя в грудь, как многие. Мировая слава и высокий ранг не испортили нашего мэтра пера. Остался человечным и доступным для всех. Что скрывать, были и завистники, которые пытались очернить его имя, но Айтматов не обращал на них внимания, не опускался до их уровня. Всегда был спокойным, ни с кем не враждовал. Любил общаться с простыми людьми, даже с детьми. Еще в советское время я, идя в Союз кинематографистов, заметил на тротуаре взрослого мужчину огромного роста, играющего в альчики с мальчишками. Я, конечно, этому удивился и чуть погодя узнал Чингиза Торекуловича по его клетчатому пиджаку. Не доходя до них, я, как-то не решаясь обойти их стороной, замедлил шаги...

Айтматов, увидев меня, широко улыбнулся:

– После обеда из дома иду на работу, а тут они играют в альчики, – посмотрел он на мальчишек. – Не удержался и взялся за саку (сака – большой альчик, коленная косточка коровы, в игре используется для сбивания обычных альчиков). В детстве часто играл в альчики. У нас в Шекере был один скандальный мальчик, когда он проигрывал, всегда устраивал драку со всеми, – стал рассказывать мне Чингиз Торекулович, отдав саку детям.

Он в те годы жил на улице Боконбаева, совсем недалеко от Союза кинематографистов, и пешком ходил на работу. Видимо, увидев на тротуаре ребят с альчиками, решил с ними поиграть. Подобное может произойти только с великими людьми. Таким запомнился Айтматов в моей памяти!..

Жаткан жери жайлуу болсун! Пусть земля будет Ему пухом!..

Джали СОДАНБЕК,
кинорежиссёр,
Народный артист Кыргызской Республики.
Бишкек

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ ЖАНА ТУРДАКУН УСУБАЛИЕВ, же Он беш жылга созулган адабий сүргүн

...Ушул жерде бүгүнкү көпчүлүк окурмандар анча биле бербеген бир жагдайга токтоло кетели. Баарыга белгилүү болгондой, улуу калемгерибиз чыгармаларын эки тилде жазган. Жогоруда айтылгандай, Ч.Айтматовдун алгачкы беш аңгемеси орус тилинде жарык көргөнү менен, кийинки үч аңгемесин – «Ак жаан», «Түнкү сугат», «Асма көпүрө» – кыргыз тилинде жазган. Андан кийинки «Бетме-бет» (1957), «Обон» («Жамийла», 1958) повесттери да кыргыз тилинде жазылды. Ал эми «Делбирим» (1960), «Ботогөз булак» (1961) кайрадан орус тилинде жазылды да, «Биринчи мугалим» (1961) менен «Саманчынын жолу» (1963) эне тилинде окурмандарга тартууланды. Ошол 1963-жылы «Саманчынын жолу» жыйнагы кыргыз тилинде жарык көргөндөн кийин 1978-жылга чейин дээрлик он беш жыл кыргыз окурмандары улуу жазуучунун чыгармаларын кыргыз тилинде окушкан жок. Анан калса жаңыдан орусча жазылып жарык көрүп жаткан «Гүлсарат» (1966) да, «Ак кеме» (1970) да, «Эрте жаздагы турналар» (1975) да, «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» (1977) да кыргыз тилинде жарык көрбөдү, же мурда кыргыз тилинде жазылган чыгармалары кайрадан басылып чыкпады.

Бул мезгилде Чыңгыз Айтматов болсо дүйнөнү дүңгүрөткөн чыгармаларды жазып, башка мамлекеттердин, ошондой эле улуу держава СССРдин эң абройлуу сыйлыктарын катары менен алып турду. Башка өлкөлөрдө анын тандалма томдуктары жарык көрө берди. Германияда улуу калемгердин чыгармаларынын эки томдугу (Берлин, «Вольк унд Вельт» басмасы, 1974), Болгарияда да эки томдугу (София, «Народна култура» басмасы, 1976), Түркияда болсо үч томдук жыйнагы басылып чыкты (Истамбул, 1974–1976).

Ал эми Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасында болсо дээрлик он беш жыл акылга сыйбаган жагдай өкүм сүрүп турду. Буга улуу жазуучунун ошол учурдагы республиканын башында турган, «булгаары тончон жаңы манаптардын» ана башчысы, «төш чөнтөгүнө партбилет салган жаңы хандардын» бири Турдакун Усубалиев менен билекке чабышкан абалы, ошондон улам республиканын башчыларынын улуу калемгерге карата бир беткей мамилеси да себепкер болду го деп ойлойбуз. Болбосо кыргыз элин дүйнөгө дүң кылып таанытып жаткан улуу жазуучунун чыгармалары эне тилинде жылына болбосо да эки-үч жылда бирден байма-бай басылып чыгып туруш керек эле го. Тилекке каршы, андай болбоду.

Дагы бир штрих. Ошол 50-жылдардын соңу, 60-жылдардын баш ченинде кыргыз калемгерлеринин алдыңкы сабына чыккан Ч.Айтматовду 1962-жылы Кыргызстан Кинематографисттер союзуна төрага дайындаган боюнча эч жакка жылдырбай койду го кыргыз бийлиги. А чынында улуу калемгердин орду Жазуучулар союзунда эмес беле. Бирок кыргыз бийлиги дээрлик жыйырма беш жыл бою залкар сүрөткерди Жазуучулар союзунан оолак кармап туруп алды. Качан гана кайра куруунун шарапаты менен Т.Усубалиев 1985-жылы ноябрда тактан кулатылган соң абал өзгөрүп, 1986-жылы жайында

даңазалуу калемгер Кыргызстан Жазуучулар союзунун башкармалыгынын төрагасы болуп дайындалды.

Башка дагы бир штрих. 1963-жылы март айынын аягында баш калаабыз Фрунзе шаарында республиканын чыгармачыл интеллигенциясынын кеңешмеси болуп, анда Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы (азыркыча айтканда мамлекеттин башчысы, же Президенти) болгонуна эки жылга жакындап калган Турдакун Усубалиев баяндама жасады. Эмне деди дебейсизби?

Т.Усубалиев буларды айтты: «Аптап» фильми (ошол жылы Ч.Айтматовдун «Ботогөз булак» повестинин негизинде кинорежиссёр Лариса Шепитько тарабынан «Кыргызфильм» студиясында тартылган кинокартина – С.А.) али массалык экранга чыга элек, бирок ошого карабастан, кыргыз Кинематографисттеринин чыгармачыл союзунун жетекчилери[1] сыяктуу эле, аны түзүүчүлөр жана «Кыргызфильм» киностудиясы менен иш аркылуу байланышкандардын бардыгы бул картинаны ар кандай жолдор менен мактоого өздөрүндө болгон бардык күч-аракеттерди жумшап жатышат. Бирок бул картина, биздин оюбузча, олуттуу кемчиликтерден кур эмес».

Бул кемчиликтерди Турдакун Усубалиев фильмдин сценарийинин көркөмдүк деңгээлинен табышы мүмкүнбү? Жок. Режиссёрдук иштин аткарылышынан табышы мүмкүнбү? Албетте, жок. Т.Усубалиев сын найзасынын түпөктүү учун фильмдин саясий-идеологиялык маселесине сокту. Т.Усубалиев сөзүн мындайча улантты: «...идеялык салмагы жөнүндө болсо, бул картинадагы окуялардын бардыгы тең эле өз жайында деп айтууга болбойт. Атап айтканда, фильмде Сталиндин керт башына сыйынуу мезгилинде биздин элибиздин,

[1]Ошондо Кыргызстан Кинематографисттер союзунун жетекчиси болуп Чыңгыз Айтматов иштей баштаган эле – С.А.

бүткүл өлкөбүздүн абалы натура мүнөздөлөт... Бул – биринчиден. Андан кийин, бул фильмде мына мындай дагы бир жери бар: фильмдин башкы персонаждарынын бири – Абакир мурда стахановчу болуп, көп эмгек сиңирген, бирок күтүлбөгөн жерден эле мыш болот да калат... Образды мына ушундайча түшүнүү аны моралдык-этикалык жактан мүнөздөөдөн социалдык-саясий жактан мүнөздөөгө өткөрөт жана жумушчу табынын ар кайсы муундары жөнүндө натуура түшүнүктөрдү берет. Ошону менен бирге, биз бул фильмде көрсөтүлгөндөй, ушул кездеги кыргыз аялынын образын да кабыл ала албайбыз».

Мына ушундай. Бул кандай мезгил болчу? 1963-жылдын март айынын аягы Ч.Айтматов үчүн гана эмес, бүткүл кыргыз адабияты менен маданияты, атпай журт үчүн өзгөчө учур болчу. Анткени Ч.Айтматов Лениндик сыйлыкка көрсөтүлүп, кызуу талкуулар жүрүп жаткан. (Бул тууралуу төмөндө дагы айтабыз.) Учурдун ушунчалык олуттуу жана опурталдуу экендигин кылдат сезген саясий оюнчу Т.Усубалиевдин бул пикирин биз «Ботогөз булак» повестинин – Лениндик сыйлыкка көрсөтүлгөн «Тоолор жана талаалар повесттери» жыйнагына кирген төрт чыгарманын биринин (!) негизинде тартылган фильмди шылтоо кылып, Ч.Айтматовдун артынан согулган арамза сокку деп кабыл алабыз.

Дагы бир башка штрих. Орустун атактуу кинорежиссёру Андрон Михалков-Кончаловский улуу калемгердин «Биринчи мугалим» повести боюнча «кыргыз кереметинин» алгачкы фильмдеринин бири болгон аты уйкаш кинокартинаны тарткандыгы баарыбызга маалым. Бул киного байланыштуу кинорежиссёр кийин-кийин мындай эскерүүсүн жарыялады: «Мен «Биринчи мугалим» фильмин тартууга киришерде Кыргызстандын көп жерин кыдырдым... Фильм жарымдай тартылып калганда, Кыргызстан Коммунисттер партия-

сынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары Усубалиев менен сүйлөшүп атып мындай дедим:

– Мен бул сапар чыныгы кыргыз картинасын тартсам деп көксөп атам...

Ал мага кыртышы сүйбөгөн түр менен карап:

– Сиз чыныгы советтик картинаны тартууга тийишсиз, – деди. Өңүнөн мени жактырбаганы билинди...

Ал учурда өкүм сүргөн тартип боюнча, улуттук республикаларда тартылган кинокартиналар адегенде жергиликтүү бийлик тарабынан кабыл алынып, анан Москвага жөнөтүлчү. Кыргызстандын партиялык бийлиги кабыл албай койду. Тартылып бүтөр замат эле «Биринчи мугалим» фильмин көмүскөгө катып салышты. Анын экранга коё берилиш маселеси тилге алынган да жок. Эмне болуп атканына акылым жетпей маң болдум. Башыма чокмор менен чапкандай эле эсеңгиреп калдым...»

Мына ошентип, Турдакун Усубалиев «Биринчи мугалим» фильмин эч ким көрбөй турган кылып темир сандыктын түбүнө салдыртты да койду. Албетте, Кыргызстандын башчысы менен кармашууга жаш режиссёрдун чама-чаркы жок эле. Өзүнүн повестинин негизинде тартылган фильмдин тагдыры үчүн Турдакун Усубалиев менен күрөшкө улуу жазуучу өзү аттанды. А.Михалков-Кончаловский андан ары минтип жазат: «Айтматов Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетине, Сусловго кирип барды. (Азыркы жаштар үчүн маалымат: Андрей Андреевич Суслов улуу держава СССРде мамлекеттин башчысы Л.И.Брежневден кийинки эле экинчи адам деп эсептелчү, башкача айтканда, азыркы В.В.Путинден кийинки эле экинчи адамдай болчу – С.А.) Дал ошол маалда Москвага Фрунзеден (азыркы Бишкектен) кыргыз элин маданиятсыз, жапайы кылып көрсөткөн идеясы бузук картина жөнүндө кат да жетип келген экен.

– Биз сизди ыза кылдыра койбойбуз, – дептир Суслов. – Эгер Кыргызстан (Коммунисттер партиясынын) Борбордук Комитети илгери кыргыздар жапайы болгон эмес деп ойлосо, анда революцияны жасабаш керек эле деген тыянак чыкпайт бекен?

Картинанын элге көрсөтүлүшүнө уруксат берилди. Бирок ушундай болгуча бир жыл өтүп кетти.»

«Биринчи мугалим» кинотасмасына карата кыргыз бийлигинин карасанатай иш аракети ырасында эле өтө катуу болгондугун бул фильмдеги башкы каарман Алтынайдын образын экранда ашкере мыкты жараткан атактуу киноактриса Наталья Аринбасарова да «Азаттык» радиосунун алдыңкы журналисттеринин бири Венера Сагындык кызы менен болгон маегинде минтип эскерет: «Тасма («Биринчи мугалим» – С.А.) тартылып бүткөндө, Кыргызстан аны көпкө чейин кабыл албады. Чыңгыз Төрөкулович аны коргош үчүн аябай аракет кылды».

Андрон Михалков-Кончаловский менен Наталья Аринбасарованын бул эскерүүлөрү ошол 60-жылдардын орто ченинде Т.Усубалиев башында турган кыргыз бийлигинин улуу жазуучуга карата кандай позицияда болгондугун ашкере даана көрсөтүп турат...

«Кыргыздын атын дүйнөгө таанытканулуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын он беш жыл бою эне тилинде бастырып чыгарышкан эмес» десең бүгүнкү муун – улуу калемгердин чыгармаларын эне тилинде көптөгөн томдуктарда, ар кандай тематикалык басылыштарда, экран менен сахнада, электрондук варианттарында окуп жаткан бүгүнкү муун – ишенбейт да, түшүнбөйт. А тарых чындыгы ошондой. Жогоруда биз кыркалекей санап өткөн эки муундагы адабиятчылардын – улуттук адабий-көркөм сын менен адабияттаануу илимибизге өткөн кылымдын 60-жылдары келишкен К. Даутовдун, А. Токтогуловдун, О. Сооронов дун,

С. Тургунбаевдердин, 70-жылдары адабий-көркөм сын менен адабият жөнүндөгү илимибизге келип кошулушкан А. Эркебаевдин, С. Байгазиевдин, К. Эдилбаевдин, К. Ибраимовдун, О. Ибраимовдун, К. Байжигитовдун – илимий-чыгармачылык өмүрлөрүнүн башталышы Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына карата өз элинде өгөй мамиле жасалып жаткан мына ошол кара жылдарга туш келди.

1963-жылга чейин кыргыз тилинде жарык көргөн «Обон» (1959) жана «Саманчынын жолу» (1963) жыйнактарына калемгердин эне тилинде жазылган «Ак жаан», «Түнкү сугат», «Асма көпүрө» аңгемелери гана кайра-кайра басылгандыгына күбө болобуз. Ал эми 60-жылдардын экинчи жарымынан тартып ошол «Обон» жана «Саманчынын жолу» жыйнактарын бир да бир дүкөндөн, бир да бир мектеп китепканасынан табыш мүмкүн эмес болчу. Ушундай шартта тээ 50-жылдардын баш ченинде орус тилинде жазылып, мезгилдүү басма сөз беттеринде жарыяланган боюнча унутта калган беш аңгеме жөнүндө ким ойломок да, аларды ким эстемек?!

Абал 1978-жылы калемгердин 50 жылдык маракеси зор салтанат менен белгиленгенден кийин, Турдакун Усубалиев менен улуу жазуучунун ортосундагы көк ирим дайранын буркан-шаркан түшкөн астыңкы катмарындай болуп жат көзгө көрүнбөгөн мамиленин бир аз солгун тартып, кандайдыр бир деңгээлде компромистик абалга келгенден кийин өзгөргөндөй болду. Ушул жылы кыргыз китеп чыгаруу саясатындагы (басмалардан чыгарылуучу китептердин тизмеси алдын ала партиянын Борбордук Комитетинде талкууланып бекитилгенден кийин китеп басып чыгаруу иши саясат эмей эмине болмок эле) улуу калемгердин чыгармаларына карата жасалып келген он беш жылга созулган ың-жыңсыздыктын кишени үзүлгөнсүдү. Ошол

1978-жылы атпай журттун баарынын көзүнө сүйкүм көрүнгөн «Гүлсарат» деп аталган жашыл түстөгү оголе калың китеп басылып чыкты. Эсимде, ошол 50 жылдык мааракеге жакын калган күндөрдүн бири болсо керек эле, кыргыз телевидениесине конокко келген улуу жазуучу «Гүлсарат» деп аталган оголе калың ошол китепти кош колдоп кармап туруп: «Менин китептерим дүйнөнүн көптөгөн тилдерине которулуп, көптөгөн өлкөлөрдө басылып чыгып жатат. Бирок мобул китеп мен үчүн өтө кымбат, жүрөккө өтө жакын», – деп өзгөчө бир маңдай жарган сүйүнүч менен кеп салды эле. (Ал көрсөтүү КТРдин архивинде болушу да мүмкүн.)

Ошол 1978-жылы улуу жазуучунун «Биринчи мугалим» деп аталган дагы бир жыйнагы жарык көрдү. Бул китепте 1963-жылы калың элге тартууланган «Саманчынын жолу» жыйнагында жарык көргөн чыгармалар кандай тартипте жайгаштырылса, дал ошол ыраатында жарыяланды. Болот экен го ушинтип кайра бастырып чыгарса! Анан эки жылдан соң 1981-жылы калемгердин «Делбирим» деп аталган дагы бир китеби кыргыз окурмандарына тартууланды. Кийинки 1982–1983-жылдары улуу калемгердин чыгармаларынын 3 томдук жыйнагы жарык көрдү. Андан кийинкилери баарыбызга маалым... Тилекке каршы, бул китептердин биринде да Ч.Айтматовдун орус тилинде жарык көргөн алгачкы беш аңгемеси басылып чыккан жок.

Садык АЛАХАН,
филология илимдеринин доктору.
Бишкек шаары

АКБАРАНЫН ҮЧ САПКА БАТКАН АРМАНЫ

Чыңгыз Айтматов менен жолуккан ошол бактылуу күн 1995-жылдын 12-декабры эле. Жогорку Кеңешке депутаттыкка талапкерлигин коюп жаткан улуу жазуучу ошол күнү Таластагы шайлоочулары менен жолугушууга келген.

Борбордон коштоп келген бир топ аттуу-баштуу аксакалдар сүйлөшкөндөн кийин, облустун ошол кездеги губернатору Тойчубек Касымов аймактагы акын-жазуучулардын атынан мага сөз берип калды.

Сүйлөйм деп даярданып барбагандан кийин, атамдай болгон кишини мактаганым ыңгайсыз болуп калабы деп ойлодум.

Анан бүгүн агайдын туулган күнү экенин айтып, «Акбаранын көз жашы» деген ырымды окуп бердим. Трибунадан түшүп баратсам, чогулгандар кол чаап, бирдеме деп кыйкырып калышты. Артыма бурулсам, Чыңгыз агай: «Маечка, Маечка!» – деп артымдан келе жатыптыр.

Бурулуп, агайды көздөй бастым. «Акын экенсиң, кызым, акын экенсиң», – деп маңдайыман өптү. Залдагы суктанып отурган көздөрдүн узатуусунда мен трибунадан түшүп кеттим.

Чыңгыз агай болсо трибунага келди:

– Чыгармачыл адамдардын жан дүйнөсү такыр башка болот экен, эртеден берки маанайды Мая башка нукка буруп жиберди. Бир жолу Москванын көчөсүндө келе жатсам, бир орус аял салам айтып токтоду да:

«Я – Акбара», – деди. Мен түшүнбөй калып: «Вы что, шутите?» – деп күлдүм. Ал аял башка эч нерсе дебестен басып кетти. Ошол окуяны али да унутпайм. Балким, ал дагы баласын жоготкон, башында Акбараныкындай кайгысы бар энедир. Көрсө, аял кишилер Акбараны өзүнүн жан дүйнөсүнө жараша башкача кабыл алышат окшобойбу. Аны мен экинчи жолу байкап отурам.

Айтматов ары ойлуу, ары сырдуу, муңайым маанай менен бир топко сүйлөдү.

Эртеси 13-декабрда, агайдын өтүнүчү менен ушул ырым жазылган китебимди Кара-Буура районунун борборундагы «Семетей» кинотеатрына алып бардым. «Дарегиңди ичине жазып кой, жеңең экөөбүз жооп жазабыз», – деп калем сабын кошо сунду. Дарегимди жазып кайра берсем китепти алып, «калем сап сенде калсын» дегендей ишарат кылып, колун жаңсап койду.

18 күндөн кийин 1996-жылдын 1-январь күнү КТРде Чыңгыз Айтматов менен интервью бар экен. Ошол берүүнү көрүп отурганбыз. Аңгыча журналист: «Сиз эмне үчүн чыгармаларыңызды алгач кыргыз тилинде эмес, орус тилинде жазасыз?» – деп суроо узатып калды.

«Мен кыргыз тилинде оюмду окурманга толук жеткире албайм го деп ойлочумун. Көрсө андай эмес экен. Таласта бир Мая деген кыз бар экен, мен үч-төрт жыл жазган романымды ал үч-төрт сап менен эле берип коюптур», – деп жооп кайтарды.

Ошондогу кубанганымды сөз менен жеткире албайм. Албетте, ушундай улуу адамдын, залкар жазуучунун мактоосун угуу ар бир эле акындын пешенесине жазыла бербесе керек. Чыңгыз Айтматовдун сынына толгон ырым бул эле:

Акбаранын көз жашы

Бөрүлүгүм ырас, бирок энемин,
Бөөдө кырсык басып дайым келемин.
Айткандары чын болсо эгер, канакей
Адамдардын «аалам чексиз» дегени?

Түрдүү жорук дүркүрөтүп денени,
Жок дегенде аяшпайбы энени.
Күнөөсү жок бөлтүрүктөр эле го,
Көз алдымда өлүп жаткан береги.

Моюн сунбай тагдырыма эгерим,
Моюнкумдан качып келген себебим –
Койну кенен касиеттүү Ысык-Көл
Колтугуна катып алаар дегенмин.

Айбан элем, бирок жырткыч болбогом,
Болгон айбым – тукумумду коргогом.
Айлам куруп, ай талаада калаарда,
Адам уулун багайын деп ойлогом.

Ал тилек да ара жолдо таш капты,
Алар неге баланы атты, мени атты?
Адам-Кудай амиринин күчүнөн
Аалам тарып, асман түшүп келатты...

12-декабрь, 1988-жыл.

Мая ОСМОНКУЛОВА,
акын.
Бишкек шаары

БИРИНЧИ КЕЗЕКТЕ ЭНЕ ТИЛ ТУРАТ

Мен анда азыркыдай журналист эмес, акындардын арасында акын болууну каалаппы же ичимде өзүмө түшүнүксүз таланттын учкундары түрткүлөппү, айтор, чыгармачыл адамдардын арасында өзүмдү акын эсептеп жүргөн жаш кыз элем.

Союз деген килейген империя ыдырап, ар бир тармак менчиктештирүү деген талоонго түшүп жаткан 1990-жылдар. Биз, мектепти жаңыдан бүтүрүп келген жаштар, жаңыдан Бишкек аталган ордо калаабызда өзүбүз салган даңгыр жолго түшүп баратканбыз. Менин жолум адабият, маданият, журналистика экен, көрсө. Көчөдө жаштардын ортосуна туруп алып, Алик Акималиев, Барчынбек Бугубаевдер ырларын окушчу. Жазуучулар союзу жаштарды чогултуп, адабий кечелерди уюштуруп турчу. Ошондой кечелерге Чыңгыз Айтматов да катышып турар эле. Ал кезде Айтматов Бишкекте жашачу беле же сырттан келип турчу беле, эсимде жок. Анда Жазуучулар союзу аянттагы «Илбирс» ишканасынын маңдайындагы узун жана лабиринттей коридорлору бар эски имаратта отурчу. Ошол жакка топтолуп, ырларыбызды окучубуз.

Бир жолку жаштар менен жолугушууга Айтматов келди. Биз, 10–15тей акын болууну самаган жаштар, төрдө отурган Айтматовго суроолорду бере баштадык. Бир-эки баладан кийин бир кыз мындайча суроо берди: «Чыңгыз ага, кыргыз жазуучуларынан алдыга чыгып, белгилүү болуп кеткениңиздин себеби – сиз орус тилинде жазасыз да. Сиз минтип отурсаңыз, кыргыз тили кантип өнүгөт?»

Анын суроосу эл арасындагы сөздүн сызылып келип жаш кыздын көкүрөгүнөн чыккандагысы эле. Ошондо Айтматов: «Карындашым, мен «Ак кемени» да, «Саманчынын жолун» да кыргыз тилинде жаздым. Бул сыяктуу кыргыз тилинде жазган чыгармаларымдын баары башка тилдерге которулуп жатат. Мени «Жаныбарым, Гүлсарыдан» бери орус тилинде жаза баштаганымдан кийин гана белгилүү болуп же кыргыз тилине кайдыгер карап калыптыр деп ойлобогула. Эне тилим – менин кан-жаныман бүткөн тил. Биз сүйгөн кыргыз тили – «Манастын» тили. «Кыргыз тилинде жазганыбыз үчүн өйдө көтөрүлө албай жатабыз» – деп бүгүн да, эртең да ойлобогула. Эң биринчи эне тилди мыкты өздөштүргүлө. Ар бир адам, ар бир улут өз эне тилин мыкты билсе гана, ошол адабий эне тилинде мыкты чыгармаларды жарата алса гана белгилүү боло алат. Мен кыргыз тилин кандай сүйсөм, силер да ошондой сүйүшүңөр керек. Эң биринчи кезекте эне тил турат»,– дегени эсимде калыптыр.

Жаш кыз бул суроону атайын бергенин, Айтматовдун өз оозунан жообун уккусу келгенин билдим. Анткени ошол кезде «Айтматов орусча жазганы үчүн Айтматов болду да» дегендей күбүр-шыбыр сөздөр жүрүп турчу. Көп ойлонуп, көп жазып, бирок көп сүйлөбөгөн Айтматов ошентип, эне тилин сүйөрүн абдан жакшы түшүндүрүп берген эле.

Айтматов менен биринчи жолугушуум ушундай болгон. Ошол жолугушуунун аягында ар кимибиз Айтматовдун кол тамгасын алдык. Мен ыр жазып жүргөн чоң дептеримдин башкы бетине Чыңгыз Айтматовдун колун койдуруп алдым. Ал дептер азыр да менде сакталуу.

Экинчиси Чолпон-Атада болду. Аскар Акаевдин тушунда Ташкул Керексизовдун жаңыдан салынып бүткөн «Рух ордо» этнокомплексине чет элдик мекендештеribиздин 1-курултайы өткөрүлүп калды. Аны

негизинен «Мээрим» фондунун төрайымы Майрам Акаева уюштурду. Ошол жыйынга Чыңгыз Айтматов да катышты. Биз журналист катары бардык. Негизги иш-чарада Аскар Акаев жана расмий адамдар сүйлөп бүткөндөн кийин, биз короого чыгып турдук. Аздан соң амфитеатрдан чыга келген А.Акаев биздин арабызга кирип келип, жадырап-жайнап учураша баштаганда, аны артынан коштоп келаткан жан сакчылары сурап да койбой, экөө эки жагынан күч менен колтуктап кеткенин көрүп, оозубуз ачылып эле калган. Анан биз түштөнүү үчүн «Рух ордо» менен № 2 резиденциянын ортосун бөлүп турган темир дарбазага жеткенде, шашып-бушуп, же бою узун, олбурлуу кишинин баскаңы ушундайбы, айтор, чоң-чоң арыштап Айтматов жаныбыздан өтүп баратыптыр. Мен Айтматовду шак эле колунан кармадым да: «Чыңгыз ага, сиз менен сүрөткө түшүп алайын», – деп сурандым. Жанымда басып келаткан көлдүк журналист байке да жанаша тура калды. Бул сүрөт ушундайча тартылган.

Ошол № 2 резиденцияда жатып Айтматов «Кыяматты», «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөттү» Ысык-Көлдүн жээгинен жазган деп уккам. Ысык-Көлдү ушунчалык сүйөрүн, алыска кетсе сагынып турарын уккан белгилүү композитор Муратбек Бегалиев сөздөрүн ыр кылып жаздырып алып, ага самолётто учуп келатканда эле обон жаратканын айткан болчу. Аны Гүлнур Сатылганова ырды обонуна шайкеш келтире сонун аткарып жүрөт.

Айтматов – кыргыз киносуна, искусствосуна, музыкасына, живописке, адабиятка баа жеткис салым кошкон улуу инсан. Мындан ары экономикага да шарапаты тиет деп айтышууда. Айтматовдун арты менен туристтерди да тарта турган мезгил келатат.

Ара-чолодо Бишкекте болгон чоң жыйындардан Айтматовду көрүп эле жүрдүм. Кийин 2008-жылы

«Айтматов быйыл 80 жашка толот» деп даярдыктар өтө эле жай башталган маалда, «Айтматов жөнүндө телефильм тартабыз» деген орус кинорежиссёрлору келип, улуу жазуучуну бирде Көлдө, бирде Таласта, бирде Казакстанда, бирде Россияда жанын койбой тартып жүргөндө катуу жыгылганын уккам. Ошондон кийин алар аны Татарстанга жеткирип, Татарстан өкмөт башчысы менен саламаттык сактоо министри эстен танган Айтматовду Германияга учурушуп, акыры ойгоно албай 10 күн жаткан биздин сыймыгыбыз 10-июнда кайтыш болгон эле. Бул суук кабарды журналисттер менен Дүйшөмбүдө жүргөндө угуп, аны айтып жаткан өзбек, тажик журналисттеринин ыйлаганын көрдүм. Бишкекке келгенде, көчөнүн баары ээнсиреп, Чүй чоң көчөсүнүн эки тарабында ыйлаган энелер менен балдардын турганын, жабалактаган эркектер Ата-Бейитке кетип жатканын көрүп, шолоктоп ыйладым. Ошондо улуу жазуучудан биротоло айрылганыбызды сездим. 2–3 күн бою телевизордо аза расмиси көрсөтүлүп турду.

Ошондон бир жыл өткөндөн кийин, 2009-жылы журналисттер менен Бельгияга бардык. Баягы Айтматов канча жыл иштеген кабинетинде, креслосунда отуруп чай ичтик. Ал баскан кабинеттер, короо, ал жашаган жер бизге ыйык көрүндү. Айтматов Кыргызстандын Бельгия, Франция, Швеция мамлекеттериндеги өз ыйгарым укуктуу элчиси болуп көп жыл отурбады беле. Эми анын орду бош калганын, ошол короодо канчалаган кыргыздар ага учурашканы барып, канчасы анын машинесин, котормочусун алып, өзү баштап жол көрсөтүп жүргөнүн эстеп, бул эки кабаттуу кооз имарат, короосу чакан жер Айтматов аркылуу кыргыз жыттанып калганын, ал аркылуу дүйнөлүк адамдар кирип-чыкканын, Кыргызстан жөнүндө маселелер ошол жерде чечилип турганын сездим.

Айтматов мен үчүн жакын адамымдай сезилет. Азыр да Айтматовдун иниси Ильгиз аганы, карын-

дашы Роза эжени эл чогулган жерден көрүп, көпчүлүк кыргыздардай учурашып калам. Атасы Төрөкул Айтматов да алгачкы кыргыз интеллигенттеринин бири болгон. Ар бир кыргыз үчүн Айтматовдор бүгүн да, эртең да ооздон түшпөй, тарых болуп улам байып, улам айтылып, жазылып кала берээрин түшүндүм. Анткени алар кыргыз үчүн эмгек кылышкан.

Сымбат МАКСУТОВА,
журналист.
Бишкек шаары

АЙТМАТОВ – ЭНЕ ТИЛДИН МАНАСЫ

Кадимки Манас «үзүлгөндү улап, чачылганды жыйнап», кыргызды бир эл, бир журт кылгандай, аалам алпы Айтматов да эне тил маселесинде эч кимден жалтанбай, чындыкты айтып, эчен жылдар алдыңкы чекте туруп берди.

Азыр оңой болгону менен, тээ совет доорунда, эне тил маселесин көтөргөн адам «улутчул» катары куугунтукталбай калчу эмес.

Отуз жетинчи жылдары кыргыздын Тыныстанов баш болгон кыраандары дал ушул «улутчул» деген жалаа менен бейкүнөө атылып кеткенин жакшы билебиз. Жабыркагандар арасында улуу жазуучунун атасы Төрөкул Айтматов да бар эле.

Дал ушул саясий репрессиянын айынан атасыз калган Айтматов өспүрүм кезинен баштап өмүр бою чыркыраган чындыкты талыкпай издеп келди.

Адамдардын баары бирдей кийинген, бирдей ойлонгон заманда Мүйүздүү Бугу эненин, Найман эне менен Жоламандын көркөм образдары аркылуу бир гана совет өлкөсүнө эмес, жалпы адамзатка кайрылып, ар бир улут өз тили менен улут болорун белгилеп: «Ойлонгула, кеч болуп калбасын!» – деп коңгуроо кагып, улуттун өзүнчөлүгүн, кайталангыс рухий дөөлөттөрүн сактап калуу, өнүктүрүү зарылдыгын эске салып турду.

Маселенин өтө курчтугун биз мына азыр сезип жатабыз. Муну дүйнөлүк абройлуу уюм ЮНЕСКО моюнга алып, 21-февралды Эл аралык эне тил күнү деп жа-

рыялады. Бул уюмдан келген маалыматтарга таянсак, дүйнө жүзүндө 6000ден ашуун тил болсо, алардын арасынан 14 күндө бирден тил таптакыр колдонуудан чыгып, жоголуп турат экен.

Эми ушундай тагдырга «жалпылаштыруу», «советтештирүү», «социалисттик интернационализм» жетегинде телчиккен коомдо партиянын көзөмөлүндө күн көргөн кыргыз тили тушукпасын деп айтууга ким батынмак?..

Союз кезинде кырдаал канчалык кооптуу болгондугун Айтматов өзү да кайсы бир маегинде айткан: «...авторитардык режим өкүм сүрүп турганда, эне тилибиздин проблемасын алгачкылардан болуп көтөрүп чыккам. Анда тил тууралуу сөз кылуу улутчулдук катары бааланган заман болчу... Улуттук тил маселесин мен жазуучу катары көтөрүп чыкпасам, анда ким көтөрүп чыкмак? Чындыгын айтайын, улуттук тилибиз үчүн башымды сайып коюуга кайыл элем».

Кичине эле жаза басуу, көпчүлүктөн башкача ойлонуу тескелип, жазаланып турган авторитардык коомдо мындай эрдикке өзүнүн кайталангыс таланты менен дүйнөлүк атакка жеткен Айтматов гана бара алмак.

Иш жүзүндө да ошондой болду. Чыңгыз Айтматов ар бир жаңы жазылган чыгармасы, курч публицистикасы аркылуу адамзатка орошон ойлорун жеткирип, чындыктын, адилеттүүлүктүн жолун арбытып отурду.

Чындыкты жазууда ал эч кимден жалтанган жок. Анткени Айтматов элдин улут катары өсүп-өнүгүшү үчүн улуттук тилдин маанисин жакшы түшүнгөн. Ошон үчүн Айтматов: «Кайсы улут болбосун, анын түбөлүктүүлүгү тилинде. Кыргыз тили кыргыз баласына эненин сүтү менен бир келген дөөлөт катары кабылданат. Тилге кыянаттык кылуу улутка кыянаттык кылган менен тең катар бааланышы керек... Тил алдындагы жоопкерчилик жөнөкөй букарадан тартып, жогорку бийлик

өкүлдөрүнө, президентке чейин бирдей...» – деп, эне тил маселесинде карапайым калк үчүн баарынан мурун бийлик өкүлдөрү үлгү болушу керектигин белгилейт.

Жазуучу Султан Раев менен болгон ошол маегинде эне тил өз жер, өз мекенинде илимдин, билимдин, маданияттын, Жогорку Кеңеште өткөн жыйындардын, мыйзам, протоколдордун тили болушу керектигин эскертип, азыркы кездеги ачуу чындыкты айтат: «Мына биз тилибизди мамлекеттик тил деп жарыяладык, кыргыз тили мамлекеттик тил деп жатабыз. Ооба, мыйзам боюнча ошондой... Бирок ошол иш жүзүндө болуп жатабы?! Кайсы жерге келбе – баары орус тилинде».

«Мен орус тилин чанып жаткан жерим жок, – дейт ал. – Бул дүйнөлүк улуу тил. Биз орус тилин көпүрө, каражат катары пайдаланышыбыз лаазым. Ал эми кыргыз тили – титулдук элдин тили, бул өз кыртышында өнүгө албаса, кайда өнүгөт?»

Жазуучунун бул маеги 2004-жылы алынганын эске алсак, ушу күнгө чейин эне тил маселеси, Айтматов көрөгөчтүк менен көрө билгендей, биз үчүн актуалдуу болуп келет.

Чынын айтсак, эне тил бизде мамлекеттик тил күнүнө арналып өткөрүлчү иш-чаралардын чегинде калып келүүдө. Аны чын дилинен окуп-үйрөнөйүн деген башка улуттун өкүлдөрү чанда жолугат. Баарынан кейиштүүсү өз баласынын кыргыз тилинде билим алышын каалаган ата-энелердин саны, айрыкча, шаар жерлеринде күндөн-күнгө азайып баратат.

Борборубуз Бишкектеги 96 орто мектептин 86сында билим берүү орус тилинде жүргүзүлөт дегенди кандай түшүнсөк болот?..

Эгер чындыгында ошондой болсо, анда бул Кыргызстанда эне тилдин кадыр-баркы көз көрүнөө түшүп баратканынан кабар берет. Андыктан ар бирибиз ойлонолу.

Кылым карыткан тилибизди жоготпой, башка тилдерге тебелетип-тепсетпей, ал тилде сүйлөп, балдарыбызды кыргыз мектептерден окутуп, өзүбүз да эне тилде билим алып, чыгарма жазып, аны заман талабына жараша өнүктүрөлү. Анткени «Манастай» зор мухитти жараткан, бүткүл дүйнөгө Айтматов өңдүү зор таланты тартуу кылган кыргыз тили жарды тил эмес.

Алимжан АЛИБЕКОВ,
педагог, журналист.
Бишкек шаары

МАЗМУНУ

В. Сагындык кызы Кыргыздын жана дүйнө элинин Айтматовун эскерүү 3

УСТАТ ЖАРАТКАН КӨРКӨМ ДӨӨЛӨТТӨР

Ж. Осмонов Айтматов, Маркес жана Мажит таякем 8
Айтматовдун чыгармалары турмуштун уңгусунан алынган .. 16
Н. Назаралиева «Саманчынын жолу» сахнаны дүңгүрөткөндө 22
А. Алибеков Айтматов – мугалим дүйнөсүн ачкан сүрөткер .. 33
А. Какенов «Ак кеменин» табышмагы 39
А. Жусупбеков «Америка трагедиясы» «кыргыз трагедиясына» жетпей калды 42
«Жамийланы» окуган жигит ала качууга барбайт 47
К. Искендеров Жамийла менен Даниярдын кийинки тагдыры 51
А. Кадырманбетова Айтматовду кайрадан окуганыбызда: «Жамийла» 56
Ж. Турдубаев Мезгилди жеңип өткөн жазуучу 67

ТААЗИМ

Ы. Абдраимов Айтматовдон алган ак бата 76
Айтматов Жеңижок үчүн төшүн тоскон 83
Эсен болуп, эстей жүр 92
Р. Касымбеков Чыңгыз менен Кубаткул абамдын достугу 95
К. Искендеров Интернетте Айтматовдун кыргызча чыгармалары жок 102
Ж. Осмонов Айтматовго пахта талаасынан кезиккем 107
Р. Абдылдаев Келгин куштардын ыйы 113
А. Темиралиев Айтматовдун бактылуу жердеши 122
Б. Бакеева Айтматовдун тайлары менен таанышуу 128
Эр тайын тартат 131

Э. Тургунбекова «Чыңгыз ата, сиз менен сүрөткө түшсөм болобу?» 134
А. Жусупбеков «Түрмөдө орун жок» же Айтматовдун күлкүсү 140
С. Капаров Айтматовго уят болгондо 145
З. Алдаяров Чыңгыз Айтматов мага ыраазы болгон 155
Т. Кудайбергенов Алтынай менен Толгонайга белек 159
М. Асылбеков Айтматов манасчыларды колдочу эле 162
К. Кенжебаев Мен билген, мен сүйгөн Айтматов 172
М. Алчикенов Айтматовдун ааламга калтырган мурасы 175
Т. Матазимов Ким билбейт биздин Чыңгызды? 179

ЗАЛКАРДЫ ДҮЙНӨ ТААНЫГАН

М. Каримов Айтматовдун дидарына зар болуп 184
Жефф Лили. Сөз кудуретин медер туткан күрөшкер 193
В. Сагындык кызы «Айтматов үчүн Кыргызстанды бир көрүүгө зар болгондор бар» *(Маек)* 196
Ибрахим Туркхан. Ысык-Көлдү сагынуу 206
Турсунбек Акун. Айтматов – биз үчүн рухий казына 213
А. Кулукеева Чет элдиктер бизден жакшы баркташат 217
А. Курбан уулу Рухий жарык шооласы 234
А. Касмалиев Под знаком Айтматова 240
Тилав Расул-заде. Айтматов поистине любил таджиков, таджики в ответ любили его еще больше 242
М. Анарбаев Эки элдин данакери эле 246

МАНАСТЫН МУРАСКЕРИ

К. Көкүлов «Аалам рухтун пайгамбары болсун» – деп 252
Тынчтыкбек Чоротегин. Чыңгыз Айтматов: тоталитаризмдин кууш алкагына сыйбаган тагдыр 254
С. Сатыбеков Неизвестный Айтматов: какую миссию он выполнял в спецгруппе в 1978 году? 264
Джали Соданбек. Мировая слава и высокий ранг не испортили Чингиза Айтматова 270
Садык Алахан. Чыңгыз Айтматов жана Турдакун Усубалиев, же Он беш жылга созулган адабий сүргүн 285
М. Осмонкулова Акбаранын үч сапка баткан арманы 293
С. Максутова Биринчи кезекте эне тил турат 296
А. Алибеков Айтматов – эне тилдин Манасы 301

Facebook
Kyrgyz Azattyk Unalgysy
Azattyk Media

Twitter
Azattyk_Radiosu
AzattykMedia

Youtube
Azattyk

Instagram
azattyk.kg
azattykmedia

720044, Бишкек шаары, Фурманов көчөсү, 12.

Телефондор:

+996312219423

+996312219422

Айтматовдун элдеги элеси: *Эскерүүлөр, макалалар.* / «Азаттык». – Б.: «Турар», 2019. – 308 б.
ISBN 978-9967-15-926-6

Айтматов в памяти народной: *Воспоминания, статьи.* / «Азаттык». – Б.: Изд-во «Турар», 2019. – 308 с.
ISBN 978-9967-15-926-6

Cherished By His People: Chinghiz Aitmatov In Memoirs & Articles: *Memoirs, Articles* / Azattyk. – Bishkek: Turar Publishing House, 2019. – 308 p.
ISBN 978-9967-15-926-6

Бишкек, «Турар» басмасы

(Кыргыз, орус тилдеринде)

Китепке кирген фотосүрөттөрдүн басымдуу бөлүгүн эскерүүлөрдүн авторлору сунушташты.

Жооптуу редакторлору *Ж. Турдубаев, Б. Сарыгулова*
Басманын редактору *Ж. Теңирбергенова*
Дизайнери *Павел Скалицки (Pavel Skalicky)*
Корректору *Г. Абдрахманова*
Компьютерде калыпка салган *Б. Уланова*

Басууга 27.05.2019-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$.
19,25 б.т. Нускасы 1000. Заказ № 1934.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, М.Горький көчөсү, 1.